# ӨЗБЕКСТАН ТАРЫХЫ

**8**

*Өзбекстан Республикасынын Элге билим берүү министрлиги жалпы орто билим берүүчү мектептердин 8-классы үчүн окуу китеби иретинде бекиткен*

„O‘QITUVCHI“ БАСМА-ПОЛИГРАФИЯЛЫК ЧЫГАРМАЧЫЛЫК ҮЙҮ
ТАШКЕНТ – 2019

http://eduportal.uz

**UO‘K: 00(000)(0000)**
**KBK 00(0)**
**J 00**

Тарыхый адабияттарды басмага даярдоо жана басуу боюнча эксперттик топтун корутундусуна ылайык Республикалык билим берүү борборунун тарых илимдери окуу-методикалык кеңеши тарабынан басууга сунуш кылынган.

*Авторлор:*

**Usmon Jo‘rayev, Qamar Usmonov,**
**Gulira’no Jo‘rayeva, Naim Norqulov**

*Рецензенттер:*

**Й. Балтабаев –** Наманган мамлекеттик университети «Тарых» кафедрасынын ага окутуучусу;

**Н. Хакимов** – Республикалык билим берүү борборунун методисти;

**З. Мирзаева** – Ташкент шаары Үчтепа районундагы 295-мектептин тарых предмети мугалими;

**М. Мажидова** – Ташкент шаары Шайхонтохур районундагы 254-мектептин тарых предмети мугалими.

**ШАРТТУУ БЕЛГИЛЕР**

Теманын үстүндө өз алдынча иштөө.

Суроо жана тапшырмалар.

Эсте сакта.

Тарыхый даталар

Терминдердин мазмуну.

Кунт коюп оку.

**Республикалык максаттуу китеп фондунун каражаттары эсебинен басылды**

ISBN 978-9943-22

© У. Жураев жана б.
© „O‘qituvchi“ БПЧУ, 2019

http://eduportal.uz

# КИРИШҮҮ

*«Улуу тарыхта эч нерсе изсиз жоголбойт. Ал элдердин канында, тарыхый эстутумунда сакталат».*

***Шавкат Мирзиёев***

Кымбаттуу окуучулар!

VIII класстын «Өзбекстан тарыхы» окуу китеби сага Мекенибиздин XVI кылымдан XIX кылымдын ортолоруна чейин болгон тарыхы жөнүндө билим берет.

Тарыхчы окумуштуулар Мекенибиз тарыхынын бул дооруна «Соңку орто кылымдар» же «Үч хандыктар доору» деп наам беришкен. Бул доор тарыхыбыздын эң татаал, карама-каршылыктарга толгон доору болду. Анткени бир мезгилдерде дүйнөгө атагы чыккан, дүйнө тарыхында өлбөс-өчпөс из калтырган Темурийлер мамлекети XVI кылымдын баштарында толук жоюлду. Сен мунун себептерин VII класстын «Өзбекстан тарыхы» окуу китебинен билип алгансың. VIII класста аларды дагы бир жолу эске аласың.

Темурийлер династиясынын бийлиги жоюлгандан кийин, өлкөбүздө шайбанийлер династиясынын бийлиги орнотулду. Бул династия өндүрүш, илим-билим жана маданияттын өнүгүшүндө темурийлердин тушунда жетишкен чоң ийгиликтерди сактап кала албады. Шайбанийлердин бийлиги тушунда жогорку өкүмдар – хан мамлекеттин аймактарын династия үй-бүлөлөрүнүн мүчөлөрүнө журт түрүндө бөлүп берди. Бул болсо акыр-аягында борбордук бийликтин алсызданышына, журт акимдери бийлигинин күчөшүнө, саясий бытырандылыкка алып келди. Натыйжада, XVIII кылымдын баштарында Бухара хандыгы экиге бөлүнүп кетти. Хандыктарда жүргөн күчтүү саясий бытырандылык жана борбордук бийликтин аябай алдан тайышы акыр-аягында адегенде шайбанийлердин, андан кийин аштарханийлердин, ал эми Хива хандыгында болсо арабшахийлердин династиясы бийлигинин жоюлушуна алып келди. Алардын ордуна уруу-урук (Бухара хандыгында өзбектердин маңгыттар

уруусу, Хива хандыгында коңураттар уруусу жана Кокон хандыгында миңдер уруусу) династияларынын бийлиги орнотулду.

Бул кубулуш, бир жактан, уруу-урук династияларындагы борбордон качкан жергиликтүү өкүмдарлардын каршылыгын сындырып, борбордук бийликтин күчөшүнө шарт түздү. Экинчи жактан, бир элдин үч мамлекетке бөлүнүп жашашына алып келди. Башкача айтканда, бул үч өзбек мамлекети калкынын чоң бөлүгүн түзгөн өзбектер өздөрүнүн жалгыз өзбек элине таандык экендигин толук туя албады. Бирок, жогоруда айтылган пикирлерден XVI–XIX кылымдын биринчи жарымына чейин болгон доорду өзүндө камтыган 350 жылдык тарыхыбыз караңгылыктан гана турган экен, деген ойго келбестигибиз керек. Анткени, өзбек мамлекетчилигинин өнүгүшүндө артта калуунун себептерин жалаң гана өкүмдарлар жүргүзгөн саясаттан издөө адилетсиздик болмок. Бул доордо Орто Азия гана эмес, ошондой эле бүткүл ислам дүйнөсү солгундук доорун башынан өткөрүп жаткан мезгил эле. Сен китептен булардын себептерин билип аласың.

Ушундай кыйынчылыктарга карабастан, ата-бабаларыбыз Евроазия кербен соодасын өнүктүргөн. Ошол эле учурда, дүйнөнүн калкын таң калтырарлык деңгээлде архитектуралык эстеликтерди да курушкан.

Колуңдагы окуу китеби сени жогоруда айтылган пикирлердин себептери менен тааныштырат жана сага XVI–XIX кылымдын биринчи жарымында өткөн тарыхыбызды бышык үйрөнүп алышында жардам берет.

Китептен пайдалануу учурунда ар бир теманы үйрөнүп жатып, сага жардам бере турган белгилерге көңүл бур. Алар тарыхый билимдерди мыкты өздөштүрүшүңдө сага көмөктөшөт.

http://eduportal.uz

# *I ГЛАВА.* XV КЫЛЫМДЫН АЯГЫ – XVI КЫЛЫМДЫН БАШТАРЫНДА МАВАРАУННАХР ЖАНА ХОРАСАНДАГЫ САЯСИЙ ЖАГДАЙ

## 1-§. Кыпчак Талаадагы саясий жагдай

### Кыпчак Талаа жөнүндө

XI кылымдан баштап араб жана фарс булактарында ”Кыпчак Талаа” деп аталган географиялык аймак тилге алынат. Бул термин Сырдарыянын жогорку агымы менен Тянь-Шандын батыш капталынан Днепрь дарыясынын төмөнкү агымына чейин созулган талааларга карата иштетилген. Урал (Жайык) дарыясы Кыпчак Талааны чыгыш жана батыш бөлүктөргө ажыратып турган.

Бул аймактар орус булактарында «*Половецтер жери*» деп аталган. Анткени орустар Кыпчак Талаанын калкын половецтер деп аташкан. Византия булактарында алар «*кумандар*», чыгыш булактарда болсо «*кыпчактар*» наамы менен катталган.

Кыпчак Талаанын чыгыш бөлүгүнүн калкы өзбектер деп аталган. («Өзбек» терминининин маанисин сен VII класстын «Өзбекстан тарыхы» окуу китебинен билип алгансың).

1240-жылы Чыңгызхандын небереси, Жөжүхандын (Чыңгызхандын чоң уулу) уулу Батухан Алтын Ордо хандыгына негиз салды. Бул мамлекет жөжү улусу деп да аталат. Ал Харезм, Түндүк Кавказ, Волга булгарларынын журту, Кыпчак Талаа, Крым жана Батыш Сибирь аймактарын өз ичине алган. Орус болсо ага олпоң төлөп турган. Алтын Ордо Жөжүхандын уулдары ортосунда улустарга бөлүнүшү натыйжасында, Кыпчак Талаанын чыгыш бөлүгү Жөжүхандын бешинчи уулу Шайбанга тийди.

### Чыгыш Кыпчак талаада өзбек мамлекетинин түзүлүшү

Убакыттын өтүшү менен өз ара ички чырлардын натыйжасында Шайбан улусунда борбордук бийлик алсызданып отурду. Акыр-аягында улус майда-майда бөлүктөргө бөлүнүп кетти. Ошол эле учурда, так үчүн өз ара күрөш күчөдү. Бул күрөш, айныкса, улустун Шайбан тукумунан болгон өкүмдары Давлатшайх 1425-жылы кайтыш кылгандан кийин дагы да күчөдү. Мына ушундай оор жагдайда Давлатшайхтын уулу Абулхайрхан саясат майданына кирип келди. Абулхайрхан жаш болушуна карабастан күчтүү

http://eduportal.uz

кол башчылык жөндөмдүүлүгүнө ээ эле. Так үчүн күрөштө аны улустагы тынымсыз чырлардан жабыркап жаткан башка өзбек урууулары жана динчилдер колдоп-кубаттады. Натыйжада, Абулхайрхан 1428-жылы «Өзбек улусу» деп аталган көчмөн мамлекетине негиз салды. Түштүк-Батыш Сибирдеги Тура шаары ошол мамлекеттин борбору деп жарыяланды. 1431-жылы болсо өзүнүн мамлекетин Алтын Ордодон көз каранды эмес деп жарыялады. 1446-жылы болсо Сырдарыянын ортоңку агымында жайлашкан Сыгнак, Аккоргон, Аркук, Өзгөн жана Сузак шаарларын басып алды. Мамлекеттин борборун болсо Сыгнакка көчүрдү. Бул эми Абулхайрхандын темурийлерге каршы күрөшкө аттанганын билдирет эле. Темурийлердин ортосунда Самарканддын такты үчүн күрөш күчөгөн бир учурда Абулхайрхан жагдайдан пайдаланууга аракеттенди. Ал 1451-жылы өзүнөн жардам сураган темурийзаада Абу Саид Мырзага Самарканддын тактын ээлөөдө жардам берүү шылтоосу менен согуш баштады. Абулхайрхан көрсөткөн жардамы үчүн көптөгөн белектер менен өзүнүн журтуна кайтты. Ыраазчылык иретинде Абу Саид Мырза Улугбектин кызы Рабия Султанбегимди Абулхайрханга никелеп берди.

1468-жылы Абулхайрхан кайтыш кылгандан кийин, ал түзгөн мамлекет ыдырап кетти. Анын душмандары тарабынан Абулхайрхандын тууган-туушкандары жана жактоочулары кырып салынды. Неберелери – ага-ини Мухаммад Шайбаний менен Махмуд Султан, уулдары Көчкүнчүхан жана Сүйүнчкожохан сыяктуу азчылык гана тирүү калды.

### Мухаммад Шайбаний саясий күрөш майданында

Мухаммад Шайбаний жана анын иниси Махмуд Султандар Абулхайрхандын уулу Шахбудаг Султандын уулдары болчу. Мухаммад Шайбаний 1451-жылы төрөлгөн. Атасы жаш кайтыш кылган эле. Ошондуктан чоң атасы Абулхайрхан алардын тарбиясына өзгөчө этибар менен карады. Уйгур элинен болгон, Шахбудаг Султанга аталык кылган амир Байшайхты бул эки шаазаадаларга да аталык иретинде дайындады. Шаазаадалар өз доорунун жеткилең инсандары болуп эрезеге жетишти.

Шайбаний менен иниси качкындалык кезинде Түркстандан баш маанек табышат. Кийинчерээк алар Бухарага келишет. Шайбаний Бухара медреселеринде билим алды. Шыктуу акын иретинде таанылды. Шайбаний Бухарада билим алуудан тышкары абройлуу мамлекеттик жана дин ишмерлери менен жакындашып да алды. Анын оюнда чоң атасы Абулхайрхандын мамлекетин калыбына келтирүү тилеги күчөй баштады жана Кыпчак Талаага ат салды. Бул учурда Кыпчак Талаада так

http://eduportal.uz

үчүн аёосуз күрөш улантылып жаткан. Калктын түрдүү катмарлары улуста тынчтык орнотулушун эңсеп жаткан. Бул себеп мыкты аскердик билим алган, бекем тартиптүү жалданма кошуун түзө алган Шайбанийге абдан оң келди. Бирок кошуунду кармап туруу чоң сарптарды талап кылган. Ошондуктан акча үчүн Маварауннахр жана Хорасан темурийзаадаларына, ошондой эле моңгол өкүмдарларына ички душмандарына каршы күрөштө аскердик жардам көрсөтө баштады. Бул аскердик жортуулдарда Шайбаний өзүнүн чебер кол башчылык жөндөмүн көрсөттү. Түрдүү темурий өкүмдарларга кызмат кылуу Шайбанийге Темурийлер мамлекетиндеги жагдайды дагы да мыкты билип алууга шарт түздү.



Шайбанийхан

> Шайбаний чоң атасы Абулхайрхандын өлүмүнөн кийин ыдырап кеткен урууларды бириктирди жана аёосуз күрөштөр натыйжасында XV кылымдын 80-жылдарында чоң атасы түзгөн Өзбек улусу мамлекетин кайра калыбына келтирип, хандык тактына отурду.

Убакыттар өтүп, Шайбанийхан Сырдарыянын жээктериндеги чептерди да ээледи. Бул чептер келечекте ага Маварауннахрды басып алуу үчүн таянычтын милдетин аткарды.

- 1428-жыл – Чыгыш Кыпчак Талаада Өзбек улусу мамлекети түзүлдү.
- 1451-жыл – Мухаммад Шайбанийхан төрөлдү.
- 1468-жыл – Өзбек улусу мамлекети ыдырады.
- 1480-жыл – Мухаммад Шайбанийхан чоң атасы түзгөн Өзбек улусу мамлекетин кайра калыбына келтирди.

1. Кыпчак Талаа дегенде кайсы географиялык аймакты түшүнөбүз?
2. Абулхайрхан качан, каерде жана кандай мамлекетке негиз салды?
3. Абулхайрхандын темурий өкүмдарлар менен саясий байланышы жөнүндө эмнелерди билип алдың?
4. Кандай себептер Мухаммад Шайбанийге Темурийлер мамлекетиндеги ички жагдайды жакшы билип алууга шарт түздү?

**Ой жүгүрт!**
Эмне үчүн Чыңгызхандын урпактары убакыт өтүп түркийлешип кеткен?

http://eduportal.uz

## 2-§. Мавараунннахр жана Хорасандагы саясий жагдай

### Мавараунннахрда темурийлер ортосундагы өз ара күрөш

Сага VII класстын «Өзбекстан тарыхы» китебинен белгилүү болгондой, Амир Темур кайтыш кылгандан кийин так үчүн жүргүзүлгөн күрөштөрдө акыр-аягында анын кенже уулу Шахрух Мырза жеңип чыкты.

Шахрух Мырзанын тушунда Темурийлер империясы иш жүзүндө эки өз алдынча мамлекетке бөлүп башкарылды. Алардын бири Хорасан (борбору Герат), экинчиси болсо Мавараунннахр (борбору Самарканд) мамлекеттери эле. Хорасанда Шахрух Мырза, Мавараунннахрда болсо уулу Мырза Улугбек бийлик жүргүздү.

Мырза Улугбектин өлүмүнөн кийин Мавараунннахрда так үчүн өз ара күрөш күчөдү. Бул күрөштө акыр-аягында 1451-жылы Мираншахтын небереси Султан Абу Саид Мырза Абулхайрхандын жардамында жеңишке жетишти.

1458-жылы Хорасандын өкүмдары Абулкасым Бабур кайтыш кылгандан кийин Хорасанды да ээледи. 1469-жылы Абу Саид Мырза баштап темурийлердин кол астында болгон Ирандын батыш бөлүгүн ээлеп алган ак коюндууларга каршы күрөштө курман болду. Бул кырсыктан кийин Мавараунннахр анын уулдары өкүмдар болгон, иш жүзүндө үч өз алдынча мамлекетке бөлүнүп кетти. Алсак, Самаркандда Султан Ахмад, Ферганада Умаршайх Мырза, Гисар, Хутталан жана Бадахшанда Султан Махмуд Мырза бийлик жүргүзүштү. Ошентсе да, Султан Ахмад расмий жактан Мавараунннахрдын өкүмдары эсептелген. Анын тушунда калк тынчтык жана бейпилдикте жашады.

Анын өлүмүнөн кийин Мавараунннахрдын тактын иниси Султан Махмуд Мырза, 1495-жылы болсо уулу Байсунгур Мырза ээледи. Тез арада Мавараунннахрдын такты үчүн күрөшкө Ферғананын акими Бабур Мырза да кошулду. Ал 1497-жылы Байсунгурду чепке жашынууга аргасыз кылды. Бул мезгилде шаардын ичинде азык-түлүктүн жетишсиздиги себептүү Байсунгурдун жоокерлери арасында ынтымак качат. Курчоого туруштук берүүгө көзү жетпеген Байсунгур Түркстанда (Яссыда) турган Шайбанийхандан жардам сурады. Шайбанийхан ыңгайлуу учурдан пайдаланып, тез арада Самаркандга келди жана Бабурду дүрбөлөңгө салып койду. Аын үстүнө Бабурдун жоокерлери сууктун айынан айланадагы айылдарга тарап кеткен болчу. Аз сандуу жоокер менен Шайбанийханга бетме-бет келүү кооптуу эле. Бирок мындан башка жол да жок болчу.

http://eduportal.uz

Бабур колунда бар жоокери менен душманга каршы чыгууга аргасыз болду. Бирок күтүлбөгөн жерден Шайбанийхан шаардын ичкерисин карай жүрдү, бирок Байсунгур аны шаарга киргизбеди. Анткени Байсунгур ага шаардын тышында боло турган салгылашууда шериктеш болууну сунуштаган болчу. Мындан иренжиген Шайбанийхан Түркстанга кайтып кетти.

Самарканды курчоо 7 айдан ашуун улантылды. Шайбанийхандан жардам ала албаган Байсунгур качып кетүүгө аргасыз болду. Бабур болсо Самарканддын тактын ээледи. Ал чоң атасы Амир Темур тактынын ээси деп жарыяланды. Бирок ээлик кылуу көпкө барбады. Буга Бабурдун душмандары Фергананын тактына иниси Жахонгирди отургузуу үчүн көтөргөн козголоң себеп болду. Келип чыккан аскердик-саясий оор жагдайды түшүнгөн Бабур кантип болсо да Ферганада бийлигин сактап калууну чечти жана Самаркандга өзүнүн бектеринен бирин коюп, Андижанга кайтууга аргасыз болду. Бабурдун жоктугунан Байсунгурдун иниси Султанаалы Мырза пайдаланып калды жана 1498-жылы Маварауннахрдын тактын ээледи. 1500-жылы ага-ини Бабур менен Жахонгир Мырзалардын ортосунда келишим түзүлдү. Ал боюнча, Сырдарыянын түндүк жагы Аксы шаары менен Жахонгирде жана дарыянын түштүк жагы Андижан шаары менен Бабурда калды.

### Хорасандагы саясий жагдай

Амир Темурдун төртүнчү уулу, Хорасандын өкүмдары Шахрух Мырза 1447-жылы кайтыш кылгандан кийин, так үчүн күрөш дагы да күчөдү. Натыйжада, Хорасан мамлекети он бир бөлүккө бөлүнүп кетти. Алардын ар бири амалда өз алдынча мамлекеттер эле. Акыр-аягында, 1458-жылы Амир Темурдун үчүнчү уулу Мираншахтын небереси Султан Абу Саид Мырза темурийлер мамлекетин кыйла бириктирүүгө жетишти. 1469-жылы Абу Саид Мырза курман болгондон кийин, Амир Темурдун экинчи уулу Умаршайхтын небереси Султан Хусайн Байкаро Хорасандын тактын ээледи. Дээрлик 40 жыл бийлик кылган Султан Хусайн Байкаронын тушунда да өлкөдө бейпилдик толук орнотулбады. Ошентсе да, Хорасан мамлекетинин чарбалык жана маданий турмушу кыйла өнүктү. Өлкөнү көрктөндүрүү боюнча көптөгөн иштер жасалды. Маварауннахрга салыштырмалуу саясий туруктуулук камсыздалды. Мында Хусайн Байкаронын бийлик жөндөмү чоң роль ойноду. Вазир Алишер Наваийнин кызматтары да аябай чоң болду. Бирок Хусайн Байкаро менен уулу Бадиуззамандын ортосундагы мамилелерде кескиндик пайда болду. Мындай жагдай ата менен баланын ортосуна чырдын уругун чачкан кара күчтөр

Бадиуззамандын 11 жаштагы бейкүнөө уулу, жеткилең небере, Алишер Наваий терең көңүл койгон Момун Мырзанын өлтүрүлүшүнө жетишкенден кийин дагы да күчөдү. Алардын максаты такка Байсунгурду эмес, анын өгөй иниси Музаффар Хусайнди отургузуу эле.

Бадиуззаман акылман жана иш билги, аскердик жөндөмү жогору, адилеттүү шаазаада болчу. Ал өзүнүн сарайында окумуштууларды, акын, аалым жана өнөрпоздорду жыйнап, чогулуштар өткөрчү. Өзү да мыкты казалдар жазган. Алишер Наваий анын бул сапаттарына өтө жогору баа берген.

Атасы Султан Хусайн Байкаронын адилетсизден Музаффар Хусайн Мырзанын таламын талашышы, уулу Момун Мырзанын өлтүрүлүшү акыр-аягында Бадиуззаман менен атасынын ортосунда согушту келтирип чыгарды. Согушта Бадиуззаман жеңилди. Өз ара кыргын келтирген согуштар акыр-аягында келишим түзүү менен аякталды. 1506-жылы Султан Хусайн Байкаро кайтыш кылды. Ошондон кийин өлкөдө кошбийлик пайда болду. Бадиуззаман жана Музаффар Хусайн бир мезгилде өкүмдар деп жарыяланды. Бул болсо ансыз да оор күндөрдү башынан өткөрүп жаткан Хорасан мамлекетин бытырандылыкка алып келди.

Темурийлер империясында башталган так үчүн аёосуз күрөштүн натыйжасында империя кризиске кабылды. Натыйжада, көптөн бери Темурийлер империясынын аймактарын ээлөөнү өз алдына максат кылган Мухаммад Шайбанийхандын Маварауннахр менен Хорасанды ээлеп алуусу үчүн ыңгайлуу шарт түзүлдү.

- 1447-жыл – Шахрух Мырза кайтыш кылды.
- 1458-жыл – Султан Абу Саид Мырза убактылуу болсо да Темурийлер империясынын башын бириктирди.
- 1506-жыл – Хусайн Байкаро кайтыш кылды. Хорасанда кошбийлик пайда болду.

1. Маварауннахрда темурийлер бийлигинин кризиске кабылышына эмнелер себеп болду?
2. Бабур Мырзанын саясий күрөш майданына кирип келиши жөнүндө эмнелерди билип алдың?
3. Хорасанда темурийлер бийлигинин алсызданышына эмнелер себеп болду?

Маварауннахр менен Хорасандагы саясий жагдайды салыштыр. Өз ара окшош жана өзүнө мүнөздүү жактарын аныкта жана аларды жазып ал.



http://eduportal.uz

## 3-§. Захириддин Мухаммад Бабур менен Мухаммад Шайбанийхандын мамилелери

### Бабурдун саясат майданына чыгышы

Мурдагы темада белгиленгендей, XVI кылымдын босогосунда Темурийлер мамлекетинин такты үчүн күрөш майданына Захириддин Мухаммад Бабур Мырза да чыкты. Бабур Мырза Султан Абу Саид Мырзанын небереси эле. Ал 1483-жылдын 14-февралында Андижан шаарында төрөлдү. Балалык жана жаштык жылдары Андижан жана Аксы шаарларында өттү. Атасы Умаршайх Мырзанын (1455 – 1494) сарайында өз дооруна жараша бардык зарыл билимдерди ээледи. Абу Саид Мырза уулу Умаршайх Мырзаны өз бийлиги тушунда, баштап Кабул вилаятына, андан Фергана вилаятына аким кылып дайындады. Кийинчерээк агасы Султан Ахмаддын тушунда Ташкент менен Сайрам да Умаршайх Мырзага берилди. Бирок өз ара ички күрөштөр натыйжасында Умаршайх Мырзанын кол астында Фергана, Хожент жана Уродөбө гана калды. Умаршайх Мырза 1494-жылы кокустан болгон кырсыктан кайтыш кылгандан кийин, бийлик 12 жаштагы уулу Бабур Мырзанын колуна өттү.

> Бабур жаш болгондуктан, мамлекеттин иштерин ишеничтүү бектерден Ажыказынын жана окумуштуу, акылман энеси Кутлуг Нигарханымдын жардамында башкарат эле.

Бабур Мырзанын саясий күрөш майданына чыгышы Темурийлер империясында аскердик-саясий жагдай аябай оорлошкон шартка туура келди. Ал да бардык тактын талапкерлерине мүнөздүү касиеттерден оолак эмес эле. Анын тилеги белгилүү чоң атасы Амир Темур империясынын борбору болгон Самарканддын тактын ээлөө эле.

### Мухаммад Шайбанийхандын Маварауннахр үчүн күрөшкө кошулушу

Шайбанийхандын негизги максаты Темурийлер империясын таптакыр жоюп салуу эле. Бабур Мырза менен анын ортосундагы мамиле Шайбанийхандын мына ошол тилегин таасын көрсөтүп берди. Энесинин сөзү менен иш жасаган Маварауннахрдын өкүмдары Султан Али Мырзанын кыска ойлугу себептүү Шайбанийхан 1500-жылы Самарканды салгылашуусуз ээледи. Мындан кабар тапкан Бабур Мырза кайгыга батты. Бул жолу да ортодо кыянаттын бар экендиги аны терең ойго салды. Шайбанийхан Самарканды ээлегенден кийин, Султан Али Мырзаны өлтүрттү.

http://eduportal.uz



Захириддин Мухаммад Бабур

Маварауннахрдын абройлуу мамлекеттик ишмерлери шайхулислам Абулмакорим жетекчилигинде Бабур Мырзаны Самарканддын тактын ээлөөгө үгүттөштү. Династиясынын кызыкчылыктарын ойлогон Бабур Мырза 1500-жылдын күзүндө Самаркандга жортуул баштады жана такты экинчи жолу ээледи.

Бул мезгилде Шайбанийхан Самарканддан тышта – Конигил (шаардан тыштагы өкүмдарлар эс алчу жер)де турган болчу.

Шайбанийхан бул окуяны уккандан кийин, боло турган чечкиндүү салгылашууга даярдык көрдү. Бабур Мырза бул жолку согуш чечүүчү согуш экендигин билип, Андижан, Ташкент, Гисар, Герат жана башка жерлерге жардам жиберүүлөрүн сурап элчилерди жөнөттү. Бирок аталаш тууганы – Хорасандын өкүмдары Султан Хусайн Байкародан жана Кашкардагы тагасы Султан Махмудхандан жардам күчү келген жок. 1501-жылы алты айлык курчоодон кийин Шайбанийхан Бабур Мырзага келишимди сунуш кылды. Бабур Мырза эч каерден жардам ала албагандан кийин, аргасыздан, келишимге ыраазы болду. Келишимдин шарттары Бабур Мырза үчүн акараттуу болсо да, ага макул болуудан башка арга жок болчу.

Оор жана начар абалга түшүп калган Бабур Мырза Самаркандды таштап, көп кыйынчылыктардан кийин, жат өлкөлөргө кетүүгө аргасыз болду. Бабур Мырзанын кызы Гүлбаданбегим (1523–1603-жылдарда жашаган) өзүнүн «Хумаюннаама» чыгармасында бул жөнүндө төмөнкүлөрдү жазган эле: «Кудайга тобокел кылып Бадахшанат жана Кабулга сапар тартты».

1504-жылы Кабул вилаятында (Кабул – азыркы Ооганстан мамлекетинин борбору) өзүнүн бийлигин орнотту. Ал жерде өз алдынча мамлекет түзүүгө киришти. Катуу тартипке баш ийген кошуун түздү. Курулуш жана көрктөндүрүү иштерине өзгөчө көңүл бурду. Көптөгөн бактарды жаратты. Алардын ичинде Багы Бабур айныкса белгилүү.

Кабулдагы Бала Гисар чебин өзүнүн резиденциясына айландырды. Шайбанийлердин барган сайын күчөп отурган жортуулуна каршы чогуу чара көрүү максатында Султан Хусайн Байкаро бардык темурий өкүмдарлардын катарында Бабур Мырзаны да кеңеш чогулушуна ча-



http://eduportal.uz

кыргандыгы, анын чоң абройго ээ болгонун тастыктайт. Бабур Мырза ошол чакыруу боюнча Гератка аттанды. Бирок Хусайн Байкаронын 1506-жылы кокустан кайтыш кылышы жагдайды оордоштурат. Өз ара чырлардын күчтүүлүгү себептүү темурийзаадалар душманга каршы баш кошо алышпайт. Бул болсо акыр-аягында Темурийлер империясынын таптакыр жоюлушуна алып келди.

Бабур Мырза тарыхыбызда улуу акын, Маварауннахрды шайбанийлердин эзүүсүнөн сактап калуу жолунда туруктуулук менен күрөшкөн өкүмдар жана кол башчы иретинде наам калтырды.

- 1494-жыл – Бабур Мырза Андижан тактына отургузулду.
- 1500-жыл – Шайбанийхан Самаркандды ээледи.
- 1501-жыл – Бабур Мырза Шайбанийхандан жеңилди.
- 1504-жыл – Бабур Мырза Кабулда өзүнүн бийлигин орнотту.

1. Бабур Мырза кандай шартта саясат майданына кирип келди?
2. Эмне үчүн Мухаммад Шайбанийхан жеңип чыкты?

**Ой жүгүрт!**
Темурийлердин мамлекети кулабастыгы мүмкүн беле?

## 4-§. Маварауннахр жана Хорасанда шайбанийлер бийлигинин орнотулушу

**Шайбанийхан бийлигинин күчөшү**

Кыпчак Талаадагы өзбек урууларынын башчылары Абулхайрхандын өлүмүнөн кийин башталган өз ара кыргындардын кайра кайталанышын таптакыр каалашпайт эле. Аларда Мухаммад Шайбанийхандын кыргынга жол койбостугуна ишеним пайда болду.

Мындан тышкары, Кыпчак Талаадагы өзбек уруулары көптөн бери толугу менен отуруктуу жашоодон үмүттөнүп жатышкан. Алар тилегинин орундалышы башкалардын өнүмдүү жерлеринин эсебинен ишке ашышы мүмкүн эле.

Өзбек урууларынын башчылары Мухаммад Шайбанийханды элдин эңсеген тилектерин ишке ашыруучу жападан-жалгыз адам деп эсептешкен. Ошол себептүү алар жана динчилдер Мухаммад Шайбанийханды колдоп-кубатташты.

http://eduportal.uz

Алар жерлери түшүмдүү, кол өнөрчүлүгү өнүккөн өлкөлөрдө, биринчи кезекте, Мавараыннахрда Мухаммад Шайбанийхан бийлигинин орнотулушу отуруктуу жашоого өтүү мүмкүнчүлүгүн беришин да жакшы билишкен. Бул себептер Мухаммад Шайбанийхан бийлигинин күчөшүнө жардам берди. Мухаммад Шайбанийхандын Мавараыннахрдагы ички саясий жагдайды жакшы билгендиги да анын аброюн дагы да көтөрдү. Ошол эле учурда, Мавараыннахрдын калкы темурийзаадалардын так үчүн өз ара күрөштөрүнөн талыккан да эле. Мавараыннахрдын ак сөөктөрү жана ал тургай карапайым калкынын белгилүү бөлүгү да Мухаммад Шайбанийхан аркылуу Мавараыннахрда тынчтыкты орнотууга жөндөмдүү жалгыз адамды көрүштү.

Ошентип, Мухаммад Шайбанийхандын Темурийлер империясынын аймактарында да өзүнүн бийлигин орнотушу үчүн бардык зарыл шарттар түзүлдү.

Ошол эле учурда, Россиянын чыгышты карай барган сайын кеңип отурушу да Шайбанийхандын Мавараыннахрга жортуулун тездетип жиберди.

### Мавараыннахрда Шайбанийхан бийлигинин орнотулушу

Шайбанийхан Темурийлер империясын таптакыр жоюп салуу максатында баштаган аскердик жортуулу учурунда душмандарын дүрбөлөңгө салып койгон салгылашуу усулу – *толгомону* колдоду. Ал Самаркандды баштап 1500-жылы кыска мөөнөткө болсо да ээледи жана жаңы өзбек мамлекети – Шайбанийлер мамлекетине негиз салды. 1501-жылы болсо Самаркандды толугу менен баш ийдирди. Эми бүткүл Мавараыннахрды ээлөөгө киришти.

1503-жылы Ташкент жана Шахрухия шаарлары ээленди. Шайбанийхан Улугбек Мырзанын Абулхайрханга узатылган кызы Робия Султанбегимдин уулдары болгон туугандары Көчкүнчү Султанды Түркстанга жана анын иниси Сүйүнкожо Султанды Ташкентке, өзүнүн иниси Махмуд Султанды Бухара вилаяттарына аким кылып дайындады.

1504-жылы болсо Фергана ээленди. Шайбанийхандын аскердик жортуулдарында эң озунуп катышкан аталаш тууганынын уулу Жаныбек Султанга Аксы менен Андижанды белекке берди.

Жаныбек Султан Абулхайрхандын башка бир уулу Кожо Махмуд Султандын уулу эле.

http://eduportal.uz

**Харезм жана Хорасандын ээлениши**

Ошентип, бүткүл Мавараunnахрда шайбанийлер династиясынын бийлиги орнотулду. Самарканд шаары болсо борбор иретинде белгиленди.

Мавараunnахрда бекемделип алган Шайбанийхан 1505-жылы Харезмге жортуул жасады жана аны да ээледи.

1505-жылдын күзүндө болсо Хорасанга жортуул баштады. Акыркы жылдарда өз ара ички чырлардын натыйжасында кризиске кабылган темурийлердин Хорасан мамлекетин ээлөө Шайбанийхан үчүн кыйынга турбады. 1506-жылы Балх, 1507-жылы болсо Герат ээленди. Ошондон кийин Герат өзүнүн экономикалык, саясий жана маданий борбор иретиндеги аброюн жоготту.

Хорасандын да баш ийдирилиши менен иш жүзүндө Шайбанийхан бүткүл чөлкөмдү жалгыз бир борбор – Самарканддын кол астында бириктире алды жана темурийзаадалар ишке ашыра албаган иштерди аткарды. Бул анын мамлекетчилигибиз алдындагы кызматы болуп саналат. Ошентип, Мавараunnахр, Харезм жана Хорасанды өзүндө камтыган аймакта Шайбанийхандын бийлиги орнотулду жана шайбанийлер династиясынын бийлик доору башталды.

**Этникалык жараян**

Сен VII класста билип алганыңдай, Мавараunnахр жана Харезмде өзбек эли IX–XII кылымдарда калыптанган. Туура, бул аймактарда жашаган ата-бабаларыбыз XVI кылымга чейин өзбектер деп аталбаган. Байыртадан тарыхый түркий этникалык топтор биздин өлкөбүздө гана эмес, ошондой эле башка өлкөлөрдө, ошонун катарында, Кыпчак Талаада да көптөгөн жылдар бою жашап келишкен. Кыпчак Талааны XIII кылымдын баштарында багындырган моңголдор жылдар өтүшү менен бул өлкөдө жашаган түркий урууларддын курамына сиңип кеткен жана өздөрүнүн улуттуулугун жоготушкан. Шайбанийлер өлкөбүздү ээлегенден кийин болсо Кыпчак Талаада жашаган түрдүү өзбек уруулары Мавараunnахр жана Харезмге көчүп келе башташат. Бул кубулуш Мекенибиздин аймагындагы этникалык жараянга таасирин тийгизбей койбоду.

Эң мурда, XVI кылымдан баштап өлкөбүздө өзбек элинин курамы байып отурду. Экинчиден, көчүп келген түрдүү өзбек уруулары экономикалык жана маданий өнүгүү жагынан өздөрүнөн жогору турган жергиликтүү туугандары менен жакындашты. Үчүнчүдөн, алар жергиликтүү калктын жашоо мүнөзүнө тиешелүү бардык оң жактарын кабыл алышты. Убакыттар өтүшү менен Мавараunnахр жана Харезмде мурдатан жашап келген туугандарынын курамына сиңип кетишти.

«Өзбек» аталышы Өзбекстан тарыхынын XVI кылымдан кийинки өнүгүү баскычтарында жергиликтүү калктын рухуна синди. Өзбек термини бүткүл бир элдин этникалык аты жана улуттук сыймыгына айланды.

**Ирандын шахы Ысмайыл Сафавий менен кандуу кагылышуу**

Бул учурда Иранда шах Ысмайыл Сафавий бийлик жүргүзүп жаткан эле. Ал өз доору үчүн чоң жана кудуреттүү кошуун түзө алды. Ысмайыл Сафавий түзгөн империя тарыхта Сафавийлер мамлекети наамы менен белгилүү.

Шах Ысмайылдын мамлекети чоң аймактарды өз ичине алган. Бул мамлекттин бир жагы Хорасан менен, экинчи жагы болсо Осмонийлер мамлекети менен чектеш эле. Шах Ысмайыл жетектеген Иран сафавийлеринин Хорасанга жасаган басымы барган сайын күчөп, талоончулу3к кыймылдары көбөйдү. Эми бул эки өкүмдардын ортосунда согуш болушу анык болуп калды.

Акыры, 1510-жылы эки өкүмдардын кошууну кагылышты. Марвга(азыркы Түркмөнстандын аймагы) жакын жерде жүргөн салгылашууда Ирандын кошууну жеңип чыкты. Шайбанийхан жана анын шериктери салгылашууда курман болушту. Бул жеңиштин натыйжасында шах Ысмайыл бүткүл Хорасанды ээледи.

**Толгомо** – салгылашуу учурунда душмандын кошуунун канат жактарынан айланып өтүп, куршап алып сокку берүү усулу.

- 1500-жыл – Маварауннахрда жаңы өзбек мамлекети – Шайбанийлер мамлекетине негиз салынды.
- 1503-жыл – Ташкент ээленди.
- 1504-жыл – Фергана ээленди.
- 1505-жыл – Харезм ээленди.
- 1507-жыл – Герат ээленди.

1. Шайбанийхан бийлигинин күчөшү себептери эмнелерден турган?
2. Шайбанийхандын Маварауннахр жана Хорасанды салыштырмалуу оңой ээлеп алышына эмнелер негизги себеп болду?
3. Шах Ысмайылдын жеңишинин натыйжалары жөнүндө эмнелерди билип алдың?
4. Өлкөбүздө Кыпчак Талаадан түрдүү өзбек уруулары көчүп келгенден кийин, этникалык жараян кандай жүрдү?

http://eduportal.uz

# *II ГЛАВА.* БУХАРА ХАНДЫГЫ ЖАНА БУХАРА АМИРЛИГИ

## 5-§. Бухара хандыгынын түзүлүшү

**Көчкүнчүхандын жана Убайдуллахандын бийлиги**

Шайбанийхан курман болгондон кийин, анын ордуна аталаш тууганы Көчкүнчүхан такка отурду. Бирок 1511-жылы Бабур Мырза Самарканды үчүнчү жолу ээлегенде шайбанийлер убактылуу бийликтен ажырап калышты. 1512-жылдын 28-апрелиндеги салгылашууда шайбанийлер Бабур Мырза менен анын шериктеши болгон сафавийлердин кошуунун талкалап, Самарканддын тактын кайра колго алышат. Көчкүнчүхан 1530-жылга чейин бийлик жүргүздү.

Көчкүнчүхандан кийин такка уулу Абу Саид (1530 – 1533) отурду. Андан кийин болсо бийлик Шайбанийхандын иниси Махмуд Султандын уулу Убайдуллахандын (1533 – 1540) колуна өттү. Ал 1533-жылы хандыктын борборун Самарканддан Бухарага көчүртүрдү. Ошентип, Шайбанийлердин мамлекети Бухара хандыгы деп атала баштады. Убайдуллахан Бухарага атадан мурас мүлк деп караган. Анткени Шайбанийхан тирүү кезинде эле Бухаранын акимдигин иниси Махмуд Султанга берген болчу. Ошентип, шайбанийлердин Маварауннахрда түзгөн мамлекеттери эми Бухара хандыгы деп аталчу болду.

Убайдуллахандын тарыхыбыздагы кызматтары чоң. Эң мурда, ал Ысмайыл Сафавийдин кошуунунун чабуулдарын кайтарып, Маварауннахрды алардын аскердик-саясий басымдарынан сактап калды.

Убайдуллахан сафавийлерге каршы күрөштө өзүнүн руханий демөөрчүсү Мир Араб псевдоними менен белгилүү болгон динчил Абдулла Сброний тарабынан колдоо алды. Ал Убайдуллахандын досу да эле. Убайдуллахан сафавийлердин үстүнөн жетишкен жеңиши себептүү Мекен эгемендүүлүгүн, элдин эркиндигин жана дин-ыйманды, ар-намысты сактап калды. Убайдуллахан бул жеңишти Мир Арабга арнады жана 1530 – 1536-жылдарда Бухарада анын аты менен белгилүү медресе курдурду. Мир Араб медресеси азыр да илим-билимдин очогу бойдон калууда.

Тарыхчы Хафиз Таныш ал-Бухарий текке «*Анын бийлиги тушунда Маварауннахр, айныкса, Бухара вилаяты гүлдөп-жайнаган*», деп жазбаган эле.

http://eduportal.uz

Убайдуллахандын бийлиги тушунда Бухаранын борбор иретиндеги аброю ар тараптан жогорулады.

Убайдуллахан өзүнүн мамлекетинин чек арасын Шайбанийхандын тушундагы чек araларда калыбына келтирүүгө аракеттенди. Ал Гератты алган Иран кошуунун бир нече жолу жеңген эле. Ошол эле учурда, ал мамлекеттин ичиндеги саясий бытырандылыкка чек койду.

### Так үчүн өз ара күрөштүн күчөшү

Көчкүнчүхандын уулу Абдуллахан I дин кыска бийлигинен кийин Мавераунnахрда кош бийлик, башкача айтканда бир мезгилдин өзүндө эки өкүмдардын бийлиги орнотулду.

Алардан бири – Убайдуллахандын уулу Абдулазизхан Бухарада, экинчиси Көчкүнчүхандын дагы бир уулу Абдулатифхан Самаркандда бийлик жүргүзө баштады. Бирок алардын бийлиги бекем эмес эле. Мамлекет иш жүзүндө бир нече өз алдынча бөлүктөргө бөлүнүп кетти. Алсак, Балх менен Бадахшанда Пирмухаммадхан I, Ташкент менен Түркстанда Нооруз Ахмадхан, Кармана менен Миянкөлдө Искандархан өз алдынча болуп алышты.

Мамлекетте жүрүп жаткан саясий кыйынчылыктан Ташкент менен Түркстандын өкүмдары, Сүйүнкожонун уулу Нооруз Ахмадхан пайдаланып калууну чечти. Самарканддын өкүмдары, туушканы Абдулатифхан менен шериктеш болуп 1540-жылы Бухараны ээледи жана бийликти өзүнүн жактоочуларына тапшырды. 1548-жылы Абдулатифхан кайтыш кылгандан кийин, Самарканддын тактын ээледи. Өзүнүн атынан тыйын акча соктурду. Мавераунnахрдын көптөгөн шаарларында анын аты хутбага кошуп окулду.

Бирок Кармана жана Миянкөлдүн өкүмдары Искандархан жана анын уулу Абдуллалар Нооруз Ахмадханга баш ийүүнү каалашпады. Буга каршы Нооруз Ахмадхан Миянкөлгө жортуулун баштады. Күчтөрдүн катышында Нооруз Ахмадхандын үстөмдүгүн билген ата-бала Балхка кетүүгө аргасыз болушту. Абдуллахан Балхтын өкүмдары – аталаш тууганы Пирмухаммадхандын жардамында Нооруз Ахмадханга каршы бир нече жолу жортуул жасагандан кийин гана жеңишке жетишти. Жеңилип калган Нооруз Ахмадхан Бухараны таштап Самаркандга кайтты. Соңку салгылашууда эки жак тең жеңип чыгууга көзү жетпегенден кийин, ортодо келишимге кол коюлду. Келишимден кийин Абдуллахан Амударыядан өтүп Майманага, Нооруз Ахмадхан болсо Бухарада наибин калтырып, Самаркандга кайтты жана 1556-жылы кайтыш кылды.



http://eduportal.uz

- 1512-жыл – Шайбанийлер Маварауннахр тактын кайра ээледи.
- 1533-жыл – Шайбанийлер мамлекети Бухара хандыгы деп аталды.

1. Эмне үчүн шайбанийлердин Маварауннахрда түзгөн мамлекети Бухара хандыгы деп аталды?
2. Шайбаний Убайдуллахандын мамлекетчилигибиздеги тарыхый ролу эмнеден турат?
3. Нооруз Ахмадхандын Маварауннахр өкүмдарынын тактын ээлешине эмнелер себеп болду?

**Ой жүгүрт!**
Эмне үчүн шайбанийлердин тушунда да ички чырлар токтободу?

## 6-§. Абдуллахан II нин тушунда Бухара хандыгынын өркүндөшү

### Абдуллахан II нин бийликке келиши

Нооруз Ахмадхан кайтыш кылгандан кийин, өлкөдөгү саясий бытырандылык коркунучу дагы да күчөдү. Өлкөдөгү бытырандылыкка чек коюу үчүн борбордук бийликти кайра калыбына келтирүү жана күчөйтүрүү зарыл эле. Бул зарылчылыкты согуштарсыз ишке ашырууга болбойт эле. Мына ушундай шартта күрөш майданына Миянкөлдүн акими Искандар Султандын уулу Абдуллахан II (1534–1598) чыкты. Ал шайбанийлер династиясынын көзгө көрүнгөн өкүлдөрүнөн бири, аты 4-темада аталган Жаныбек Султандын небереси болчу.

Искандархандын үй-бүлөсүнө Бухарага жакын жердеги Жөйбар айылында жашоочу, аябай чоң абройго ээ болгон шайх Мухаммад Исламдын урматы бийик болгондуктан, Абдуллахан IIге бул күрөштө абдан чоң жардам болду.


Абдуллахан II
(миниатюра, 1572)

Мухаммад Ислам жана анын урпактары өздөрүнүн келип чыгышын ата жагынан Мухаммад пайгамбардын урпактарына, ал эми эне жагынан болсо Чыңгызхан менен Жөжүгө байланыштырышчу эле. XVI кылымдын экин-

чи жарымында Мухаммад Ислам, кийинчерээк анын уулу Абубакр Саъд Бухарада шайхулислам кызматында ишкердик жүргүзүштү.

### Мамлекеттин борборлоштурулушу

1556-жылы Нооруз Ахмадхан кайтыш кылгандан кийин, Абдуллахан II бат эле Кармана менен Шахрисабзда өзүнүн бийлигин калыбына келтирди. Мухаммад Исламдын жардамы менен болсо Бухаранын тактын ээледи жана анын борбор статусун кайра калыбына келтирди. Борбордук бийликке баш ийүүнү каалабаган Самарканд, Ташкент, Сайрам, Түркстан жана Фергана кылычтын күчү менен баш ийдирилди. Бирок душмандарынын такка жашы улуу шайбаний олтурбады го, деп кылышы мүмкүн болгон зекүүлөрүнө орун калтырбастык үчүн бир үйбүлөнүн чөйрөсүндө болсо да, баштап аталаш тууганы Пирмухаммад I ни, анын өлүмүнөн кийин болсо атасы Искандарханды такка отургузду.

1583-жылы атасы кайтыш кылгандан кийин, Абдуллахан II расмий түрдө хан деп жарыяланды.

Ошентип, Абдуллахан II Мавараунннахрда өзүнүн бийлигин толук орнотту. Ошондой эле, Хорасандын курамындагы, бирок шайбанийлердин колунда калган Балх, Маймана, Бадахшанда борбордук бийликке каршы көтөрүлгөн козголоңдорду бастырды.

Харезм 1594-жылы алгачкы жолу жана 1596-жылы болсо экинчи жолу баш ийдирилди. Сафавийлерге каршы жүргүзүлгөн күрөштүн натыйжасында Хорасандын чыгыш бөлүгү ээленди. Демек, бүткүл Маварауннахр, Харезм жана Хорасандын чыгыш бөлүгүнө чейин болгон аймактар жеке өкүмдардын колу астына бириктирилди. Ошентип, Абдуллахан II нин кужурмөн күрөшү натыйжасында XVI кылымдын аягында Бухара хандыгы борборлошкон ири мамлекетке айланды. Мындай ири натыйжага улуу Амир Темурдан кийин Абдуллахан II гана жетише алды.

Россияда бул мамлекетке карата бекеринен «Великая Бухария» (Улуу Бухара) аталышы колдонулбаган эле.

### Шайбанийлер династиясы бийлигинин жоюлушу

Абдуллахан II өлкөнү бириктирүү жараянында шайбаний султандардын борбордук бийликти алсыздандыруу үчүн аракеттерине каршы тынымсыз жана ырайымсыз күрөш алып барды. Ушул максат жолунда тууган-туушкандарына да ырайым кылбады. Бирок Абдуллахан II канчалык аракеттенсе да, ички чырларга толук чекит коё албады. Так маселесинде ал тургай өзүнүн уулу Абдулмомун менен да келише албады. Ал мураскор иретинде Балх вилаятын башкарчу эле.

Абдуллахан II 1598-жылы кайтыш кылгандан кийин, тактыы уулу Абдулмомун ээледи. Бирок ошол жылдын өзүндө эле Абдулмомун кутумчулар тарабынан өлтүрүлдү. Андан калган эки жаштагы уулунун хандык укугун эч ким тааныган жок. Так үчүн башталган күрөштүн натыйжасында такка Абдуллахан II нин тууганы – Балхтын акими Пирмухаммад II отургузулду. Ички чырлардын айынан Бухара хандыгында пайда болгон оор жагдайдан пайдаланган Ирандын өкүмдары шах Аббас бастырып кирип, Нишапур, Сабзавар, Мешхед, Гератты ээледи. Харезм болсо хандыктын кол астынан чыгып, мамлекеттин эгемендүүлүгүн калыбына келтирип алды.

Пирмухаммад II Бухара хандыгын дагы эки жылча башкарды. 1601-жылы аны менен келип чыгышы аштарханийлерден болгон, Самарканддын акими Бакы Мухаммаддын ортосунда кандуу кагылышуу болду. Жеңилип калган Пирмухаммадхан II өлтүрүлдү. Ошентип, Абдуллахан II өлүмүнөн болгону 3 жыл өткөндөн кийин, бир кылым бийлик жүргүзгөн шайбанийлер династиясы жоюлду.

- 1556-жыл – Абдуллахан II иш жүзүндө, 1583-жылы болсо расмий түрдө хандык тактын ээледи.
- 1598-жыл – Абдуллахан II кайтыш кылды.
- 1601-жыл – Бухара хандыгында шайбанийлер бийлиги жоюлду.

1. Абдуллахан II нин өзбек мамлекетчилиги алдындагы кызматы эмнеден турат?
2. Шайбанийлер династиясы бийлигинин жоюлуу себептерин ирети менен жаз.
3. Эмне үчүн Абдуллахан II да мамлекетти династиянын өкүлдөрү менен биргеликте башкара албаган?

## 7-§. Бухара хандыгында аштарханийлер династиясы бийлигинин орнотулушу

**Аштарханийлер жөнүндө**

Өз ара ички чырлардын натыйжасында Жөжүхан улусу – Алтын Ордо амалда бир нече өз алдынча хандыктарга бөлүнүп кете баштады. Алардан бири XV кылымдын 30-жылдарында Волгабою жерлеринде түзүлгөн Аштархан

http://eduportal.uz

(Ажы Тархан) хандыгы эле. Азыркы Россия Федереациясына караштуу Астрахань (Аштархан) шаары анын борбору болгон. Россия бул хандыкты 1556-жылы басып алды.

Аштархан хандыгы жоюлгандан кийин, хан үй-бүлөсүнө таандык адамдар жанын куткаруу үчүн түрдүү жактардан баш маанек издөөгө аргасыз болушту. Мына ошолордон бири шайбанийлерге аталаш тууган Жармухаммадхандын үй-бүлөсү эле. Жармухаммадхан жана анын үй-бүлөсү Бухара хандыгынан баш маанек тапты. Ал Бухаранын ханы Искандархан (Абдуллахан II нин атасы) менен жылуу мамиледе болгон.

**Бухарада бийликтин аштарханийлерге өтүшү**

Жармухаммадхан үй-бүлөсү жана тууган-уруктары менен Бухарага келгенден кийин, Искандархан аларды сый менен тосуп алды жана кызы Зухрабегимди Жармухаммадхандын уулу Жаныбек Султанга турмушка берет. Жаныбек Султан Зухрабегимден үч уул (Дин Мухаммад, Бакы Мухаммад, Вали Мухаммад) көрөт. Ата-балдар Бухара хандыгында жогорку абройго жетишет.

Шайбанийлер династиясынан ылайык так мураскору калбагандан кийин, Жаныбек Султан хандык тактына эң ылайыктуу талапкер болуп калды. Хандыктын абройлуу адамдары ага такты ээлөөнү сунуш кылышкан. Бирок ал уулу Дин Мухаммаддин пайдасына тактан баш тартат. Бирок, бул арада Хорасанда Ирандын өкүмдары Шах Аббастын кошууну менен болгон салгылашууда Дин Мухаммад курман болду.

Натыйжада, 1601-жылы Жаныбек Султандын экинчи уулу, Самарканддын акими Бакы Мухаммад Бухара тактына отургузулду. Ошентип, Бухара хандыгынын тарыхында жаңы династия – аштарханийлер династиясынын бийлиги башталды.

**Борбордук башкаруу бийлигин чыңдоо үчүн күрөш**

Бакы Мухаммад (1601 – 1605) өлкөнүн биримдигин чыңдоо, башкаруу системасын изге салуу үчүн көп урунду. 1602-жылы Иран сафавийлерине сокку берип, Балхты күч менен багындырды жана иниси Вали Мухаммадди аким кылып дайындады. 1603-жылы Иран сафавийлеринин Балхка чабуул жасаган кошуундарын жеңип чыкты.

1605-жылы Бакы Мухаммад кайтыш кылгандан кийин, анын иниси Вали Мухаммад такка отургузулду. Бирок уруунун амирлери хандын бийлигине баш ийбей, карама-каршылыкты күчөтүшөт. Бухаралык амирлер ханга каршы көтөрүлүш уюштурушканынан кабар тапкан Вали

http://eduportal.uz

Мухаммад Иранга качып кетти. Амирлер такка Бакы Мухаммадхандын уулу Имамкулиханды (1611 – 1642) отургузушту.

Имамкулихан Ташкент жана хандыктын түндүк-чыгыш чек аралары үчүн казактар, жуңгарларга каршы ийгиликтүү күрөш алып барды. 1613-жылы Ташкентти казактардан азат кылды.

Имамкулихандын тушунда борбордук мамлекеттик бийлик салыштырмалуу бекемделди.

**Саясий бытырандылыктын күчөшү**

Имамкулихандан кийин такты ээлеген иниси Надыр Мухаммаддын (1642–1645) тушунда саясий бытырандылык кайра күчөдү. Буга хандын өлкөнүн вилаяттарын уул жана кыздарына мүлк кылып бөлүштүрүп бергени себеп болду. Натыйжада, мамлекетчиликтин негиздери алсызданды. 1645-жылы казактар кайра Мавараunnахрга чабуул жасап, Хожентке чейин жетип келишти.

Надыр Мухаммад аларга каршы уулу Абдулазиз жетектеген чоң кошуунду жөнөтөт. Хандан ыраазы болбогон бир топ амирлер чабуул учурунда Абдулазизди хан деп жарыялашты жана такка отургузушту. Надыр Мухаммад болсо Балхка аким кылып дайындалды (1645 – 1651). Надыр Мухаммад такты кайтарып алуу максатында Индиянын падышасы темурийзаада Шах Жахандан жардам сурады. Шах Жахан Балх вилаятын өзүнө баш ийдирүү максатында кошуун жөнөттү. Анын чыныгы тилегин байкап калган Надыр Мухаммад инди кошуунуна каршы чыкты. Бирок ал салгылашууда жеңилди жана Иранга качып кетти. Абдулазизхан Балхты эки жылдан кийин гана кайтарып алды. 1649-жылы атасы Надыр Мухаммадды кайра Балхтын акими кылып дайындады. Бирок атасынын Ирандын жардамында өзүнүн аброюн бекемдөөгө аракттенгендиги Абдулазизханды чочутуп койду. Эми ал атасына каршы иниси Субханкулихандын жетекчилигинде кошуун жөнөттү.

1651-жылы Субханкулихан Балхты ээледи. Ошол эле учурда, Балхтын акими кылып дайындалды. Атасы Надыр Мухаммад болсо Меккеге бара жатып жолдо кайтыш кылды.

**Бухара – Хива мамилелери**

Бухара хандыгындагы өз ара күрөштөрдөн пайдаланган Хива хандарынын Бухарага талоончулук жортуулдары күчөдү. 1655-жылы Хиванын ханы Абулгазийхан чоң кошуун менен чабуул жасап, Бухаранын айланасын эки жолу талап-тонойт.

1681-жылы картайып калган Абдулазизхан ички карама-каршылыктар жана тышкы чабуулдар Бухара хандыгынын коомдук-экономикалык абалын татаалдаштырып жибергендиги жана саясий жагдай изден чыккандыгы себептүү тактан баш тартты.

Абдулазизхандан кийин такка отурган Субханкулихандын (1681–1702) тушунда да абал оңолбоду. Субханкулихан, бир жактан, Балх вилаяттарында акимдик кылган уулдарына, экинчи жактан, Маварауннахрдын вилаяттарындагы амир жана бектерге каршы согуш кылууга аргасыз болду.

Хандыктагы өз ара ички күрөштөр Хива хандыгына оң келди. Бухарага каршы жортуул баштаган Хива ханы Анушахан бир топко Самаркандды ээледи. А тургай өзүнүн атына хутба да окутту жана тыйын акчалар соктурду. Бирок Субханкулихан катаган уругунан болгон Бадахшандын акими Махмудбий аталыктын жардамында Хиванын кошуундарын Самарканддан айдап салды. Ал Хиванын чабуулуна чек коюу үчүн Анушаханга каршы кутум даярдады. Мунун натыйжасында Хиванын ханы Анушахан тактан түшүрүлдү жана 1688-жылы хандык Бухара хандыгынын карамагына киргизилди.

Субханкулихан Махмудбий аталыкка Хива хандыгына каршы күрөштө берген жардамы үчүн Балх акимдигин да тапшырды. Хандын бул токтому көптөгөн адамдарды наразы кылды. Ички чырлар акыр-аягында мамлекеттин экономикасын терең кризиске кабылтты.

- 1601-жыл – Бухара хандыгында аштарханийлер династиясынын бийлиги орнотулду.
- 1688-жыл – Хива хандыгы Бухаранын карамагына киргизилди.

1. Шайбанийлер династиясынын жоюлушуна эмнелер себеп болду?
2. Аштарханийлер кимдер эле жана алар Бухарага кандай келип калышкан?
3. Бакы Мухаммаддын Бухара хандыгынын тактын ээлеши жөнүндө эмнелерди билип алдың?
4. Имамкулихан мамлекеттин эгемендүүлүгүн сактоо үчүн кандай чараларды көрдү?
5. Субханкулихандын тушунда Бухара–Хива мамилелери кандай болду?

http://eduportal.uz

## 8-§. Бухара хандыгында борбордук бийликтин алсызданышы

**Бухара хандыгы Убайдуллахан II нин тушунда**

1702-жылы Субханкулихан кайтыш кылды. Такты уулу Убайдуллахан II (1702–1711) ээледи. Убайдуллахандын негизги максаты саясий бытырандылыкты жоюу эле. Ал мына ошол максат менен кээде көтөрүлүшчү урууларга каршы, кээде баш ийбеген жергиликтүү өкүмдарларга, кээде мамлекет чек араларына бастырып кирген көчмөнчүлөргө каршы согуш алып барууга аргасыз болду.

Баштап ал Балхты баш ийдирүү жолун издеди. Белгилүү болгондой, Убайдуллахан II нин атасы Субханкулихан Балхты катаган уруусунун башчысы, Бадахшандин акими Махмудбий аталыкка өзгөчө кызматтары үчүн тартуу кылган эле. Убайдуллахандын тушунда Махмудбий Балхта бийликти толук колуна алды жана өзүн 1706-жылы хан деп жарыялады. Бул Махмудбийге каршы бир нече жолу уюштурулган аскердик жортуулдар натыйжа бербегенден кийин, Убайдуллахан анын көз карандысыздыгын таанууга аргасыз болду.

Убайдуллахан II жүргүзгөн реформалар да натыйжа бербеди. Белгилүү болгондой, ички жана тышкы душмандарга каршы тынымсыз согуш жүргүзүү чоң каражатты талап кылган, албетте. Убайдуллахан калктан жыйнала турган салыктарды 4 эсеге көбөйтүрдү. Натыйжада, элдин шайы кетти. Мына ушундай бир шартта акча реформасын да өткөрдү. Хандыкта курамынын 35 пайызын күмүш түзгөн тыйын акча колдонулат болчу. 1708-жылы болсо бул тыйындардын бирөөсүнөн 4 жаңы тыйын согула башталды. Натыйжада, жаңы акчанын курамындагы күмүштүн саны 4 эсе, демек, иш жүзүндө акчанын баркы да 4 эсе азайган болсо да, жаңы тыйын мурдагы эски тыйынга баасы жагынан тең деп белгиленди.

Тыйындын курамында күмүш пайызынын азайышы дүкөнчү жана кол өнөрчүлөрдүн кескин нааразылыгына себеп болду. Эми алар өздөрүнүн продукцияларын сатпай коюшту. Соода иштери басаңдады жана натыйжада, өлкөнүн экономикалык турмушу кризиске кабылды.

Оор шарттарга чыдай албаган эл көтөрүлүш чыгарды, бирок көтөрүлүш ырайымсыздык менен бастырылды.

Убайдуллахан борбордук бийликти күчөйтүрүү максатында ал тургай ошол доордун эң таасирдүү күчү – ири жер ээлөөчүлөрдүн жана



http://eduportal.uz

Жөйбар шайхтарынын таасирин азайтууга да аракеттенди. Убайдуллахан алардан салык төлөбөстүк жеңилдигин алып салды. Натыйжада, алар Убайдуллахандын эң кооптуу душманына айланышты.

Ошол эле учурда, Убайдуллахан жеке чарбаларды өзүнүн мүлкүнөн келген кирешелеринен куру калтырды, салык жана милдеттенмелердин санын көбөйтүрдү.

Мындай кескин өзгөрүүлөргө чыдай албаган кудуреттүү күчтөр Убайдуллаханга каршы кутум даярдай башташты. 1709-жылы Фергана өрөөнүнүн Бухара хандыгынан ажырап чыгышы болсо саясий жагдайды дагы да татаалдаштырды. Акыр-аягында, кутумчулар 1711-жылы Убайдуллаханды өлтүрүштү. Такка кутумдун катышуучусу, Убайдуллахандын иниси Абулфайзхан отургузулду.

Убайдуллахан тарыхыбызда жергиликтүү акимдердин бейбаштыгына чек коюуга, борбордук бийликти күчөтүүгө аракет жасаган акыркы Аштарханий өкүмдар иретинде наам калтырды.

### Хандыкта бытырандылыктын дагы да күчөшү

Абулфайзхан күндөн күнгө өлкөнүн турмушунда аброю күчөп жаткан амир жана ак сөөктөрдүн колундагы бир куурчакка айланды. Анын буйруктары сарайдын босогосунан ары өтпөй турган болуп калды.

Хан бийлигинин бул деңгээлде төмөндөп кетишине хандыктын регулярдуу кошуунга ээ болбогондугу да себеп болду. Регулярдуу кошуун түзүүгө жана аны кармап турууга каражат жетишпеген. Буга болсо хандык экономикасынын начардыгы себепчи эле.

Абулфайзхандын тушунда өзбектердин маңгыт уруусунан чыккан Мухаммад Акимбий чоң абройго ээ болуп алды. Ал бардык шаазаадалар аталыктарынын башчысы деп таанылды. Бул башка уруулар ак сөөктөрүнүн катуу нааразылыгына себеп болду. Натыйжада, Шахрисабздин акими, кенагас уруусунан чыккан Ибрагимбий Ургут жана Миянкөлдүн акимдери менен тил бириктирип, Бухара хандыгынан көз карандысыз, борбору Самарканд болгон мамлекет түзүүнү чечти. 1723-жылы Самаркандды ээлеп, күйөө баласы Ражаб Султанды такка отургузду. Ибрагимбий өзүнө «амир ул-умара» («улуу амир») наамын алды.

Ибрагимбийдин кезектеги максаты Бухара тактын ээлөө, Ражаб Султанды Бухара тактына отургузуу жана ушул жол менен хандыктын эң абройлуу адамы болуу эле. Абулфайзхандын саясатынан наразы болгон бектер Ибрагимбийге кошулушту. Ибрагимбий Бухарага жортуул башта-

http://eduportal.uz

ды. Аны менен Ражаб Султандар аларга кошулгандарга жеңиштен кийин абдан чоң байлык жана мансап убада кылышты. Салгылашууда Мухаммад Акимбий аталык башчылыгындагы Бухаранын кошуундары жеңилип калса да, Ражаб Султан Бухара шаарын ээлей албады.

Ибрагимбий менен Ражаб Султан аягын терең ойлоп көрбөстөн, өздөрүнүн максаттарына жетишүү үчүн, көчмөнчү казактардан жардам сурашты. Аларга чоң олжолорду убада кылышты.

Жуңгар көчмөнчүлөрүнүн баскынынан чоң запкы тарткан, тонолгон жана ачкалыкка кабылган казактар бул сунушка макул болушту. Бирок өлкөгө кирип келген казактар талап-тоноону күчөтүштү. Бухарада да, Самаркандда да аларды токтото алган күч табылбады. Мындай шарттарда ички чырлар дагы да күчөдү. Калктын Абулфайзхандан наразылыгы ашты. Акыры, Абулфайзхандын жакындарынын талабы менен Мухаммад Акимбийди Бухарадан чыгарып жиберүүнү чечишти. Акимбий Каршыга аким кылып дайындалды. Бирок ал ыңгайлуу учур келиши менен, Бухарада бийликти дагы өз колуна алуу ниетинен кайтпады.

Абулфайзхан болсо убакытын эргүү иштерине сарптап, мамлекеттин иштерин дээрлик көзөмөлдөбөй койду. Самарканд, Каршы, Балх, Фергана, Бадахшан өз алдынча болуп алышты.

**Бытырандылык** – өлкө вилаяттарынын борбордук бийликке баш ийбестиги, саясий бытырандылык.

- 1708-жыл – Убайдуллахан II акча реформасын өткөрдү.
- 1709-жыл – Фергана өрөөнү Бухаранын курамынан бөлүнүп чыкты.
- 1711-жыл – Убайдуллахан II кутумдун курманы болду.

1. Борбордук бийликтин алсызданышынын негизинде ар дайым эмне жаткан?
2. Эмне үчүн Убайдуллахан II өткөргөн акча реформасы натыйжа бербеди?
3. Эмне үчүн Убайдуллахан II кутумдун курманы болду?
4. Маңгыт уруусунун башчысы Мухаммад Акимбийдин бийлигинин күчөп кетишине эмнелер себеп болду?

Шайбанийлердин жана аштарханийлердин тушунда Бухара хандыгындагы ички саясий жагдайды салыштыр. Жасаган корутундуңду дептериңе жаз.

http://eduportal.uz

## 9-§. Бухара хандыгында мамлекеттик башкаруу

### Хандыктын аймагы, географиялык жайлашуусу жана калкы

Мухаммад Шайбанийхан түзгөн мамлекет аймагынын чек арасы ар дайым эле туруктуу боло бербеген. Алсак, Шайбанийхандын бийлиги тушунда анын мамлекетинин курамына Маварауннахрдан тышкары Харезм жана Хорасан аймактары да кирген. Анын өлүмүнөн кийин Харезм таптакыр колдон чыкты. Хорасандын чоң бөлүгү болсо Иран сафавийлери тарабынан ээлеп алынды.

Абдуллахан II нин тушунда кыска мөөнөткө болсо да, хандыктын аймагы кайра кеңиди. Алсак, Харезм менен Хорасан кайра Бухара хандыгына баш ийдирилди. Анын өлүмүнөн кийин болсо Иран Хорасандын аймагын багындырган болсо, Харезм кайра өз алдынча мамлекетке айланды.

XVI кылымдын баштарында Шайбанийхандын аскердик жортуулдары учурунда Мавараунахр менен Харезмге 500 – 600 миң Кыпчак Талаанын өзбектери кирип келген.

XVI кылымдын баштарында хандык калкы көчүп келген өзбектерден тышкары «түрк чыгатай» жана тажиктерден турган. Булактарда XVII кылымдын акырларында болсо өзбек жана тажиктерден тургандыгы катталган.

### Борбордук башкаруу

Бухара хандыгы административдик жактан вилаят жана түмөндөргө бөлүндү. Хандыкта жогорку мамлекеттик башкаруу темурийлер доорундагы өңдүү *даргах*, аткаруучу бийлик болсо мурдагыдай *деван* (вазирлик) деп аталышы улантыла берген. Ага *деванбеги* (башкы вазир) жетекчилик кылды.

*Деванбеги*, ошол эле мезгилде, мамлекеттин каржы жана чарбалык иштерин да башкарат эле. Бирок шайбанийлердин тушунда девандын иши темурийлер доорундагыдай абройго ээ эмес болчу. Буга даргахтагы мансаптар ордунун күчтүү болбогондугу себеп болду.

Дагы бир чоң мамлекеттик мансап – *аталык* эле. Хан саясатынын вилаяттардагы таасири аталык мансабына дайындалгандардын абрюю менен белгиленген. Хан вилаяттарды шаазаадаларга бөлүштүрүп бергенде, аларга устат, башчы кылып өзүнүн көзөмөлчүсүн, ишенген адамын дайындаган. Мындай көзөмөлчү, ишеничтүү адам аталык деп аталган. Бул наам аталык кылуучу, атасынын ордун басуучу маанилерин билдирген.



http://eduportal.uz

Дагы бир мамлекеттик мансаб – *парваначы* деп аталган. Анын милдети хандын буйруктарын, расмий документтерди жооптуу адамдарга, аткаруучуларга жеткирүүдөн турган.

*Датка* мансабында иштеген адам болсо даргахка түшкөн арыздарды кабыл алган жана аларга жооп кайтарган. Ошондой эле, датка өлкөдө адилеттин нормаларына баш ийилишин да көзөмөлдөп турган.

Эң маанилүү мамлекеттик мансаптардан дагы бири – *көкөлдөш* мансабы эле. Бул мансапка хан династиясына эң жакын адамдар гана дайындалган. Көкөлдөш хандын саясатына болгон жарандардын мамилесин үйрөнгөн жана бул саясаттын кол тийгистигин камсыздаган.

Бүгүнкү күндүн түшүнүгү менен айтканда, көкөлдөш мамлекеттик коопсуздук башкармасынын жетекчиси болгон. Ал карапайым адамдардын гана эмес, ошондой эле мамлекеттик кызматчылардын жана ал тургай мураскорлордун да өкүмдарга болгон мамилесине жооптуу болгон.

Хан менен шаазаадалардын ортосундагы мамилелер маселеси менен *хандын жасоолу* мансабында иштеген адам алектенген.

Хандыкта *эшик ага башы* кызматы да маанилүү саналган. Анткени бул мансапка дайындалган адам даргахтын коопсуздугу жана анда орнотулган тартип-эрежеге бай ийилиши үчүн жооптуу болгон.

Чоң абройго ээ болгон *шайхулислам* кызматын ээлеген адам шариат мыйзамдарынын аткарылышы үстүнөн көзөмөлдү ишке ашырган.

*Казыкалон* (башкы казы) болсо бардык баскычтардагы соттоо иштерине башчылык кылган.

*Мухтасиб* (раис) кызматын ээлеген адам болсо өлкөдө коомдук тартиптин сакталышы, диний маараке жана амалдарга баш ийилиши, базарлардагы нарктар жана таразалардын тууралыгы үчүн жооптуу болгон.

*Мехтар* кызматына дайындалган мансап адамы болсо зекет жана башка түшүмдөрдүн керектүү жерлерде иштетилишин көзөмөлдөгөн.

Хандыкта мамлекеттик кызматтагы мансап ээси эсептелбесе да, *накиб* наамын алган адамдын хан сарайында аброю бийик эле. Атап айтканда, ал хандын жакын жана ишеничтүү адамы саналган. Ошол эле учурда, ал мамлекеттин ички жана тышкы саясаты маселелеринде хандын кеңешчиси да эсептелген. Зарыл болгондо элчилик милдетин да аткарган.

Мурдагы темаларда айтылгандай, шайбанийлердин мамлекеттик башкаруусунда баштап салт сакталган. Жогорку бийлик, башкача айтканда *хандык* атадан балага эмес, династиянын жашы эң улуу өкүлүнө өткөн. Алсак, Мухаммад Шайбанийхандан кийин такка от-



http://eduportal.uz

урган Көчкүнчүхан Шайбанийхандын перзенти эмес, ата жактан тууганы болгонун билип алган элең. Ал шайбанийлердин жашы эң улуусу болгондуктан такты ээледи. Экинчи жашы улуу шайбаний – Көчкүнчүхандын иниси Сүйүнкожо *мураскор* кылып дайындалды. Бирок ал Көчкүнчүхандан мурда кайтыш кылгандыктан, хандык тактын ээлөө ага буюрбады. Бирок XVI кылымдын 40-жылдарынан баштап өз ара чырлар натыйжасында бул салт бузулду. Эми так атадан балага мурас болуп өтчү болду.

### Жергиликтүү башкаруу

Жогоруда айтылгандай, шайбанийлердин тушунда хандык вилаят жана түмөндөргө бөлүнгөн. Вилаяттар, негизинен, династиянын өкүлдөрү арасынан дайындалган акимдер тарабынан башкарылган. Акимдер да борбордогу сыяктуу өздөрүнүн башкаруу системасын түзүшкөн.

Кийинчерээк, борбордук бийлик алсыздангандан кийин, айрым кудуреттүү уруу башчылары – *амир*лер да ошол мансапка дайындалган. Түмөндөрдү түмөндүн *аким*дери башкарган. Башкаруунун эң чакан түзүлүшү *амлак* деп аталган (башкача айтканда бир нече чоң-кичине айылдан турган башкаруу түзүлүшү). Амлактарды түмөн акими тарабынан дайындалган адам – *амлакдар* башкарган.

Амлак башкаруусунун администрациясы *амлакдар, мырза (катчы), мурап* (суу бөлүштүрүүчү)*, амин* (салык жыйноочу) жана *аксакал*дан (ар бир айылдын башчысынан) турган.

### Аштарханийлердин тушунда мамлекеттик башкаруудагы айрым өзгөрүштөр

Аштарханийлердин тушунда мамлекеттик башкаруу өзүнүн түзүлүшү, мазмуну жагынан шайбанийлердин тушундагыга караганда дээрлик айырмаланбаса да, айрым өзгөрүштөр болду. Алсак, шайбанийлердин тушунда *аталык* кызматындагы адам хандан кийинки орунда турган *деванбеги* кызматындагы адамдын мансабына теңештирилди. Убакыт өтүп ал амирлердин амирине айланды. Ошондой эле, аштарханийлердин тушунда *сарай кутвалы* мамлекеттик кызматы киргизилди. Ал мамлекеттик каражат эсебине аткарылган курулуш, чептин дубалдары менен имараттарды ремонттоо, ошондой эле, көрктөндүрүү иштерин башкарган.

Ошондой эле, аштарханийлердин тушунда девандар системасы дээрлик жоюлду. Борбордо бүткүл бийлик даргахта чогулду. Натыйжада, девандар жергиликтүү акимдиктерди башкаруу мүмкүнчүлүгүн колдон чыгарды. бул болсо, өз кезегинде, вилаяттарда бүткүл бийликтин ви-



http://eduportal.uz

лаят акимдери менен аларды колдоп-кубаттаган жергиликтүү күчтөрдүн колунда чогулушуна алып келди. Бул себеп аштарханийлердин тушунда борбордук бийликти дээрлик жокко чыгарды.

?

1. «Мамлекет жана анын негиздери» предметинен алган билимиңе таянып мамлекет түшүнүгүнө баа бер.
2. Хандыктарда борбордук бийликтин алсызданышына жол бербестик үчүн эмнелер кылынбастыгы керек эле?
3. Бухара хандыгындагы негизги мамлекеттик кызматтар жөнүндө эмнелерди билип алдың?
4. Сенин оюнча, ата-бабаларыбыздын мамлекетти башкаруудагы кызматтарынын кайсы биринен азыр да пайдаланууга болот?

Учурда Өзбекстанда мамлекеттик башкаруунун эң төмөнкү органы кандай наам менен аталышын жана кандай калыптандырылышын аныктап кел.

## 10-§. Бухара хандыгында аскердик иш

**Хандык кошуунунун түзүлүшү**

Белгилүү болгондой, ар бир мамлекеттин саясий аброю көп жактан кошуунунун кудуретинен көз каранды экендиги тарых далилдеген чындыктардан бири. Ошондуктан шайбанийлер да өз дооруна ылайык кудуреттүү кошуун түзүүгө жетишкен. Кошуун ошол доордо пайдаланылган аскердик курал-жарактардын бардык түрүнөн чебердик менен пайдалана алган.

Кошуун курамы боюнча, негизинен, *атчан* жана *жөө жоокерле*рден турган. Түзүлүшү боюнча, *калб, оң* жана *сол канат, маңдай* (авангард), *илгар, маңдай кароол, туучу, хиравул* сыяктуу бөлүктөргө бөлүнгөн. Кошуундун түзүлүшү жана анын аскердик жортуулдар учурундагы кыймылы системалуу жана тартиптүү болгон. Кошуундун негизин оң канат (*барангар*) жана сол канат (*жавангар*), ошондой эле *хиравул* (арткы бөлүк) бөлүнмөлөрүнөн турган *калб*, башкача айтканда борбордук бөлүк түзгөн. Кошуун аскердик жортуулду баштаган учурда анын алдында илгар деп аталган бөлүк барган. Анын милдети жолдун коопсуздугун, буктурма коюлган-коюлбаганын аныктоо эле. Илгардан кийин маңдай (авангард) барган. Ага калбды душмандын кокустан жасаган чабуулунан сактоо жүктөтүлгөн. Кошуундун кароол бөлүгү жалпы кошуунду коргоп барган.

*Чоң жана кичине гулдар* болсо атайын бөлүк болуп, жогорку башкы кол башчы (хан) жана кол башчыларды коргогон. *Чанах* болсо ко-

шуундун оң жана сол канаттарын коргоочу атайын бөлүк эле. Бардык бөлүктөрдүн ортосунда *атайын чабарман кызматы* түзүлгөн. Бул кызмат жогорку башкы кол башчынын буйрук жана көрсөтмөлөрүн кол башчыларга жеткирип турган.

Кошуундун курамында *туучу* бөлүк да болуп, ал мамлекеттин туусун коргогон. Мындан тышкары, *забангири* (душман жактан туткун алып келүүчү) жана *хабаргири* (разведка) деп аталган атайын бөлүнмөлөр да болгон. Кээде жагдай талап кылганда бул атайын кызматтар кошуундун илгар же кароол бөлүгү тарабынан да ишке ашырылган. Аскердик кыймыл учурунда жогорку башкы кол башчы үчүн атайын расмий кабылдоо иштерин өткөрүүчү жер – **баргах** да даярдалган. Баргах хандын атайын иргелген бөлүнмөсү тарабынан корголгон.

### Кошуундун башкарылышы, аскердик мансаптар

Хан кошуундун жогорку башкы кол башчысы эле. Кошуундун оң жана сол канаттары, калб шайбаний султандар жана шаазаадаларга тапшырылган. Алсак, 1512-жылы Гыждуванда шайбанийлер менен сафавийлер ортосундагы чечүүчү салгылашууда шайбанийлер кошуунунун калб бөлүгүнө Убайдулла Султан, оң канатка Шайбанийхандын уулу Мухаммад Темур, сол канатка Көчкүнчүхандын уулу Абу Саид Султандар кол башчылык кылышты.

Кошуунда *тавачы* мансабына дайындалган адам жоокерлерди чогултуу, аларды аскердик жортуулга даярдоо маселеси менен алектенген. Ошондой эле, ал кошуундун материалдык камсыздоосу үчүн да жоопту болгон.

*Жебечи* мансабында кызмат кылган адам болсо кошуунду курал-жарак менен камсыздоо маселеси менен алектенген. Ошол эле учурда, ал хандын курал-жарагы үчүн да жоопту болгон.

Жогорку башкы кол башчынын жана кол башчылардын өзгөчө тапшырмалары *жасоол* деп аталган офицер тарабынан аткарылган.

Хан *курчи* тарабынан корголгон. Ялавбардар болсо мамлекеттин туусун көтөрүп жүргөн.

*Корхана башчысы* кызматындагы аскер болсо курал жасоо устаканасына жетекчилик кылган. Салт боюнча, кошуун жоокерлердин санына карай бөлүнгөн. Аларга он башы, элуу башы, жүз башы жана миң башылар жетекчилик кылышкан.



http://eduportal.uz

**Курал-жарактар** Кошуун *жебе жана жаа, найза, балта, кылыч, калкан, чокмор* сыяктуу куралдар менен куралдандырылган. Жебе менен жаа негизги курал эле. Алар чабуул учурунда да, шаар же чепти коргоодо да ишеничти толук актаган.

Жаанын жебеси салынчу буюм *садак* деп аталган. Жоокердин өзүн өзү коргошунда *соот* менен *дубулга* маанилүү роль ойногон.

*Тофаң* (мылтык) менен куралдандырылган топ *тофандаз* деп аталган. Кошуунда тофаңды үзгүлтүксүз түрдө колдонуу XVI кылымдын ортолорунан башталды. Ошол доор тофаңдарынын стволу жезден даярдалган. Кийинчерээк алар Осмонийлер мамлекетинин стволу темирден жасалган тофаңдары менен алмаштырылды. Бирок бүткүл XVII кылымда да жаа-жебе атчан жоокер үчүн негизги курал болуп кала берди. Аскердик жортуул учурларында аттарды жебеден коргоо үчүн аттардын үстүнө *кежим* деп аталган атайын жамынчы жабылган. Мындай жамынчы Европадан да алып келинген.

Аскердик кыймылдарда *нафтандаз* (нефтти күйдүрүп атуучу) жана *манжанак* (таш атуучу) куралдар, негизинен, шаар же чептерди курчоого алууда, ошондой эле, душман кошуунунун катарын тозутуп жиберүүдө колдонулган.

Булактарда белгиленишинче, хандыктын кошуунунда *замбирек*тер да болгон. Аштарханийлердин бийлиги тушунда хандыктын экономикалык өнүгүүсү барган сайын төмөндөп отурган. Мунун негизги себеби борбордук бийликтин аябай алсызданышы натыйжасында саясий бытырандылыктын жүрүшү эле. Экономикалык кризистин натыйжасында аштарханийлердин тушунда хандык регулярдуу кошуунду кармап тура албады.

?

1. Кошуун түрлөрү жөнүндө эмнелерди билип алдың?
2. Кошуунда кызмат кылган туучу, ялавбардар, тавачы, жасоол жана жебечи мансабындагы аскерлер кандай иштер үчүн жооптуу болушкан?
3. Кошуун курал-жарактардын кандай түрлөрү менен куралдандырылган?

Мектебиңдеги «Чакырыкка чейин болгон башталгыч даярдык» предметинин мугалими жардамында бүгүнкү Өзбекстандын армиясы кандай курамдык бөлүктөрдөн түзүлгөнүн аныктап кел!

http://eduportal.uz

## 11-§. Бухара хандыгында социалдык-экономикалык турмуш

**Жер ээлөөчүлүк мамилелери**

Шайбанийлер Маварауннахрга жаңы өндүрүштүк мамилелерди алып келген жок. Тескерисинче, темурийлердин тушунда калыптанган социалдык мамилелерди кабыл алышты жана ага көнүгүштү.

Хандыкта бардык жерлер мамлекеттин мүлкү эле. Бул мүлк *мамлакаи падыша* же *мамлакаи султан* деп аталган. Жерди башкаруу хандын колунда эле. Хан мамлекеттин жерлерин *мүлкү хас, мүлкү калыс* (мүлкү нур), *мүлк* жана *вакф* жерлери түрүндө бөлүштүргөн.

Тикеден-тике жеке хандын өзүнө таандык жерлер *мүлкү хас* деп аталган. Бул жерден алынган киреше хандын сарптарына жана вакфтарга кайрымдуулук үчүн иштетилген.

*Мүлки калыс* мамлекеттен жер сатып алуу аркылуу калыптанган. Бирок бул оңой иш эмес эле. Анткени шарт боюнча, мамлекеттен жер сатып алган адам ошол жердин 2/3 бөлүгүн мамлекеттин кароосунда калтырган. Өзүнө калган 1/3 бөлүк жер анын мүлкү эсептелген жана мамлекетке салык төлөөдөн бошотулган.

Мүлк жер болсо *суюргал* жана *танхо* түрүндө белгиленген. Алсак, Мухаммад Шайбанийхан темурийлерге, темурийлер доорунун кызматчыларына таандык бардык жерлерди тартып алды. Аларды өз династиясынын өкүлдөрүнө гана бөлүп берди.

Жер ээлөөчүлүктүн суюргал түрү баштап ханга анын ээлерин баш ийдирип туруунун күчтүү каражаты болуп кызмат кылды. Мухаммад Шайбанийхан каалаган маалда вилаят акимдеринин ордун алмаштыра алган. Борбордук бийликке кичине гана баш ийбеген суюргал ээсин мындай укуктан айырган. Убакыт өтүшү менен суюргалдын атадан балага мурас болуп өтүшү белгиленди.

1512-жылы шайбанийлер Маварауннахрды экинчи жолу ээлегенден кийин, шайбаний султандар өлкөнүн вилаяттарын кайра бөлүштүрүүнү шайбанийлердин эң абройлуу өкүлү Жаныбек Султанга тапшырышты. Анын чечими боюнча, Самарканд Көчкүнчүханга, Ташкент вилаяты Сүйүнчкожого, Бухара жана анын айланалары Убайдулла Султанга мурастык мүлк кылып берилди. Миянкөл вилаяты Жаныбек Султандын өзүнө тийди.

http://eduportal.uz

Жерлердин жакын туугандарга бөлүп берилиши өлкөдө жалгыз династиянын үй-бүлөлүк бийлигин камсыздады. Журттун ээлери өз жериндеги кошуунга да кол башчылык кылган. Демек, кошуун да, жогорку аскердик кызматтар да династия өкүлдөрүнүн колуна чогулду. Бирок суюргал мүлктөр жылдар өтүшү менен борбордук бийликтен көз карандысыз болууга умтулуучу күчтөрдүн күчөшүнө себеп болду. Убакыт өтүшү менен болсо алар ханга да баш ийбей коюшту. Шайбанийлердин тушунда мүлк ээлигинин экинчи түрү – *танхо* да калыптанды. Шайбанийлерге чейин болгон жер ээлөөчүлүктүн ыкта түрү жаңы наам – танхо (танахо) аталышы менен сакталды. Ал мамлекеттик ишмерлерге, аскерлерге, ошондой эле, кичине мамлекет кызматчыларына мамлекеттин алдындагы кызматтары үчүн берилди.

Танхо жер алгандар *жеке чарбалар* деп аталган. Танхонын көлөмү, танхо ээсинин кызматына карай бир нече үйдөн же бир нече айылдан турган. Танхога эгин эгилген жер гана эмес, ошондой эле танхо жеринде жайлашкан тегирмен жана майжуваздардан түшкөн кирешелер да кошуп берилген. Ошентип, жер ээлөөчүлөрдүн жаңы катмары калыптанды. Бирок танхо танхо ээсинин менчик мүлкү эсептелбеген. Танхонын ээси мамлекеттик кызматтан түшкөндө же кайтыш кылганда танхо жерлери башка мамлекеттик кызматчыга берилген.

Шайбанийлердин тушунда вакф жер-мүлкүнүн көлөмү барган сайын чоңоюп отурган.

### Шайбанийлер жүргүзгөн реформалар

Жерлердин түрдүү көрүнүштөргө бөлүнүшү түздөн-түз мамлекеттик казнага түшчү салык кирешелеринин азайышына алып келе баштады. Салык кирешесинин азайышы шайбанийлерди айыл чарбасын өнүктүрүү үчүн бир топ иш-чараларды көрүүгө аргасыз кылды. Салыктардын оордугунан жана мүлк ээлеринин зулумунан, ошондой эле, өлкөнүн ичиндеги тынчсыздыктан өздөрү жашап келген жерлерден качып кеткен дыйкандар менен чакан жер-мүлк ээлери таап келинди жана аларга жерлери кайтарып берилди. Жерди өндүрүшкө коюуда аларга мамлекет тарабынан жардам берилди.

Мухаммад Шайбанийхан хандыктын экономикасын тартипке салуу жана сооданы өнүктүрүү максатында 1507-жылы акча реформасын да өткөрдү. Ал боюнча, ушул убакытка чейин мамиледе болгон түрдүү өлчөм жана салмактагы тыйындардын ордуна салмагы бирдей – 5,2 грамм болгон жаңы күмүш жана жез тыйын соктурулду. Темурийлердин тушунда бир күмүш тыйындын салмагы 4,8 грамм болуп, анын наркы



http://eduportal.uz



Жез тыйын. XVI кылым

алты жез тыйынга тең эле. Реформадан кийин 5,2 граммдуу күмүш тыйындын наркы 24 жез тыйынга тең болду. Бул реформа, ошол эле мезгилде, дыйкандардын салык төлөө мүмкүнчүлүгүн жогорулатууга, мамлекеттин мүлкүн көбөйтүүгө кызмат кылды.

Шайбанийхан тарабынан ишке ашырылган бул жана башка чаралар, мазмун жагынан, борбордук бийликти чыңдоого кызмат кылды.

Шайбаний Абдуллахан II өткөргөн акча реформасы да Бухара хандыгынын тарыхында чоң мааниге ээ болду. Ал бул реформаны өткөрүүдө күмүш наркынын көтөрүлгөнүн эсепке алды. Реформа боюнча, жаңы күмүш тыйындын наркы 30, эскиси болсо 27 жез тыйынга теңештирилди. Абдуллахан II нин акча реформасы натыйжасында күмүш тыйын көптөгөн санда чыгарылды. Натыйжада, наркы көтөрүлгөн күмүштүн көптөгөн санда чет өлкөлөргө чыгып кетишине чек коюлду. Ал алтынды согууну да жолго койду жана анын курамына наркы төмөн болгон башка минералдардын аралашпастыгын катуу көзөмөлгө алды. Бул акчалар хандыктын бүткүл аймагында мамилеге кирди. Бул реформа, өз кезегинде, бийликтин борборлошуусуна, казнага чоң киреше түшүшүнө алып келди. Ошондой эле, ички жана тышкы соода дагы да өнүгүшү үчүн ыңгайлуу шарт түздү.

### Экономикалык турмуш


Шайбанийлердин тушунда да дыйканчылык экономиканын жетекчи тармагы болуп кала берди. Анын өнүгүшү жасалма сугат менен байланыштуу көйгөйлөрдүн канчалык ийгиликтүү чечилишинен көз каранды эле. Ошондуктан бул маселеге өзгөчө көңүл бурулду. Династиянын өкүлдөрү Сангзар, Чырчык, Сырдарыя, Амударыя, Вахш жана Мургаб дарыяларынын мүмкүнчүлүктөрүнөн өнүмдүү пайдалануу чараларын көрүштү.

Кашкадарыянын куймаларынан Кеш вилаятынын жерлерин сугаруу үчүн 10 дон ашуун өстөндөр казылды. Жасалма сугат иштери, айныкса, Абдуллахан II нин тушунда кеңири өнүктү. Мисалы, 1556 – 1585-жылдар аралыгында Зарафшан дарыясында бир топ суу бөлгүчтөр, көптөгөн суу

http://eduportal.uz



Зарафшан дарыясында курулган көпүрө – суу бөлгүч.



Абдуллахандын дамбасы

сактагычтар курулду. Нурата түмөнүндөгү Акшабга жакын жерде Бектерсай капчыгайында жайлашкан байыркы дамба калдыктарынын ордунда ири дамба – Абдуллахандын дамбасы курулду. Анын дарбазаларын дамбанын үстүндө туруп ачууга же жабууга болор эле. Абдуллахандын дамбасына 1 миллион 200 миң куб метр суу чогулган.

Абдуллахан II кербен жолдорун кайра калыбына келтирүү, сардаба, базар, кербен сарайлар куруу жана ремонттоо маселесине да өзгөчө көңүл бурду. Алсак, 1577-жылы Бухарада ири, үстү жабык базар – тим курулду. Ал Абдуллахан тими деп аталчу болду.



Абдуллахан тими

**Салык жана милдеттенмелер**

Хандыкта негизги салык сугат жерлерден алынчу *хираж* эле. Ал кирешенин 30 пайызынан 40 пайызына чейинди түзгөн. Мамлекеттик мекемелер, кошуун жана хан үй-бүлөсүнүн сарптарын каптоо үчүн төлөнчү салык *ихражат* деп аталган. Калктын мал-мүлкүнөн алынчу салык – *зекет*, өкүмдар үчүн жыйнала турган атайын салык – *забитона*, аскердик салык – *мадади лашкер* деп аталган эле. Мамлекет акчага муктаж болгондо өзгөчө салыктар да киргизилген.

Калкка мамлекеттин алдында өтөшү милдеттүү болгон *жасак* деп аталган эмгек милдеттенмеси да жүктөтүлгөн. Бул милдеттенме калкты өстөн, арык казганга, жол жана көпүрө курганга, жем-чөп даярдоого тартууну көздө туткан. Өз ара согуштар көбөйүп кеткен жылдары салыктар бир нече жыл үчүн мурдатан алынган. Оор жылдарда калкка ал тургай *жизья* – жан башы салыгы салынган.

1. Бухара хандыгында жер ээлөөчүлүктүн кандай түрлөрү болгон жана алар кандай калыптандырылган?
2. Мүлки калыс кандай тартипте калыптандырылды?
3. Суюргал – жер ээлөөчүлүктүн терс көрүнүштөрү жөнүндө эмнелерди билип алдың?
4. Шайбанийхан жана Абдуллахан II өткөргөн акча реформаларын бирин-бири менен салыштыр жана пикириңди билдир.
5. Бухара хандыгында айыл чарбасын өнүктүрүү үчүн аткарылган иштерди белгиле.

Төмөнкү суроолорго жооп таап кел:

1. Өзбекстан Республикасында акча реформасы качан өткөрүлдү?
2. Илгери замандарда болгону сыяктуу, азыркы күндө да бардык жер мамлекеттин мүлкү. Өзбекстанда ушул мүлктөн учурда кандай формаларда пайдаланылып жатат?

## 12-§. Бухара хандыгынын тышкы саясаты

**Бухара хандыгы менен Россиянын мамилелери**

Бухара хандыгынын Россия менен мамилеси XVI кылымдын экинчи жарымынан өнүгүп отурду. Абдуллахан II Россия менен соода байланыштарын жакшыртуу аркылуу өзүнүн мамлекетинин саясий абалын чыңдоону да көздөгөн эле. Анткени падыша Иван Грозныйдын тушунда Россиянын



http://eduportal.uz

аброю көтөрүлдү. Алсак, Казань хандыгы (1552-жыл), Ажытархан хандыгы (1556), Волга бою жана Батыш Сибирь аймактары Россия тарабынан басып алынды. Мындай абал Россияга соода жолдорун көзөмөлдөө мүмкүнчүлүгүн берди.


Иван Грозный

Волга бою вилаяттарында соода жүргүзүү Бухарадан келген соодагерлер үчүн кыйла ыңгайлуу эле. Аларга эң жакын кошуна өлкө Россия болуп калган. Ошондой эле Казань татарлары, оренбургдуктар жана башкырттар менен дин жана тилдин жакындыгы да чоң роль ойноду. Ошондуктан Абдуллахан II тарабынан 1557–1558-жылдарда Бухара хандыгынан Москвага элчи жиберилди.

Ошол эле учурда, Россия да Бухара хандыгы менен сооданы өнүктүрүүгө кызыккан. Мунун себеби, эң мурда, Бухара Россиянын товарларын сатуу үчүн ыңгайлуу базар эле. Экинчиден, Россия Бухара хандыгы аркылуу Азиянын башка өлкөлөрү менен соода мамилелерин өнүктүрүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болмок. Мында, биринчи кезекте, Индияга чыгуу максаты эсепке алынды. 1555-жылы Москвада англис-инди экономикалык байланыштарына кызмат кылган «Москва компаниясы» түзүлдү. 1558-жылы компания Россия аркылуу Чыгышка жол ачуу үчүн өзүнүн элчиси Антоний Женкинсонду Бухарага жиберди. Элчи Абдуллахан II тарабынан кабыл алынды. Антоний Женкинсондун элчилиги натыйжасында Россия менен Бухара хандыгынын ортосунда жакшы соода жана дипломатиялык байланыштар жолго коюлду.

Россия менен Бухаранын мамилелеринде Аштархан (Астрахань) аркылуу Бухара хандыгы жарандарынын Мекке шаарына ажы сапарына баруу маселеси да маанилүү роль ойногон. Анткени Хорасан аркылуу ажы сапарына баруудагы эң ыңгайлуу жол Иран сафавийлеринин көзөмөлүнө өтүп калган болчу. Ажы сапарына Аштархан аркылуу баруу маселесин чечүү боюнча Бухара хандыгы Осмонийлер мамлекети менен чогуу аракеттенүүнү чечти. Бул текке эмес эле. Анткени Осмонийлер мамлекетинин султандары мусулман дүйнөсүнүн халифасы эсептелген.

XVI кылымда европалыктар тарабынан деңиз соода жолунун ачылышы Улуу Жибек жолунун баркын түшүрдү. Ошол себептен Осмонийлер мамлекети жок дегенде Аштархан жолун өзүнүн көзөмөлүндө сактап

калышы зарыл эле. Ошондуктан акыр-аягында Россияга каршы аскердик аракет баштоону чечти. Турган сөз, Осмонийлердин султаны муну ажы сапарынын жолун ачуу үчүн аракет деп жарыялады.

1569-жылы Россия – Осмонийлер мамлекетинин ортосунда согуш башталды. Согушта Осмонийлер мамлекети жеңилди. Ошентсе да, султан Россиядан ажы сапарынын жолун ачып коюуну талап кылганды улантты. Акыр-аягында Россия 1572-жылы султандын талабын канааттандырды.

Россия – Бухара таламдары Сибирде да кагылышты. Анткени, Түштүк-батыш Сибирь шайбан улусунун курамына кирген

1563-жылы Абдуллахан II нин аскердик жардамы менен Шайбаний Көчүмхан Сибирь хандыгынын тактын ээледи.

1581-жылы Россия Сибирь хандыгына каршы Ермактын жетекчилигинде кошуун жөнөттү. Баштап ал жеңип чыкса да, 1584-жылы жеңилип курман болду. Абдуллахан II өзүнүн мамлекетиндеги ички карама-каршылыктарды жоюу жана аскердик жортуулдар менен алек болгондуктан, кийинчерээк Көчүмханга жардам бере албады. Ошентсе да, ал Көчүмханга жиберген катында өз ара ички карама-каршылыктарды жана күрөштөрдү бүтүрүү аркылуу хандыкты кырсыктан сактап калууга болорун уктурду. Ошондон кийин Россия басып алган аймактарды кайтарып алуу зарылдыгын баса белгиледи. Бирок 1598-жылы Россия менен Сибирь хандыгы ортосундагы чечүүчү салгылашууда орус кошуунну жеңип чыкты.

1598-жылы Абдуллахан II жана Көчүмхан кайтыш кылгандан кийин, Бухара хандыгынын Сибирдеги саясий таасири таптакыр жокко чыкты. Бирок соода иштери улантыла берди.

XVII кылымда Россияда борборлошкон мамлекет курала баштады. Кылымдын аягына чыкканда Россия Европанын кудуреттүү өлкөлөрүнөн бирине айланды. Бүткүл Россия базары калыптанды. Бул себептер Россиянын Орто Азия хандыктары менен соода мамилелерин дагы да өнүктүрүүнү турмуштук зарылчылыкка айландырып койду. Натыйжада, Россия 1620-жылдан 1675-жылга чейинки доордо хандыктарга 4 жолу элчилерин жөнөттү. XVII кылымда Орто Азия менен Россиянын ортосунда соодада товар айырбаштоо 100 миң рублди түздү.

Россиянын элчилери Бухара хандыгы менен соода байланыштарын кеңитүү маселелерин гана чечип калбады. Алсак, 1620-жылы Бухарага жиберилген Россиянын элчиси И. Д. Хохловго Бухара хандыгынын тыш-

кы саясий абалы жөнүндө маалымат чогултуу, Россиянын күч-кудуретине ханды ишендирүү, Бухара хандыгынын куралдуу күчтөрүн, хандык казнасынын абалын толук үйрөнүү, Бухара – Хива мамилелери маселелерин иликтеп чыгуу сыяктуу милдеттер да жүктөтүлгөн. И. Д. Хохлов өзүнө жүктөтүлгөн милдеттерди ийгиликтүү аткарды.

### XVIII кылымда Бухара – Россия мамилелери

XVIII кылымда Бухара хандыгы менен Россиянын ортосундагы мамилелерде жаңы доор башталды. Бул доорго келип Россиянын Орто Азия хандыктары, ошонун катарында, Бухара хандыгы менен соода байланыштарында кемсинтүү саясаты жүргүзүлө башталды. Алсак, бажы төлөмүнүн саны ашырылды.

Ошол эле учурда, саясий максаттарды ишке ашыруу, табигый байлыктарга суктануу маанайы күчөп отурду. Россияны, айныкса, Орто Азиянын алтындары да кызыктыра баштады.

Пётр I Бухараны саясий жактан Россияга тең мамлекеттер эмес деп эсептеди жана иш жүзүндө ага басым жасай баштады.

Ошол максатта 1718-жылы Иртыш дарыясынын жээгинде жети чептен турган шаар (Семипалатинск) курдурду. Бул болсо Бухара хандыгын көйгөйгө салып койду. Ошондуктан Абулфайзхан Россияга элчи жөнөттү. Ал өзүнүн катында Бухарага Россия элчисинин жиберилишин да сураньды. Буга жооп иретинде Россия өкмөтү 1721-жылы Флорио Беневенини элчи кылып жөнөттү. Россия элчисине Орто Азияга алып бара турган суу жана кургактык жолдорун үйрөнүү, орус соодасын кеңитүү мүмкүнчүлүктөрүн аныктоо, Бухаранын ханын Россия менен шериктештик түзүүгө көндүрүү, ханга орус гвардиячыларын сунуштоо; каерде канча алтын кени бар экендигин аныктоо жана аларды картага түшүрүү; хандыктагы чептерди жана кошуундун абалын үйрөнүү жана хандыктын ички жагдайын, ошондой эле, Иран, Хива жана Осмонийлер менен өз ара мамилелерин үйрөнүү милдеттери да жүктөтүлдү.

Ф. Беневени Бухарада 3,5 жыл турду жана алдына коюлган маселелер боюнча кымбаттуу маалыматтарды чогултту жана 1725-жылы Петербургга кайтып кетти.

Пётр I дин өлкөбүздү басып алуу тилеги анын көзү тирүүлүгүндө ишке ашпаса да, кийинчерээк мураскорлору тарабынан ишке ашырылды.

### Бухара – Иран мамилелери

Бухара менен Ирандын таламдары кагылышкан негизги аймак Хорасан болду. Мунун себеби Хорасандын аскердик-саясий жана соода-экономика-



http://eduportal.uz

лык жактан чоӊ мааниге ээ экендиги эле. Мындан тышкары, Хорасан Бухара хандыгы, Иран, Индия багытында өзүнө мүнөздүү дарбазанын милдетин да аткарган. Хорасанды көзөмөлгө алуу маселесинде шайбанийлер менен сафавийлердин ортосунда кескин күрөш жүргөн. Бул маселеде Мухаммад Шайбанийхан, Убайдуллахан жана Абдуллахан II нин бийлиги тушунда шайбанийлер үстөмдүк кылышкан. Алсак, Абдуллахан II Хорасандын Марв, Нишапур жана Мешхед сыяктуу ири шаарларын ээледи.

Абдуллахан II Иранга каршы күрөштө Осмонийлер мамлекети менен шериктештик түзүүгө аракеттенип көрдү. Бирок максатына жете албады жана акыр-аягында Иран Хорасанды Маварауннахрдан бөлүп салууга жетишти.

Аштарханийлердин тушунда Иран менен болгон мамилелер кескин боюнча калды. 1740-жылы болсо Иран Бухара хандыгын көз каранды мамлекетке айландыруга жетишти.

**Бухара – Индия мамилелери**

Индиядагы Бабурийлер империясы менен Бухара хандыгынын ортосундагы өз ара мамилелердин орнотулушу Бабур менен Көчкүнчүхандардын ысымдары менен байланышкан. Көчкүнчүхандын бийлиги тушунда Бухара хандыгы Бабурийлер мамлекетин тааныды. Аны менен соода жана элчилик мамилелерин орнотту.

Бухаранын элчиси хан тарабынан Бабурга Маварауннахрдын белгилүү мейиздеринен, субхани өрүктөрүнөн жана башка кемчил нерселерден турган белек-бечкектери катарында сындуу 200 жылкы да алып келди. Өз кезегинде, Бабур да Бухара хандыгына элчилерин жөнөттү. Эки мамлекеттин ортосундагы мындай мамилелер кийинки шайбаний жана бабурий өкүмдарлардын тушунда дагы да кеӊиди. Алсак, Абдуллахан II сафавийлерге каршы күрөштө бабурийлер менен бирге аракет жасоого умтулду. Ошол себептен Абдуллахан II Акбаршахтын алдына бир нече жолу элчилерин жөнөттү. Абдуллахан II Акбаршахка Иранды өз ара бөлүштүрүп алууну сунуш кылды. Бирок Акбаршах буга ыраазы болбоду. Анткени, Акбаршах жарандары түрдүү



Акбаршах

дин жана диний ишенимдерге баш ийген мамлекеттердин бири-бирине чыдап жашашын жактаган, диний кең пейилдүүлүктү мамлекет саясаты деңгээлине көтөргөн өкүмдар эле. Ошондой эле, ал Иран менен жылуу мамиледе болгон.

1586-жылы Акбаршах Абдуллахан II ге жолдогон өзүнүн катында Осмонийлер мамлекети Ирандын бир бөлүгүн басып алгандыгынан кооптонуп жатканын баяндады. Ошол эле учурда, Бухара менен Индия чогуу Иранга жардам берүүсү зарылдыгын баса белгиледи. Бирок, Иран шайбанийлер мамлекетин өзүнүн негизги душмандарынан бири деп эсептеп келгендиктен, Абдуллахан II Акбаршахтын сунушуна макул болбоду.

Бабурий өкүмдарлар Шах Жахан жана Аврангзеб Ааламгирлердин бийлиги тушунда аштарханийлер менен соода байланыштары улантылды.

?

1. Кандай себептер Бухара – Россия ортосунда сооданын өнүгүшүнө кызмат кылды?
2. Бухара – Россия таламдары кагылышкан маселелерди белгиле.
3. XVIII кылымда Россия – Бухара мамилелеринде эмне себептен өзгөрүш болду?
4. Бухара – Иран мамилелери жөнүндө эмнелерди билип алдың?
5. Бухара – Индия мамилесине тиешелүү негизги жактарды белгиле.

Учурда Россия Федерациясы тарабынан Өзбекстанда атом электр станциясынын курулушуна тиешелүү маалыматтарды чогултуп кел.

## 13-§. Бухара хандыгында маданий турмуш

**Илим-билимдин өнүгүшү**

Шайбаний өкүмдарлардын арасында да окумуштуу, билимдүү мамлекеттик ишмерлер болгон. Алар медресе таалимин алган, дүйнөлүк жана диний билимдерди ээлеген адамдар эле. Ошондой эле, өзбек, фарс, араб тилдерин билишкен. Айнықса, поэзия жаатында өтө шыктуу болушкан. Фарс тилин казал жазуу деңгээлинде толук ээлешкен.

Илим, адабият, көркөм өнөр жана архитектуранын өнүгүшүндө династия өкүлдөрүнүн кызматы чоң болгон. Ошентсе да, шайбанийлер темурийлердин тушунда өлкөбүздө өтө өнүккөн жана дүйнө тааныган илим-билимге ылайык мураскор боло алышпады.



http://eduportal.uz

Шайбанийлердин тушунда медицина, математика, астрономия сыяктуу илимдер белгилүү деңгээлде өнүккөн. Медицинадагы өнүгүү өз заманасында «дарыгерлердин сыймыгы» деп улууланган *Мухаммад Мазид*, хирург мавлана *Бако*, көз ооруларын айыктырууда атагы чыккан *Шахали ибн Сулайман*, «Айыктыруу боюнча жоболор» чыгармасынын автору *Султанали Самаркандий*, «Көз оорусу боюнча негизги китеп» чыгармалары менен белгилүүү *Убайдуллах Каххал* сыяктуу окумуштуу дарыгерлердин аттары менен тыгыз байланышкан. *Мухаммад Амин, Бабакалон Самаркандий*, мавлана *Кавкавий*лер математика, *Мухаммад Хусайни Бухарий* «Кыбла жакты табуунун илими», *Махмуд ибн Ахмад Фарозий* «Ай фазаларынын теңдиги жөнүндө китепче» чыгармалары менен астрономия илиминин өнүгүшүнө чоң салым кошушкан.

Тилекке каршы, аштарханийлердин тушунда коомдун турмушунда диний фанатизм кеңири жайылды. Бардыгынан диний ырым-жырымдарга сөзсүз баш ийүү талап кылынды. Бул себептер илимдин өнүгүшүнө терс таасирин тийгизди. Ошентсе да, илим-билим токтоп калганы жок.

Алсак, Мир Араб медресесинин мударриси *Мухаммад Шариф Бухарий* тарых, фикх, тил таануу, астрономия ж. б. илимдерге тиешелүү 20 дан ашуун чыгарма жазып калтырганы мунун далили. Алардын арасында «Хаканга пайдалуу кеңештер» аттуу чыгармасы өзгөчө мааниге ээ.

Субханкулихандын бийлиги тушунда медицина илими өнүктү. Анын демилгеси менен Бухарада «Дар уш-шифо» курулду жана оорулууларды айыктыруу иштери жолго коюлду. Медицинага адистешкен медресе курулуп, дарыгерлер даярдалды. *Субханкулихан*дын медицинага тиешелүү китептер чогулган китепканасы болгон. Ал «Субханий медицинасы боюнча айыктыруу» аттуу китеп да жазып калтырды.

**Тарых таануу**

Шайбанийлердин тушунда тарых илими жаатында көптөгөн ири тарыхый чыгармалар жаратылды. Алардын ичинде *Камолиддин Биноий*дин "Шайбанийнаама", *Мухаммад Салых*тын "Шайбанийнаама", *Мухаммад Хайдар*дын "Тарихи Рашидий", *Фазлуллах ибн Розбехандын* "Мехманнаамаи Бухара", *Хафиз Таниш Бухарий*дин "Абдулланаама", («Шарафнаамаи шахий"), *Султан Мухаммад Хафиз Тошкандий*нин "Тарихи жадидайи Тошканд" сыяктуу чыгармалары бар.

*К. Биноий*дин "Шайбанийнаама" чыгармасы Кыпчак Талаа менен Маварауннахрдын XV к. ортолорунан XVI к. баштарына чейин болгон доордогу окуяларын өз ичине алат. Ал Шайбанийлер менен Иран сафавийлери ортосундагы мамилелер жөнүндө маанилүү маалымат берет.



http://eduportal.uz

*Мухаммад Салых*тын “Шайбанийнаамасы” өзбек тилинде жазылган чыгарма болуп, ал Шайбанийхандын аскердик жортуулдарына арналган.

“Абдулланаама” чыгармасынын автору бул чыгармасын Чыңгызхандын Маварауннахрды басып алышы, чыңгызийлер бийлигинин орнотулушу, Кыпчак Талаада Абулхайрхан мамлекетинин түзүлүшү, Шайбанийхандын аскердик чабуулдары, анын өлүмүнөн кийинки Маварауннахрдагы жагдай, Абдуллахан II нин өлкөнү саясий жактан бириктирүү жолунда алып барган күрөшүнө арнаган.

XVII – XVIII кылымдын биринчи жарымында да Бухарада тарых илими жаатында катар тарыхый чыгармалар жазылды. Алсак, *Мухаммад Юсуф Муншийди*н „Тарыхи Мукимханий“, *Мухаммад Амин Бухарийди*н „Убайдулланаама“ жана *Абдурахман Толе*нин „Абулфайзхан тарыхы“ сыяктуу чыгармалары ошолордун катарына кирет.

**Адабият**

Бул доордун адабиятында *Мухаммад Шайбанийхан*, анын жээни *Убайдуллахан*, *Камолиддин Биноий*, *Мухаммад Салых* жана башкалар өзгөчө орун ээлешет.

Өмүрүнүн негизги бөлүгүн салгылашууларда өткөргөн Мухаммад Шайбанийхан ошол эле учурда поэзия менен да машыкты. Ал өзүнөн жогорку деңгээлдеги көркөм чыгарманы мурас калтырды. Анын чыгармалары бүгүнкү күндө дүйнөнүн түрдүү өлкөлөрүнө алып кетилген. Мисалы, жалгыз гана ырлар жыйнагы – “Деваны” Станбул шаарындагы китепканада сакталууда.

Мухаммад Шайбанийхан ырларында, айныкса, Самарканд жана Бухара шаарларын көп жазган. Алсак, бир ырында Самаркандды бейишке салыштырат. Ырларынын биринде минтип ырдайт:

*Кетпеди көңүлдөн эч түспөлү Самарканддын,*
*Көзүмөн өтөт дайым гүлзары Самарканддын.*
*Ар нерсеге бал болсо дүйнөдө эң назик, бирок,*
*Бардыгынан экен жакшы оорусу да Самарканддын.*

Ал эми Бухара шаарын болсо Каъбанын даражасына көтөрөт.

Мухаммад Шайбанийхандын жээни Убайдуллахан өзүнүн казал, рубоий, китъа жана туюктары менен поэзиянын өнүгүшүнө чоң салым кошкон. Ал чыгармаларын “Убайдий”, “Убайдулла” жана “Кул Убайдий” псевдонимдери менен жазган.



http://eduportal.uz

*Муктажга көмөктөшүү – керемет деген ушул,*
*Артында жок жекирүү, чыныгы иш да ушул.*
*Эки дүйнөдө тең бирдей, солико, ыйманды*
*Куткаруучу чыныгы саламат рух да ушул.*

Ал фарс жана араб тилдерин жакшы билген жана ошол тилдерде да жазган. Өзбек, фарс жана араб тилдериндеги ырлары үч жыйнакка кирген. Кийинчерээк алар бир томго чогултулган жана “Куллиёт” деп аталды.

Рубоий жазуунун *Бабур Мырза*дан кийинки өнүгүүсү Убайдуллахандын ысымы менен байланыштуу. Ал ошол эле мезгилде *Ахмад Яссавий* негиз салган накыл сөздөр салтын өнүктүрдү. Андан 220 дан ашуун накыл сөз мурас калды.

*Мухаммад Шайбанийхан*, *Абдулазизхан* жана *Абдуллахан I – II* лердин китепканалары өз заманасынын укмуш китеп казнасы болгон эле.

XVII – XVIII кылымдын биринчи жарымы адабий чөйрөсүндө *Бедил* (чыныгы аты Мырза Абдулкадыр, 1644 – 1721)дин орду чоң. Ал кештик (Шахрисабздик). Делиде кайтыш кылган. Анын ири чыгармасы – „Төрт элемент“ прозада жазылган болуп, анда аба, суу, жер, жалын жөнүндө, ошондой эле, өсүмдүктөр, жаныбарлар жана адамдын келип чыгышы жөнүндө өзүнүн көз караштары баяндалат. Ал ырларында коомдогу зулум, адилетсиздик сыяктуу илдеттерди каралайт. Бедил „Абулмаъоний“ („Маанилердин атасы“) ысымы менен атагы чыкты.

Бул доор адабиятынын ири өкүлдөрүнөн дагы бири акын *Сайидо Насафий* эле. Ал Насаф (Каршы) шаарында төрөлгөн. Замандаштары аны „Бухара акындарынын тактында султан“ деп улуулашкан.

Анын атагын чыгарган „Айбанатнаама“ аттуу каймана маанидеги чыгармасы болду. Насафий бул чыгармасында жаныбарлардын образы аркылуу ак сөөктөрдүн, мансап адамдарынын эмгекчил элге жасаган зулумдарын, алардын паракордугун жана руханий төмөндүгүн ачып салды. Карышкыр менен шердин образында ак сөөктөрдүн жырткычтыктан турган чыныгы жүзүн ашкереледи. Чыгармада шер бардык жаныбарлардын үстүнөн жеңип чыкса да, эмгекчил элдин символу болгон кумурскадан жеңилет.

Бул доордун адабиятында *Турду Фарогий* да өзгөчө орун ээледи. Коомдогу түрдүү адилетсиздиктерди, Субханкулихандын элди оор салыктарга дуушар кылганын жана мунун натыйжасында эл тарткан кыйынчылыктарды ачык сынга алган эр жүрөк акын эле:

*Жедиңер бардыгың иттей жарандын этин,*
*Каарданып малын алып, калтырбадың битин.*

Турду элдин тилинен мамлекетти жексен кылган саясий бытырандылыкты, ал келтирип чыгарган кыргындуу согуштарды каралаган. Уруу жана уруктарды биригүүгө, өз ара ынтымактуу болууга чакырган. Уруу аксакалдарын жана бектерин бир жакадан баш чыгарууга чакырган.

Бул орунда Турдунун „Ичи тар бектер“ ыры өзгөчө мааниге ээ:

*Ичи тар бектерим, текеберленбе, кеңдик кыл,*
*Токсон эки муун өзбек журтуна, теңдик кыл...*

**Архитектура**

Шайбаний өкүмдарлар башкалаа Бухара жана анын айланасын көрктөндүрүүгө аракет жасашты. XVI кылым бою ошол доордун бардык инженердик мүмкүнчүлүктөрү жана коомдун руханияты жана маданияты деңгээлине ылайык түрдө көптөгөн имараттар, архитектуралык комплекстер курулду.

Алардын ичинде Бухарадагы *Мир Араб, Абдуллахан, Кулбаба Көкөлдөш, Надыр деванбеги, Эрназар элчи*; Самаркандда курулган *Шайбанийхан*, Ташкентте курулган *Баракхан* жана *Көкөлдөш* медреселери архитектурабыздын жаркын үлгүлөрү эсептелет. Баракхан медресеси Шайбаний өкүмдар Сүйүнчкожохандын уулу Баракхан тарабынан курулду. Медресе күмбөзүнүн бийиктиги 22 метрди түзөт. Бул медреседе өлкөбүздүн эгемендүүлүк жылдарында да чоң ремонттоо иштери аткарылды.

XVII кылымда *Самарканд Регистан* ансамблинин азыркы көрүнүшү калыптандырылды. XVI кылымдын биринчи жарымында Самарканддын акими Ялаңтөш Бахадыр уранды абалына түшүп калган Регистан аянтындагы *Улугбек медресесинин* каршысында *Шердар медресесин*, анын



Надыр деванбеги



Регистан майданы

алдында болсо *Тиллакары медресе-мечитин* өзүнүн каражаттары эсебинен курдурду. Ага алтындын буусу жүгүртүлдү. Самарканд Регистан ансамбли өзүнүн түркүн түстүү кооздугу, оймо-чиймелүү порталдары, ири күмбөздөрү менен Орто Азия архитектурасынын чанда кездешүүчү тарыхый эстелиги иретинде дүйнө коомчулугун жана туристтерди өзүнө тартып келүүдө.

### Бухара хандыгында билим берүү

Шайбанийлер билим берүү жаатында да реформа өткөрүштү. Реформанын өткөрүлүшүнө мансап адамдары тобун калыптандыруу жана аларды коомдун негизги таянычына айландыруу зарылчылыгы себеп болду. Хандар жана султандарга бардык багыттар боюнча билимдүү, дипломатиялык жөндөмгө ээ болгон мансап адамдары керек эле. Реформа боюнча окутуунун көп баскычтуу системасы киргизилди. Ар бир маалада мектеп ачылды, кээ бир үйлөрдө үйдө билим берүү жолго коюлду. Балдарга 6 жашынан билим берилчү болду. Мектепте эки жыл окугандан кийин, окуучулар медресеге өткөрүлгөн.

Медреседе билим берүү үч баскычтуу болуп, анын ар бир баскычында 7 жылдан окулган жана окуу жараяны 21 жылга созулган. Окуучулар теология илими, эсеп, геометрия, фикх, логика, музыка, ыр өнөрүнөн билим алышкан.

XVII–XVIII кылымдарда шаар жана айылдарда көптөгөн мектеп-каналар иш жүргүзгөн. Эркек жана кыз балдар башка-башка мектептерде окутулган. Эркек балдардын мектептери мечит, медресе, чарба жүргүзүүчү устаканалардын алдында же менчик мектеп ээлеринин үйлөрүндө ачылган болуп, мечиттин имамы же медресени бүткөн

билимдүү адамдар мугалимдик кылышкан. Аларды дамылла деп аташкан. Кыз балдардын мектептери бардар бай адамдардын же мугалим аялдардын үйлөрүндө ачылган. Кыздарды атынайи, атынбиби, бибихалифа, бибиатын деп аталган аял мугалимдер окутушкан. Балдар мектепке 6 – 7 жашынан берилген жана алар 5 – 8 жыл бою башталгыч билим алышкан.

Окуучуларга баштап тамгалар үйрөтүлгөн, андан кийин муундар, аларды кошуу аркылуу сөз түзүү, “Хафтияк” (Куран Каримдин жетиден бири) китебин окуу үйрөтүлгөн. Эсеп сабагында сандар, аларды кошуу, кемитүү, көбөйтүү, бөлүү амалдары үйрөтүлгөн. Окуучулар Наваий, Фузулий, Бедил, Машраб, Саъдий Шеразий, Хафиз Шеразий жана Суфи Аллаярдын чыгармаларын, “Чар китепти” окуп сабат чыгарышкан. Кыздардын мектепканаларында үй тиричилигин жүргүзүү, тамак даярдоо, адеп-ахлак, тазалыктын сырларын үйрөнүүгө көбүрөөк көңүл бурулган.

Балдар окууну толук өздөштүрүп алышкандан кийин гана жазууга өтүшкөн. Мектепканаларда сыноолор болбогон, окуучуларга мектепти бүткөнү жөнүндө күбөлүк берилбеген. Баланын шыдыр окушу, туура жазышы, эсепти билиши мектепти бүткөндүгүнүн далили болгон.

Медресе орто жана жогорку окуу жайы эсептелген. Медресеге мектепканаларды бүткөндөр кабыл алынган. Медреседе билим берүү окуучулардын зээндүүлүгүнө карай 7–12 жылга созулган. Бухара хандыгынын шаарларында 150 дөн ашуун медресе болгон. Окуу “Аввал илим” деп аталган фарс тилиндеги окуу колдонмосун өздөштүрүүдөн башталган. Андан кийин араб, фарс тилинде жазылган китептер окутулган. Алар окуучуларга мударрис тарабынан түркий тилде түшүндүрүп берилген. Кийин араб тили грамматикасы окутулган. Фикхти (укукту) үйрөнүү милдеттүү эсептелген. Хандыкта билим берүүнүн сарптары вакф мүлкүнүн кирешелери эсепбинен капталган.

Көңүл бурган болсоң, мектепканаларда эң керектүү табигый илимдер окутулбаган. Мунун себеби, биринчиден, диний фанатизмдин күчөгөндүгү болсо, экинчи жактан, хандыктын тышкы байланышы өзү сыяктуу аз өнүккөн мамлекеттер менен чектелип калгандыгы жана алдыңкы Европа өлкөлөрү менен байланышты жолго коё албагандыгында эле. Ошондуктан ата-бабаларыбыз заманбап, табигый жана техникалык илимдеринин жетишкендиктеринен кабарсыз калышты. Натыйжада, өлкөнүн тагдыры үчүн жооптуу болгон өкүмдарлар, мамлекет башкаруучулары, династия өкүлдөрү өз кабыгынан чыга албаган.

1. Шайбанийлердин тушунда илим-билимдин кайсы тармактары өнүктү?
2. Тарых илими жаатында жаратылган ири чыгармаларды белгиле. Алардын бүгүнкү муундар үчүн мааниси эмнеде?
3. Субханкулихандын медицина илимине кошкон салымы жөнүндө эмнелерди билип алдың?
4. Мухаммад Шайбанийхан жана Убайдуллахандын ошол доор адабиятынын өнүгүшүнө кошкон салымдары жөнүндө сүйлөп бер.
5. Бедил менен Сайидо Насафийдин чыгармачылыгын салыштыр.
6. Турдунун чыгармачылыгына мүнөздүү жактарды белгиле.
7. Эмне үчүн ата-бабаларыбыз эң маанилүү табигый жана техникалык илимдердин жетишкендиктеринен кабарсыз калышты?

1. Ата-бабаларыбыз курган эң белгилүү архитектуралык эстеликтердин тизмесин түз.
2. Бухара хандыгындагы билим берүү системасы менен Өзбекстандагы бүгүнкү билим берүү системасын салыштыр.

## 14-§. Бухара амирлигинин түзүлүшү

### Бухара хандыгынын мамлекеттик эгемендүүлүгүн жоготушу

Бухара хандыгындагы бытырандылык Ирандын Бухарага чабуул жасашы үчүн ыңгайлуу шарт түздү. Ошондуктан 1736-жылы Ирандын шахы Надыршахтын уулу Рызакулунун жетекчилигиндеги кошуун Амударыядан өттү жана көптөгөн аймактарды басып алды.

Ошондой оор шартта Бухаранын ханы Хиванын ханынан жардам сураганга аргасыз болду. Хиванын ханы Элбарсхандын жардамга келе жаткандыгы себептүү Рызакулу кошуунду артка тартууга аргасыз болду.

1740-жылы эми Надыршахтын өзү Бухарага каршы кошуун тартты. Бухара хандыгында регулярдуу кошуундун жоктугу жана өзүнүн хандыгында ички чырларды жоюу менен алек болуп калган Хива ханынын Бухарага жардам бере албагандыгы Надыршахка абдан оң келди.

Анын үстүнө Мухаммад Акимбий аталыктын уулу Мухаммад Рахим Надыршах жакка өтүп кетти. Надыршахтын жакындашып калганынан коркунучуна түшкөн Абулфайзхан Каршыдан Акимбий аталыкты чакырып алды жана Надыршахтын алдына элчи кылып жөнөттү. Ага Надыршах менен Бухара хандыгын урандыга айландырбастык шарты жөнүндө келишим түзүү милдетин жүктөдү. Акимбий бул милдетти аткарды.

Бухара Ирандын баскынына каршы тура албагандан кийин, Абулфайзхан багынуунун шарттары жөнүндөгү келишимге кол коюуга аргасыз болду.

Келишим боюнча, Надыршах жогорку өкүмдар, Бухара хандыгы болсо Иранга көз каранды мамлекет деп тан алынды. Ошондой эле, чоң санда олпоң төлөндү. Мындан тышкары, Бухара хандыгынын калкынан 10 миң адамдан турган кошуун чогултулуп, Надыршахтын карамагына жөнөтүлдү. Бул кошуунга Мухаммад Акимбийдин уулу Мухаммад Рахим кол башчы кылып дайындалды. Ошентип, Абулфайзхан иш жүзүндө Иранга көз каранды куурчак өкүмдарга айланды. Мухаммад Акимбий болсо кошбеги (башкы вазир) кызматын ээледи. Бүткүл бийлик амалда анын колуна өттү. Эми аштарханийлер бийлигинин жоюлушу анык болуп калды.

### Маңгыттар династиясы бийлигинин орнотулушу

Бухарада аштарханийлер династиясынын бийлиги тушунда өзбек урууларынан маңгыттардын аброю бийик эле. Бул уруу бийлик аштарханийлердин колунда экенинде аларга берилгендик менен кызмат кылган. Бирок, кийинчерээк, Бухарада маңгыттар өз алдынча абройго ээ болуу үчүн күрөшүшөт жана Акимбийдин тушунда бул максатка жетишет.


Мухаммад Акимбий 1743-жылы кайтыш кылгандан кийин, Рахимбий өзүнүн кошууну менен Бухарага кайтып кетти жана өзүнүн регулярдуу кошуунга ээлигинен пайдаланып, бийликте атасы сыяктуу өз алдынча аброй үчүн талапкер боло баштады. Соңку аштарханий Абулфайзхан аны атасынын ордуна дайындоого аргасыз болду.

Надыршах 1747-жылы өлтүрүлгөндөн кийин Иранда башталган ички күрөштөр Мухаммад Рахимбийге Бухара тактын ээлөөгө жол ачты. Анын буйругу менен Абулфайзхан 1747-жылы өлтүрүлдү. Мухаммад Рахимбий такка Абулфайздын уулу Абдулмомунду отургузду жана аны өзүнө күйөө бала кылып алды. Көп узабай Мухаммад Рахимбий жалган хандарды да өлтүрттү жана 1753-жылы бийликти толук ээледи. Бирок маңгыттар чыңгызийлер тукумуна таандык эмес эле. Ошондуктан маңгыт өкүмдарлары өздөрүн хан деп эмес, амир деп аташкан.

Алар ошону менен бирге аймактын диний өкүмдары – амир алмоминин эсептелишкен.

http://eduportal.uz

## XVII–XVIII кылымдарда Орто Азия хандыктары



Ошентип, 1756-жылы Бухарада бийликке жаңы династия – маңгыттар династиясы келди жана мамлекетти 1920-жылга чейин башкарды. 1756-жылдан баштап Бухара хандыгы Бухара амирлиги деп аталчу болду.

### Борбордук бийликти чыңдоо

Амир **Мухаммад Рахим** өлкөдө өзүнүн абсолюттук бийлигин орнотуу жана ички баш аламандыкты жоюу саясатын карманды. Мындай саясаттан көздөлгөн максат – борборлошкон мамлекетти калыбына келтирүү эле. Мухаммад Рахимбий бул саясатты ишке ашырууга катуу киришти.

Көз карандысыздыкка умтулган Миянкөл, Нурата, Көбадиян, Байсун, Шахрисабз жана Ургут бектиктерин төрт жылдын ичинде өзүнө толук багындырды. Ошону менен бирге ал борбордук бийликке баш ийбестикке урунган урууларды өздөрүнүн жерлеринен көчүрүп салуу саясатын карманды.

### Даниялбий аталык жана Амир Шахмурат

Мухаммад Рахимбийдин өлүмүнөн кийин анын аталаш тууганы Даниялбий аталык бийликти өз колуна алды (1758–1785). Ал кошуунду күчөтүүгө, ага таянып иш көрүүгө аракеттенди. Бардык маңгыт бектерине чоң жер-мүлктү *танхо* кылып берди. Элден алынган салыктарды көбөйтүрдү. Мындан наараазы эл токтоосуз көтөрүлүш жасап, Даниялбий болсо аларды бастырууга үлгүрбөй жатты. Анын тушунда Балх, Гисар, Көлаб, Ородөбө вилаяттарынын эгемендүүлүккө умтулуусу күчөдү. Чоң жер ээлөөчүлөрдүн бейбаштыгы ченден чыкты. Даниялбий ушундай шартта такты уулу Шахмуратка (1785 – 1800) тапшырды. Шахмурат дербиштер өңдүү жашап, шайхтын кеңеши менен базарда жүк ташуучулук кылып жүрдү. Андан кийин бычакка кын жасап сатып, ошол аркылуу тиричилигин жүргүздү. Шахмурат элдик массага таянып иш алып барды. Адилет принциптерин катуу карманды. Ошол жактары менен элдин ичинде чоң абройго ээ болгон эле.

Амир Шахмурат жаштайынан кудай деп, көңүлү таза өскөн. Медресени бүтүп, дербиштер коомунун үгүттөөчүлөрдөн бирине айланды. Эл аны урмат менен “амири маъсум” (күнөөсүз амир) деп атады.

Амир Шахмурат реформа өткөрүп, мамлекетти чыңдоого жетишти. Ал өлкөнүн турмушунда соодагер жана кол өнөрчүлөр катмарынын канчалык мааниге ээ экендигин туура баалай алды. Ошондуктан соода



http://eduportal.uz

жана кол өнөрчүлүктүн өнүгүшү үчүн бардык зарыл шарттарды камсыздап берди. Алсак, Бухаранын калкына *Тархан* ярлыгын жазып берди. Ал боюнча, калк сооданын кирешесинен төлөй турган бажы салыгынан бошотулду. Кол өнөрчүлөрдөн акча чогултуу, аларды зордук менен эмгекке тартууга тыюу салынды. Негизги салык – *хираж*дын саны азайтырылды.

Ошондой эле, согуш чыкканда кошуундун сарптары үчүн *жул* деп аталган жаңы салык киргизилди. Зарафшан өрөөнүндө, Амударыя жана Кашкадарыя оазистеринде сугат системаларын кайра калыбына келтирди. Ошол эле учурда борбордук бийликке баш ийүүнү каалабаган вилаят акимдерине каршы кескин күрөш жүргүздү. Раис (мухтасиб) жана казы аскер (аскердик сот) мансаптарынын аброюн дагы да жогорулатты. Мамлекеттин экономикасын жолго коюуда Шахмурат өткөргөн акча реформасы да маанилүү роль ойноду. Аштарханийлердин тушунда согулган тыйындарда күмүштүн саны азайтып жиберилген эле. Реформа боюнча, нукура күмүш тыйын мамилеге киргизилди. Ошондой эле, кимдир бирөөдө күмүш болсо, тыйын согулчу жерге келип, андан акча соктуруп алууга уруксат берилди. Бул күмүш кара базарынын алдын алды.

Шахмурат киргизген мыйзам боюнча, ким эгер мүлккө кол салса, коомдогу мансабына карабастан катуу жазага тартылууга тийиш эле. Бул элдин таламдарына каршы жасалган кол салуулардын алдын алды.

Амир Шахмураттын ишине жогору баа берген белгилүү окумуштуу Ахмад Дааныш минтип жазган эле: *„Ал амирликтин калемин кедейликтин кийими менен коздоду. Дүйнөнүн багынан душмандык жана жамандыкты тамыры менен суурул салды жана адилет көчөттөрүн тикти“.*

- 1756-жыл – аштарханийлердин бийлиги толук жоюлду. Бийлик маңгыттар династиясынын колуна өттү.

1. Бухаранын Иранга көз каранды мамлекетке айланып калышынын себептерин белгиле.
2. Эмне үчүн Хива хандыгы Бухарага жардам бере албады?
3. Бухаранын багынуу жөнүндөгү Бухара – Иран келишиминин мазмунун сүйлөп бер.
4. Бухарада маңгыттар династиясы бийлигинин орнотулушуна кандай себептер жардам берди?
5. Амир Шахмураттын мамлекетчиликти чыңдоо боюнча жасаган иштеринин мааниси жөнүндө эмнелерди билип алдың?



http://eduportal.uz

Өзбекстандын мыйзамдары боюнча, милдеттүү эмгек кайсы учурларда колдонулат?

## 15-§. Амирликте борбордук бийликтин чыңалышы

### Амир Хайдардын бийлиги

Шахмурат өлгөндөн кийин, такка анын уулу Хайдар отурду (1800–1826). Айрым вилаяттардын башчылары анын тажрыйбасыздыгынан пайдаланып, борбордук бийликке баш ийбөөгө урунду. Бирок, амир Хайдар чоң кыйынчылыктар менен болсо да, алардын көпчүлүгүнүн каршылыгын сындырды жана борбордук бийликке баш ийдирди. Көпчүлүк вилаяттардын баш ийиши менен мамлекеттик жерлердин кору көбөйдү. Бул болсо мамлекеттик жерлерди ижарага алып иштегендер санынын көбөйүшүнө алып келди. Бул фактор амирлик экономикасынын өнүгшүнө кызмат кылды.

Ошол эле учурда, Амир Хайдар канчалык аракеттенсе да, амирликте толук бейпилдикти камсыздай албады. Буга, бир жактан, борбордук бийликке баш ийүүнү каалабаган айрым вилаят акимдеринин аракети, коомдун турмушундагы адилетсиздиктер да себеп болду. Алсак, Амир Хайдар Шахрисабз менен Миянкөлдү амирликтин курамында алып калуу үчүн күрөш жүргүзүүгө аргасыз болду. Ородөбөнү алып калуу үчүн болсо Кокон хандыгына каршы аскердик кыймылдар жасады. Ошол эле учурда, өзү 1806-жылы Хива хандыгынын чабуулуна кабылды. Амир Бухаранын бүткүл калкын мамлекетти коргоого чакырды. Хиванын кошууну Амударыянын жээктеринде жеңилип калды. Хиванын кошууну кууп салынган болсо да, өлкөдө тынчтык орнотулганы жок. Тез арада мамлекеттин жана анын мансап адамдарынын адилетсиз саясатына каршы көтөрүлүштөр башталды. Айрым вилаят акимдери жана ири ак сөөктөр борбордук бийликтен көз карандысыз болуу максатында пайдаланып калууга аракеттеништи. Алсак, Амир Хайдардын иниси Диннасырбек акимдик кылган Марв вилаятынын калкы 1804-жылы көтөрүлүш чыгарган. Амир Хайдарга каршы күчтөр болсо мындан пайдаланып, Диннасырбекти амирлик тактына отургузушмакчы болушту. Бирок, борбордук өкмөт буга каршы кескин чара көрүүгө аргасыз болду.

Амир Хайдар иниси Диннасырбек баштаган көтөрүлүшчүлөргө каршы кошуун жиберди. Кошуун кол башчысынын буйругу менен Марв оазисин суу менен камсыздап турган Султанбанди дамбасы бу-

зуп салынды. Суусуз калган марвдыктар салгылашпай, өздөрү жашап турган жерлерден башка жерге кетүүгө аргасыз болду. Диннасырбек болсо Ирандан баш маанек тапты. Аскердик аракеттер карапайым элдин ансыз деле оор абалын дагы да оордоштурду. Бул да аз келгенсип, аскердик аракеттер үчүн адамдарды кара черикке алуу жана жер салыгынын мөөнөтүнөн мурда чогултулушу 1821-жылы Миянкөлдө көтөрүлүш чыгышына алып келди. Аны бастырууга канчалык урунса да, амирдин кошууну көтөрүлүшчүлөрдүн күчүн сындыра албады. Амир акыр-аягында көтөрүлүшчүлөрдү угууга, алардын мүлкү жана өздөрү кол тийгис экендиги жөнүндө ярлык берүүгө аргасыз болду.

### Амир Насрулланын бийлиги

Амир Хайдар кайтыш кылгандан кийин, кыска убакыттын ичинде анын эки уулу такка отурган. Бирок, алар кутумга жем болушкан. Аягында, такты анын үчүнчү уулу Насрулла ээледи (1826–1860).

Амир Насрулла амирликтин курамына расмий түрдө гана кирген бектиктерди жеке мамлекетке бириктирүү үчүн кескин күрөш алып барды. Шахрисабз жана Китеп бектиктерин толук баш ийдирүү үчүн күрөш 30 жылга созулду. 1856-жылы гана ал Шахрисабз менен Китепти өзүнө баш ийдирүүгө жетишти.

Мындан тышкары, маңгыт амирлери өздөрүнүн абсолюттук бийлигин түзүүнү башкы милдеттерден бири деп эсептешти. Ошол максатта алар амирдин керт башына сыйынуу саясатын жүргүзүштү. Натыйжада, амирдин бийлиги аябай күчтүү болгондуктан, жазага тартылуудан корккон жаран анын атын бийик үн менен айта албай турган болуп калды. Бийликтеги катмарлар амирге жасакерлик кыла баштады. Мансап адамдары амирден буйрук күтүп отурбастан, анын каалоо-тилегин айттырбастан тапканга умтулду. Ар бир мансап ээси амирдин, кенже мансап ээси өзүнөн чоңунун каарына жолугуп калуудан коркуп жашады. Өзүнүн бүгүнкү аброю, мүлкү, жашоосу, үй-бүлөсүнүн амандыгы үчүн күчтүү коркуу сезими пайда болгондуктан, эч бир адам эртеңки күндөн үмүттөнүп жашай албай калды.

### Кошуна өзбек хандыктары менен мамиле

Бухара амирлиги кошуундарынын Кокон жана Хива хандыктары менен мамилесинде өз ара такаатсыздык үстөмдүк кылды. Бул такаатсыздыктын негизинде Бухара амирлигинин чөлкөмдө жетекчилик кылуу жана бул эки хандыктын эсебинен чыңалып алуу максаты жаткан болчу.



http://eduportal.uz

Ошондуктан Бухара амирлиги 1842-жылы Кокон хандыгын да басып алды. Бирок Кокон хандыгынын Бухара амирлигине көз карандылыгы көпкө созулбады. Ошол жылдын өзүндө эле Кокондо Бухара баскынына каршы көтөрүлгөн көтөрүлүштүн натыйжасында Кокон хандыгынын эгемендүүлүгү калыбына келди.

Тез арада бул эки мамлекеттин ортосунда кайра согуш чыкты. 1843-жылы амир Насрулла Хожент жана Ородөбөнү колго алуу үчүн Кокон хандыгына каршы күрөш баштады. Бул эки шаар ондогон жылдар бою колдон колго өтүп келе жаткан эле. Натыйжада, бул жолу Бухаранын колу бийик келди.

1843-жылы Марв вилаятын талашып жаткан Бухара менен Хиванын ортосунда согуш аракеттери башталды. Хиванын кошууну Хазараспка жакын жерде Бухаранын кошуунун жеңди. Бирок Марв Бухара амирлигинин курамында калды. 1845-жылы гана Хива хандыгы Марвди толук ээледи.

?

1. Амир Хайдар борбордук бийликти чыңдоо боюнча кандай чараларды ишке ашырды?
2. Амир Насрулланын тушунда кандай себептер амирлик бийлигинин күчөшүн камсыздады?
3. Эмне үчүн маңгыттардын тушунда өзбек мамлекеттеринин ортосунда кескиндик улантылды?

## 16-§. Бухара амирлигинде мамлекеттик башкаруу

### Мамлекеттик түзүлүш жана административдик башкаруу реформалары

Амирлик мамлекеттик түзүлүшү боюнча абсолюттук монархия эле. Жогорку өкүмдар – *амир* чектелбеген укукка ээ болгон. Бүткүл бийлик анын колунда топтолгон. Амир, ошол эле мезгилде, мамлекеттин руханий башчысы да эле. Анткени, ал эң жогорку мартабалуу мансап адамдары (аркани давлат) жана уруулардын башчылары менен кеңешип иш жүргүзгөн.

Амирликте мамлекеттик башкаруу жаатында айрым реформалар өткөрүлдү. Алсак, аштарханийлердин тушунда болгон башкаруунун даргах жана девандар системасы жоюлду. Мамлекеттин милдеттерин аткаруу түздөн-түз сарайдагы тигил же бул кызматта, же кандайдыр абройлуу мамлекеттик ишмердин колунда топтолуучу тартип киргизилди. Ал боюнча, *кошбеги* кызматына мамлекеттик статус берилди, баш-



http://eduportal.uz

кача айтканда, ал өлкөдө амирден кийинки экинчи адамга айланды. Ошондуктан ал амирдин Аркында жашаган. Мындан тышкары, аштарханийлердин бийлиги тушунда мамлекетте өтө чоң абройго ээ болгон аталык кызматы мурдагы ордун жоготту. Бир сөз менен айтканда, амирликте түрдүү мамлекеттик кызматтардын статусу же жогорулады, же төмөндөдү. Ошондон улам тигил же бул кызмат ээсинин ыйгарым укуктары кеңитилди же чектеп коюлду. Сарайда бардыгы болуп үч жүзгө жакын чоң-кичине мансап адамдарынын тобу кызмат кылышкан. Алардан 30 га жакыны жогорку мамлекеттик кызматтар саналган.

### Амирликтин административдик бөлүнүшү

Амирлик административдик жактан *вилаят* жана *түмөнд*өргө бөлүнгөн. Адабияттарда маңгыттардын тушунда амирликте 27 вилаят (бектик) болгону жазылган.

Вилаяттарды бектер – акимдер башкарган. Аким кызматына, негизинен, уруу башчылары (амир) дайындалган. Калган административдик-аймактык бирдиктерге сугат жердин саны негиз кылып алынган. Алсак, бир нече арык жана өстөн аркылуу сугарылган жүз миң танап жер *бир түмөн*дү түзгөн. Бир чоң арык менен сугарылган элүү миң танап жер *хазара*, жыйырма беш миң танап жер *ним (жарым) хазара*, 10 – 15 миң танап сугарылган жерге ээ айыл *обикары*, 400 танап жерге ээ айыл *кария*, 300 танап жана андан аз жери болгон аймак, калк жашаса-жашабаса, *марза* деп аталган. Кээ бир айылдар жайлашкан аймактын аянты чоң болбогон. Демек, алардын ар бирин башка-башка башкаруу экономикалык жактан өзүн актабаган. Ошондуктан бир нече чоң-кичине айылдар бириктирилип, эң төмөнкү административдик бирдик түзүлгөн жана ал *амлак* деп аталган. Аны *амлакдар* айыл аксакалдарына, *амин* жана *мурап*тарга таянып башкарган.

*Амлакдар* („мүлктүн ээси“ деген маанини билдирет) алынган түшүмдүн эсебин жүргүзгөн жана салыктар менен башка түшүмдөрдүн белгиленген мөөнөттөрдө чогултулуп барышын көзөмөлдөгөн. *Амин* („ишеничтүү, адал адам“ маанисин билдирет)дин негизги милдети салык жана башка түшүмдөрдү жыйноо, калктын үстүнөн көзөмөл жүргүзүү жана арыктардагы сууну эгин талааларына бөлүштүрүү болгон. Айылдын *мурапы* болсо суу курулуштарынын өз убагында ремонттолушун, айылдар үчүн ажыратылган суунун арыктар боюнча туура бөлүштүрүлүшүн камсыздаган.



http://eduportal.uz

### Жогорку мамлекеттик кызматтар

Амирликтин мамлекеттик мекемелери административдик, каржы, казылык, мыршаптык жана аскердик органдардан түзүлгөн. Жогоруда айтылгандай, амирликте жогорку аткаруучу бийлик – *кошбеги*нин, башкача айтканда Башкы вазирдин (вазири бузрук да дейилген) колунда топтолгон. Ал мамлекеттик башкарууну, каржы, салык, казна жана борбор Бухара шаарындагы жагдай сыяктуу эң маанилүү тармактарды көзөмөлдөгөн. Ошол эле учурда, бардык вилаяттар ага баш ийген. Амирликте кошбегиден кийинки орунда *каржы вазири* (деванбеги) турган. Ал *кичине кошбеги* деп да аталган. Каржы вазири зекет маселеси менен алектенген. Шайбанийлердин, айныкса, аштарханийлердин тушунда чоң орунга ээ болгон *аталык* кызматына дайындалган мансап ээси эми Бухара жана Самарканд вилаяттарында сугат, ошондой эле, суунун бөлүштүрүлүшү менен байланыштуу иштер үчүн жооптуу кылып коюлду.

*Парваначы* кызматында иштеген мансап ээсинин негизги милдети Бухара хандыгында болгону сыяктуу жогорку өкүмдардын ярлыктарын тигил же бул мансап ээсине жеткирүү болгону менен, амирликте жашап келе жаткан арабдар жамаатынын маселелери менен да алектене турган болду.

Кээ бир учурларда парваначы кызматында иштеп жаткан мансап ээсине анын өзүнө, амирликтин саясий турмушунда туткан ордуна карай, маанилүү милдеттер да жүктөтүлгөн. Алсак, Амир Хайдар Марвда ага каршы иниси Диннасырбектин жетекчилигинде көтөрүлгөн козголоңду бастыруу үчүн Ниязбек парваначыны кошуунга кол башчы кылып жөнөткөнү буга мисал боло алат. Же болбосо Амир Насрулла 1842-жылы Коконду ээлегенден кийин, ал жерге маңгыт Ибрагим парваначыны наиб кылып дайындаганда, турган сөз, анын амирлик ишиндеги ордун эсепке алган. Бир сөз менен айтканда, тигил же бул мамлекеттик кызматтын аброю ошол кызматта ким олтургандыгынан да көз каранды болуп калды.

*Башкы ынак* кызматына дайындалган мансап ээси амирдин буйруктарын төмөн кызматта иштеп жаткан мамлекеттик кызматчыларга жеткирүү, ошол буйруктардын аткарылышын жана келечекте мамлекеттик мансаптарга дайындалышы болгон кызматчылардын иштерин уюштуруу менен алектенген.

*Кичине ынак* болсо чет өлкөнүн элчилери тапшырган документтерди кабыл кылып алган. Ошондой эле, амирдин мөөрү үчүн жооптуу

болгон. Дагы бир маанилүү мамлекеттик мансаб *токсаба* эле. Ал мамлекет туусунун кол тийгис сакталышын камсыздоо, ошондой эле, эң ишеничтүү адам иретинде жогорку мамлекеттик маарекелерде амирдин дасторконуна тамак коюу сыяктуу аябай жооптуу милдетти аткарган. Милдет аябай жооптуу болгондуктан, ага кирешенин булагы иретинде бир түмөн бириктирип коюлган.

Мамлекетти башкарууда, ошондой эле, *көкөлдөш* (мамлекеттик коопсуздук кызматынын башчысы), *мехтар* (салык жана башка жыйымдардан түшкөн каражаттардын белгиленген орундарда канчалык туура сарпталганын көзөмөлдөөчү мансап ээси), *кутвал* (мамлекеттин эсебинен ишке ашырылган курулуш иштерине жооптуу мансап ээси), *эшик ага башы*, *мирахур* (амир атканасынын башчысы), *кароолбеги* (шаар жана жолдордун сакчысы), *шыгавул* (чет өлкө элчилеринин кабыл алынышын уюштуруучу), *мушриф* (амирге ыйгарылган белектерди каттоочу жана салыктар түшүмүн жазып баруучу мансап ээси), *дасторкончу* (амирдин алдында уюштурулган зыяпаттар үчүн жооптуу мансап ээси), *китабдар* (амир китепканасынын башчысы), *датка* (жабыркоочунун арызын амирге жеткирүүчү жана жообун арызчыга жеткирүүдө жооптуу мансап ээси) сыяктуу жогорку мамлекеттик кызматтар да бар эле.

### Шариат талаптарына баш ийүүнүн үстүнөн көзөмөл

Коомдун жана мамлекеттин турмушунда шариат мыйзамдарынын аткарылышы *шайхулислам*, *казыкалон*, *муфтий*, *мухтасиб* (раис) жана *садрлар* тарабынан камсыздалган.

*Шайхулислам* бардык мусулман динчилдердин (диний уюмдарда диний кызмат аткаруучулардын) башчысы болуп, мамлекетте эң жогорку мартабалуу динчил, дин ишмери саналган. Анын мартабасы жогору болгондуктан, ал тургай болочок өкүмдар да шайхулисламдын ыраазылыгысыз такка отура албаган.

Ал өлкөдө шариат талаптарынын так аткарылышы үстүнөн көзөмөл жүргүзгөн. Шайхулисламга ал тургай *Казыкалон* – Жогорку казы (бүгүнкү күн боюнча айтканда, Жогорку соттун төрагасы) да баш ийген.

*Казыкалон* кызматы орду боюнча шайхулисламдан кийинки кызмат эле. Ал сот иштеринен тышкары, багуучусун жоготкондордун, жетим-жесирлердин укуктары канчалык корголуп жаткандыгы үстүнөн көзөмөл жүргүзгөн. Амирликте вилаят, түмөн, айылдарда да соттор түзүлдү.

Амирликте *мухтасиб* (раис)дин ыйгарым укугу кеңитилди. Белгилүү болгондой, мухтасиб базарда уурулукка, сапатсыз продукциянын сатылы-



http://eduportal.uz

шына жол койбостук, оордук (таш-тараза) жана узундук өлчөмдөрүнүн тууралыгы жана калктын шариаттын эрежелерине канчалык баш ийип жаткандыгы үстүнөн түздөн-түз көзөмөл жүргүзгөн. Мечиттерге барып намаз окугандардын тизмесин текшерген. Тыюу салынган ичимдиктердин ичилишине жана сүткордукка каршы чара көргөн.

Ошондой эле, бул системада *муфтий* жана *садр*лар да чоң орунга ээ болушкан. Алсак, муфтий Казыкалон татаал деп эсептеген түрдүү диний-укуктук маселелер боюнча шариатка негизденип фатва чыгаруучу аалым эле. Ал чыгарган фатвасын өзүнүн мөөрү менен тастыктаган. *Казы* ошол фатванын негизинде өкүм чыгарган. *Садр*лар болсо вакф мүлктөрүнүн башкаруучулары эле.

**Танап** (чылбыр, аркан) – эгин аянтын ченөө үчүн колдонула турган аянт бирдиги. 1 танап жердин аянты 8,33 сотых. 1 гектар жер болсо 12 танапты түзгөн.

1. Амирликтин мамлекеттик башкаруусунда эмне өзгөрүштөр болду?
2. Амирликтин административдик-аймактык жактан бөлүнүшүндө эмне негиз кылып алынган жана эмне үчүн ушундай кылынган?
3. Амлак эмне эле жана ал кандайча башкарылган?
4. Амирликтеги жогорку мамлекеттик кызматтар жөнүндө эмнелерди билип алдың?
5. Амирликте соттоо иштери кандай ишке ашырылган?

Азыр да дүйнө мамлекеттеринин арасында монархиялар бар. „Мамлекеттин жана укуктун негиздери“ предметинен алган билимиңе таянып, алар орто кылымдар монархияларынан кайсы жактары менен айырмаланышын аныкта.

## 17-§. Бухара амирлигинде аскердик иш

**Амирликте регулярдуу кошуундун түзүлүшү**

Амирликтин өкүмдарлары регулярдуу кошуундун жоктугу мамлекеттин коопсуздугу үчүн кырсыктуу натыйжаларга алып келишин аштарханийлердин тагдырынан жакшы билип алышкан эле.

XVIII кылымдын экинчи жарымында кошуун али да *регулярдуу эмес* (кара черик) болуп, ал ички жана тышкы коопту жоюуга жөндөмсүз эле. Бухаранын амирлери XIX кылымдын баштарынан баштап *регуляр-*

*д*уу кошуун түзүүгө киришишти. Бул ишти Амир Хайдар баштап берди. Регулярдуу кошуун *навкария* деп аталды.

*Кара черик* амирдин буйругу боюнча, аскердик аракеттер учурунда тынч калктан чогулган. Буйрук базарларда жарыяланган жана ошол жерге кара черикке чакырылгандардын тизмеси асып коюлган. Өлкөдө тынчтык орнотулгандан кийин, кара черикке үйлөрүнө кайтып кетүүгө уруксат берилген.

### 1837-жылдагы аскердик реформа

Регулярдуу кошуун түзүү менен байланыштуу көйгөйлөр Амир Насрулланын тушунда толук чечимин тапты. Ал 1837-жылы аскердик реформа өткөрдү. Ал боюнча, *сарбаз*, *навкар* жана *топчу* жоокерлерден турган 3 түрдөгү регулярдуу кошуун түзүлдү. Регулярдуу жөө жоокерлер *сарбаз*, атчан жоокерлер болсо *навкар* деп аталды. Баштап сарбаздар бөлүгү 800 адамдан, ал эми топчу бөлүгү болсо 250 адамдан кылып түзүлдү. Сарбаздар *жүздүк*, *элүүлүк*, *жыйырма бештик* жана *ондук* бөлүнмөлөргө бөлүндү.

Регулярдуу кошуун үчүн атайын форма киргизилди. Форма 3 жылда бир жолу ооштуруп турулду. Регулярдуу кошуунду курал-жарак менен камсыздоо жараяны бир жылдан көпкө созулду.

Амир Насрулла регулярдуу кошуунду бир жерде сактоо максатында Бухара шаарынын четинде 800 үйдөн турган „Сарбазхана“ курдурду. Регулярдуу кошуундун кызмат мөөнөтү чектелбеген. Сарбазханада жашаган жоокерлер ал жерде кол өнөрчүлүк жана соода менен да алектенген.



Бухара кошууну

### Аскердик мансап жана наамдар

*Амир* мамлекет башчысы иретинде амирлик кошуунунун жогорку башкы кол башчысы эле. Андан кийинки орунда *вазири харб* (аскердик вазир) турган. Ал кошуундун башкы кол башчысы саналган жана *топчубашы* деп да аталган. Ага бардык аскердик бөлүктөрдүн башчылары баш ийген. Кошуунда *пансадбашы* (беш жүз башы), *жүз башы, элуу башы* (манжабышы), *он башы* (дахбашы) сыяктуу аскердик наамдар болгон. Чеп жана коргондордогу аскердик бөлүк (гарнизон) *токсаба* наамындагы *кол башчы* тарабынан башкарылган. Токсаба наамы ошол доордун Россия аскердик наамдарына салыштырганда полк башчысы менен бирдей болгон.

Зарылчылык талап кылганда *датка* (бир нече полк башчысы статусунда) жана *парваначы* (кошуун кол башчысы статусунда) аскердик аракеттерге тартылган.

Аскердик кыймылдар учурунда аскердик резиденция (бүгүнкү тил менен айтканда, штаб) башчысынын милдети *накиб*ге жүктөтүлгөн. Резиденциянын башчысы иретинде ал аскердик кыймылдарды пландаштырган. Аскердик күчтөрдүн салгылашуу талаасында туура бөлүштүрүлүшүнө жооптуу болгон. Накибдер аскердик жортуул учурунда кошуундун түзүлүшү, куралданышы жана жайлашышы, аракеттениши жана согуш алып барышы боюнча жетиштүү билимге ээ болгон. Ошол эле учурда, кошуундун алдыңкы бөлүгү, арткы бөлүгү, оң жана сол канаты, борбору, буктурмалары жөнүндө жетиштүү маалыматка да ээ болгон.

Амирликтин кошуунунда *казы аскер, мухтасиб*дер жана *муфтий жооке*рлер да кызмат кылышкан. Алардын ар бири өзүнүн мансабы чегиндеги маселелерди чечкен. Алсак, мухтасиб аскерлердин шариат эрежелерине канчалык баш ийип жатканын көзөмөлдөп жүргөн.

Казы аскер болсо, аскердик бөлүктөрдө болгон кылмыш иштерин, арыз жана доолорду карап чыккан жана алардын үстүнөн өкүм чыгарган.

Муфтий жоокер болсо аскерлердин үстүнөн казы аскер чыгарган өкүмдүн шариатка канчалык туура келиши маселесин текшерип көргөн.

Амирликтин регулярдуу кошууну маал-маалы менен кароодон өткөрүп турулган. Кароону амир, амир катыша албаса, *кошбеги* өткөргөн.

### Курал-жарактар жана кошуундун камсыздоосу

XIX кылымдын биринчи жарымында өзбек мамлекеттери, алсак, Бухара амирлиги кошууну курал-жарактарынын сапаты начар эле.

Алсак, амирликтин жоокерлери *милтемылтык*, *тапанча*, *узун найза* жана *ийри кылыч* менен куралдандырылган. Жоокерлер октон сактануу үчүн *соот*, *темир дубулга* менен камсыздалган.

XIX кылымдын ортолорунан баштап ок атар куралдардын (мылтык жана замбиректердин) салмагы чоңойду. Саркардалар *тапанча* жана *кылыч*тан тышкары эки стволдуу *мылтык* менен куралданган. Кошуундун топчулар бөлүгүнүн карамагында бардыгы болуп 50 *замбирек* (топ) болгон. Замбиректердин ишке жарактуулугу орус жана фарс адистеринин көзөмөлүндө болгон. Кичине калибрлүү „кытайчы" деп аталган замбирек согуш учурунда төө комунун үстүнө бекемдеп орнотулган.

Амирликте курал-жарак иштеп чыгаруучу устаканалар да курулган. Мисалы, замбиректер Самарканд шаарындагы устаканада куюлган болсо, *порох* Каршы шаарында даярдалган. Аны өндүргөн кол өнөрчүлөр *дарыкаш* деп аталган.

Аскердик кыймылдар учурунда кошуунду жайлаштыруу маселеси сарбаз жана топчулардын ар бир ондук бөлүнмөсүнө бирден чатыр ажыратуу аркылуу чечилген. Курал-жарак, ок-дары жана салгылашуу үчүн бардык зарыл жабдуулар дарекке ат унааларында жеткирилген.

Амир Насрулла регулярдуу кошуундун керектөөлөрүн, баштап, күндөлүк керектөө продукцияларын берүү аркылуу канааттандырган. Кийинчерээк регулярдуу кошуундун жоокерлери үчүн маяна төлөнчү болду. Алсак, сарбаз жана топчу жоокер үчүн үч айда бир жолу бир дилде маяна белгиленди. Турган сөз, жогорку мансаптагы кол башчылардын маяналары чоңураак болгон. Мисалы, жүз башы ай сайын алти дилде, кароолбеги төрт жарым дилде, манжабашы (элуу башы) сексен беш тыйын, башкы кол башчы болсо эки миң дилде маяна алган.

Мындан тышкары, аскердик аракеттер учурунда мансапы жана наамына карабастан ар бир катышуучуга күндө бир дилдеден берилген. Мындан тышкары, жөө аскер ар үч күн үчүн бир тыйын, он башы ар эки күн үчүн бир тыйын, кароолбеги күнүгө эки тыйын жана жүз башы болсо төрт тыйын кошумча маяна алган.

Ошол эле учурда, регулярдуу кошуундун жоокерлери кызмат учурунда түрдүү салык жана милдеттенмелерден бошотулган. Салгылашууда курман болгон жоокерди, ошондой эле, кызматтагы жоокердин кайтыш кылган үй-бүлөсүн жерге берүүдө белгилүү санда акча жана кепендик берилген.

1. 1837-жылкы аскердик реформа кандай мааниге ээ болду?
2. Амирлик регулярдуу кошуунунун курамдык бөлүктөрүн жаз.
3. Амирликтин кошууну кандай курал-жарактар менен куралданган?
4. Кошуундун материалдык камсыздоосу жөнүндө эмнелерди билип алдың?
5. Кошуундагы аскердик мансап жана наамдардын тизмесин түз.

Өзбекстан Республикасында аскердик кызматчыларга кандай жеңилдиктер берилип жаткандыгы жөнүндө маалымат чогултуп кел.

## 18-§. Бухара амирлигинде социалдык-экономикалык турмуш

### Аймагы жана калкы

XIX кылымда амирликтин чек арасы Зарафшан өрөөнүн, Кашкадарыя вилаятын, Тажикстандын Панжикент, Гисар өрөөнү, Хожент, Ородөбө вилаяттарын, Зарафшан дарыясынын жогорку агымынын аймактарын, азыркы Ооганстандын бир бөлүгүн, Түркмөнстандын Мургаб дарыясына чейин болгон бөлүгүн, Казакстандын Түркстанына чейин болгон бардык аймактарын өз ичине алды жана 200 миң км$^2$ ди түздү. Демек, амирликтин аймагы аштарханийлердин тушундагыга караганда бир нече жолуга кеңейди.

XVIII кылымдын экинчи жарымынан баштап амирликтин экономикасында өнүгүүнүн жүргөндүгү, өз кезегинде, калк санынын көбөйүшүнө себеп болду. XIX кылымдын биринчи жарымында амирликтин калкы 2 миллион адамдан турган. Калктын көпчүлүк бөлүгүн өзбектер түзгөн.

Амирликте өзбектерден тышкары тажиктер, түркмөндөр, казактар, кыргыздар, каракалпактар, фарстар, арабдар, еврейлер жана башка элдердин өкүлдөрү да жашаган. Калктын негизги бөлүгү отуруктуу жашаган. Калктын социалдык курамын бийликтеги ак сөөктөр, аалымдар, диний жана дүйнөлүк мекеме кызматчылары, соодагерлер, кол өнөрчүлөр жана дыйкандар түзгөн.

### Айыл чарбасы

Амирликтин экономикасында айыл чарбасы жетекчи тармак эле. 90 пайыз калк ушул тармакта эмгектенген. Сугат жерлердин 75 пайызына пахта эгилген. Калган жерлерде бак, жер-жемиш жана жашылча продукциялары, тоолордо болсо бүткүл Азияда белгилүү тоо мистеси өстүрүлгөн.

Мал чарбачылыгы да жакшы өнүккөн. Анын негизин койчулук түзгөн. Мамлекеттин жайлоолорунда 12 миллион баш кой асыралган. Айныкса, кооз тармал, кымбат баалуу тери берген каракөл койчулугу аябай өнүккөн эле. „Каракөл койлору“ деп аталган койдун мекени Каракөл бектиги болгон. Ошондуктан койдун бул породасы каракөл деп аталган. Козуларынын териси дүйнөлүк базарларда да өтө өтүмдүү болгон.

Орто Азиянын шарттарында бардык замандарда жасалма сугатсыз айыл чарбасын өнүктүрүү кыйын болгон.

Эмгекчилердин күжүрмөн эмгеги, сабырдуулугу сугат жолдорун үзгүлтүксүз иштешин камсыздаган. Дыйкандар суудан пайдаланууда кылымдар бою абдан чоң тажрыйба чогултушкан эле. Алар курган суу жолдорун көрүп, таң калбастыктын мүмкүнчүлүгү жок эле. Мисалы, суу бөлгүч дамбаны куруудагы чебердик буга далил боло алат.

Дарыя жана каналдарга орнотулган чыгыр эң көп колдонулган суу бөлгүч эле. Кээ бир чыгырлар да болуп, алар сууну 4 метр жана андан да бийикке чыгарып бере алган. Сууну терең арыктардан чыгарып алуу үчүн туткалуу суу бөлгүчтар колдонулган, мында ат, төө, эшек жана өгүздүн күчүнөн пайдаланышкан.

Дыйканчылык эмгек шаймандары абдан жөнөкөй эле. Жөнөкөй дыйкан үчүн соко (амач) негизги дыйканчылык куралы эле. Жылкы, өгүз, уй, төө, эшек дыйкандын ишенген медери эсептелген.

**Жер ээлөөчүлүк**

Амирликте мурдагыдай жер ээлөөчүлүктүн *мамлекеттик* (ал амлак жерлер деп да аталган), *мүлк* (менчик) жана *вакф* формалары сакталып калды. Мамлекеттик жерлердин суусуз чөл, токойлуу бөлүгү көчмөнчү жамааттарга бөлүп берилди. Алар бул жерлерден пайдалангандыгы үчүн мамлекетке белгиленген тартипте салык төлөшкөн. Мындай жерлер сатылбаган жана ооштурулбаган. Мамлекеттик жерлердин башка бир бөлүгү бийликтеги династиянын мүчөлөрүнө, ири мамлекеттик мансап адамдарына, кол башчыларга мамлекеттин алдындагы кызматтары үчүн *суюргал* иретинде тартууланган эле. Бирок маңгыттардын бийлиги тушунда суюргалдын ээлери аштарханийлердин тушундагыдай орундан куру калды. Суюргалдын ээси мамлекеттин казнасына хираж төлөөгө жана жогорку өкүмдардын чакырыгы боюнча, зарыл учурларда өзүнүн кара чериги менен аскердик жортуулдарда катышууга тийиш эле.



http://eduportal.uz

Маңгыттардын тушунда *танхо* тартуулоо аябай күчөдү. *Танходар* жерге эмес, мансабынын даражасына карай ошол жерден салыктын белгилүү бөлүгүнө ээлик кылган. Эң чакан танхо жери 36–60 танапты (3–5 гектарды) түзгөн. Казнага эң көп салык да мына ошол жерлерден түшө баштады. Ошондой эле, маңгыттардын тушунда дыйкан жамааттары жоюлду. Анын ордунда ижарачы дыйкан калыптанып отурду. Жер-мүлк ээлигинин бир бөлүгү мамлекеттик кызмат менен байланыштуу болбогон. Мындай жерлер, негизинен, амирликте кылымдар бою жашап келе жаткан арабдар жамаатына тиешелүү болгон. Бул жерлерден 1/10 бөлүгү өлчөмүндө салык алынган. Мүлк жерлердин экинчи бөлүгү (мүлки хур) мамлекеттик кызмат менен байланыштуу эле. Мындай жерлер согуштарда эрдик көрсөткөн же өкүмдардын өзгөчө тапшырмаларын аткарууда үлгү көрсөткөн адамдарга ыйгаруу натыйжасында пайда болгон.

Мындай жерге ээ болгон адамдарга атайын ярлыктар берилген жана алар бардык салыктардан бошотулган.

*Вакф жерлери* – бул мечит, мазар, көрүстөн, медресе жана күмбөздөр үчүн ажыратылган жерлер эле. Бул жерлер тартып алынган, мамлекет жана ири жер ээлөөчүлөр тарабынан тартууланган жерлердин эсебине калыптанган. Мечит, медресе, көрүстөндөрдүн негизги сарп-каражаттары, ошондой эле, окуучу, мударрис жана мутаваллилерге берилген жөлөк пул жана маяналар вакф жерлеринен алынган киреседен капталган. Вакф мүлкүн мутавалли жөнгө салышы белгилеп коюлган.

**Салык саясаты**

*Хираж* амирликтин тушунда да мамлекеттин негизги салыгы болуп кала берди. Анын өлчөмү түшүмдүн 2/5 бөлүгүн түзгөн. XIX кылымда хираждын бир бөлүгү акча менен да чогултула башталды. Бак, жер-жемиш, жашылча эгилген жерлерден болсо *танабаана* деп аталган салык алынган. Бул салыктын өлчөмү эгинзардын базарга алыс же жакындыгынан көз каранды эле.

Кийинчерээк жер-жемиштерге жаңы салык – *кош пулу* салынчу болду. Анын өлчөмү кош айдоого жарактуу ар бир жуп өгүздүн эсебинен келип чыгып белгиленген. *Зекет* деп аталган салыктын көлөмү салык салына турган мал-мүлк санынын жана баасынын 2,5 пайызын түзгөн. Зекетке, негизинен, мал чарбачылыгынын ээлери жана соодагерлер тартылган. Танабаана, зекет, кош пулу салыктары болсо акчалай гана алынган. Аскердик кыймылдар учурунда калк үчүн өзгөчө салык – *төлө* киргизилген.

1. Амирлик жайлашкан аймактын чек араларын жаз.
2. Амирлик калкынын улуттук курамы кимдерден куралган эле?
3. Амирликте айыл чарбасын өнүктүрүү үчүн кандай чаралар ишке ашырылды?
4. Сугат курулуштарынын жана айыл чарбасында колдонула турган эмгек куралдарынын тизмесин түз.
5. Амирликте жер ээлөөчүлүктүн суюргал түрүндө кандай өзгөрүш болду?
6. Амирликте кандай салыктар болгон?

Бүгүнкү Өзбекстанда киргизилген салык түрлөрү жөнүндө маалымат чогулт.

## 19-§. Амирликтин шаарлары. Ички жана тышкы соода

**Амирликтин экономикалык турмушунда ири шаарлардын орду**

Шаарлар дайыма өлкөнүн экономикалык, саясий жана маданий турмушунда аябай чоң мааниге ээ болуп келген. Анткени шаарлар мамлекет бийлигинин таянычы, соода жана кол өнөрчүлүктүн борбору, маданият жана илим-билимдин очогу милдетин өтөгөн. Алардан бири „Теңирдин жамалы“, „ислам dининин күмбөзү“ жана „ислам дининин кубаты“ деп улууланган 2500 жылдык тарыхка ээ Бухара шаары болуп саналат. Бухара шаары 1533-жылы Бухара хандыгынын борбору кылып белгиленди.

Шайбаний Абдуллахан II нин тушунда болсо толугу менен борборго айланды. Аштарханийлер менен маңгыттардын бийлиги тушунда да Бухара борбор болуп кала берди (1601 – 1920). Бухара бүткүл Орто Азиянын агартуу борбору эле. Бул жерде Хива, Кокон, Гисар, Самарканд жана Россиянын мусулмандар жашаган вилаяттарынан келген окуучулар да билим алышкан. Анткени маданияттын, илим-билимдин очогу болгон Самарканд мурдагы ордун жоготкон эле.

Шаар бышкан кыш жана пахса дубал менен курчалган. Шаарга 12 дарбаза аркылуу кирилген. 60 миңге жакын калк жашаган. Ошондой эле, шаарда 100 дөн ашуун медресе, 300 дөн ашуун мечит, 38 кербен сарай бар эле. Кербен сарайларга жыл сайын 12 – 15 миң төөдө товар келип турган. Соода иштерине, соодагерлердин коопсуздугуна кербендин башчысы жоопту болгон.



http://eduportal.uz

**Самарканд**

„Дүйнөнүн көркү“ деп улууланган Самарканд көп жылдар бою өзүнүн мурдагы ордун жоготуп койгон эле. Буга аштарханийлердин тушунда өз ара согуштардын күчөгөндүгү, тышкы көчмөн уруулардын талкалоочу чабуулдары себеп болду.

Маңгыттар болсо урандыга айланган Самаркандды калыбына келтирүү чарасын көрүштү. Алсак, Рахимбий шаарды калыбына келтирүү ишин ага суу чыгаруудан баштады. Бирок шаар калкы санынын аябай азайып кеткендиги күтүлгөн натыйжаны бербеди.

Амир Шахмурат болсо бул маселеде кескин чараларды колдоду. Ал шаарды калыбына келтирүү жана калктын санын көбөйтүү үчүн башка шаарлардан милдеттүү түрдө калкты көчүрүп алып келди. Шаарда чоң жаратуучулук иштери анын өлүмүнөн кийин да улантылганына карабастан, шаар негизинен анын доорунда дээрлик кайра курулду.

Булактарда минтип жазылган: „Самарканддын азыркы көрктөнгөндүгү 1780-жылы, башкача айтканда Шахмураттын доорунан башталган болуп, 1809-жылдарда бир шаардын түспөлүнө киргизилди“.

XIX кылымдын баштарында Самарканд шаары бийик дубал менен курчалды. Шаарга 6 дарбазадан кирилген. Шаарда көптөгөн бактар, арыктар жана өстөндөр, кербенсарайлар жана мончолор иштеп турган. Көчөлөр шаардын 6 дарбазасын Регистан аянты менен байланыштырган. Аткарылган жаратуучулук иштеринин натыйжасында тез арада шаар калкынын саны 25 – 30 миң адамга жетти.

**Кол өнөрчүлүк**

Кол өнөрчүлүк амирлик шаарларынын экономикалык турмушунда чоң мааниге ээ эле. Кол өнөрчүлүктүн негизги түрлөрүнөн бири токуучулук болгон. Бухаранын алачасы, бөзү, бөзгө гүл басуу жолу менен даярдалган чыты, шайысы, Самарканддын кочкул кызыл түстүү тукабасы белгилүү эле. Ийирилген жиптен жоолук, шейшеп, селде токуу да кеңири таралган.

Темирчилик да кол өнөрчүлүктүн негизги тармактарынан эсептелген. Темирчилер орок, бычак, ошондой эле, курал-жарак жасашкан. Зергерлик, карапачылык, жыгаччылык, токуучулук, кийим-кече, бут кийим тигүү сыяктуу кол өнөрчүлүк тармактары да өтө өнүккөн. Жыгачтан эшик, бешик, терезе, араба, сандык, кайык жана башкалар жасалган. Жыгач оймочулугу өзгөчө мааниге ээ эле. Чыбыктардан себет токулган. Үй шарттарында таар, килем согуу, ашталган булгаарыдан ээр-жабдык, басмайыл, бычактын кыны, намыяндар даярдалган. Базарда



http://eduportal.uz

ар бир түрдөгү кол өнөрчүлүк продукциялары башка-башка расталарда сатылган.

**Ички соода**

XVI кылымдан баштап Улуу Жибек жолунун ордун жоготуп барышы жылдар өтүшү менен Орто Азия мамлекеттеринин экономикалык турмушуна терс таасирин тийгизди.

Бул болсо Бухаранын дүйнөлүк базарда чыгаан катышуучу болуу мүмкүнчүлүгүн төмөндөттү. Натыйжада, мамлекеттин турмушунда керектөөнүн талаптары өндүрүштөн жогору боло албады. Бул болсо, өз кезегинде, жогору эмгек өнүмдүүлүгүн камсыздаган ири машиналашкан өндүрүштөн пайдалануу талабын келтирип чыгарбады. Натыйжада жөнөкөй кол өнөрчүлүк өндүрүшү өнөр жай өндүрүшү деңгээлине көтөрүлбөдү. Ошондуктан ички базарда адаттагы кол өнөрчүлүк жана айыл чарба продукцияларынын соодасы жетекчи орунду ээледи.

Базарларда кимдир бирөө кардардын акына кыянат кылса, катуу жазага тартылат эле. Атап айтканда, андайлар жарым жылаңач абалда арабада базар элинин арасында алып жүрүлгөн жана ал үнүнүн барынча: „Мен шайтандын жолуна түшүп, кардарды алдадым“, деп жар салууга аргасыз болгон.

Базарлар жалаң чарбалык милдетти гана өтөп калбаган. Алар ошол эле мезгилде өзүнө мүнөздүү жамааттык жана маданият борбору милдетин да өтөгөн. Алсак, базарларда өкүмдардын буйруктары окуп уктурулган. Күнөөлүүлөр жазаланган. Майрам күндөрү болсо түрдүү тамаша, оюн-зооктор көрсөтүлгөн.

**Тышкы соода**

Улуу Жибек жолу өзүнүн ролун жоготкон болсо да, өлкөнүн тышкы соода байланыштары токтоп калганы жок. Бухара Индия, Ооганстан, Иран, Кытай менен соода байланыштарын жүргүздү. Бул өлкөлөргө амирликте иштеп чыгарылган жип кездемелер, тукаба, кагаз, ээр-жабдык, куралдардын айрым түрлөрү, мөмө-жемиш жана башка продукциялар экспорт кылынган. Негизги соода унаасы төө болчу. Кээ бир соода кербендеринин төөлөрү бир нече жүз башка жеткен.

Мамлекеттин Самарканд жана Бухара сыяктуу шаарларына көптөгөн чет өлкөлүк соодагерлер келип турушкан. Бухарада ал тургай инди соодагерлери жана сүткорлору жашаган өз алдынча маалалар да бар эле. Алар инди кездемелери, боёктору, айыктыруучу жана татымал чөптөр, дары-дармектер, кант менен соода жүргүзүшкөн.

Бухара амирлигинин Россия менен соода мамилелери барган сайын күчөп отурду. Анткени Россия өнөр жай продукциясын сунуштайт эле. Ошондой эле, Россия соода жолдорунун коопсуздугун да камсыздады.

1804-жылы Оренбургда Бухара амирлиги соодагерлеринин резиденциясы курулду. Ал Россия менен Бухара амирлигинин ортосундагы соодада чоң роль ойноду. Резиденция барган сайын кеңип отурду.

Ошентип амирликтин экономикасы Россия менен соода жүргүзүүдө өзүнө мүнөздүү багытка ээ болду. Муну, алсак, амирликте өстүрүлгөн 16 миң тонна пахтанын бардыгы Россияга сатылгандыгы, амирликке жыл сайын токуучулук өнөр жайы продукцияларынын өзүнөн гана эки миллион рублдук товардын экспорттолгондугу, 1844-жылы Орто Азия өлкөлөрү – Россия тышкы соодасында амирликтин үлүшү 25 пайызды, 1864-жылга келип болсо 42 пайызды түзгөндүгү да тастыктайт.

1. Бухара шаарына берилген мүнөздөмөлөр жөнүндө ой жүгүрт.
2. Бухаранын бүткүл Орто Азияда агартуунун борбору болгондугуна мисалдар келтир.
3. Самарканд шаарына берилген мүнөздөмө менен Бухарага берилген мүнөздөмөнү салыштыр жана пикириңди баянда.
4. Самарканд шаарынын кайра калыбына келишинде амир Шахмуратка берилген баа эмнеден күбөлүк берет?
5. Эмне үчүн амирлик керектөө талаптары өндүрүшүндө үстөмдүк кыла албады?
6. Бухара амирлигинин Россия менен соода байланыштарынын күчөп отургандыгы жөнүндө келтирилген факттардан кандай корутунду жасоого болот?

Ата-энеңдин жардамында Россия Федереациясы менен Өзбекстандын ортосундагы соода байланыштары боюнча маалымат чогулт.

## 20-§. Бухара амирлигинин тышкы саясаты

**Амирлик тышкы саясатынын негизги принциптери**

Амирлик тышкы саясатынын негизги принциптерин, биринчиден, Орто Азиядагы үч өзбек мамлекети ичинде жетекчи орунга ээ болуу жана ыңгайлуу мүмкүнчүлүк туулганда аларды бай ийдирүү; экинчиден, Хорасанда бекем орношуп алуу; үчүнчүдөн, Россия жана башка мамлекеттер менен соода мамилелерин өнүктүрүү;



http://eduportal.uz

төртүнчүдөн, Орто Азия чөлкөмүндөгү бардык мусулмандардын амири (маңгыттар өздөрүн ушундай деп эсептешкен) иретинде мусулмандардын Астрахань аркылуу Меккеге ажы сапарына барып келишин камсыздап турууну жолго коюу түзгөн.

### Бухара – Россия мамилелери

Маңгыт амирлери Россия менен мамилелерге ар дайым чоң маани берип келген. (Мунун себептерин мурдагы темаларда билип алган элең.) Эки мамлекеттин ортосундагы өз ара таламдуу мамилелердин орнотулушунда элчи алмашуу маанилүү роль ойноду. Айныкса, XVIII кылымдын акыркы чейрегинде элчи Эрназарбийдин Россияга эки жолу барышы чоң мааниге ээ болду. Эрназарбий (Эрназар Максутов) кеңири көз карашка жана билимге ээ дипломат жана соодагер эле. Ал эки мамлекеттин ортосунда тең өз ара ишенимге негизделген мамилени орнотуу үчүн чын жүрөктөн аракет жасады. Эки мамлекеттин ортосундагы мамилелерди чыңдоо ишине кошкон салымы үчүн Эрназарбийге ал тургай Россиянын императору Екатерина II Бухарада медресе куруу үчүн акча да ажыратты. Мына ошол акчага курулган жана Эрназарбийдин ысымы менен аталган медресе азыркыга чейин көккө бой созуп турат.

Ал элчи иретинде соода байланыштарын өнүктүрүүдөн тышкары Астрахань шаарында Россия тарабынан жаме мечитин курдуруучуга жана амирлик жарандарынын Астрахань аркылуу ажы сапарына эркин барып келишинин кепилденишине жетишти.

Эрназарбийдин элчилигинен Даниялбий саясий максаттарды да көздөгөн болчу. Алсак, Бухара – Осмонийлер мамлекети мамилелери жөнүндө орус өкмөтүнүн кандай пикирде экенидигин билүү максатында, анын тапшырмасы боюнча, элчи орус өкмөтүнө Бухаранын Осмонийлер мамлекети менен достук байланыштарын чыңдоого аракет жасашын да билдирди. Ошондой эле, Россия аркылуу Станбул шаарына баруу үчүн уруксат сурады. Турган сөз, орус өкмөтү Бухаранын өзүнүн негизги душмандарынан бири болгон Осмонийлер мамлекетинин катарында турушун каалабайт эле. Ошондуктан орус өкмөтү Даниялбийдин бардык өтүнүчтөрүн аткарды.

Бухара – Россия саясий мамилелеринде 1797-жылы амир Шахмурат жиберген Палванкулу курчинин элчилиги өзгөчө орун ээлейт. Палванкулу элчилигининин жиберилишине Ирандын Бухара амирлигинин коопсуздугуна коркунуч туудура баштагандыгы себеп болду. Бул доордо Кавказда Россия – Иран мамилелери да кескиндешкен эле. Амир Шахму-

рат мындан пайдаланууну чечти жана Бухара – Ирандын ортосунда согуш чыкчу болсо, чогуу аракет жасоону сунуш кылды. Бирок Европадагы көйгөйлөрү менен алек болгон Россия бул сунушту кабыл албады. Амир Хайдар менен амир Насрулланын бийлиги тушунда да Россия – Бухара мамилелери улантылды. Эки жак тең бири-бирине элчилерди жиберип турушту. Амир Хайдар жиберген элчилер Россия өкмөтүнүн алдына Урал дарыясынын Азия материги бөлүгүнөн амирликтин соодагерлерине акысыз мал чарбачылыгын жүргүзүү үчүн жер бөлүп берүү, Бухарага болот сатуу, соода кербендеринин тонолушуна жол койбостук сыяктуу маселелерди койду.

Көтөрүлгөн маселелерден мал чарбачылыгын жүргүзүүгө ажыратыла турган жерлер үчүн акы төлөбөстүк өтүнүчү кабыл алынбады. Соода кербендеринин каракчыларына чогуу каршы күрөшкө ыраазылык берилди.

Амир Насрулланын бийлиги тушунда жиберилген элчилер орус өкмөтүнүн алдына, негизинен, Бухаранын товарларынан алынып жаткан бажы төлөмдөрүн азайтуу, тоо-кен иштерин жүргүзүү үчүн адистерди жиберүү жана амирликке замбирек сатуу сыяктуу маселелерди коюшту.

Бул доордо Улуу Британия тыңчылары жана товарларынын Орто Азияга кирип келишинин кеңейиши Россияны көйгөйгө салып койду. Алсак, Банарастан (Индия) киргизилип жаткан англис товарлары бул жерде өзүнүн наркынан 6 – 9 эсе арзан баада сатыла баштады.

Амир Насрулланын тоо-кен адистерин жиберүү жөнүндөгү өтүнүчү кабыл алынды. Алар Бухарага кайтып келе жаткан соода кербенине кошуп жөнөтүлдү. Бирок кербен жолдо чабуулга кабылып, инженерлердин экспедициясы чоң кыйынчылыктар менен Оренбургга кайра тартты.

1858-жылы Бухарага полковник Игнатьевдин жетекчилигинде Россиянын элчилери келди. Бул Бухара амирлигинин өз алдынча мамлекеттик статусундагы соңку элчилик болду. Сүйлөшүүлөрдө Россия менен соода иштеринде Бухара соодагерлерине чоң жеңилдиктер берилди.

Ошол эле учурда, Амир Насрулла Улуу Британиянын элчилерин кабыл албастыгын, Ооганстандын амиринен алардын Бухарага өтүшүнө уруксат берилбестигин сурашын билдирди. Бирок Россия империясынын бийликтеги чөйрөлөрү өздөрүн Бухара амирлигине канчалык дос кылып көрсөтпөсүн, алар Орто Азияны таптакыр басып алууга тымызын даярдык көрүп жатышкан эле. Ошондуктан Россия Игнатьевдин элчилигинен кийин башка элчи жибербеди.

### Улуу Британия – Россия атаандаштыгы

XIX кылымдын биринчи жарымында Улуу Британия менен Россиянын ортосунда Орто Азияда атаандаштык күчөп кетти. Буга бул эки колонизатордук мамлекеттин өзбек мамлекеттери эсебинен жаңы колонияларга ээ болууга, алардын базарларын жана бай чийки зат булактарын колго алууга умтулуштары себеп болду.

Индияда бекем орношуп алган Улуу Британия Россиянын өзбек мамлекеттериндеги таасирин жокко чыгаруу жана аларды өзүнүн таасир чөйрөсүнө алуу максатында атайын экспедицияларды жибере баштады. Экспедицияларга, ошол эле мезгилде, жергиликтүү абройлуу күчтөр менен байланыш орнотуу милдети да жүктөтүлдү.

### Улуу Британиянын экспедициялары

Улуу Британия баштап 1825-жылы офицер У. Муркфорддун жетекчилигинде экспедиция жөнөттү. Экспедициянын натыйжасында англистер Бухара амирлигин ар тараптан үйрөнүүгө жана жергиликтүү өкүмдарлардын ичинен аларды жактоочу топту калыптандырууга жетише алышты.

Муркфорддун экспедициясынан кабар тапкан Россия аябай ташпишке түштү. Натыйжада, Россия өкмөтү Бухаранын амири Хайдарга англистердин Бухарадагы кыймыл-аракеттеринен нааразы экендигин билдирди.

1832-жылы Александр Бёрнс жетекчилигинде кезектеги англис миссиясы Бухарага келди. Ал өзүн армян соодагери деп тааныштырды жана Бухара амирлигинин кошбегиси менен байланыш жасай алды. Улуу Британия өкмөтү Индия менен Орто Азиянын ортосунда соода байланыштарынын кеңейишине өзүнүн өзбек мамлекеттеринде таасирин орнотуунун негизги жолу деп карайт эле. Ошондуктан Улуу Британия инди соодагерлерине өзбек мамлекеттери менен соода байланыштарын жолго коюуга чоң жардам берди.

А. Бёрнс өлкөнүн аймагында көптөгөн разведка маалыматтарын да чогулта алды. Бул элчилик миссиясы Орто Азияда Улуу Британия соодасынын өнүгүшүнө жардам берди.

1839-жылы Улуу Британия Ооганстанга каршы аскердик кыймылдарын баштаганда Россия – Улуу Британия мамилелери дагы да кескиндешти. Эгерде Ооганстан басып алынгандай болсо, анда кезек Орто Азияга келиши мүмкүн эле.

Россиянын Крым согушундагы жеңилиши Орто Азиянын Россия үчүн саясий жана стратегиялык мааниси канчалык чоң экендигин көрсөттү.



http://eduportal.uz

Россияга Улуу Британия аскердик флотунун Кара деңизден кооп туудурушу мүмкүнчүлүгүн жокко чыгара алган себеп керек эле. Орто Азияны ээлөө мына ошондой себеп боло алат эле. Анткени Россия Улуу Британия үчүн өтө маанилүү болгон Индияга түздөн-түз коркунуч туудуруу мүмкүнчүлүгүнө ээ болмок. Улуу Британия болсо муну таптакыр каалабайт эле. Россиянын Индияга коркунуч туудурушу мүмкүндүгү Улуу Британияны Кара деңиздин жээктерине туташ Россиянын аймактарына кооп салуу мүмкүнчүлүгүн жокко чыгарды. Экинчиден, Орто Азияны ээлөө өнүгүп бара жаткан Россия өнөр жайын арзан чийки зат менен толук камсыздоо мүмкүнчүлүгүн да бермек. Мына ушул эки себеп мындан ары Россиянын Орто Азия мамлекеттери, ошонун катарында, Бухара амирлигине карата жүргүзгөн баскынчылык саясатын белгилеп берди.

?

1. Амирлик тышкы саясатынын негизги принциптерин жаз.
2. Эмне үчүн Улуу Британия Орто Азияга көңүл бура баштады?
3. Россиянын элчиси полковник Игнатьев 1858-жылы амир менен кайсы маселелерде келише алды?
4. XIX кылымдын биринчи жарымында өзбек мамлекеттери маселесинде Россия – Улуу Британия атаандаштыгынын күчөшүнө эмнелер себеп болду?
5. Улуу Британиянын Орто Азияга жиберген экспедициялары кандай милдеттерди аткарды?
6. Россияны Орто Азияны аскердик күч менен ээлешин тездетүүгө үндөгөн себептер жөнүндө эмнелерди билип алдың?

**Ой жүгүрт**

Азыр мамлекеттер аралык мамилелер кандай принциптерге негизделет?

## 21-§. Бухара амирлигинде маданий турмуш

**Тарых илими**

Аштарханийлер бийлиги доорунан баштап маданий-руханий турмуштун өнүгүшүнө тоскоолго айланган диний фанатизм маңгыттар бийлиги тушунда да техникалык жана табигый илимдердин өнүгүшүнө мүмкүнчүлүк бербеди. Анткени диний фанатизмдин өкүлдөрү бул илимдер жаатында жасалашы мүмкүн болгон ар кандай ачылышты Кудайдын эркине шек келтирүү деп баалашты. Ошол себептен бул доордо негизги чыгармалар тарых, адабият, көркөм өнөр жана архитектура жаатында жаратылган. XIX кылымдын биринчи жарымында чыгармачылык кылган тарыхчы окумуштуу *Мухаммад Яькуб ибн Даниялбий* „Гүлшан ул-мулук“ („Падышалар гүлзары“) аттуу чыгар-



http://eduportal.uz

ма жазып калтырды. Бул чыгарма эки бөлүктөн турган болуп, биринчи бөлүгү Бухаранын байыркы тарыхы, анын өкүмдарларынын санжырасын баяндоого арналган. Чыгарманын экинчи бөлүгүндө болсо Орто Азиянын XVIII жана XIX кылымдын баштарындагы тарыхы баяндалган. XIX кылымда жазылган *Мырза Шамс Бухарий*нин „Баёни баъзи хаводисоти Бухара, Хоканд ва Кашгар“ („Бухара, Кокон жана Кашкардын айрым окуя-кубулуштарынын баяны“) чыгармасы, ошондой эле, *Мир Алым Бухарий*нин „Фатхнаамаи султаний“, *Мухаммад Хакимхан*дын „Жылнаамалар жыйнагы“, ошондой эле, ошол доордо жазылган „Тарыхи амир Хайдар“ сыяктуу чыгармалар тарыхыбыз үчүн маанилүү булактар эсептелет.

**Адабият**

Адабиятта өз доорунун белгилүү акын жана жазуучулары чыгармачылык менен алектенген. Алардан бири өзүнө мүнөздүү таланттын ээси *Мухаммадднияз Нишотий* эле. Акын 1778-жылы өзүнүн „Хусну Дил“ дастанын жаратты. Өзбек адабиятынын чоң жетишкендиги саналган бул чыгарманы акын каймана мааниде жазган. Дастандын каармандары – Акыл, Сулуулук, Жүрөк, Кыял, Берилгендик, Назар, Ышк жана башкалардын ар бири зор адамдык сапаттарга ээ. Душман, Кутум, Напси образдары болсо жаман сапаттар жана түрдүү жамандыктардын символу эле.

Дастанда адамдар жана мамлекеттер ортосундагы чырлар, көрө албастык жана башка ахлактык илдеттер каралады. Жакшылык менен жамандыктын ортосундагы караштарда изги умтулуулар, акыл жана жакшы каалоо-тилектер үстөмдүк кылат. Нишатийнин адабий чыгармачылыгындагы дагы бир өзүнө мүнөздүүлүк – бул анын адабиятта айтышуу жанрынын өнүгүшүнө чоң салым кошкондугу. Мында анын “Куштардын айтышуусу” жыйнагы чоң мааниге ээ. Чыгармада ошол доордогу социалдык түзүлүшкө мүнөздүү илдеттер, караңгылык, мансапкордук каймана түрдө сынга алынган. Эмгекчил элдин сыпайылыгы улууланган. Чыгармада илегилек, карга, булбул, тоос, тоту куш, хумо сыяктуу бардыгы болуп 14 куштун ортосунда болуп өткөн айтышуу сүрөттөлгөн.

Ошол доордун белгилүү акындары *Мужрим-Абыд* жана *Вола*лар эле. *Мужрим Абыддын* чыгармаларында коомдогу социалдык теңсиздик, адилетсиздик, адамдардын мүнөзүндөгү илдеттер сынга алынат.

Вола (1770–1842) тубаса сокур болсо да, табият ага күчтүү эрк, акыл, эстутум жана жөндөмдүүлүк, ошондой эле мукам үн да берген болчу. Акын ырларынан 2 деван түзгөн. Бизге чейин 3 миң сап ыры жетип келген. Ырларында элдин башына түшкөн кырсык жана мүшкүлдөрдү ырдаган.



http://eduportal.uz

### Сүрөт өнөрү жана музыка

Бухарада каллиграфия, миниатюра жана кол жазмаларды кооздоо өнөрү мыкты өнүктү. Бул тармактын жеткилең билимдүүлөрү заманасына ылайык эстелик калтырышты. Алсак, Амир Хайдардын тушунда жашап өткөн *Мир Маъсум Аламиян* “Ахлаки Мухсиний” китебин жана Саъдийнин поэзиялык чыгармаларын сүрөт менен кооздоду.

*Мырза Садык Жандарий* Насруллахандын тушунда кол жазма китептерге этюддар, Саъдий менен Хафиздин чыгармаларына турмушту чагылдырган сүрөттөрдү иштеген.

Ири окумуштуу, философ, акын *Акмат Дааныш* (1827–1897) 20 жыл бою Бухаранын сарай китепканасында каллиграфтык жана сүрөтчүлүк менен алектенген. Ал медицина, математика, архитектураны жана музыка көркөм өнөрүн да үйрөндү. Акмат Дааныш көчүргөн, кооздогон же сүрөт тарткан кол жазмалардын ичинде “Шахи дарвеш”, “Ажойиб ат-табакот” жана башка чыгармалар мунун далили саналат.

Бухара жогорку устазаана музыка өнөрүнүн борборлорунан бири болгон. Алсак, Бухарада пайда болгон “Шашмаком” мунун жаркын далили эсептелет. Бухаранын Шашмакомы Бузрук, Раст, Наво, Дугох, Сегох жана Ирок макомдорунан турган болуп, 250 дөн ашуун түрдүү формадагы күү жана ырлардын үлгүлөрүнөн түзүлгөн.

Өзбекстан Республикасынын Президенти Ш. Мирзиёев минтип айткан: *„Элибиз көркөм оюнун натыйжасы болгон „Шашмаком“, башкача айтканда алты макомду, керек болсо, алты ири дарыяга салыштырса болот. Бул дарыялар кылымдар бою дүйнө маданиятынын океанына куюлуп, аны ар тараптан толуктап, байытып келүүдө. Ошондуктан бул ыйык музыкалык шедевр ЮНЕСКО тарабынан дүйнөнүн маданий мурасы тизмесине киргизилгени терең мазмун жана мааниге ээ“.*

Маком ырларынын тексти Рудакий, Жамий, Наваий, Фузулий, Бедил, Бабур, Надыра жана Машраб өңдүү түркий жана фарсий тилдүү классикалык акындардын лирикасынан түзүлгөн. Шашмаком оозеки түрдө устат-шакирт салты менен муундан муунга өтүп келе жатат.

> 2018-жылдын 6 – 10-сентябрь күндөрү Шахрисабз шаарында Эл аралык маком көркөм өнөрүнүн форуму болуп өттү. Анда дүйнөнүн 73 мамлекетинен 300 гө жакын жеке аткаруучу жана музыкалык жамааттар катышты. Форумдун башкы сыйлыгына Тажикстан маком академиясы татыктуу болду.

http://eduportal.uz

**Билим берүү**

Бухара амирлигинде билим берүү системасы аштарханийлердин тушундагы көрүнүшүн сактап калды. Башкача айтканда окуу жайлары амирликте да башталгыч (мектепкана) жана жогорку (медресе) мектептен турган. Мектепканалар, негизинен, мечиттердин алдында ачылган. Аларда имамдар мугалимдик кылышкан. Амир Хайдар 1803–1804-жылдарда реформа өткөрдү. Ал боюнча амирликте бардык жарандар үчүн зарыл жалпы билим берүү киргизилди. Реформаны ишке ашыруу үчүн ар бир бектикке атайын өкүлдөр жөнөтүлдү. Ошол эле учурда жээни – Каршынын беги Саййид Ахмад кожо Файзий амирлик боюнча жооптуу кылып дайындалды. Амир Хайдар жээнине жолдогон катында, алсак, минтип жазган эле: „Сиз... мугалимдерге табыштаң, алар зарыл жалпы билим берүүнү бардык көз каранды эл бышык ээлешин камсыздашсын... Бардык адамдар жалпы зарыл билимди бышык ээлешсин“. Медреседе билим берүү үч баскычтуу эле. Бул доордо Бухарада 60 медресе, 300 мечит иш жүргүзгөн. Медреселерде 9 миңден 10 миңге чейин окуучу билим алган.

Анык предметтерден тышкары тарых, география, тил жана адабият, араб тили, ошондой эле, теология предметинен билим берилген. Табигый предметтер, негизинен, орто кылымдар авторлорунун чыгармаларын кайталоодон нары өтпөгөн. Тарых сабактары болсо автору белгисиз болгон „Тарыхы Искандарий“ жана XIII кылымда жашап өткөн Алауддин Атамалик Жувайнийдин „Тарыхы Жаханкушай“ чыгармаларынын негизинде өтүлгөн.

Жувайний (1226–1283) тарыхчы окумуштуу жана мамлекеттик ишмер болгон эле. Ал араб, фарс, моңгол жана уйгур тилдерин толук ээлеген. Өзүнүн чыгармасын Монголия, Орто Азия жана Ирандын XIII кылымдагы тарыхына арнаган. Чыгарма үч бөлүктөн турган болуп, биринчи бөлүгүндө Чыңгызхандын баскынчылык согуштары, ошондой эле, Жөжүхан менен Чыгатай жана алардын урпактары тарыхы жөнүндө баяндалат.

Экинчи бөлүгү болсо Харезмшахтар жана Хорасандын моңгол өкүмдарлары доорунун тарыхына арналган.

Үчүнчү бөлүгүндө Хулакухандын Иранды ээлеши сыяктуу окуялардын тарыхы баяндалган.

Чыгарманын 1–2-бөлүктөрү Орто Азиянын тарыхы үчүн өзгөчө мааниге ээ.

Мектепкана жана медреселердеги билим берүүнүн сарптары вакф мүлкү эсебинен ишке ашырылган.

Өкүмдарлар билим берүү системасынын материалдык камсыздоосун көзөмөлгө алышкан. Медресе илиминин абалын сураштырып турушкан. Алсак, амир Хайдар өз доорунун билимдүү өкүмдарларынан бири эле. Куран каримди жатка билген. Амирдин алдында бат-бат диний жана илимий дискуссиялар өткөрүлүп турган. Бухара медреселерине чет өлкөлөрдөн окууга келүүчүлөрдүн саны көбөйүп отурган. Алар үчүн ыңгайлуу шарт түзүүнүн чаралары көрүлгөн. Амир Хайдардын өзү да медресе окуучуларына сабак өткөн.

**Маком** – музыкада бир бөлүктөн же түркүмдөн турган музыка жана ыр жолдору; музыкалык стиль.

1. Тарых илими жаатында жаратылган чыгармалардын тизмесин түз.
2. Мухаммадднияз Нишотийнин чыгармачылыгына таандык чыгармалардын мазмуну жөнүндө эмнелерди билип алдың?
3. Акын Мужрим Абыд поэзиясында сынга алынган илдеттер эмнеден күбөлүк берет?
4. Каллиграфия жана миниатюра көркөм өнөрү жаатындагы чыгармалардын үлгүлөрүнө мисалдар келтир.
5. Музыка көркөм өнөрүнүн маком жанры жөнүндө сүйлөп бер.

**Бухарада XVI–XIX кылымдын биринчи жарымында бийлик жүргүзгөн династиялар**

| № | Династиялардын аталышы | Бийлик жылдары | Династиянын эң белгилүү өкүмдарлары | Жаратылган тарыхый чыгармалар |
|---|---|---|---|---|
| 1. | | | | |
| 2. | | | | |
| 3. | | | | |

## *III ГЛАВА.* **ХИВА ХАНДЫГЫ**

### 22-§. Хива хандыгынын түзүлүшү

**Харезмдин эгемендүүлүгү үчүн күрөш**

Харезм Шайбанийхандын баскыны алдында темурий Султан Хусейн Байкаро бийлик жүгүзгөн Хорасан мамлекетинин карамагында эле. Харезмге коңурат уруусунан чыккан Чын Сопу наиб кылып дайындалган.

1505-жылы Шайбанийхан, 1510-жылы болсо Ирандын өкүмдары шах Ысмайыл Харезмди басып алды. Бирок шах Ысмайылдын бийлиги көпкө созулбады. Харезмдиктер сафавийлер бийлигине каршы күрөш баштады. Бул күрөшкө жергиликтүү ак сөөктөр жетекчилик кылды. Алсак, Харезмди Иран сафавийлеринен боштондукка чыгаруу жана эгемендүү мамлекет түзүү үчүн башталган күрөштүн демилгечиси ошол доордо Харезмдин борбору болгон Вазир шаарынын казысы Умар кары болду. Ал харезмдиктерди сафавийлерге каршы күрөшкө чакырды. Харезм элин эгемендүүлүк үчүн күрөшкө чыгышында Сайид Хисамиддин каттал да чоң роль ойноду.

Харезмдин болочок өкүмдары бийлигинин мыйзамдык статуска ээ болушу өтө маанилүү эле. Ошол себептүү эгемендүүлүк үчүн күрөштүн башчылары Харезм тактына Кыпчак Талаадагы Шайбандын урпактарынан болгон Берка Султандын уулу Элбарсханды сунуш кылышты. Берка Султандын үй-бүлөсү Шайбанийхандын үй-бүлөсү менен бир тукумдан болсо да, алар өз ара кас мамиледе болушкан. 1480-жылы өз ара так үчүн күрөштө Мухаммад Шайбанийхан тарабынан чоң атасы Шайбанхандын тукумунан болгон Берка Султандын өлтүрүлгөндүгү мунун себептеринен бири эле. Элбарсхан 1512-жылы Харезм тактына отургузулду.

Элбарсхандын тушунда мамлекеттин борбору Вазир шаарынан Үргөнч шаарына көчүрүлдү. Элбарсхан Вазир шаарын Иран кошуундарынан бошоткондон кийин, жеңиштин урматына уулдарынын атына “газы” сөзүн кошуп айтууну буюрду.

http://eduportal.uz

Эркиндикти сүйгөн Харезм элинин боштондук үчүн күрөшүндө жетишкен жеңиши натыйжасында, 1512-жылы Харезмдин эгемендүүлүгү калыбына келди жана бул көз карандысыз мамлекет кийинчерээк Хива хандыгы деп атала баштады. Хива хандыгында шайбанийлер бийлиги 1770-жылга чейин улантылды. Хива шайбанийлери Жөжүхандын бешинчи уулу Шайбандын тукумунан болгон Арабшах ибн Поладдын урпактары болгондуктан, арабшахийлер деп да аталган.

### Социалдык-экономикалык жана саясий турмуш

Мавараунnахрдагы Шайбанийлер мамлекети сыяктуу Хива хандыгы да бир топ чоң-кичине мүлктөргө бөлүндү. Хандыкта ири өзбек урууларынын башчылары эркин мүлк ээлерине айланды. Алар хандыктын бүткүл социалдык-саясий турмушуна чечүүчү таасир көрсөтүп келишти.

Ошону менен бирге, алар борбордук бийликке баш ийбөөгө, эркиндикке умтулушту. Мындай жагдай өз ара чырларды тереңдештирди.

### Харезмдин эгемендүүлүгү үчүн күрөш

XVI кылымдын 70-жылдарында Хива хандыгы экономикалык кризиске кабылды. Анын негизги себептеринен бири – Амударыянын өзөнүн өзгөртүп, Арал деңизин карай ага баштаганы болду. Мунун натыйжасында эски өзөндүн айланасындагы жерлер чөлгө айланды. Калк болсо хандыктын башка аймактарына көчүп өтүүгө аргасыз болду. Мындан тышкары, Хива хандыгынын XVI кылымда эки жолу Бухара хандыгы тарабынан басып алынышы, ошондой эле, уруулар ортосундагы чырлар, оор салыктар, түрдүү төлөм жана айыптар өлкөнүн элин талыктырды. Соодага чоң зыян келтирди.

### XVI кылымда Хива – Бухара мамилелери

Орто Азияда баштап түзүлгөн эки өзбек мамлекети – Бухара жана Хива хандыгы ортосунда өз ара суук мамилелер өкүм сүрдү. Мунун негизги себеби – хандыктардын баскынчылык согуштар аркылуу өздөрүнүн аймактарын бири-биринин эсебине кеңитүүгө урунушу болсо, экинчиси, Бухара жана Хива хандыгында бийликтеги династиялардын бири-бирине душман болуп калган үйлөргө таандык экендиги эле.

Бухаранын ханы Убайдуллахан 1537 – 1538-жылдарда Харезмге чабуул жасап, Хива хандыгын баш ийдирди. Убайдуллахан уулу Абдулазизди Харезмге наиб кылып дайындады. Бирок мындай жагдай көпкө созулбады. Эркиндикти сүйгөн Харезм элинин боштондук үчүн күрөшү

http://eduportal.uz

натыйжасында мамлекеттин эгемендүүлүгү калыбына келди. Убайдулла-хан жиберген кошуун болсо талкаланды. Абдулазизхан Бухарага качып кетүүгө аргасыз болду. Кийинки өкүмдарлардын тушунда да бул эки хандыктын ортосундагы көрө албастык жана душмандык токтободу.

Алсак, Бухаранын ханы Абдуллахан II 1595-жылы Хива хандыгын баш ийдирди. 1598-жылы Абдуллахан II нин өлүмүнөн кийин гана Бухара хандыгында башталган өз ара так үчүн күрөштөр натыйжасында Хива хандыгы кайра көз карандысыз мамлекетке айланды.

- 1510-жыл – Ысмайыл Сафавий Харезмди басып алды.
- 1512-жыл – Орто Азияда экинчи өзбек мамлекети – кийинчерээк Хива хандыгы деп аталган мамлекет түзүлдү.

1. Хива хандыгынын түзүлүшү жөнүндө сүйлөп бер.
2. XVI кылымда Хива хандыгынын экономикалык турмушундагы кризистин себептерин жаз.
3. Хива менен Бухара хандыктарынын мамилелеринде душмандык маанай күчтүү болгонун мисалдар жардамында негиздеп бер.

## 23-§. XVII – XVIII кылымдын биринчи жарымында хандыктагы саясий жагдай

**Саясий бытырандылык**

XVII кылымдан баштап Хиванын хандары мамлекеттин турмушуна таандык ар бир маселени уруу башчыларысыз өз алдынча чече албай турган болуп калышты. Эми алар хандын тагдырын чечишкен. Демек, мындай жагдай Хива хандыгында мамлекет бытыранды боло баштаганын билдирген. Бытырандылык Араб Мухаммадхандын тушунда (1602–1621) жогорку чекитине жетти. Амударыя өзөнүнүн өзгөрүшү улантылды. Натыйжада, Араб Мухаммадхан хандыктын борборун Үргөнчтөн Хивага көчүрүүгө аргасыз болду. *Харезм мамлекети эми Хива хандыгы деп атала баштады.* Мындай экономикалык кыйынчылык мамлекеттин саясий абалына терс таасирин тийгизди. Мындан тышкы күчтөр пайдаланып калууга урунду. Алсак, Араб Мухаммаддын тушунда Россиянын чегин коргоп турган Жайык казактарынын атаманы Нечай, көп узабай атаман Шамай Үргөнчкө чабуул жасайт. Бул чабуулдар ийгиликсиз аяктаса да, хандык экономикасынын ойронун чыгарды.



http://eduportal.uz

**Абулгазый Бахадырхан**

Такты эңсеп Араб Мухаммадхандын уулдары Хабаш жана Элбарс султандар айрым уруу башчыларына таянып, аталарына каршы көтөрүлүшкө чыгышты. 1621-жылдагы көтөрүлүш учурунда аталары Араб Мухаммадхан жакта анын башка эки уулу – Асфандияр жана Абулгазий султандар согушта катышты. Бул согушта Хабаш менен Элбарс султандар жеңип чыкты. Арсыз перзенттердин буйругу менен ата туткунга алынды.

Абулгазийхан Бухаранын ханы Имамкулихандын сарайынан баш маанек тапты. Асфандияр болсо Ирандын шахы Аббас I ди карай жол тартты. 1623-жылы анын жардамында Хиванын тактын ээледи жана Хабаш менен Элбарс өлтүрүлдү. Окуядан кабар тапкан Абулгазий Султан Хивага кайтты. Асфандиярхан (1623–1643) аны Үргөнчкө аким кылып дайындады. Бирок бат эле ага-ининин ыркы кетти. Натыйжада, Абулгазий Султан Түркстан, Ташкент, Бухарада качып жүрүүгө аргасыз болду. Асфандиярхандын саясатынан наараазы болгон түркмөндөрдүн чакырыгы менен ал кайра Хивага кайтып барды. Агасы ага Хиваны берүүгө аргасыз болду. Бирок 1630-жылы Иран шахынын алдына кепил иретинде жөнөтүп жиберди. Абулгазий султан Иранда 10 жыл туткунда жашады. Акырында туткундан качып, Арал өзбектери жашаган жерге жетип келди. Асфандиярхан кайтыш кылгандан кийин, 1644-жылы Хива хандыгынын тактын ээледи.

Абулгазийхандын мамлекетчиликти чыңдоого багытталган реформалары чоң мааниге ээ болду. Ал мамлекетти башкаруу системасын өзгөрттү. Айырм вилаяттардын акимдигине уруу башчыларын дайындады. Бирибири менен өз ара терс мамиледеги уруу башчыларынын ортосундагы кагылышуулардын алдын алуу үчүн ал Амударыянын төмөнкү агымында жашаган калкты төрт уюмга бөлдү. Алардын ар бирине жер бөлүп берди. Мамлекеттик аппаратта маанилүү административдик мансапты ээлеген адамдар алардын арасынан дайындалчу болду.

Ар бир урууга ынак дайындалды. Абулгазый Бахадырхандын буйругу боюнча, уруулардын жогорку катмарынан ханга кеңеш берчү адамдар тобу ажыратып алынды. Эң абройлуу мансап адамдары деп эсептелген ынактар да алардын арасынан чыккан эле.

Абулгазийхандын реформалары белгилүү мөөнөткө болсо да, мамлекеттик бийликтин борборлошуусуна, ошондой эле көчмөн жана жарым көчмөндөрдүн отурукташуу жараянын күчөйтүүгө кызмат кылды.

http://eduportal.uz

### Хива – Бухара мамилелери

Тилекке каршы, Бухара–Хива мамилелери дагы да кескиндешти. Бухара хандыгы Хива хандыгын өзүнүн мүлкүнө кошуп алуу үчүн бир нече жолу урунуп көрдү. Абулгазый Бахадырхан Бухаранын чабуулун кайтарды. Кийинчерээк ыңгайлуу мүмкүнчүлүктөр болгондо өзү да бир нече жолу Бухаранын аймактарына бастырып кирди. Акыр-аягында, 1662-жылы Бухара хандыгы менен келишим түздү. Абулгазийхан 1663-жылы бийликти уулу Анушаханга тапшырды. Анын доорунда эки мамлекеттин мамилелери дагы да кескиндешти. Анушахандын тушунда Хива – Бухара мамилелери кандай болгондугу жөнүндө мурдагы темаларда билип алган элең. Анушаханды тактан кулата алган Субханкулихан эшик ага башы Шахниязды Хивага наиб кылып дайындады. Бирок тез арада Хива хандыгында Бухара, Россия жана Ирандын таламдары кагылышты.

Таламдардын кагылышусу Шахнияздын Субханкулиханга кыянат кылышынан башталды. Шахнияз өзүнүн бийлигин чыңдоого жана Бухарадан көз карандылыктан кутулууга урунуп, Россия аркылуу күчтүү демөөрчүгө ээ болмокчу болду. 1700-жылы ал Субханкулиханга билдирбей, Пётр I дин алдына элчи жиберип, өзүнө каранды эл менен бирге Россиядан карамагына алууну суранды. Пётр I 1700-жылдын 30-июнундагы буйругу менен бул өтүнүчкө макулдугун билдирди. Бирок бул буйрук эч кандай пайда берген жок. Хива хандыгынын бытырандылыгы Шергазийхандын тушунда (1715 – 1727), айныкса, таасын байкалды. Өз ара ички чырлардын айынан ыдырап жаткан мамлекеттин ички абалы чет өлкөлөрдүн кийлигишүүсү себептүү дагы да оордошту. Алсак, 1714-жылы Пётр I уюштурган А. Бекович-Черкасский жетекчилигиндеги экспедиция ошол учурда кудуреттүү Россия мамлекетинин Хиваны өзүнүн таасирине бай ийдирүү жолундагы баштапкы аракети болду. Бирок бул экспедиция кырсык менен аяктады. Ошондон кийин Хива кыйла убакытка чейин Россия тарабынан чабуул жасалышы коркунучу астында жашады. Бирок „Түндүк согуш“ менен алек болгон Россия аскердик аракетти баштай албады. Ошентсе да, Бекович-Черкасскийдин аскердик „экспедициясынын“ кырсыгы Хива – Россия мамилелерин кескиндештирип жиберди. Мындай шартта Шергазийхан Бухара менен мамилелерди жумшартууга аракет жасады. Бирок Россия чабуулунун коркунучу сакталып турган бир мезгилде эки өзбек хандыгы тең өз ара шериктеш болууга умтулуунун ордуна алардын мамилелеринде-

ги кескиндик дагы да күчөдү. Буга Бухаранын ханы Абулфайзхандын аралдыктарды Хива ханына каршы тукурушу себеп болду. Натыйжада, Аралбоюнун калкы Хива хандыгынан бөлүнүп чыкты. Хива хандыгында башталган өз ара күрөш кээде тигил, кээде бул жактын үстөмдүгү менен Шергазийхан кайтыш кылганга чейин улантылды. Уруулар өз ара келише албагандан кийин, эми такка Казак хандыгынан чыңгызий султандарды отургузуу башталды. 1728-жылы такка отургузулган Элбарсхан алардын биринчиси болду (1728 – 1740). Ирандын шахы Надыршах хандыктагы саясий туруксуздуктан пайдаланып, 1740-жылы Хиваны басып алды жана Хивага өзүнүн адамын аким кылып дайындады. Хивада Ирандын башкаруу системасы орнотулду. Бирок Иранга көз карандылык доорунда да ички чырлар токтободу. Тескерисинче, так үчүн уруулар аралык аёосуз күрөш башталды. Такка болсо атайын чыңгызийлер тукумуна таандык хандарды отургузуу улантылды жана алар бат-бат алмаштырып турулду. Бул кубулуш хандыктын тарыхына „хандардын оюну“ наамы менен кирди.

Хандар болсо иш жүзүндө ынактарга баш ийчү болуп калышты. Өз ара ички күрөштөрдө белгилүү мөөнөткө түркмөн явмуттары үстөмдүк кылды. Алар 1764-жылы бийликти иш жүзүндө өздөрүнүн колуна алышты. Бирок алар мамлекетти башкарууну эптей алышпады. Алардын зордукчулдугу жана талоончулугу хандыктын калкын, аларды колдоп-кубаттаган күчтөрдү да өздөрүнө каршы кылып койду. Хандыктагы бул ички баш аламандык коңурат уруусу бийликке келгенге чейин улантылды.

?

1. XVII кылымдан баштап Хива хандыгында күчөп отурган эки жараянды жаз.
2. Абулгазый Бахадырхан кантип бийликке келди?
3. Хива – Бухара мамилелериндеги кескиндик кандай натыйжаларга алып келди?
4. Хива хандыгынын Иран тарабынан басып алынышына себеп болгон факттарды аныкта.
5. Кандай себептер Хива хандыгында бийликтин коңураттар династиясынын колуна өтүшүнө жол ачты?



http://eduportal.uz

## 24-§. Хива хандыгында коңураттар династиясы бийлигинин орнотулушу. XVIII кылым аягы – XIX кылымдын биринчи жарымында хандыктын саясий абалы

### Коңурат династиясынын бийликке келиши

Хива хандыгындагы баш аламандыктарга жана өз ара токтоосуз ички согуштарга кимдир бирөөнүн чек коюшу тарыхый зарылчылыкка айланды. Анткени хандыктын экономикалык абалы, эң мурда, саясий бытырандылыктан жана өз ара ички согуштардан, ошондой эле, душман мамлекеттердин чабуулунан чоң зыян тартты. Экинчиден, эл өзүнүн тынчсыздыгы, тынымсыз согуштар натыйжасындагы ойрондордун натыйжасында жакынкы журттарга көчүп кетип, жанын куткарууга аргасыз болду. Натыйжада, көптөгөн жерлер кароосуз абалда калды. Бул себептер, өз кезегинде, ак сөөктөр менен уруулардын ортосундагы талаш-тартыштарды токтотууга жөндөмдүү күчтүү борбордук бийликтин пайда болушун талап кылып жаткан эле.

Мындай бийликти жаратууга жөндөмдүү күч иретинде майданга өзбектердин коңурат уруусу чыкты. XVIII кылымдын 60-жылдарынан баштап Хива хандыгында бийликти коңурат уруусу өз колуна ала баштады. Ири ак сөөктөр менен динчилдер катмарынын жардамына таянган коңурат уруусунун жол башчысы Мухаммад Амин 1761-жылы ынактык кызматына көтөрүлдү. Ал түркмөн урууларына каршы күрөш алып барды. Бирок баштап жеңилип калып, Бухара амирлигине – Даниялбий аталыктын алдына кетти. Түркмөн уруулары Харезмди ээлешти жана Хазарасп, Ханка, Үргөнч, Кыят, Шахабад шааларынын ойронун чыгарышты. Ачарчылык жана өлөт таралып, калк Аралбоюна жана Бухарага кетүүгө аргасыз болду.

Бухара амирлигинин жардамына таянган Мухаммад Амин ынак 1770-жылы Бухарадан кайтып келди жана түркмөн урууларын Харезмден кууп салды жана жергиликтүү бектерди да баш ийдирүүгө жетишти. Ошентип Хива хандыгында бийлик анын колуна өттү.

Мухаммад Амин өлкөдө салыштырмалуу саясий бейпилдик жагдайын жарата алды. Булардын бардыгы өлкө экономикасынын жогорулашын камсыз кылды. Жан сактаганы башка жерлерге көчүп кеткен жарандар кайра кайтып келе башташты.



http://eduportal.uz




Ошентип, 1770-жылы хандыкта коңураттар династиясынын бийлиги орнотулду. Бирок бул династия чыңгызийлер тукумуна таандык болбогондуктан, такта мурдагы династиянын өкүлдөрүн сактап келишти. Алар чындыгында жалган хандар болуп, иш жүзүндө эч кандай бийликке ээ болушпаган.

Аваз Мухаммад ынактын тушунда Хива хандыгы экономикалык жактан кыйла оңолду. Мухаммад Амин (1770–1790) да, анын уулу Аваз (1790–1804) да мамлекеттик бийликти ынак наамы менен башкарды. Аваздын уулу Элтузар гана 1804-жылы өзүн хан деп жарыялады. Бул күн хандыктын тарыхына коңураттар династиясынын бийлиги расмий түрдө орнотулган дата иретинде кирди. Династия 1920-жылга чейин Хива хандыгын башкарды.

Элтузархан хандыкта борборлошкон мамлекеттик саясат жүргүзүүгө аракеттенди. Бирок 1806-жылы Хива–Бухара согушунда курман болду.

## Мухаммад Рахимхан I дин тушунда Хива хандыгы

Элтузархан кайтыш кылгандан кийин, такка анын иниси Мухаммад Рахимхан I отурду. Мухаммад Рахимхан I Хива хандыгын саясий жактан бириктирүүгө киришти. Бул өтө маанилүү, керек болсо, өлүм менен жашоонун маселеси эле. Анткени Россия тарабынан бекемделген Оренбург линиясынын пайда болушу Хива хандыгына түздөн-түз кооп салган. Экинчиден, Бухара амирлигинин чабуулдарына каршы туруу да зарыл эле. Хандыкты саясий жактан бириктирбестен жана борбордук бийликти чыңдабастан туруп чет өлкөлөр коопунун күчүн азайтыруу кыйын эле. Бириктирүү жараяны түркмөн урууларын бай ийдирүүдөн башталды. Түркмөндөрдүн түрдүү уруулары канчалык катуу каршылык көрсөтпөсүн, биринин артынан бири баш ийдирип барылды. Баш ийүүнү каалабаган явмут уруусу Хорасанга көчүп кетти. Бирок Иран өкмөтүнүн басымы астында жана жайлоо аянтынын жоктугу натыйжасында кайра Хива хандыгынын аймагына кайтып келишти. Эми алар Хива ханы тарабынан бөлүп берилген аймакка жайлашууга аргасыз болушту. Ошол доордон баштап, явмут уруусунун тагдыры Хива хандыгы менен толук байланды жана хандык жарандарынын курамына алынды. Аларга да салык төлөө белгиленди. Ошондой эле, хандын кошуунуна белгиленген санда навкар жиберүү милдеттенмеси да жүктөлдү.

Алар хан кошуунунда чын жүрөктөн кызмат кылышты. Мухаммад Рахимхан I өзбектер менен түркмөндөрдөн түзүлгөн *„хан навкарлари“* деп аталган регулярдуу кошуунга таянып, ири ак сөөктөрдүн жана Аралбою өзбектеринин каршылыгын сындырды. 1811-жылы болсо каракалпактар да баш ийүүгө аргасыз болду. Ошентип, Мухаммад Рахимхан I дин тушунда хандык саясий жактан бириктирилди. Ошол эле учурда, анын аймактары дагы да кеңитилди.



http://eduportal.uz

**Мухаммад Рахимхан-дын реформалары**

Өлкөдө салыштырма туруктуулук камсыздалды. Ошол эле учурда, мамлекеттик башкарууда, салык системасында реформалар өткөрүлдү. Бажыкана кызматы жана зарбкана (тыйын согуучу жер) түзүлдү. 1809-жылы алтын тыйындарды согуу жолго коюлду. Мамлекетти башкаруу жаатында өткөрүлгөн реформа боюнча, хандын алдында жогорку башкаруу органы – Жогорку Кеңеш түзүлдү.

Укугу чектелген болсо да, Кеңеш мамлекетте хандын буйруктарын бекитүүчү, аткаруучу жана сот бийликтери милдетин аткарды. Жогорку Кеңешке хандын өзү жетекчилик кылды. Жогорку Кеңештин ишинде хандын жакын туугандары, мехтар, кошбеги, деванбеги, накиб, шайхулислам, башкы казы, ынак, аталык жана бийлер катышкан. Жогорку Кеңештин чогулушу аптада бир жолу өткөрүлгөн жана анда мамлекеттин ички жана тышкы саясатына тиешелүүү эң маанилүү маселелер каралган. Ошол эле учурда, хандык турмушуна тиешелүү күндөлүк маселелерди чечүү үчүн *Чакан Кеңеш* да түзүлдү. Бул кеңештин ишинде хандан тышкары мехтар, кошбеги, деванбеги, накиб жана шайхулислам катышкан.

Салык системасында өткөрүлгөн реформа боюнча, салыктардын туруктуу өндүрүлүшү камсыздалды. Бул жерден алынган салыктын жергиликтүү акимдер тарабынан чогултулушуна чек коюу, салыктардын хан тарабынан дайындалган мансап адамдары тарабынан чогултуу тартибин орнотуу аркылуу аткарылды. Ошол эле учурда, жер салыгынын кыйла бөлүгү акчалай жыйналып, алардын бардыгы жалпы мамлекеттик казнага чогултулчу болду. Ошондой эле, бажыкана кызматынын түзүлгөндүгү жана алтын тыйындар согулуп, мамилеге чыгарылгандыгы мамлекет казнасында түшүмдүн көбөйүшүнө кызмат кылды. Мухаммад Рахимхан I өлкөдө ичкилик менен баңгиликке тыюу салды.



1809-жылы согулган алтын тыйын (Хива)

**Хива хандыгы Аллакулихандын тушунда**

Мухаммад Рахимхан I 1825-жылы кайтыш кылгандан кийин, тактыы чоң уулу Аллакулихан ээледи (1825 – 1842). Ал мамлекеттин экономикасын дагы да көтөрүү мак-

сатында жаңы өстөндөрдү каздырып, сугат жерлерди кеңитти. Мындан тышкары, мамлекетти көрктөндүрүү боюнча ири жаратуучулук иштерин жасады. Алсак, Арабхан жана Мухаммад Амин ынак медреселери кайрадан курулду. Ошондой эле, өзүнүн ысымы менен аталган медресе, кербен сарай, тим, 111 бөлмөлүү Ташхавли (Аллакулихан) сарайы жана башка көптөгөн архитектуралык имараттарды курдурду. Анын доорунда мозаика өнөрү туу чокусуна чыкты. Бул көркөм өнөр, айныкса, Пахлаван Махмуд күмбөзүн жана Көөнө аркты мозаика менен кооздоодо таасын көрүндү. Ошол эле учурда, Хива шаарынын айланасы коргонуу дубалы менен курчалды. Шаардын ички бөлүгүнөн тышында жашаган калктын коопсуздугун камсыздоо максатында 6250 метрлүү тышкы чеп курулду.

Аллакулихан борбордук бийликтен көз карандысыз болууга умтулган түркмөн жана каракалпактардын көтөрүлүштөрүн ырайымсыздык менен бастырды. Ал 1842-жылы кайтыш кылды жана анын сөөгү тирүүлүгүндө даярдап койгон Пахлаван Махмуд күмбөзүнө коюлду.

?

1. Коңураттар династиясы бийликке келишинин алдындагы Хива хандыгындагы саясий жагдай жөнүндө эмнелерди билип алдың?
2. Коңураттар династиясы кандай жол менен бийликти ээледи?
3. Мухаммад Рахимхан I дин өлкөдө салыштырмалуу саясий туруктуулукту камсыздай алгандыгынын себептерин жаз.
4. Мухаммад Рахимхан I өткөргөн экономикалык реформалар кандай натыйжа берди?
5. Мухаммад Рахимхан I мамлекеттик башкаруу жаатында кандай реформа өткөрдү?
6. Аллакулихан ишке ашырган жаратуучулук иштери жөнүндө эмнелерди билип алдың?

## 25-§. Хива хандыгында мамлекеттик башкаруу

**Хандыктын аймагы жана калкы**

Хива хандыгы түзүлгөн доордо анын аймагы чоң болбогон. Хандык батышта Каспий деңизи, түндүктө Арал деңизи бассейни, түштүктө болсо Атрек дарыясы (азыркы Иран менен Түркмөнстандагы дарыя, узундугу 669 км, Каспий деңизине куюлат) жана Сарахстын (Түркмөнстандагы шаар) айланасына чейин болгон аймактарды өз ичине алган.



http://eduportal.uz

XIX кылымдын биринчи жарымында хандыктын аймагы аскердик аракеттер натыйжасында барган сайын кеңитилип отурду жана ошол кылымдын 40-жылдарында анын аймагы 19 миң км$^2$ ди түздү. Хандык казак жүздөрү, Иран жана Бухара амирлиги менен чектеш болду. Ошол эле учурда, XVIII кылымдан баштап Россия чек арасынын түштүккө жылып барышы натыйжасында эки мамлекеттин чек аралары жакындашты. Хандык калкынын жалпы саны 800 миң адамга жакын эле. Анын 65 пайызын өзбектер, 26 пайызын түркмөндөр, калган бөлүгүн болсо каракалпактар, казактар, кыйла көп болбогон арабдар түзгөн. Бул цифралар туруктуу болбогон. Анткени хандык аймагынын кеңейип барышы менен калктын саны да көбөйүп отурду. Борбор Хива шаарында 20 миңден ашуун калк жашаган.

Хандыктын бүткүл аймагы уруу-урук принцибинин негизинде бөлүштүрүлгөн. Алсак, Абулгазый Бахадырхан көчүп келген 32 өзбек уруусун 4 топко бөлдү. Алар: уйгур–найман, коңурат–кыят, нукуз–маңгыт, каңлы–кыпчак.

Бөлүштүрүү учурунда уруулардын үрп-адаттары, жашоо мүнөзү жана тууганчылык байланыштары, ошондой эле жайлашкан жер эсепке алынды. Ар бир урууну ынак башкарган. Ар бир уруу тобунан 4 адам эң жогорку мамлекеттик кызматтарга дайындалган. Хан ынактар аркылуу уруулардын турмушуна таандык маселелерди чечкен. Ынактар хандын эң жакын кеңешчиси иретинде сарайда жашашкан.

Хандыктын аймагы 23 административдик бирдикке бөлүнгөн. Ошондон 20 сы бектик (вилаят), 2 өөсү наибдик эле. Жыйырма үчүнчүсү болсо борбор Хива шаары жана анын айланасындагы аймактар эле. Вилаяттар болсо шаар жана мечит элине бөлүнгөн. Башкаруунун эң төмөнкү административдик бирдиги мечит эли (айыл) деп аталган. Вилаяттарды бектер, наибдиктерди наибдер, шаарларды акимдер жана мечит элин болсо аксакалдар башкарган. Аксакалдар мечиттин эли тарабынан шайланган жана хан тарабынан тастыкталган. Калган административдик бирдиктердин башчылары – бектер, наибдер жана акимдер хан тарабынан дайындалган. Хива жана анын айланасындагы аймактарды хандын өзү башкарган.

### Мамлекеттик түзүлүш жана башкаруу системасы

Хива хандыгы да Бухара амирлиги өңдүү абсолюттук монархия эле. Жогорку өкүмдар – *хан* мамлекет башчысы саналган. Хива хандыгы абсолюттук монархия болсо да, Бухара

амирлигинен айырмаланып, хандыкта, мурдагы темаларда айтылгандай, Жогорку жана Кичине Кеңештер иш жүргүзгөн. Жогорку Кеңеш, ошол эле мезгилде, тактын мураскору маселесин да чечкен.

Так атадан чоң уулга мурас болуп өткөн. Коңураттардын тушунда да болочок ханды ак кийизге отургузуп, анын төрт учунан хандыктын эң жогорку мартабалуу адамдары такка чейин көтөрүп алып баруу салты сакталып калган. Башкы вазир мансабына дайындалган мансап ээси *мехтар* деп аталган. Бул кызматка отуруктуу калк өкүлдөрүнүн арасынан дайындалган. Ошондой эле, ал вазири аъзам, дастури мукаррам, низам ал-мүлк наамдары менен улууланган.

Кийинки мартабалуу мансап адамы *кошбеги* болсо хандыкта чогултулган салыктардын мамлекеттин казнасына түшүшүн камсыздаган жана каржы иштери үчүн, ошондой эле, кошуундун абалы үчүн жооптуу болгон. Бардык аскердик аракеттерде катышкан. Ал амир, „сахиби девани аъла“ наамдары менен улууланган. Кошбеги көчмөн уруулардын өкүлдөрү арасынан дайындалган. Борбордук бийликтин күчөшү натыйжасында мурда хандыкта өтө чоң абройго ээ болгон ынактардын орду XIX кылымдын биринчи жарымынан баштап төмөндөп отурду. Мухаммад Рахимхан I сарайдагы мансап адамдары санын 360 адамдан 100 адамга түшүрдү. *Бий, аталык* жана *ынак* мансаптарын жойду. Хандыкта 3 деван (вазирлик) иш жүргүздү. Алар чарбалык, социалдык-саясий жана аскердик иштер менен алектенген девандар эле. Алардын ишине *деванбеги* жетекчилик кылган. Хандыктын курамындагы казак жана каракалпактар болсо өздөрүнүн бийлери, түркмөндөр болсо алардын өкүлү тарабынан башкарылган. Алардын кызматы укумдан тукумга мурас болуп өтсө да, кандидатурасын хан тастыктоого тийиш эле. Жогорку Кеңештин мүчөсү – *жасоолбашы* хандыктын коопсуздук кызматын башкарган. Хандын корголушу жана сыр сакталган мамлекет документтеринин сакталышы үчүн жооптуу болгон. Согуш аракеттери учурунда кошуунга кол башчылык кылган жана түркмөн урууларынан түзүлгөн аскердик бөлүктү да башкарган. Хандыкта *мурап, парваначы, кутвал, шыгавул* (чет өлкө мамлекеттеринин элчилерин кабыл алуучу жана алардын камсыздоосу үчүн жооптуу мансап ээси), *махрам* (хандын сыр сактоочу кеңешчиси, өзгөчө тапшырмаларын аткаруучу, зарылчылык туулганда элчи кылып жөнөтүлө турган мансап адамы) сыяктуу кызматтар да бар эле.

**Сот иштери** Хандыкта сот иштери ислам дини укук таануучуларынын колунда эле. Ар бир бектикте 1 ден 4 кө чейин казы болгон. Казылыкка ислам укугунун эң билимдүү өкүлдөрүнүн арасынан сыноо өткөрүү жолу менен иргеп алынган. Жеңүүчүлөр хандын буйругу менен тастыкталган. Жеңүүчүнүн казы кылып дайындалганы жөнүндө аларга хандын ярлыгы („ярлыгы хумаюну али“) берилген.

*Муфтий казы* өкүмүнүн шариатка канчалык туура келиши жөнүндө фатва чыгарган. Соттун токтому муфтий ага өзүнүн мөөрүн баскандан кийин гана расмий статуска ээ болгон. Хива шаарында 7 муфтий иш жүргүзгөн. Аларга ислам укугунун эң абройлуу өкүлү – *аълам* жетекчилик кылган. Ал муфтийлер берген корутундуну көрүп чыгып, аны же тастыктаган, же болбосо кайтарган. Соттун иши боюнча даттануулар Хива шаарындагы 2 Жогорку казы тарабынан үйрөнүп чыгылган. Алардын бири *казы калон*, экинчиси болсо *казы ордо* эле. Ошол эле учурда, *казы хасс* мансабы да болуп, ал хандын үй-бүлөсү мүчөлөрү ортосундагы маселелерди көрүп чыккан.

*Казы аскер* болсо кошуундагы ислам мыйзамдарынын бузулушу менен байланыштуу иштердин үстүнөн өкүм чыгарган. *Накибдер* – пайгамбардын урпактары жамаатынын өкүлдөрү болуп, коомдун диний турмуш жагы үчүн жооптуу эле. Алар хандын эң ишеничтүү адамдарынан саналган жана аскердик аракеттер учурунда дайыма аны коштоп жүрүшкөн. Ошондой эле, алар билим берүү иштери үчүн да жооптуу эле. *Раис* (казы раис) болсо коомдо шариат мыйзам-эрежелерине канчалык баш ийилип жаткандыгынын абалын, ошондой эле, ата-энелердин балдарын мектепке жиберип жатышканын көзөмөлгө алган.

**Аскердик иш** Хива хандыгында Мухаммад Рахимхан I дин тушунда регулярдуу кошуун түзүлдү. Бул кошуун *хан навкарлари* деп аталды. Анын жалпы саны 2 миң жоокерден турган. Кошуундун башкы кол башчысы *жасоолбашы* деп аталган.

Тынчтык учурунда хандын навкарлари ханды жана анын үй-бүлөсүн да коргогон. Кошуун жана аскердик мансап адамдары Хива шаарына жакын жерден белгилүү санда жер майданы жана маяна менен камсыздалган. Хандыкта, ошондой эле, *регулярдуу эмес кошуун* – элдик лашкер да бар эле. XIX кылымдын ортолорунда алардын саны 9 – 10 миң адамды түзгөн. Бирок Бухаранын кошуунунан айырмалуу түрдө Хива хандыгынын туруктуу кошууну атайын аскердик кийим-кечеге ээ

http://eduportal.uz

болбогон. Жоокерлер, негизинен, ар түрдүү тондорду кийген. Хандыкта мамлекеттин чек арасын коргоо үчүн да кошуун ажыратылган. Чек ара кошуунуна *кароолбеги* кол башчылык кылган.

1. Хива хандыгынын аймагы жана калкынын курамы жөнүндө эмнелерди билип алдың?
2. Абулгазый Бахадырхан эмне үчүн Кыпчак Талаадан көчүп келген урууларды топторго бөлүп жайлаштырды?
3. „Ынактар башкаруусу“ дейилгенде, эмнени түшүнөбүз жана ал качандан башталды?
4. Хандыктагы эң жогорку мансап – мехтар жана кошбеги кызматтарын бирин-бирине салыштыр.
5. Хива хандыгында соттоону ишке ашыруу кандай тартипте жүргүзүлгөн?

Жасоол жана махрам кызматтарын бирин-бири менен салыштыр. Окшош жана айырмалуу жактарын дептериңе жаз.

## 26-§. Хива хандыгында социалдык-экономикалык турмуш. Шаарлардын турмушу

### Жер ээлөөчүлүк мамилелери

Жер хандыктын негизги байлыгы эле. Бардык жер мамлекеттин мүлкү саналган. Ээлөөчүлүк формасы боюнча Хива хандыгынын жерлери да *мамлекет* (падыша), *мүлк* (менчик жерлер) жана *вакф* жерлерине бөлүнгөн. Мамлекет жерлеринин бир бөлүгү ханга жана анын тууган-уруктарына, ошондой эле жогорку мартабалуу динчилдерге таандык болгон.

Ханга таандык жерлер *мүлкү калыс, мүлкү хасса, амлаки хасса, мүлкү атайына* наамдары менен аталган.

Ханга таандык жерлерден мамлекеттин казнасына салык төлөнбөгөн. Ири мартабалуу мансап адамдарына мамлекеттин алдындагы кызматтары үчүн *тархан жерлери* берилген. Тарханды мураска калтырууга, башкага өткөрүүгө тыюу салынган. Андан убактылуу пайдаланууга гана болор эле. Мамлекет жерлеринин бир бөлүгү менчик мүлк түрүндө сатылган. Ошентип, жер ээлөөчүлүктүн мүлк (менчик жерлер) формасы пайда болгон. Жердин менчик мүлк кылып сатылгандыгы жөнүндө мамлекеттин атынан келишимге кол коюлган. Ошондон кийин жердин сатып алынгандыгы жөнүндө мүлк ээсине васика (документ) берилген. Мамлекет

http://eduportal.uz

жерлеринин дагы бир бөлүгү майда дыйкан чарбаларынын колунда болгон. Мамлекеттин казнасына киреше, негизинен, мына ошол жерлерден түшкөн. Алсак, 10 танаптан ашуун жер берилген чарбалар 3 дилдеден, 5 танаптан 10 танапка чейин жер берилгендер 2 дилдеден, 5 танапка чейин жер берилгендер жылына 1 дилдеден салык төлөшкөн. Мамлекеттин жерин ижарага алгандар *беватан*, менчик жерлерди ижарага алгандар *коранда*, вакф жерлерин ижарага алгандар болсо *вакфчы* деп аталган. Ижарага алынган 15 танап жерди иштеткен жерсиз дыйкандар 34, 10 танап жерге 23 жана 5 танап жерге болсо 12 күмүш тыйын өлчөмүндө салык төлөгөн.

Хандыкта вакф жерлери кең таралган эле. Анын көлөмү сугарылган жана калк жашаган жерлердин 40 пайызга жакынды түзгөн. Вакф жерлери да, жогоруда айтылгандай, ижарага берилген.

Хива хандыгында шарттуу (убактылуу) жер ээлөөчүлүктүн башка эки өзбек мамлекеттеринде болбогон *атчан* деп аталган формасы да бар эле. Хиванын хандары аскердик жортуул учурларында, негизинен, түркмөн урууларынын атчандарына таянышкан. Аскердик кыймылдын кандай натыйжа менен аякташы көп жактан алардан көз каранды эле. Ошондуктан ар бир атчанга пайдалануу үчүн 30–50 танап жер мүлкү берилген. „Атчанды“ алган жер ээси хан талап кылган учурда бир атчан жоокерди куралдандырып, хандын алдына жиберген. Жерлер ар үч жылда бир жолу кайра каттоодон өткөрүлгөн.

Өтө ыңгайсыз табигый шартта эгинзарларга суу чыгаруу жана дыйканчылык кылуу хандыкта кыйла оор эмгекти талап кылган. Эмгекчил эл бул кыйынчылыктарды кужүрмөндүк менен жеңип өткөн.

Эмгекчил эл айыл чарба продукцияларын өтө оор табигый шарттарда өстүргөндүгү үчүн адилетти сактаган түрдө, ижарага алгандардын үлүшү алынган түшүмдүн 75 % ын түзгөн.

### Салык жана милдеттенмелер

Бардык мамлекеттерде болгону сыяктуу, Хива хандыгында да калк төлөгөн салыктар жана алар өтөтгөн милдеттенмелер белгилеп коюлган. Хандыктагы негизги салык жер салыгы болуп, ал *салгут* деп аталган. Кол өнөрчүлөр, тышкы соода менен алектенген соодагерлер, малчылар *зекет* төлөшкөн. Анын өлчөмү мүлк баасынын 2,5 % ын түзгөн. Кээ бир учурларда бардык салык жылдын башталышында же бир нече жылдык салык мурдатан өндүрүлүшү мүмкүн эле. Салыкка

тартуунун бул түрү *барат* деп аталган. Мындан тышкары, калк *бегар* деп аталган расмий түрдө 12 күндүк мамлекет милдеттенмесине тартылган. Бегар учурунда айылдын ар бир үй-бүлөсүнөн бирден адам алынган. Алар ар жылы өстөн казууда, сугат курулуштарын тургузууда же ремонттоодо, жолдорду оңдоодо жана түрдүү имараттардын курулушунда эмгектенишкен.

**Борбор шаарлар**

Харезм мамлекетинин (кийинчерээк Хива хандыгынын) тарыхында Көөнө Үргөнч, Вазир, Жаңы Үргөнч жана Хива борбор статусуна ээ болгон шаарлар саналат. Көөнө Үргөнч (чыныгы аталышы Гүрганж) биздин заманга чейинки I кылымдагы булактарда кездешет. X кылымдын экинчи жарымында Харезмде борбору Гүрганж шаары болгон амирлик түзүлдү. Амир Маъмун ибн Мухаммад 995-жылы Кат шаарындагы харезмшахтар бийлигин кулатты жана өзүн Харезмдин өкүмдары – Харезмшах деп жарыялады.

Ошентип, Гүрганж Харезм мамлекетинин борборуна айланды. Шаар тез темптер менен өнүктү. Илим жана билим туу чокуга чыкты. Харезмшах маъмунийлер түзгөн илим-билимдин борборунда (Маъмун академиясында) Абу Райхан Беруний, Абу Али ибн Сина сыяктуу заманасынын ондогон окумуштуулары ошол билим очогунда иш алып барышкан. Көөнө Үргөнч Улуу Харезмшахтар мамлекетинин да борбору болгон. Бирок шаар Чыңгызхан жетекчилигиндеги моңгол кошууну тарабынан ойрондолду.

22-темада белгиленгендей, Амударыя өзүнүн өзөнүн өзгөртүп, Каспий деңизине эмес, Арал деңизине куюла башташы натыйжасында Гүрганж шаары суусуз калды. Натыйжада, адамдар ар тарапка көчүп кете баштады. Хиванын ханы Абулгазий Бахадырхан 1646-жылы башка шаар – Жаңы Үргөнч шаарын курдурду. Тентиреп жүргөн калкты ошол шаарга көчүртүп келди. Мурдагы Гүрганж (Үргөнч) шаары эми Көөнө Үргөнч деп аталчу болду. Абулгазый Бахадырхандын уулу Анушахандын бийлиги тушунда Жаңы Үргөнчкө жакын жерде Шахабад деп наам берилген чоң өстөн казылды. Өстөн шаардын көрктөндүрүлүшүндө чоң мааниге ээ болду.

**Хива шаары**

Хива Харезмдин эң белгилүү жана эң байыркы шаары болуп саналат. Ал биздин заманга чейинки V кылымда



http://eduportal.uz

курулган. Анын бүткүл тарыхы Харезмдин тарыхы менен тыгыз байланышта болуп келди. Хиванын атагы чыккандыгы курулган доорлордон эле ал аркылуу Чыгыш менен Батышты байланыштырган соода жолунун өткөндүгү менен түшүндүрүлөт. Хива XVII кылымдын биринчи чейрегинен 1920-жылга чейин хандыктын борбору болуп келди. 1997-жылы (эл аралык ЮНЕСКО уюмунун токтому менен) Хива шаарынын 2500 жылдыгы чоң майрам жана сыймык менен белгиленди. Шаар дүйнөдө „Миң күмбөз шаары“ наамы менен да белгилүү.

XIX кылымдын биринчи жарымында Хива шаарында эки хан сарайы, он жети мечит жана жыйырма эки медресе болгон. XIX кылымда Хива шаары бири-биринен дубал менен ажырап турган эки бөлүккө – Ичан калаа (Ички шаар) жана Дишан калаа (Тышкы шаар) га бөлүндү.

**Ичан калаа**

Ичан калаа ата-бабаларыбыздан калган Орто Азиядагы ири жана сейрек кездешүүчү архитектуралык эстелик болуп саналат. Ичан калаа Хива шаарынын ички чеп (Шахристан) бөлүгү эсептелет. Ичан калаа Дишан калаадан дубал менен ажыралып турат. Ага Багча, Палван, Таш жана Ата деп аталган төрт дарбаза аркылуу кирилген. Харезм өлкөсү архитектурасынын укмуш эстеликтери – медресе, мечит, хан сарайы, административдик имараттар, башкы майдан жана мунаралар Ичан калаада жайлашкан. Мухаммад Рахимхан, Аллакулихан жана Мухаммад Аминхандын бийликтери



Хива. Ичан калаа.

тушунда Ичан калаада кең көлөмдүү жаратуучулук иштери алып барылды. Заңгыраган сарай, медресе жана күмбөздөр курулду. Көөнө арктагы сарайдын курулушу аягына чыкты. Мухаммад Аминхан Ичан калаанын батыш бөлүгүндөгү Көөнө арктын алдына Калта Минар наамы менен белгилүү болгон мунараны курдурду. Ичан калааны куруудa Хиванын архитекторлору Орто Азияда байыртадан улантылып келе жаткан салт – имараттарды маңдай-тескей турушунда куруу усулунан пайдаланышкан. Бул усул „кош“ деп аталат. Мындан тышкары, имараттарды өз алдынча ансамбль түрүндө куруу салттарына да баш ийишкен. Мисалы, Палван дарбазасынын алдындагы бир нече мечит, медресе, мончо, токи, кербен сарай жана хан сарайы мына ошондой өзүнө мүнөздүү ансамблди түзөт. Сейрек кездешүүчү архитектуралык эстелик болгон Ичан калаа 1961-жылы архитектуралык эстелик иретинде өзгөчө коргоого алынды жана музей-корукканага айландырылды. Анын аянты 26 га ны түзөт. Ал жерде 54 тарыхый-архитектуралык эстелик жайлашкан. 1969-жылдан музей-коруккана „Ичан калаа музей-корукканасы“ деп аталды. 1990-жылы Ичан калаа Бүткүл дүйнөлүк эстеликтер тизмесине киргизилди.

### Дышан калаа

Дишан калаа – Тышкы чеп Хива шаарынын рабод бөлүгү эсептелет. Анда соода жана кол өнөрчүлүк дүкөндөрү, маалалар жайлашкан. 1842-жылы Хиванын ханы Аллакулихан Хива шаарын тышкы душмандардын чабуулунан сактоо максатында шаарды узундугу 6250 метр, бийиктиги 7 – 8 метр, ал эми калыңдыгы болсо 5 – 6 метр болгон дубал менен курчаган. Ичан калаа 4 дарбазалуу болсо, Дишан калаа 10 дарбазалуу болгон.

### Ички жана тышкы соода

Хандыктын ички жана тышкы соодасы барган сайын өнүгүп отурду. Ички соодада Хиванын үстү туюк базары өзгөчө мааниге ээ болгон. Хандыктан, негизинен, каракөл тери, килем, кол өнөрчүлүк продукциялары Иран, Индия, Кытай жана Осмонийлер сыяктуу мамлекеттерге экспорт кылынган. Хива хандыгынын Бухара, Иран жана Ооганстан менен соода жүргүзгөн соодагерлери „бухарачы“ деп аталган. Хивалыктар Иранга жибек, каракөл көрпө, жаш козунун терисин, күнжүт, буудай жана түркмөн жылкыларын алып барышкан. Хиванын соодагерлери Ирандан мурч, имбир сыяктуу инди товарлары менен бирге жибек кездеме, бирюза, селде үчүн иштетилчү кирманшах шалдарын алып келишкен. Россия менен болгон соода Хива хандыгынын экономикалык турму-

http://eduportal.uz

шунда чоң мааниге ээ эле. Хива Россияга пахта, жүн, жибек чыгарган. Россиядан болсо жип, кездеме, нооту, кант жана кум шекер, металл буюмдар, темир, жез, чоюн алып келишкен. Соода бир калыпта болбосо да, өнүгүп отурду. 1844-жылы Хива Россияга 137 миң рублдук, 1867-жылы 1,5 миллион рублдук товар экспорт кылды. Россиядан тиешелүү түрдө 270 жана 486 миң рублдук товар алып келинди. Бул Хиванын товар чыгарышын 23 жылдын ичинде 10 эсе, товар алып келишин болсо 1,5 эсе көбөйгөнүн билдирет. Россия, ошол эле мезгилде, Хиваны дүйнөлүк базар менен байланыштыра алган таянычына да айланды. Ошондуктан соодагерлер бул байланышты дагы да чыңдоого умтулушту.

?

1. Хива хандыгында жер ээлөөчүлүк формасынан Бухара амирлигинде кездешпеген жактарын тап.
2. Жерден пайдалангандык үчүн төлөнчү салыктардын саны эмнеден көз каранды эле?
3. Мамлекет кандай салыктарды киргизген эле?
4. Көөнө Үргөнч жана Вазир шаарлары жөнүндө эмнелерди билип алдың?
5. Хива эмнеси менен дүйнөнү таң калтырып келүүдө?
6. Хива – Россия соода байланыштарынын өнүккөндүгүн тастыктоочу мисалдар келтир.

## 27-§. Хива хандыгынын тышкы саясаты

**Хандыктын Азия мамлекеттери менен байланыштары**

XIX кылымдын биринчи жарымында Хива хандыгынын Бухара, Кокон, Ооганстан, Иран, Индия жана Түркия сыяктуу мамлекеттер менен соода-экономикалык жана элчилик мамилелери өнүктү. Буга, бир жактан, Хива хандыгынын ортоазиялык соодагерлер менен Ажы сапарына баруучулардын Каспий деңизи аркылуу ыйык Мекке жана башка шаарларга баруучу жолдун тоомунда экендиги, экинчиден, чет өлкөлөр менен сооданы өнүктүрүү мамлекеттин казнасына киреше алып келе жаткандыгы себеп болгон.

Мурдагы темалардан белгилүү болгондой, Хива–Бухара мамилелери дайым эле ысык боло бербеген. Мындай жагдай кийинчерээк да улантылды. Алсак, алардын таламы Марв вилаятында да кагылыш кел-



http://eduportal.uz

ди. Анткени, Марв Орто Азия өлкөлөрүн Иран менен байланыштырган маанилүү соода жолдорунун тоомунда жайлашкан эле. Ошондуктан XIX кылымдын биринчи жарымында бул эки мамлекеттин ортосунда бир нече жолу согуш жүрдү. Алсак, Мухаммад Рахимхан I 1822-жылы Марвды Бухарадан кайтарып алды. Ошондон кийин да Марв үчүн күрөш токтободу. Эки мамлекеттин ортосунда бир нече жолу жүргөн согуштардан кийин, аягында, 1845-жылы Хива хандыгы Марвды толугу менен өзүнө кошуп алды. Бирок мамилелер канчалык кескин болбосун, өз ара соода байланыштары токтоп калганы жок.

1812-жылы Хивага Иран жана казактардын Орто жүз хандыгынан элчилер келген. Алар менен мамлекеттик чек аралардын коопсуздугу жана соода маселелеринде келишим түзүлдү. XIX кылымдын баштарында Хива менен Ооганстандын ортосунда элчилик мамилелери орнотулду. Мухаммад Рахимхан I Ооганстанда бийлик үчүн күрөшүп жаткан шах Махмуддун экинчи жолу бийликке келишине жардам да берди. Жооп иретинде Ооганстан Хива хандыгынын соодагерлерине Кабул базарларында эркин соода кылуу укугун берди.

Хива хандыгы Кокон хандыгы менен да мамилелерди бекемдөөгө аракеттенди. Алсак, 1843–1844-жылдарда Хивага Кокон хандыгынын элчилери келди. Сүйлөшүүлөр аркылуу эки мамлекеттин ортосунда достук орнотууга, соода мамилелерин дагы да өнүктүрүүгө келишилди. Турган сөз, тигил же бул өлкөгө чет өлкөлөрдөн соодагерлердин тынымсыз келиши алар үчүн түзүлгөн ыңгайлуу шарттардан да көз каранды эле. Ошондуктан Хиванын хандары чет өлкөлүк соодагерлерге ушундай шарт түзүү маселесине өзгөчө көңүл бурушкан. Алсак, Аллакулихан укмуштуу архитектуралык эстелик, хан усталарынын жогорку чеберчилигинин бири болгон Кербенсарай комплексин курдурду. Бул комплекс 14 күмбөздүү тим (туюк базар), кербенсарай жана амбарканадан турган. Базарда Индия, Кытай, Иран, Россия, Бухара жана Кокон сыяктуу өлкөлөрдөн алып келинген товарлар сатылган. Кербен сарай эки кабаттуу болуп, 105 үжрөдөн турган. Хива хандыгынын анары, коону, жүзүмү, алмуруту, анжири менен өрүгүнүн таттуулугу чет өлкөлөрдө да белгилүү эле.

### Хива – Россия мамилелеринин өзүнө мүнөздүү жактары

Хива-Россия мамилелеринин өзүнө мүнөздүү жагы, өз ара соодадан эки мамлекет тең бирдей пайда тапкан. Хиванын соодагерлери үчүн Россияга барган соода жолдору коопсуз эле. Ошондой эле Хива хандыгында Россиянын завод-фабрикаларында

өндүрүлгөн керектөө товарларына талап күчтүү эле. Ошону менен бирге, Россия Хива хандыгына өзүнүн товарларын саткан базар деп караган. Россиянын товарлары Европанын алдыңкы мамлекеттеринин товарлары менен теңтайлаша албаган бир доордо бул абдан маанилүү эле. Экинчиден, Хива хандыгы Россиянын өнөр жайы үчүн зарыл чийки затты арзан баада жеткирип берген өлкө эсептелген. Хивадан Россияга пахта, жибек, бөз, килем, кол өнөрчүлүк товарлары, кургатылган мөмө жана башка продукциялар алып барылган. Хиванын соодагерлери Нижний Новгород шаарында өткөрүлгөн ярмаркаларда катышкан. Россиядан Хивага болсо металл, токуучулук продукциялары, түрдүү түстөгү боёктор, булгаары, курал-жарак алып келинет эле.

### Хива – Россия мамилелеринин кескиндешүүсү

Бирок эки мамлекеттин ортосунда жылуу кошуначылык мамилелеринин орнотулушуна эки жактын тең Кичи жүз казактары менен каракалпактарды өздөрүнүн жарандары деп эсептеши, ошондой эле, өз ара соодадан алынган бажынын көлөмү боюнча көпкө бир токтомго келе адышпаганы тоскоолдук кылып жатты.

Максаты Орто Азияны ээлөө болгон падышалык Россия Орто Азия мамлекеттерине, ошонун катарында, Хива хандыгына түрдүү шылтоолорду таап, басым жасоону күчөтүп отурду.

Россия 1822-жылы Орто жүз, 1824-жылы Кичи жүз хандыктарын баш ийдирди. Эми Россиянын чек арасы тикеден-тике Хива хандыгынын чек арасына жакындашып калды. Мындай шарттарда Хива хандыгы казактын чөлдөрү эки мамлекеттин ортосунда бирин-биринен ажыраткан аймак болуп калышы үчүн аракет жасады. Бирок, Россия муну каалаган жок. Натыйжада, эки мамлекеттин ортосундагы мамиле кескиндешти.

Бул арада Улуу Британиянын разведкасы Орто Азия хандыктарына тымызын кирип келе баштады. Улуу Британия товарларынын хандыктар базарларын толтуруу коопу да туулду. Ушундай шарттарда Россия өкмөтү Хива хандыгына койгон талаптарынын көлөмүн барган сайын кеңитип отурду. Алсак, ал Хивадан Амударыяда Россия соода кемелеринин сүзүшүнө уруксат берүүнү да талап кылды. Убакыт өтүшү менен Россия Хива менен мамилени аскердик күч аркылуу жөнгө салуу жолун тандады. Ошол максатта 1839-жылы В. Перовскийдин аскердик экспедициясы уюштурулду. Бирок Устюрттун ызгаар суугу, азык-түлүк, жем-чөптүн жетишсиздигинен экспедиция оңунан чыкпады. Натыйжада, В. Перовский артка кайтууга аргасыз болду. Бирок экспедиция изсиз

http://eduportal.uz

кетпеди. В. Перовскийдин экспедициясы Хиванын ханын Россия менен келишим жолун издөөгө аргасыз кылды.

**„Милдеттенмелер акты“** Россия өкмөтү эми Хива хандыгына өзүнүн өкүмүн зордоп өткөрүүгө киришти. Бул максатка жетишүү үчүн Г. Данилевский башчылыгындагы элчилик миссиясын жөнөттү.

Сүйлөшүүлөрдүн аягында Россиянын басымы астында 1842-жылдын 27-декабринде Хива–Россия ортосунда “Милдеттенмелер акты” деп аталган келишимге кол коюлду. Келишимде Хива ханынын Россия менен тынчтык, бекем достук мамиледе болушу жарыяланды. Хиванын ханына, мындан тышкары, Россияга карата душмандык аракеттерин жасабастык, соода кербендерин тонобостук, Россия жарандарынын менчик жана мүлк коопсуздугун камсыздоо сыяктуу милдеттер жүктөлдү.

Бул деген Россиянын өзүнүн каалоо-тилектерин зордоп аткартуудан башка нерсе эмес болчу. Ошондой эле, эки мамлекеттин ортосундагы соода мамилелерине да өзгөчө көңүл бурулду. Бул маселеде да Россия өзүнүн каалоотилектерин зордук менен кабыл алдырды. Алсак, бажы төлөмдөрү Россия товарлары наркынын 5 % пайызынан ашпастыгы белгилеп коюлду. Бирок, Россия келишимдин мына ошол пунктун да иш жүзүндө аткарбады. Натыйжада, өз ара мамилелер барган сайын кескиндешип отурду.

1847-жылы Россия хандыктарга алып баруучу жолдо аскердик чептерди курду. Бул чептер Россиянын саясатында Орто Азияны аскердик жол менен басып алуу жакты карай бурулуу жасалгандыгынын далили эле. Мындай жагдай өзбек мамлекеттерин ташпишке салып койду. Өзбек мамлекеттеринин Россияга каршы турушунда Улуу Британияга таянуу мүмкүндүгүнүн ыктымалы да өзүн актабады. Буга Россия – Улуу Британия мамилелеринде өзгөрүш болуп өткөндүгү себеп болду. Ооганстанга каршы согушта жеңилип калган Улуу Британия Россия менен келишүүнү чечти. Бул келишим боюнча, Россия Орто Азия менен чектелчү болду. Ошол эле учурда, Индияга чыгуу ниетинен баш тартты. Улуу Британия болсо Россиянын өзбек мамлекеттерине карата карманган саясатына каршылык көрсөтпөй турган болду. Ооганстан болсо Улуу Британия менен Россиянын Азиядагы колонияларынын ортосунда аларды ажыратып турган аймак иретинде кабыл алынды.



http://eduportal.uz

Өзбек мамлекеттери жекеленип калды. Аларды өз ара ынтымак гана сактап калышы мүмкүн эле. Тилекке каршы, өз ара карама-каршылыктын күчтүүлүгү жана Россиянын аскердик кудурети алдындагы алсыздыктын айынан пайда болгон коркунучтун алдында алар бириге алышпады.

• 1842-жыл – Россия – Хиванын ортосунда „Милдеттенмелер актына“ кол коюлду.

1. Хива хандыгынын Азия мамлекеттери менен мамилесине тиешелүү фактылар тизмесин түз.
2. Хива хандыгы чет өлкөлүк соодагерлер үчүн ыңгайлуу шарт түзүү максатында кандай чараларды ишке ашырды?
3. Хива – Россия мамилелеринде кескиндиктин башталышына эмнелер себеп болду?
4. „Милдеттенмелер акты“ келишиминин мазмуну жөнүндө сүйлөп бер.
5. Эмне үчүн өзбек мамлекеттери Россияга каршы турууда Улуу Британияга таянышы мүмкүндүгү орундалбай калды?
6. Эмне үчүн өзбек мамлекеттери Россиянын коркунучуна каршы өз ара баш кошо алышпайт?

## 28-§. Хива хандыгында маданий турмуш

**Маданий турмуш көрүнүшү**

Хива хандыгында башка эки өзбек мамлекети – Бухара амирлиги менен Кокон хандыгына караганда экономика менен маданиятты өнүктүрүүгө болгон умтулуу күчтүүрөөк эле. Мунун себеби Хива хандарынын максаты менен түшүндүрүлөт. Хандардын максаты болсо Харезмдин мурдагы аброюн калыбына келтирүү жана Орто Азиянын борбору болуу эле. Көөнө Харезм – бул өзбек мамлекетчилигинин фундаменти куюлган өлкө. Бул өлкөдө административдик Харезмшахтардын тушунда биринчи илим-билимдин борбору – Харезм Маъмун академиясы түзүлгөн. Ошондой эле, Харезм дүйнөнүн эң ири жана кудуреттүү империяларынан бири – Ануштегин Харезмшахтар империясы куралган журт.

Туура, Хива хандыгында илим-билимдин деңгээли административдик харезмшахтар доорунун илим-билими деңгээли менен теңеше албайт. Бирок өлкөнүн экономикалык мүмкүнчүлүктөрү жетиштүү болбосо да,

http://eduportal.uz

хандыкта шаар курулушуна, өстөндөрдүн казылышына, эң бай китепкананын жаратылышына аябай чоң каражат сарпталгандыгы ошол максат менен түшүндүрүлөт. Максат кандай болушуна карабастан, ал изгиликке кызмат кылды. Ата-баларыбыздан биз урпактарга дүйнөнү таң калтырган архитектуралык үлгүлөр мурас калды.

**Адабият**

Бул доор хандыктын адабиятында *Амир Авазбий уулу Шермухаммад* (псевдоними Мунис Харезмий) жана анын жээни *Эрниязбек уулу Мухаммад Ризо* (псевдоними Агахий) лар өзгөчөлөнүп турушат. *Мунис Харезмий* жаштык кездеринен адабият жана тарых илимдерине кызыгат. 1800-жылы атасы кайтыш кылгандан кийин, сарай катчысы болуп дайындалды. 1804-жылы биринчи ырларын өзүндө камтыган деван – „Девани Мунисти“ жаратты. Мунистин „Ашыктардын досу“ деваны 20 миңден ашуун саптан турат. Ал каллиграфтар тарабынан көчүрүлүп, мыкты китеп абалына келтирилген.

Бул доор адабиятынын дагы бир белгилүү өкүлү Агахий 1809-жылы Кыят айылындагы мураптын үй-бүлөсүндө төрөлдү. Хива медреселеринде билим алды. Араб жана фарс тилдерин мыкты ээледи. Айныкса, Алишер Наваийнин чыгармачылыгын кунт коюп үйрөндү. 1829-жылы аталаш тууганы Мунис кайтыш кылгандан кийин, Аллакулихан аны анын ордуна мурап мансабына дайындады. Анын акын иретинде жараткан чыгармалар жыйнагы „Ашыктар тумары“ деп аталат жана ал 19 миң саптан турат. Анын казалдары „Шашмакомдун“ бардык обондоруна түшөт. Агахий өз доорунун чебер котормочусу да эле. Ал *Саъдий Шеразийн*ин „Гүлстан“, *Абдурахман Жамийн*ин „Юсуф менен Зулайка“, *Низамий Ганжавий* „Хамсасынын“ кээ бир дастандарын өзбек тилине которду.

**Тарых**

Харезмдин тарых таануу мектебине негиз салган адам – бул *Абулгазийхан*. Ал өкүмдар жана тарыхчы окумуштуу иретинде тарыхта атагы чыкты. Өзүнүн „Шажараи түрк жана моңгол“ чыгармасы менен тарыхта наам калтырды. Чыгарманын „Такы Шайбанхан урпагынан Харезм мамлекетинде падышалык кылгандардын баяны“ деп аталган I главасы Харезмдин 1512 – 1663-жылдардагы тарыхына арналган. Абулгазийхан чыгармасынын баалуулугу – анын өзбек тилинде жазылгандыгында.

„Дастур ул-амал“ чыгармасы да Абулгазийхандын тапшырмасы менен жазылды. Тилекке каршы, бул чыгарма авторунун ысымы аныкталган эмес. Анда Жаангер Амир Темурдан баштап, Захириддин Мухаммад Бабурга чейинки темурийлердин санжырасы кыскача түшүндүрүлгөн. Ар бир



http://eduportal.uz

өкүмдарга кол жазманын бир бөлүмү арналган. Харезмдин тарыхы боюнча эң баалуу чыгармалардан бири „Фирдавс ул-икбол“ („Бейиш багы“) чыгармасы Мунистин калемине таандык болуп, анда Харезмдин байыркы доордон 1825-жылга чейин болгон тарыхы баяндалган. Бирок Мунис чыгарманы бүтүрө албады. Чыгарманын калган бөлүгү жээни Агахий тарабынан жазылды. Ошол эле учурда, Агахийнин өзү да „Мамлекеттин бейиш багы“, „Тарыхтардын мыктысы“, „Султан окуяларынын жыйнагы“ жана „Мамлекеттер гүлзары“ сыяктуу тарых илимине тиешелүү чыгармаларды жазып калтырды. Агахий „Мамлекеттин бейиш багы“ („Рияз уд-давла“) чыгармасында 1825-жылдан 1842-жылга чейин, „Тарыхтардын мыктысында“ („Зубдат ут-таворих“) 1843 – 1846-жылдарга чейин, „Султан окуяларынын жыйнагы“ („Жоми ул-вокеати султоний“) чыгармасында болсо 1846 – 1855-жылга чейин болгон Харезмдин тарыхын баяндады.

### Кол жазма китеп көркөм өнөрү

XVI кылымда Хива хандарынын китепканаларында каллиграфтык, сулуу жазуу мектеби калыптанды. Белгилүү каллиграф *Хамаданий* 1556-жылы Эшмухаммадханга „Шахнааманы“ миниатюралар үчүн бош жер калтырып көчүрүп берди. XVII – XVIII кылымдарда Хивада *Мухаммад Юсуф Разий*, *Бабажан Саноий*, *Мухаммад Ризо Ахунд* сыяктуу чебер каллиграфтар иштешти. Алар поэзиялык чыгармалар, котормо жана тарыхый китептерди өтө чебердик менен көчүрүштү. Белгилей кетчү жери, бир китепти кооздоп жазуу бир адамдын иши эмес эле. Ошондуктан ар бир китепти кооздоодо бир нече уста, алсак, кагаз кыркуучу, катчы-каллиграф, музаххиб (алтындын буусун берүүчү), лаввох (темаларды жазуучу), миниатюрачы сүрөтчү жана саххаф (мукабалоочу) лар катышкан.

### Хандыкта билим берүү системасы

Хива хандыгында да билим берүү эки баскычтуу эле. Төмөнкү баскыч – башталгыч мектеп болуп, анда окуучулар окуганды жана жазганды үйрөнүшкөн. XIX кылымда хандыкта 1,5 миңге жакын башталгыч мектеп иш жүргүзгөн. Медреселердин саны болсо 103 тү түзгөн. Ошондон 22 си Хива шаарында жайлашкан. Мунис билим берүү жаатынын өнүгүшүнө өзүнүн 1804-жылы жазган „Саводи таалим“ чыгармасы менен салым кошту. Бул поэзиялык колдонмо сабат чыгарууну жеңилдетүүгө, ошондой эле, сулуу жазууну өнүктүрүүгө арналган эле.

Медресе билим берүүнүн жогорку баскычы болуп, анда диний билим менен кошо араб тили грамматикасы, логика, кеп мадания-

ты, математика, география, тарых предметтери окутулган. Медресени бүтүргөндөр казы, анын жардамчысы, мечиттин имамы кызматтарында эмгектенишкен. Айрымдары мударристик (мугалимдик) да кылышкан. Билим берүүнүн бардык сарптары, мударрис жана окуучулардын камсыздоосу вакф мүлкүнүн кирешелери эсебинен ишке ашырылган.

?

1. Хива хандыгында Бухара амирлиги менен Кокон хандыгына караганда маданий багытта жаратуучулук иштеринин кең көлөмдө жүргүзүлгөндүгүнүн себеби эмнеде?
2. Хива хандыгындагы адабият өкүлдөрү жана алар жараткан чыгармалар жөнүндө эмнелерди билип алдың?
3. Тарых боюнча жаратылган чыгармалардын тизмесин түз.
4. „Фирдавс ул-икбол“ жана „Рияз уд-давла“ чыгармалары жөнүндө эмнелерди билип алдың?
5. Хиванын кол жазма китеп өнөрү жөнүндө сүйлөп бер.

## 29-§. Хива хандыгынын тарыхы боюнча булактар

**Архивдик документтер**

Мына, сен Хива хандыгынын XVI–XIX кылым биринчи жарымынын тарыхы менен таанышып болдуң. Анда сен өздөштүргөн тарыхый маалыматтар каерлерден алынган? Алар, биринчи кезекте, тарыхый документтерди үйрөнүүнүн натыйжасында чогултулган. Хива хандыгы Россия империясы тарабынан басып алынгандан кийин, 1873-жылы хандын деванында сакталган документтер да Петербург шаарына алып кетилди. Ал документтер 1962-жылы гана Ташкенттеги Өзбекстандын Мамлекеттик архивине алып келинди. Хива хандыгы документтеринин белгилүү бөлүгү Абу Райхан Беруний атындагы Чыгыш таануу институтунун казнасында да бар.

Архивдик документтер Хива хандыгынын мамлекеттик түзүлүшү, салык жана милдеттенмелер, акча мамилеси, өлкөнүн административдик-аймактык бөлүнүшү, калктын чарбалык жумушу, соода иштери сыяктуу маселелер жөнүндө баалуу маалыматтарды берет.

**Жергиликтүү тарыхчылардын Хива хандыгынын тарыхы жөнүндөгү чыгармалары**

XVII кылымда жашаган *Хасанбек Румлу*нун „Эң сулуу тарых“ чыгармасы XVI кылымдын биринчи жарымындагы Хива тарыхына арналган. Хива ханы, тарыхчы окумуштуу *Абулгазый Бахадырхан*дын (1603–1664) „Шажараи түрк“ чыгармасы, айныкса, чоң мааниге ээ. Чыгармада абдан чоң тарыхый



http://eduportal.uz

далилдер орун алган. Чыгарма түркий уруулардын санжырасы жөнүндө баалуу маалымат берет. Ал окуучуну Хива жана хивалыктардын, ошондой эле, Абулгазийнин да өз ара согуштар натыйжасында ыдырап кеткен мамлекетти бириктирүү жолунда жүргүзгөн чечкиндүү күрөшү менен да тааныштырат. Чыгарманын 1512–1663-жылдардагы Хива социалдык-саясий тарыхына, Хива–Бухара мамилелерине арналган IX главасы тарых илими үчүн чоң мааниге ээ.

Жергиликтүү авторлордон *Мунис* менен *Агахий*лердин тарыхый чыгармалары да тарых үчүн маанилүү булак болуп эсептелет. Мунистин „Фирдавс ул-икбол“ деп аталган тарыхый чыгармасында Харезмдин 300 жылдык тарыхы (1572–1825) бүтүн бойдон, тарыхый удаалаштыкта баяндалган.

Мунис кайтыш кылгандан кийин, хандыктын тарыхын жазуу ишин Агахий улантырды. Анын тарых илим боюнча жазып калтырган чыгармалары жөнүндө мурдагы темада маалымат алдың.

*Кудайберди Аваз Мухаммад*дын 1831–1832-жылдарда жазылган „Дили гаройиб“ чыгармасы да Хива хандыгы, анын шаарлары жөнүндө маанилүү маалыматтарды берет.

**Хиванын тарыхы боюнча россиялык авторлордун чыгармалары**

Россиянын элчиси *Г. Д. Хохлов* 1620–1622-жылдарда Бухара жана Хива хандыктарында болду. Ага эки хандыктын өкүмдарларын Россия менен достошууга, соода жана элчилик байланыштарын кеңитүүгө көндүрүү, аларды Россиянын кудуреттүү мамлекет экендигине ишендирүү, табигый байлыктары жана аскердик кудуретин аныктоо сыяктуу милдеттер жүктөтүлгөн эле.

Анын элчилигинын натыйжалары Россиянын падышасына жиберилген маалыматтарда жазып калтырылган. Маалыматтар ага жүктөтүлгөн милдеттердин чоң бөлүгү аткарылганын тастыктайт. Алсак, ал Хива менен Бухаранын мамилелери солгун экендигин, Хива менен Ирандын мамилелери да жакшы эмес экендигин, бажыкана төлөмдөрү сооданы өнүктүрүүгө тоскоол болуп жаткандыгын, алсак, бажы бир мамлекеттен экинчисине өткөндө гана эмес, ошондой эле бир мамлекеттин өзүндө бир вилаяттан экинчисине өткөндө да алынышын жазган.

1725-жылы Хивага Россиянын элчиси болуп келген *Флорио Беневени*нин эстеликтеринде илимий жактан маанилүү маалыматтар жазып калтырылган. Россиянын императору Пётр I ага өтө маанилүү милдеттерди жүктөгөн. Алсак, ал Бухаранын ханына Хивага каршы шериктештик түзүүнү сунуш кылууга тийиш эле. Беневини эстелигинде, алсак,

http://eduportal.uz

төмөнкүлөрдү жазган: „*Эгерде Хиванын ханы Шергазийхан жоюлса, бул жерде тынчтык орнотулат жана бардык жолдор ачык болот. Россия үчүн Шергазийханга каршы күчтөрдү колдоп-кубаттоо пайдалуу*“.

Россиянын элчиси иретинде Хива хандыгына 1819-жылы келген *Н. И. Муравьев* жазып калтырган эстеликтер да эң баалуу булактардын катарында турат. „Эстеликтер“ Хива жөнүндө, байыркы эстеликтер, мамлекеттик башкаруу системасы, кол өнөрчүлүк жана соода жөнүндө толук маалыматтардан турат. Ошондуктан бул китеп француз жана немис тилдерине которулган эле. Автор чыгармасында өзбек элине мүнөздүү өзгөчөлүктөр жөнүндө токтолуп, өзбектерди „*акыл-зээндүү, маеги жагымдуу жана курч, бир сөздүү, күжүрмөн, каада-салты жөнөкөй, жалган жана калптан жийиркенген, аскердик иште арып-талбаган март жана эр жүрөк адамдар*“, деп мүнөздөгөн. Н. И. Муравьев пикирин улантып, дагы төмөнкүлөрдү жазган: „*Хива калкы өзүнүн оор эмгеги менен жаткан чөлдү түшүмдүү өлкөгө айландырган. Айлананын эгин талаасы – буудайзар, шалыпая, жүзүмзар жана мөмөлүү бактар*“.

1842-жылы Хива менен Россиянын ортосунда „Милдеттенмелер акты„ келишимине кол коюлушуна жетишкен элчи *Г. Данилевский* өзү менен Хивага келген табият таануучу окумуштуу *Р. Базинер* менен авторлоштукта „Хива жана хандыктын башка шаарлары жана айылдары, соодасы жана өнөр жайы“ аттуу чыгарма жазып калтырышкан.

1858-жылы Хива жана Бухарага жиберилген дипломатиялык миссиянын жетекчиси *Н. Игнатьев* жазып калтырган эстеликтер да Хиванын тарыхы боюнча маанилүү булак эсептелет.

Белгилүү чыгыш таануучу окумуштуу *Н.Василевский*дин „Өзбектер Харезмде“, „Ынактар бийлиги“ жана „Коңурат династиясы“ чыгармалары Хива хандыгынын XVI жана андан кийинки кылымдардын тарыхына арналган. Мындан тышкары, Хива менен Россиянын XVIII – XIX кылымдардагы өз ара байланыштары дагы бир чыгыш таануучу окумуштуу *С. Жуковский*дин „Россиянын соңку 300 жылда Бухара жана Хива менен байланышы“ аттуу чыгармасында чагылдырылган.

**Европа саякатчылары жана окумуштуулары жазып калтырган булактар**

Европа өлкөлөрүнүн саякатчылары жана окумуштуулары жазып калтырган чыгармалардын ичинде англис соода жана дипломатия өкүлү *А. Женкинсон*дун эстеликтери Хива хандыгынын XVI кылым тарыхы жөнүндө маанилүү маалымат берет. Бул эстелик „Женкинсондун Россиядагы Москов шаарынан Бак-



http://eduportal.uz

триядагы Бухара шаарына саякаты“ деп аталган. Европа саякатчыларынын ичинен белгилүү венгер чыгыш таануучу окумуштуусу *Х. Вамбери* жазып калтырган „Орто Азия боюнча саякат“ деп аталган чыгарма Хиванын тарыхы боюнча да эң баалуу булактардан эсептелет. Бул эстелик өзбек тилинде да басылган.

### Өзбекстан окумуштууларынын Хива хандыгынын тарыхы чыгармалары

Өзбекстандын окумуштуулары да Хива хандыгынын тарыхын үйрөнүү ишине чоң салым кошушту. Алардын арасында академик *И. Моминов* жетекчилигинде жаратылган „Харездин байыркы доордон азыркы күнгө чейинки тарыхы“ (1976-жыл) өзгөчө баага ээ. Ошондой эле, академик *Я. Гуламов*дун „Харездин сугат тарыхы“ (Байыркы замандардан азырга чейин), академик *М. Юлдашев*дин „Хива хандыгында феодалдык жер ээлөөчүлүк жана мамлекеттик түзүлүш“, Өзбекстан Илимдер академиясынын Тарых институту тарабынан тарых илимдеринин доктору *Д. Алимова*нын редакциясы астында басылган „Өзбекстан тарыхы“ (XVI–XIX кылымдын биринчи жарымы. Орус тилинде) китеби, ошондой эле, Өзбекстан улуттук энциклопедиясынын 9 жана 12-томдорундагы Хива хандыгынын тарыхына тиешелүү макалалар да чоң мааниге ээ.

Харездин эң байыркы доордон азыркы күнгө чейинки, ошонун катарында, XVI–XIX кылымдар биринчи жарымынын тарыхы жөнүндө Хива шаарынын 2500 жылдык юбилейине байланыштуу басылган „Хива – миң күмбөз шаары“ китеби да тарыхый далилдерге өтө бай чыгарма саналат (1997-жыл).

- 1962-жыл – Хива хандарынын архиви Ташкент шаарына алып келинди жана ал азыр Өзбекстан Мамлекеттик архивинде сакталат.

1. Эмне үчүн мамлекеттин тарыхы боюнча өтмүш булактарын билүү зарыл?
2. Хива хандыгынын архивдик документтери бул хандыктын тарыхын үйрөнүүдө кандай мааниге ээ?
3. Орто азиялык окумуштуулардан кимдер Хива хандыгынын XVI–XIX кылымдар тарыхы боюнча чыгарма жазып калтырган?
4. Россия дипломат жана окумуштууларынын Хиванын тарыхы боюнча чыгармалары, алардын мааниси жөнүндө эмнелерди билип алдың?
5. Европа саякатчылары Хива хандыгынын тарыхы боюнча кандай чыгармаларды жазып калтырышкан?

http://eduportal.uz

## 30-§. XVI – XIX кылымдын биринчи жарымында каракалпактар

### Каракалпак элинин калыптанышы

Дүйнөдө элдер аябай көп. Алардан эки жүздөн ашууну өзүнүн улуттук мамлекетине ээ. Ошондой элдерден бири – каракалпак эли. Алардын мамлекети Өзбекстан Республикасынын курамындагы Каракалпакстан Республикасы болуп саналат. Анда, алыскы тарыхта бул элдин өтмүшү кандай кечкен? Каракалпактардын Амударыянын төмөнкү этегинде түркий печенегдердин негизинде эл иретинде калыптануу жараяны VIII кылымда башталган эле. Бул жараян X – XI кылымдарда аягына чыкты. Ошол доордо алардын мамлекети да түзүлгөн. Өзүнүн өкүмдары жана мамлекеттик башкаруу системасына ээ болгон Кердер шаары (азыркы Кегейли районунун аймагында жайлашкан шаар эле) борбор кылып белгиленген. Каракалпак мамлекети Чыңгызхандын чабуулу натыйжасында XIII кылымдын 20-жылдарында жоюлду.

Түрдүү көчмөн уруулардын басымына чыдабаган каракалпактардын бир бөлүгү Волга дарыясынын ортолоруна, түштүк орус талааларына көчүп барып орношкондугуна тарых күбө. Ошондуктан ошол доор орус жылнаамаларында алар „чёрные клобуки“ („кара калпактуулар“) деп жазылган.

Каракалпактар жогору жагы шуштугуй баш кийим – калпак кийип жүрүшкөндүктөрү үчүн ошондой наам менен аталган.

Чыңгызхан Харезмшахтар мамлекетинин борбору Үргөнч шаарын ээлегенден кийин, аны суўга бастыруу максатында Амударыянын дамбасын буздуруп таштагандыгы натыйжасында Амударыянын өзөнү да өзгөрдү. Натыйжада, суусуз калган Аралбою каракалпактарынын бир бөлүгү Волга жана Урал (Жайык) дарыяларынын бойлоруна, Сырдарыянын оазистерине көчүп кетүүгө аргасыз болушту.

Алтын Ордо алсыздангандан кийин, анын курамынан бир топ өз алдынча мамлекеттер бөлүнүп чыкты. Бул мамлекеттердин бири – XIV кылымдын аягында түзүлгөн Ногой (Маңгыт) хандыгы эле. Анын чек арасы – Волга дарыясынан Иртыш дарыясына чейин, Каспий жана Арал деңизи бойлорунан Кама дарыясына чейин болгон аймактарды өз ичине алган. Демек, каракалпактар көчүп барып жайлашкан аймактар XIV – XVI кылымдарда Ногой хандыгынын аймагына кирди. Ногой жана каракалпак элдери өз ара саясий шериктештикте, бирикме болуп жашашты. Ошол



http://eduportal.uz

эле учурда, каракалпактар Ногой хандыгынын курамында өздөрүнүн башкаруу системасына ээ эле. Кийинчерээк Ногой хандыгы ыдырагандан кийин, 1556-жылы каракалпактар Сырдарыянын төмөнкү этегине көчүп келишет жана казактардын Кичи Жүз хандыгынын курамына кирет. Ошентсе да, алар борбору Жаркент шаары болгон өз мамлекетине ээ эле. Каракалпактардын бир бөлүгү Хива хандыгынын чек арасында Аралбою өзбектерине жакын аймакта жашап калган каракалпактарга келип кошулду. Бир тобу Сырдарыянын жогорку агымы – Ташкент жакка, дагы бир тобу Сырдарыянын төмөнкү агымына барып жайлашты. Ошентип каракалпактар шарттуу түрдө „жогорку каракалпактар“ менен „төмөнкү каракалпактарга“ бөлүнүп кетти. Төмөнкү каракалпактар Сырдарыя менен Амударыянын ортосунда бош жаткан жерлерге да орношуп, ал жерлерге Кувандарыядан суу чыгарып, дыйканчылык менен алектенди.

Каракалпактардын өз алдынча бир эл экендигин 1598-жылы Бухаранын ханы Абдуллахан II нин бир ярлыгында „каракалпактар“ деген сөздүн жазылгандыгы да тастыктайт.

### Каракалпак жана Россия мамилелери

1723-жылы жуңгарлар бастырып келип, Сырдарыянын ортоңку бөлүгүн ээлегенден кийин, каракалпактар кайра көчүүгө аргасыз болушту. Көчүүнүн натыйжасында каракалпактар экиге бөлүнүп кетти. Мындай жагдайда алар Россия менен байланыш орнотууга аракет жасашты. Анткени жуңгарлар чабуулунан аман калуу чоң мааниге ээ эле. Экинчиден, Россия менен сооданы жолго коюу да зарыл эле.

1726-жылы казактардын Кичи Жүзүнүн ханы Абулхайрхан Петербургга өзүнүн элчилерин жөнөттү. Анын курамында каракалпактардын өкүлү да бар эле. Буга жооп иретинде, 1731-жылы Россия өзүнүн элчиси М. Тевкелевди Абулхайрхандын алдына жиберди. Сүйлөшүүлөрдүн натыйжасында Кичи Жүздүн курамындагы каракалпактар Россиянын жарандыгына кабыл алынды. Ошол эле учурда, каракалпактардын Россияга эмес, Кичи Жүз хандыгына жасак төлөшү тан алынды. Каракалпактардын Россия жарандыгына кабыл алынышы – аларды Иран өкүмдары Надыршахтын чабуулунан сактап калды.

Акырындык менен каракалпактардын Аралбоюнун өзбектери менен жакындашуусу ишке аша баштады.

Аралбоюнун өзбектери Хива хандыгынын бийлигине баш ийүүнү каалабайт эле. Хан өкмөтү өз алдына Аралбою өзбектерин жана каракалпактарды бай ийдирүү максатын койду. Аягында, көптөгөн күрөштөрдөн

http://eduportal.uz

кийин, 1735-жылы гана Аралбою өзбектери менен каракалпактар Хива хандыгы бийлигин таанууга аргасыз кылынды. 1811-жылы болсо каракалпактар Хива хандыгына толук баш ийдирилди.

**Айдосбий жетекчилигиндеги көтөрүлүш**

1827-жылы Хива хандыгынын зулумуна каршы каракалпактар көтөрүлүш чыгарды. Көтөрүлүшкө каракалпактардын бийи Айдосбий жетекчилик кылды. 1827-жылдын 25-июль күнү Хиванын ханы Аллакулихан Айдосбий жетекчилигиндеги көтөрүлүштү бастыруу үчүн кошуун жөнөттү. Күчтөр тең эмес болгон салгылашууда көтөрүлүшчүлөр талкаланды. Айдосбий болсо өлтүрүлдү. Көтөрүлүш бастырылса да, элдин зулумга каршы жек көрүшү күчөп отурду. 1859-жылы Хиванын ханы Саид Мухаммадхан каракалпак элинин катуу басымы астында аларга өзүн өзүн башкаруу укугун берди. Муну менен Хива хандыгынын курамында болсо да, каракалпак мамлекетчилиги калыбына келди. Бүткүл бийлик Бийлер агасынын колуна топтолду. Анын статусу хандын статусуна теңештирилди.

**Социалдык турмуш**

Каракалпактардын коомдук турмушунда уруу-урукчулук мамилелери кыйла күчтүү эле. Ар бир уруу же урукка *бий*лер жетекчилик кылган. Аскердик бөлүктөрдү *баатыр*лар башкарган. Калктын арасында *динчил*дер, *шайх*тар, *кожо*лордун да орду чоң эле. Аул башталгыч административдик муун болуп, алардын бүткүл ишине Аксакалдар кеңеши жетекчилик кылган. Ошондой эле, каракалпактарда *жүз башы*, *мурапбашы*, *казы*, *раис* сыяктуу административдик мансаптар да бар эле.

*Бийлер агасы* илгери уруу жыйындарында шайланган болсо, каракалпактар Хива хандыгына баш ийдирилгенден кийин хан тарабынан дайындалчу болду. Хан тарабынан дайындалган Бийлер агасына уруунун бийлери баш ийген. Амударыянын сол жээгиндеги Коңурат, оң жээгиндеги Чымбай шаарлары алардын башкы административдик борборуна айланды.

**Чарбалык турмушу**

Каракалпактар байыртадан дыйканчылык жана мал чарбасы менен алектенип келген. Каракалпактар Аралбойлорунда, Сырдарыя менен Амударыянын ортолугундагы жерлерде дыйканчылык менен алектенген. *Буудай*, *арпа*, *таруу* жана башка эгиндерди өстүрүп, мол түшүм алышкан. Жаңыдарыя менен Кувандарыянын бассейндеринде каракалпактар тарабынан курулган өстөн жана сугат имараттары дыйканчылыктын жетекчи орунда тургандыгынан күбөлүк берет. XVIII кылымдын акырларында Амударыянын



http://eduportal.uz

төмөнкү куймаларында Каллыкөл, Кегейли, XIX кылымдын ортолорунда Чымбай, Коңурат дыйканчылык оазистери пайда болду. Дыйканчылыкта *амач*, *моло*, *кетмен*, *күрөк*, *орок* сыяктуу эмгек шаймандарынан пайдаланылган. Каракалпактардын экономикалык турмушунда мал чарбасы да маанилүү роль ойногон. Малчылар өгүз жана төө чегилген арабаларда үйүр жана короолору менен жыл бою чөптүү жайлоолорго көчүп жүргөн.

Каракалпактардын экономикалык турмушунда балыкчылык жана аңчылык да чоң мааниге ээ болгон.

1. Каракалпак элинин калыптануу жараяны жөнүндө эмнелерди билип алдың?
2. „Каракалпак“ термини кандайча келип чыккан?
3. Өлкөбүздө баштап „каракалпактар“ деп катталган документ кимге таандык эле?
4. Каракалпак – Россия, Каракалпак – Хива мамилелерине тиешелүү фактылардын тизмесин түз.
5. Айдосбий көтөрүлүшүнүн себеби жана натыйжалары жөнүндө сүйлөп бер.
6. Эмне үчүн Хива ханы каракалпактарга өзүн өзү башкаруу укугун берүүгө аргасыз болду?

Белгилүү болгондой, Каракалпакстан Республикасы бүгүнкү күндө Өзбекстандын курамындагы мамлекет. Өзбекстан Республикасы Конституциясынын кайсы глава жана статьяларында Өзбекстан Республикасы менен Каракалпакстан Республикасынын ортосундагы мамилелер кандай тартипте чечилиши белгилеп коюлгандыгын аныктап, ошол статьялардын мазмунун үйрөнүп кел.

## 31-§. Каракалпактарда маданий жана руханий турмуш

### Жашоо мүнөзү

Каракалпактар көптөгөн жылдар бою көчмөн турмуштан отуруктуу жашоого өтүү жараянын башынан өткөрдү. Калктын негизги бөлүгү *боз үй* жана *пахса үй*лөрдөн турган *аул*дарда жашаган. Кийинчерээк *коргон* (чеп) жана шаарлар пайда болду.

Каракалпактар бир нече уруулардан турган болуп, ар бир уруунун мүчөсү өз уруусунун бекемдигин камсыздоого умтулган. Бир уруунун ичинде өз ара никеге тыюу салынган. Тойдо бакшылар дастандардан



http://eduportal.uz

ыр ырдашкан, айтыштар күчүнө чыккан. Палвандар ортодо күрөшкө түшүшкөн.

Каракалпактар кыштоону көбүнесе деңиз жана дарыянын жээктеринде өткөрүшкөн. Араба, кайык, сал жана жылкы негизги унаа каражаты болгон. Каракалпактардын кийим-кечесинде улуттуулукка өзгөчө көңүл бурулган. Бул нерсе, айныкса, аялдар менен кыздардын савкелинде (калың бөздөн тигилип, күмүш жана берметтер менен коозделгон баш кийиминде) таасын көрүнгөн.

### Шаарлар

Каракалпактар Коңурат, Чымбай, Хожейли сыяктуу ири шаарларды курушкан. Алардан Коңурат менен Чымбай каракалпактардын административдик борборлору эле. Бул шаарлар XVII кылымдын акыры – XVIII кылымдын баштарында курулду. Хожейли шаары Арал менен Хиванын ортосундагы соода борбору болуп, бажыкана ошол шаарда жайлашкан. Шаарлар бийик дубалдар менен курчап алынган. Шаардын ичкерисинде кооз имараттар, сарайлар курулган. Жанакалаа, Айдоскалаа, Эрназаркалаа, Көкөзаккалаа, Эшенкалаа сыяктуу чеп түрүндө курулган шаарлар каракалпак эли тарабынан жаратылган архитектуралык маданияттын эстеликтери эсептелет.

Шаарларда XIX кылымдын баштарында 318 мектеп, Каракум эшен, Калила ахун, Эгемберген ахун, Айымбет эшен массивдеринде, Эшенкалаада медреселер болгон. Кол өнөрчүлөр 12 – 13 жаштагы балдарды шакиртикке алып, аларга өнөрдүн сырларын үйрөтүшкөн. Каракалпак жаштары Хива жана Бухара медреселеринде билим алышкан.

### Фольклор, сүрөт өнөрү жана музыка

Каракалпактардын элдик оозеки чыгармачылыгы өтө бай. Каракалпак фольклору үлгүлөрүнүн 20 томдугунун басылгандыгы пикрибиздин далили. Алар сөз чеберлери болгон чечендерди, бакшы (жырав)ларды сүйүшөт. Эл аксакалдарынын, жетекчилеринин алдынан кыссахандар үзүлбөгөн. Өзбектердүн Апендиси сыяктуу каракалпактардын шакаба устасы – Өмүрбек лаккысы бар. Өмүрбек лакка өзүнүн жоруктарында коомдогу кемчиликтердин үстүнөн күлгөн эл каарманы иретинде сүрөттөлөт. Ал адилетсиз мансап адамдары, казылар, сөзү менен иши башка динчилдердин бетин ачып, марттык, туура сөздүк, чындык, адилетти ырдаган. Жоруктарын жеңил тамаша, ачуу сатира менен чакан туюнтуп, угуучулардын жарпын жазган.

Каармандык дастандары – *„Кырк кыз“*, *„Алпамыш“*, *„Кублан“*, *„Мастпашша“*, *„Эдигей“* чыгармаларында каракалпактардын окуяларга

бай тарыхы ырдалат. Мисалы, „Эдигей“ дастанында Амир Темур, Токтомуштун иши менен байланыштуу окуялар баяндалса, „Кырк кызда“ каракалпак элинин боштондук күрөшү, Харезм элинин Иран шахы Надыршахка каршы күрөшү өзүнүн көркөм баянын тапкан.

Каракалпактардын элдик ырларында элдин, журттун башчылары, каармандары – Маман баатыр, Эсенгелди махрам, Айдосбий, Эрназарбийлер улууланат.

Каракалпактардын сүрөт көркөм өнөрүндөгү өзүнө мүнөздүүлүк, айнықса, алар соккон килем жана сайма буюмдарында таасын көрүнгөн. Аларга салынган орнаменттер суунун символун чагылдырган толкун көрүнүшүнө ээ болгон. Бул текке эмес эле. Анткени каракалпактар байыртадан дарыя жана көлдү жээктеп жашап келишкен. Мындан тышкары, каракалпак сүрөт өнөрүнүн дагы бир өзүнө мүнөздүүлүгү анын жыгачка орнаменттерди оюп иштешинде да таасын көрүнөт.

Каракалпактардын ырчылык өнөрү мазмуну боюнча, элдик, тарыхый жана маараке ырларына бөлүнгөн. Алар кобуз, дутар, кыяк, сурнай, добулбас сыяктуу музыкалык аспаптар жардамында аткарылган. Дастандын аткаруучулары жыравлар, бакшылар жана кыссахандар деп аталган үч топко бөлүнгөн. Алар бири-биринен айткан дастандарынын мазмуну, аткаруу усулдары, обону жана музыкалык аспаптары менен айырмаланган. Мисалы, жыравлар каармандык дастандарын кобуздун коштоосунда, бакшылар болсо дутар менен кыяктын коштоосунда аткарышкан. Кыссахандар болсо дастандын кол жазмаларын зор чебердик менен окуп же жатка айтып беришкен.

### Каракалпак жазма адабияты

XVIII – XIX кылымдын биринчи жарымында каракалпак адабиятынын көзгө көрүнгөн бир нече өкүлдөрү чыгармачылык менен алектенишкен, алардын ысымдары бүгүнкү күндө да элдин ардагында. Алардан бири Жиен Жырав (1730 – 1784) белгилүү бакшы, сатирик акын иретинде таанылды. *„Ой, жигиттер, жигиттер“* жана *„Жүрөгүмдө көп тагым“* сыяктуу катар ырларында коомдогу адилетсиздиктерди, бийликтеги катмарлардын илдеттерин, элге жасаган зулумдарын ачып салды. Каракалпактар – эркиндикти сүйгөн эл. Ошондуктан алар дайыма өздөрүнүн эркиндиги үчүн боштондук күрөшүн жүргүзүшкөн. Белгилүү болгондой, казактардын Кичи Жүзүнүн ханы Абулхайрханга каршы жүргүзгөн согушта каракалпактар жеңилген эле. Бул жеңилиштин натыйжасында алар азап-тозокко кабылды. Алсак, Сырдарыянын бойло-



http://eduportal.uz

рундагы каракалпактар ар тарапка тарап кетишти. Алардын бир бөлүгү Ташкенттин айланасына (Чырчыктын бойлоруна), башка бир бөлүгү болсо Кызыл кум аркылуу Харезмге (Арал деңизинин түштүк жээктерине) көчүп кетти. Мына ошол көчүүлөрдүн күбөсү болгон Жиен Жырав *„Көчкөн эл“* аттуу дастан жазып, анда каракалпактардын машакаттуу доор тарыхын чыныгы баяндады. Бакшы иретинде *„Алпамыш“*, *„Кырк кыз“* сыяктуу дастандарды зор чебердик менен ырдайт.

Каракалпак адабиятынын көзгө көрүнгөн өкүлдөрүнөн дагы бири Күнкожо Ибрагим (1799 – 1880) эле. Анын, айныкса, *„Орокчулар“*, *„Койчулар“*, *„Эл менен“* сыяктуу ырлары эл арасында кеңири белгилүү эле. Бул чыгармаларда каракалпак элинин Хива хандыгынан көз каранды доорундагы оор абалы, эрксиз турмушу жана бийлик ээлеринин илдеттери чоң чебердик менен ачып салынган.

**Ажынияз** Ажынияз Косубай уулу (псевдоними Зевар) да (1824 – 1878) каракалпак элинин белгилүү акындарынан бири болгон. Ал башталгыч билимди Мойноктогу эски мектептен алды. Андан кийин Хивадагы Шергазыхан медресесинде окуду. Ажыныяздан жүздөн ашуун ыр жана дастандар мурас калды. Ырларында Мекен, гумандуулук идеяларын ырдады. Акындын *„Боз үй“* дастанында болсо каракалпак элинин башка журттарга көчүп кетүүгө аргасыз кылынгандыгы чоң чебердик менен сүрөттөлгөн. „Керек“, „Болот“, „Болбосо“, „Жакшы“, „Жигиттер“ сыяктуу чыгармаларында Ажынияздын гумандуулук идеялары, философиялык көз караштары чагылдырылган. Чыгармалары эл арасында кеңири таралган, „Кыз Меңеш менен айтыш (1878) аттуу чыгармасы белгилүү. Анын турмушу жөнүндө акын Ибрагим Жусупов „Ажынияз“ чыгармасын жараткан. Анын чыгармалары өзбек тилинде жарык көргөн („Тандалган чыгармалар“ жана башкалар).



Ажынияз



1999-жылы Ажынияздын туулган күнүнүн 175 жылдыгы белгиленди. Нукуста Ажынияз аянты курулду жана ага айкел орнотулду.

**Бердак** Каракалпак адабиятынын негиздөөчүсү Бердак (1827 – 1900) (псевдоними; чыныгы аты Бердимурат Каргабай уулу) ысымы менен белгилүү. Бердак баштап аул мектебинде, андан кийин медреседе окуду. Наваий, Фузулий, Махтумкули, Күнкожонун чыгармаларын окуп, поэзия өнөрүн алардан үйрөндү. Бердак тарыхты, элдик оозеки чыгармачылыкты толук өздөштүрүп алды. Анын чыгармачылыгы 18 – 19 жаштарында домбура чертип, ырдагандан башталды. 25 жашында эл арасында шыктуу акын иретинде элге таанылды. Анын *„Болгон эмес“*, *„Өмүрүм“* жана *„Салык“* сыяктуу ырларында эмгекчил элдин оор турмушу, ошондой эле, Хива хандары жана мансап адамдарынын зулумуна каршы элдин наараазылыгы баяндалды.



Бердак

*„Уулума“*, *„Акмак болбо“* сыяктуу ырлары аркылуу болсо жаштарды Мекенди сүйүүгө, билимдин чокуларын ээлөөгө чакырды. Бердак элдин турмушун, анын изги ойлорун мыкты билген акын эле. Ошондуктан анын ырларында элди сүйүү руху күчтүү эле. Бердак тарыхый темаларда да ырлар жазды. Ал *„Амангелди“*, *„Айдосбий“*, *„Эрназарбий“* сыяктуу чыгармаларында хандардын зулумуна каршы күрөшкөн элдик каармандарды сыймыктануу менен ырдады. *„Муундар“* чыгармасы болсо тарыхый окуялардын жылнаамасы болуп, анда элдердин келип чыгышы, каракалпак элинин башка түркий элдер менен байланышы, алардын турмушундагы жалпылык сыяктуу жактар баяндалган. Хива хандыгынын зулумуна каршы чыккан көтөрүлүш *„Эрназарбий“* дастанында чагылдырылды.

1998-жылы өлкөбүздө Бердак туулган күнүнүн 170 жылдыгы кеңири белгиленди. Ташкент шаарындагы сейил бактардын бирине Бердактын ысымы ыйгарылды жана бюсту орнотулду. Акын төрөлгөн жер – Бозотавда жана Нукус шаарында да ага айкел орнотулду.

1. Каракалпак эл оозеки чыгармачылыгы жөнүндө эмнелерди билдиң?
2. Эмне үчүн адабияттын негизин поэзия жана дастанчылык түзгөн?
3. Жиен Жырав, Күнкожо жана Ажынияздардын кандай чыгармаларын билип алдың, алардын мазмунуна өзүңдүн мамилеңди билдир.
4. Каракалпак адабиятынын негиздөөчүсү – Бердактын чыгармаларында кандай идеялар илгери сүрүлгөн?

# *IV ГЛАВА.* XVIII–XIX КЫЛЫМДЫН БИРИНЧИ ЖАРЫМЫНДА КОКОН ХАНДЫГЫ

## 32-§. Кокон хандыгынын түзүлүшү

**Шахрухбий – хандыктын негиздөөчүсү**

Фергана өрөөнү аштарханийлердин бийлиги тушунда Бухара хандыгынын карамагында эле. XVIII кылымдын баштарында Бухара хандыгында борбордук бийлик ички күрөштөр натыйжасында алсызданды. Жагдайдан пайдаланган жуңгарлар Фергана өрөөнүнө бат-бат бастырып кирип, талап-тоноону баштаты. Экинчи жактан, Синь империясы (Кытай) да кооп салууда эле. Жагдай ички күчтөрдү биригүүгө, өз алдынча мамлекет түзүүгө үндөп жатты. Ошондой шартта өрөөндөгү өзбектер миң уруусунун аксакалдары чогулуп, Бухара хандыгынан көз карандысыз өз алдынча мамлекет түзүүнү чечишти.

> 1709-жылы миң уруусунун өкүлдөрү Фергана өрөөнүндө бийликти өз колдоруна алышты. Ошентип, кийинчерээк Кокон хандыгы деп аталган жаңы өзбек мамлекети пайда болду. Өкүмдарлык тактына Шахрухбий отургузулду.

Тепакоргон Шахрухбийдин резиденциясына айландырылды. Туура, баштап бул жаңы өзбек мамлекетинин өкүмдарлары хан наамын алышпаган. Тескерисинче, бул мамлекетке расмий түрдө Бухара хандыгынын курамдык бөлүгү деп каралган. Ошондуктан Аштарханий Абулфайзхан Шахрухбийге „аталык“ наамын берген. Ошондой эле, эгемендүү мамлекеттин негизги белгилеринен бири – акча да согулбаган. Мамиледе Бухара хандыгынын акчасы сакталып турду. Бирок мындай жагдай көпкө созулбады. Анткени Ферганаyы өз кол астында сактап турууга аштарханийлердин күчү жетпейт эле. Абулфайзхандын бийлиги болсо алсызданып отурган.

**Хандык Шахрухбийдин мураскорлору тушунда**

Эми миңдер династиясынын алдында династиянын бийлигине мыйзамдык түс берүү кейгөйү да турду. Анткени Фергана өрөөнүндө чоң абройго ээ болгон кыпчактар уруусу миңдердин бийлигин тан алба-

http://eduportal.uz

ды. Шахрухбий кайтыш кылгандан кийин такка отурган уулу Абдурахимбий атасынын тушунда башталган Кокон шаарын чоңойтуу жана кең көлөмдүү көрктөндүрүү иштерин улантырды жана аны хандыктын борборуна айландырды. Ошондой эле, мамлекеттин аймагын кеңитүү максатында Бухара хандыгынын карамагында болгон Хожент, Ородөбө вилаяттарын кошуп алды. Тилекке каршы, ал кутумдун курманы болду. Тактыны иниси, Хоженттин акими Абдулкаримбий ээледи (1733 – 1750). Кокон шаарын көрктөндүрүүнү улантты. Ошол эле учурда, шаардын айланасын дубал менен курчатты.

1740-жылы Фергана өрөөнүнө жуңгарлар чабуул жасады. Чабуул кыйынчылык менен кайтарылды. Жуңгарларга каршы күрөштө миңдерге кыпчактар жардам беришти. 1745-жылы жуңгарлар кайра чабуул жасашты. Айбаттуу душманга каршы миңдер, жүздөр, кыпчактар жана кыргыздар чогуу күрөштү. Аларга ородөбөлүктөр да жардам беришти. Хандыктын көз карандысыздыгы сактап калынган болсо да, бул чабуул хандыктагы экономикалык жана саясий жагдайды өтө оор абалга салып койду. Ошол эле учурда, жуңгарларга каршы чогуу күрөшкөн өзбек урууларынын ынтымагы көпкө созулбады. Буга кыпчактардын зордукчулдугу, талоончулугу себеп болду. Бардык кыйынчылыктарга карабай борбордук бийлик кыпчактардын козголоңун бастырды. Абдулкаримбийдин өлүмүнөн кийин так үчүн башталган күрөштө акыр-аягында Абдурахимбийдин уулу Эрданабий жеңип чыкты (1751 – 1762). Тез арада Кокон хандыгы Кытай чабуулуна кабылды. Анда Кокондун жеңилип калышы Эрданабийдин бийлигин кризиске кабылтты. Туура, Эрданабийдин бийлиги тушунда хандыктын ички жана тышкы саясатта ийгиликтерге жетишкен доорлору да болду. Алсак, ал Ош жана Өзгөн вилаяттарын да баш ийдирди. Кокондү Бухара амирлиги жана Синь империясы (Кытай) менен теңме-тең күрөшө ала турган мамлекетке да айландыра алды.

### Хандык Нарботобийдин бийлиги тушунда

1763-жылы такка Абдулкаримбийдин небереси Нарботобий отургузулду (1763 – 1798). Нарботобий тез арада Чустту (азыркы Наманган облусундагы район) баш ийдирди. Андан кийин өзүнүн дагы бир душманы – Намангандын акими Ырыскулбийге каршы кошуун тартты. Бул жортуул эки жактын ортосунда келишим түзүү менен аякталды. Нарботобий өзүнөн нааразы болгон шаазаадаларды түрдүү вилаят жана түмөндөрдүн акими кылып дайындады. Ошондой жол менен оппозициянын каршылыгын басаңдата алды.

http://eduportal.uz

1776-жылы Нарботобий Кокон хандарынан биринчи болуп хандыктын *фалс* деп аталган өзүнүн акчасын соктурду. Булактарда жазылышына караганда, Нарботобийдин бир фалсына бир баш кой сатып алууга мүмкүн болгон. Хандыктын көз карандысыз түрдө өзүнүн акчасын соктурушунун тарыхый мааниси – бул мамлекеттин иш жүзүндө да эгемендүү мамлекет экендигин билдириши менен белгиленет. Нарботобийдин тушунда эгиндерден мол түшүм алынышы натыйжасында базарда нарктар арзандашты. Хандыктын кудурети да ар тараптан күчөдү. Нарботобий саясий туруктуулукка жетишкенден кийин, өлүмүнөн мурда, чоң уулу Мухаммад Аминбекти Маргыланга, ортончо уулу Алымбекти Төрөкоргонго аким кылып дайындады. Нарботобийдин өлүмүнөн кийин хандыкта бири-бирине оппозицияда болгон бир нече топ пайда болду. Алардан бири Алымхан менен анын иниси Умарханды, Нарботобийдин өгөй агасы Хажыбийдин жетекчилигиндеги экинчи топ болсо Нарботобийдин кенже уулу Рустамбийди колдоп-кубатташты.

- 1709-жыл – Орто Азияда үчүнчү өзбек мамлекети – Кокон хандыгы түзүлдү.
- 1776-жыл – Нарботобий хандыкта биринчи болуп Кокондун өзүнүн акчасын соктурду.

1. Кандай себептер Фергана өрөөнүн жалгыз мамлекетке бириктирүүгө негиз жаратты?
2. Эмне үчүн Шахрухбий мамлекетти „аталык“ наамы астында башкарган?
3. Нарботобийдин хандык тарыхындагы орду анын кайсы кызматы менен белгиленет?

## 33-§. XVIII кылымдын экинчи жарымы – XIX кылымдын биринчи жарымында Кокон хандыгында саясий жагдай

### Алымхандын такка чыгышы

Мурдагы темада жазылган эки топтун ортосундагы күрөштө Алымханды колдоп-кубаттаган топтун колу бийик келди. Алымхан 1798-жылы такка отургузулду. Анын бийлиги тушунда (1798 – 1810) хандыктын аброю ар дайымгыдан да жогорулады. Мамлекет эми Кокон хандыгы наамы менен атала башталды. 1805-жылы Алымхан өзүнүн хандык наамы жа-



http://eduportal.uz

зылган күмүш тыйын акчаны (динарды) соктурду жана өзүн хан деп жарыялады.

Бул акча мамлекеттин каржы жана салык системасында тартип орнотууга кызмат кылды. Алымхан миңдер династиясы бийлигинин мыйзамдуу экендиги кабыл алынышы үчүн династиянын келип чыгышы темурийзаада Бабур Мырзадан башат алгандыгы жөнүндөгү уламыштан пайдаланды.

**!** *Уламыш тарыхый китептерге „Алтын бешик“ аталышы менен кирген. Уламышта айтылышынча, Бабур Мырза шайбанийлерден жеңилип, Маварауннахрдан Фергана аркылуу чыгып кетет. Жолду катар Бабур Мырзанын аялдарынан бири уул төрөйт. Бирок аны алып кетишпейт, тескерисинче, кымбат баалуу жасалга буюмдар менен коолдолгон бешикке бөлөшөт жана кызматкерлерден бирин бала менен бирге калтырышат. Бала калтырылган жерде өзбектердин кырк, кыпчак жана миң урууларынын, ошондой эле, кыргыз урууларынын айылдары бар эле. Алар баланы таап алышат жана ага Алтынбешик деп ат коюшат. Алтынбешик миң уруусунун арасында тарбияланат. Бойго жетип үйлөнөт. Миң уруусунан болгон жубайы уул төрөйт. Ага Тангирёр деп ысым беришет. Уламышта жазылышынча, Тангирёр кийинчерээк Ферғананын өкүмдары болгон. Мамлекетти болсо бий наамы менен башкарган.*

*Элдин арасында бийликтеги династия санжырасынын темурийлерден башат алышы чоң ыраазычылык менен кабыл алынды. Ал тургай, Алымхандын ысымына „Жаангер“ наамы да кошуп жазылчу болду. Бул да миңдердин келип чыгышы темурийлерден башат алышына негизделишине кызмат кылууга тийиш эле.*

### Хандык аймагынын кеңитилиши

Алымхан регулярдуу кошуун түзүү максатында аскердик реформа өткөрдү. Бул реформа ага хандык аймагын кеңитүү максатында кең көлөмдө аскердик аракеттерди жүргүзүү мүмкүнчүлүгүн берди. Алсак, Ахангаран оазиси, Чымкент, Сайрам, Түркстан басып алынды. Россия менен соода байланыштары жолго коюлду. Ошондой эле, Сырдарыянын ортоңку агымынын дээрлик бардык оң жээгин (Кураманы) хандыктын курамына кошуп алды. Мындан тышкары, Ородөбө жана Хожент үчүн Бухара амирлиги менен удаалаш согуш аракеттери жүргүзүлдү. Бул эки

вилаят кээде тигил, кээде бул жактын карамагына өтүп турду. Бир сөз менен айтканда, Алымхандын бийлиги тушунда хандыктын аймагы дээрлик эки эсе кеңиди.

Алымхан ички саясатта борбордук бийликти дагы да чыңдоого аракеттенди. Бул жолдо ырайымсыздыкка да жол койду. Бул болсо түрдүү уруу башчыларынын, айрым жогорку мансап адамдарынын кескин нааразылыгына себеп болду. Алымхан кедейлерге жана календерлерге жер жана чарба мал берип, аларды эмгекке тартты.

Алымханга каршы күчтөр такка анын иниси Умарханды отургузууга тымызын даярдык көрүштү. Алымхан бул кабарларга душмандар таратып жаткан жалаа деп карады. Жакындашып келе жаткан мамлекеттик төңкөрүштүн алдын алуунун ордуна азыркы Казакстан республикасынын аймагындагы Чымкент, Сайрам, Түркстан вилаяттарына 1810-жылдын февраль айында жортуул уюштурду. Кыштын ызгаары кошуунда нааразылык туудурду. Кошуундун нааразылыгы кутумчулар үчүн табылгыс нерсе болду. Алар кошуундун арасында Алымхан кайтыш кылды, деген жалганды таратышты. Такка болсо иниси Умарханды отургузушту. Алымхан кыянаттан кабар таап, Коконго кайтты. Бирок жолдо кутумчулар тарабынан атып салынды. Алымхан тарыхта мамлекетти хандык статусуна көтөргөн эр жүрөк өкүмдар иретинде наам калтырды.

### Хандык Умархандын бийлиги тушунда

Умархан да бардык өткөн өкүмдарлар катары өзүнүн бийлигин чыңдоого киришти. Эң мурда, келечекте хандык тактына кооп салышы мүмкүн болгон адамдарды ортодон алып салды. Андан кийин өзүнүн наамында күмүш дирхам соктурду. 1817-жылдан баштап согула башталган күмүш жана дилде акчаларга „Мусулмандардын амири, Сайид Мухаммад Умар султан“ деп жазыла баштады. Умархан акча согуу аркылуу расмий түрдө өзүнүн бийлик статусун тастыктап алды.

Хандыктын аймагын дагы да кеңитүү максатында 1812-жылы Бухарадан көз каранды экендигин тааныган Түркстанга да кошуун жөнөттү жана аны ээлеп алды.

Бул жортуулдан кийин алдыңкы динчилдер Умархандын бийлиги мыйзамдуу экендигин негиздөө максатында „Кайсы өкүмдар 12 миң жоокерди керектүү курал-жарак жана жабдуулар, жылкыларды болсо жем-чөп менен камсыз кылса, аны мусулмандардын амири (Амир ал-муслимин) деп атоо керек“, деген фатва чыгарышты.

http://eduportal.uz

Эсеп-кытаптар хандык боюнча Умархандан фатвада жазылгандан кыйла көп адам жардам алышын аныктап берди. Ошондон кийин Умархан өзүнө *Амир ал-муслимин* наамын алды жана бул жөнүндө хутба да окулду.

Осмонийлер мамлекетинин султаны Кокон хандыгы Бухара амирлигинен толук көз карандысыз мамлекет экендигин тааныды.

Умархандын тушунда хандыктын аймагы дагы да кеңитилди. Эми хандыктын чек арасы түндүктө Россия чек араларынан Кухистан жана Кашкарга чейин созулду.

Умархан 1822-жылы кайтыш кылды. Такка чоң уулу Мухаммад Алихан (Мадалихан) отурду.

**Мухаммад Алихан**

Кокон хандыгынын аймагы Умархандын уулу жана мураскору Мухаммад Алихан (Мадалихан) дын тушунда (1822 – 1841) дагы да кеңиди. Кокондун кошууну Ферганан түштүгүндө жайлашкан, негизинен, отуруктуу тажик калкы жашаган Каратегин, Дарбаз жана Көлабды ээледи. Бирок Мадалихан тез арада көңүлү каалаган иштерди жасай беришин колдоп-кубаттаган ак сөөктөрдүн таасирине түшүп калды. Жаш хан маркум атасынын эң абройлуу ак сөөктөрүн куугунтукка ала баштады. Умархандын тушунда хандын бийлиги менен жергиликтүү ак сөөктөрдүн ортосунда бекемделген жакындык бузулду. Мансап адамдарынын айрымдары сүргүн кылынды, кээлери өлтүрүлдү, кээлери Бухарага качып кетти. Ал таежеси Афтабайымдын үй-бүлөсүнө да ырайым кылбады. Анын күйөөсү, хандыктын шайхулисламын жана уулу Хакимханды сүргүн кылды. Вилаят (бектик) акимдери болсо бат-бат оошторуп турулду. Булар калктын бардык катмарларын Мадалиханга каршы кылып койду. Динчилдер ханды түрдүү ахлаксыздык, шариатка каршы кылмыштарда күнөөлөп, ага каршы ачык үгүт жүргүзүштү. Акыр-аягында, 1841-жылы Мадалихан иниси Султан Махмудхандын пайдасына тактан баш тартууга аргасыз болду. Ошондой эле, хандан нааразы күчтөр Бухаранын амири Насрулладан жардам сурады. Амир Насрулла 1842-жылы кошуунун Коконго жөнөттү жана аны басып алды. Мадалихан, иниси Султан Махмудхан ак сөөктөрү менен кармап алынды жана хандын буйругу менен өлтүрүлдү. Амир Насрулла ал тургай Мадалихандын апасы Надырабегимге да ырайым кылбады.

**Амир Насрулланын баскынынан кийинки саясий абал**

Амир Насрулланын Кокон хандыгындагы бийлиги көпкө созулбады. Анткени амирдин Кокондогу наиби Ибрагим датка

Кокон хандыгынын калкын мурда алынып келинген салыкка кошумча түрдө Бухара амирлигинде киргизилген салыктарды да төлөөгө аргасыз кылды. Натыйжада, бүткүл Кокон хандыгынын аймагында 1842-жылы чоң көтөрүлүш чыкты. Анын натыйжасында амирдин Кокондогу наиби менен бектеринин бийлиги жоюлду. Бухара амиринин бийлигине каршы көтөрүлүштү уюштурган жергиликтүү күчтөр *кыпчактар*дын көмөгүнө таянган эле. Көтөрүлүш натыйжасында Кокон хандыгынын эгемендүүлүгү калыбына келди. Такка Нарботобийдин иниси Ажыбектин уулу Шерали-хан (1842–1845) отургузулду. Кокон хандыгынын эгемендүүлүгүн калыбына келтирүүдө миңдер уруусуна чоң көмөк көрсөткөн кыпчактар хандыктын социалдык-саясий турмушунда чоң абройго ээ болуп алышты.

Алардын башчысы Мусулманкул миңбашы кылып дайындалды. Кокондогу жеңилишке чыдай албаган Амир Насрулла кайра Коконго жортуул жасады. Ал Кокон шаарын 40 күн курчоодо кармады. Бирок Амир Насруллага курчоону улантууга Хиванын ханы Аллакулихандын Бухара амирлигине жасаган чабуулу тоскоолдук кылды. Амир Насрулла Бухарага кайтууга аргасыз болду.

Мусулманкул 1845-жылы Ошко калктын салыктардын ченден ашкан көлөмүнөн наразы болуп чыгарган көтөрүлүшүн бастыруу үчүн кошуун менен жөнөтүлдү. Мындан пайдаланган Исфаранын акими Самаркандда жашап турган маркум Алымхандын уулу Муратханды алып келип, Кокондун тактына отургузду. Бирок Мусулманкул Наманганга кайтып кетти жана кызын маркум Шералихандын уулу Кудаярга никелеп берди. 13 жаштагы Кудаярхан анда Намангандын акими эле. Ошондон кийин Мусулманкул Муратханды тактан кулатты жана күйөө баласы Кудаярды такка отургузду.

### Ички чырлардын күчөшү

Кудаярхан жаш болгондугу себептүү, хандыкты иш жүзүндө кайнатасы Мусулманкул башкарат эле. Ошентип, хандыкта кыпчактардын бийлик доору башталды. Эми кыпчактар Коконго жалпы баары көчүп келе башташты. Жергиликтүү калкты шаардан айдап чыгарып, алардын үйлөрүнө орношуп ала башташты. Сугат курулуштарын колго алышты. Калк эми суу үчүн да салык төлөй турган болду.

Бул саясат жергиликтүү калктын катуу наразылыгына себеп болду жана хандыкта бийликтегилерге каршы көтөрүлүш чыгаруу коркунучун туудурду. Мындай жагдайда Мусулманкул өзүнүн ордун жоготпостук үчүн орустар менен байланыш орнотууга умтулду жана орус кол

башчылыгынын өкүлү В. Вельяминов-Зернов менен жашырын жолугушту. Кайнатасынын бул иши Кудаярханды катуу чочутту. Ошондуктан ал кайнатасы Мусулманкулдун жана кыпчактардын бийлигине чек коюуну чечти.

1852-жылдын 9-октябрь күнү Кудаярхан Ташкенттен чакырылган кошуун менен кыпчактар кыргынын уюштурду. Кайнатасы Мусулманкул туткунга алынып, өлтүрүлдү. Кыпчактардын мал-мүлкү тартып алынды. Ошентип, Мусулманкулдун жана кыпчактардын бийлиги жоюлду.

Кыпчактардын бийликтен четтетилиши өлкөнүн ичинде саясий туруктуулукка алып келбеди. Тескерисинче, ички туруксуздуктан пайдаланган жергиликтүү бектиктер айырмачылык кыймылын күчөтүп жиберишти. Натыйжада түндүктөн Россия империясы баскынынын коркунучу жакындашып калганына карабастан, ички чырларга чек коюша албады. Так үчүн аёосуз күрөш улантылды.

- 1798-жыл – Алымхан такка отурду.
- 1805-жыл – Алымхан өзүнө хан наамын алды жана ошол күндөн баштап мамлекет расмий түрдө Кокон хандыгы деп атала башталды.
- 1842-жыл – Амир Насрулла Коконду басып алды.
- 1842-жыл – хандыкта бийлик иш жүзүндө кыпчактардын колуна өттү.
- 1852-жыл – Кудаярхан тарабынан кыпчактар бийлигине чек коюлду.

1. Алымхандын хандык тарыхындагы орду эмне менен белгиленет?
2. Эмне үчүн өкүмдарларга өзүнүн бийлиги мыйзамдуу экендигин негиздөө зарыл саналган?
3. Ойлоп көрчү! Эмне үчүн Бухаранын амирлери жана Кокондун хандары Осмонийлер мамлекетинин султандарына кайрылышкан?
4. Эмне үчүн Мадалихандын тушунда мамлекет бытырандылыкка кабылды жана ал кандай натыйжаларга себеп болду?
5. Хандыкта кыпчактардын бийлиги орнотулушу мүмкүн беле?
6. Кыпчактардын бийлигине кандайча чек коюлду?

Ага-ини Алымхан менен Умархандар өздөрүнүн бийликтери мыйзамдуу экендигин кандай усулдар менен негиздешкенин салыштыр.



http://eduportal.uz

## 34-§. Кокон хандыгында мамлекеттик башкаруу

### Хандыктын аймагы жана калкы

Баштап Фергана өрөөнүнүн аймагы менен гана чектелген Кокон хандыгы аймагы жагынан XIX кылымдын биринчи жарымында Орто Азияда эң чоң мамлекетке айланды. Хандык түндүктө Россия (аларды Бетпак талаа ажыратып турган), чыгышта Чыгыш Түркстан, батышта Хива хандыгы жана Бухара амирлиги менен, түштүктө болсо Мадалихандын тушунда хандыкка кошуп алынган Каратегин, Дарбаз, Көлаб жана Шугнан бектиктери менен чектеш болгон. Бул чек ара Сырдарыянын ортоңку агымынын оң жээгинде жайлашкан Курама, Ташкент оазиси, Кыпчак Талаа (азыркы Казакстандын түштүк жана түштүк-батышы), Жетисууну, ошондой эле, Ысык-Көлдүн жээктерине чейин болгон аймактарды өзүндө камтыган. Мындан тышкары, Бухара амирлиги менен Кокон хандыгынын ортосунда колдон колго өтүп турган Хожент жана Ородөбө да белгилүү мөөнөт хандык аймагынын курамында эле.

Бир сөз менен айтканда, Кокон хандыгы аймак жагынан үч өзбек мамлекетинин ичинде эң чоңу эле. Кокон хандыгы административдик жактан *бектик*терге (вилаяттар), *саркарлик*терге, *аксакалдык*тарга жана *аминдик*терге бөлүнгөн. Хандыкта 15 бектик болуп, аларда 3 миллионго жакын калк жашаган. Калктын негизги бөлүгүн өзбектер түзгөн. Ошондой эле, тажиктер, кыргыздар жана кашкар (уйгур)лар да жашашкан.

Аксакалдыктар чоң-чоң айыл же бир нече чакан айылдардын бирикмелери эле. Аларды аминдер, аксакалдар жана саркарлар башкарган. Жашоо мүнөзү боюнча, калк отуруктуу, көчмөн жана жарым көчмөндөрдөн турган.

### Хандыкта мамлекеттик башкаруу

Кокон хандыгы да Бухара амирлиги жана Хива хандыгы сыяктуу малекеттик түзүлүшү боюнча абсолюттук монархия эле. Чектелбеген укукка ээ болгон *хан* мамлекетти бийликтеги миңдер уруусу, ошондой эле, башка уруулардын абройлуу катмарлары, жогорку мансаптарга дайындалган мансап адамдары, динчилдер жана аскерлерге таянып башкарган.

Бухара амирлигинен айырмаланып, Кокон хандыгында аскердик кызмат ээлеринин, айныкса, кошуундун Башкы кол башчысы – *миңбашы*нын

http://eduportal.uz

аброю аябай жогору болгон. Миңбашы кошуундун Башкы кол башчысы гана эмес, ошол эле мезгилде, Башкы вазир да болуп эсептелген. Бүткүл аткаруучу бийлик анын колунда топтолгон.

Мындан тышкары, ар бир административдик бирдик *аскердик округ* да болуп саналган жана акимдер аскердик күчтөрдүн кол башчылары да эле. Аскердик округдун аймагында жашаган бардык уруулар жана көчмөн уруунун мүчөлөрү жашап жаткан жери же дареги боюнча округда жүргүзүлгөн тизмеге катталган. Тизмеге катталгандар хандын биринчи чакырыгында эле белгиленген жерге жетип келүүгө тийиш эле. Бул тартип ханга эгерде зарылчылык талап кылса, 60 миңге жакын жоокерди жана азык-түлүк жүктөлгөн 12 миң арабаны тез чогултуп алуу мүмкүнчүлүгүн берген.

Жергиликтүү *акимдер* мансап адамдарын, салык түшүмүн текшерип туруучу көзөмөлчүлөрдү дайындаган. Салыктардын өлчөмүн тастыктаган жана каржы иштерин башкарган. Ошону менен бирге, жогоруда айтылгандай, кошуунга кол башчылык да кылышкан.

Кокон, Ташкент, Маргылан, Шахрихан, Андижан, Балыкчы, Чартак, Касан бектиктери ири округдар болуп, алардын ичинде Ташкент эң маанилүү орун туткан. Ошондуктан хан Ташкентке өзүнүн туугандарын же эң ишеничтүү адамдарды аким кылып дайындаган.

Кокон хандыгында мамлекеттик башкаруунун өзүнө мүнөздүү дагы бир өзгөчөлүгү – борбордук бийлик өлкөдө туруктуулукту сактоо үчүн түрдүү отуруктуу жана көчмөн уруу жана уруктардын ортосунда таламдардын тең салмактуулугун эсепке алууга аргасыз эле. Умархан менен Мадалихандар бул факторду жогорку деңгээлде эсепке алган өкүмдарлар эле.

Кокон хандыгы Бухарага баш ийүүдөн көчмөн кыпчак жана кыргыз урууларынын жардамында кутулгандан кийин, алар хандыктын саясий турмушунда жетекчи орунга талапкерлик кыла башташты жана буга жетишишти. Аларга хандык такты керек эмес болчу. Алар үчүн такта миңдердин бойго жете элек өкүлүн отургузуу чоң роль ойногон. Ошентишсе, алар регенттикти колго алышмак. Ал эми регенттик аларга хандыкты каалагандай башкаруу мүмкүнчүлүгүн берген. Мурдагы темада билип алганыңдай, иш жүзүндө дал ушундай да болду.

Кыпчак жана кыргыз урууларынын айрым жетекчилери медресенин билими эмне экендигин ал жерде окушкандан кийин гана түшүнүп же-

http://eduportal.uz

тишкен. Алардан бири, кийинчерээк хандыкта кошуундун кол башчысы кызматын ээлеген кыпчактардан болгон Алыкулу „Диний билим мени уруумдан алысташтырды“, деп айтканы тарыхый китептерде жазылган.

Хандык турмушунун дагы бир өзүнө мүнөздүү жагы – бул мамлекеттин иштеринде динчилдердин таасири Бухара амирлигиндегидей сезилердүү деңгээлде эместиги эле.

**Хандыкта жогорку мамлекеттик кызматтар**

Хандыкта башка өзбек мамлекеттериндеги сыяктуу мансап адамдары эки категорияга бөлүнгөн. Биринчи категория *умара* (дүйнөлүк иштер маселелери менен алектенгендер), экинчиси болсо *улама* (дин иштери менен алектенгендер).

Умара мансап адамдарынын ичинде эң абройлуусу *миңбашы* – Башкы вазир, кошуундун башкы кол башчысы жана тышкы саясат маселелеринде хандын башкы кеңешчиси эле. (Хива хандыгында Башкы вазир кандай наам менен аталгандыгын эсте.)

*Деванбеги* да жогорку мамлекеттик мансап болуп, ал хандык деванханасына жетекчилик кылган, ошондой эле, каржы иштерин башкарган.

*Мырза* казнага түшкөн түшүмдүн эсебин жүргүзгөн.

*Дасторкончу* – хандын дасторконуна тамак тарткан мансап ээси эле.

Тарыхтан көптөгөн өкүмдарлардын уулап өлтүрүлгөнү, уу негизинен тамакка же ичимдикке кошуп берилгендиги белгилүү. Ошондуктан хан дасторкончу кызматына эң ишеничтүү адамын койгон.

Хива хандыгында болгону сыяктуу, Кокон хандыгында да *мехтар* кызматы болгон. Бирок бул хандыкта ал болгону хандыктын каржы иштерине жоопту болгон деванбегинин орунбасары эле. Ошондой эле, хандыкта *шыгавул, ынак, аталык, датка, кошбеги, парваначы, казначы* сыяктуу жогору мартабалуу кызматтар да бар эле.

Улама мансаптарынын ичинде *шайхулислам, казы калон, кожо калон (накиб), казы аскер, муфтий, казы аълам* жана *раис* кызматтары өзгөчөлөнгөн. Улама мансаптарын ээлеген ар бир адамдын кандай маселелер боюнча жоопту экендигин мурдагы темалардан билип алгансың.

?

1. Хандык жайлашкан жана ээлеп алган аймактар жөнүндө эмнелерди билип алдың?
2. Хандыктын аймагы административдик жактан кандай бирдиктерге бөлүнгөн?
3. Хандыктын мамлекеттик башкаруусу кайсы жактары менен



http://eduportal.uz

Бухара амирлигине окшойт жана кайсы жактары менен айырмаланат?

4. Хандыктагы жогорку мамлекеттик мансаптарды Хива хандыгындагы ошондой мансаптар менен салыштыр.

**Пикирлөө үчүн**

Эмне үчүн өзбек хандыктарында мамлекетти башкаруунун формасы жана жогорку мамлекеттик кызматтар дээрлик окшош болгон?

„Өзбек мамлекеттеринин саясий турмушунда жүргөн өзгөрүштөр, малекетти башкаруунун формасы жана мамлекеттик кызматтар“ жадыбалын толтур.

| № | Суроолор | Бухара амирлиги | Хива хандыгы | Кокон хандыгы |
|---|---|---|---|---|
| 1. | XVIII кылымда өлкөнүн саясий турмушунда жүргөн маанилүү өзгөрүштөр | | | |
| 2. | Бийликке келген династиялардын аты | | | |
| 3. | Мамлекеттик түзүлүш боюнча окшоштуктар | | | |
| 4. | Административдик бирдиктердин саны | | | |
| 5. | Эң төмөнкү административдик бирдиктер аты | | | |
| 6. | Башкы вазирдин аталышы | | | |
| 7. | Каржы иштерине жооптуулар | | | |
| 8. | Кошуундун башкы кол башчысы | | | |

## 35-§. Кокон хандыгында аскердик иш

### Регулярдуу кошуундун түзүлүшү

Кокон хандары да ички жана тышкы саясатта кошуундун маанисин абдан мыкты түшүнгөн. Ошондуктан Алымхан 1805-жылы биринчи болуп хандыкта 10 миң адамдан турган регулярдуу кошуун түздү. Бул кошуундун негизин тоолук тажиктер түздү. *Навкария* деп аталган бул регулярдуу кошуун окатар куралдар менен куралдандырылды жана тез арада бардык кошуундун күжүрмөн күчүнө айланды.

http://eduportal.uz

Умархандын тушунда алардын саны 12 миң адамга жеткирилди. Кудаярхан болсо Осмонийлер мамлекетинен сапаттуу даярдалган *мылтык* (винтовка) алып келтирди. Ошол эле учурда, хандыкта *кыл куйрук*, *кара казан* жана *кара черик* деп аталган регулярдуу эмес кошуун да сактап калынды. Алар жардамчы бөлүнмө эсептелген. Жардамчы бөлүнмө зарылчылыктан келип чыгып калктын санына жана аймактардын экономикалык абалына карай топтолгон.

XIX кылымдын 30–40-жылдарында хандыкта бардыгы болуп 30 миң жоокер болгон. Хандыктагы бардык эмгекке жарактуу эркектер аскердик кызматка чакырылышы мүмкүн эле. Кайсы аймак канча жоокер жибериши өкмөт мурдатан белгилеп койгон. Регулярдуу кошуунга алуу болсо мурас болгон. Башкача айтканда, атасы кайтыш кылса же аскердик кызматка жараксыз болуп калса, анын ордуна уулу чакырылган. Аскердик тизмеге катталган адам өзүнүн каалоосу менен андан чыга албаган. Ошол эле учурда, үй-бүлөнүн жалгыз эркеги кызматка алынбаган. Тынчтык учурларында ар күнү жоокерлердин 1/10 бөлүгүнө үй-бүлөсү менен көрүшүп келүүгө уруксат берилген.

### Кошуундун курамдык бөлүгү жана башкаруу тартиби

Кошуун курамдык жактан *сыпах* (атчан), *топчу* (артиллерия), *сарбаз* (жөө) жана иргелген *атайын бөлүм* (галабатит жана мергендер) деп аталган 4 бөлүктөн турган. Турган сөз, ал доордо атчан кошуун кошуундун негизин түзгөн. Регулярдуу тартипте кызмат кылган ар бир атчан жоокерге мамлекет тарабынан баасы 80 дилдеге чейин болгон жылкы жана ээр-жабдык берилген. Хандыкта 20 миң атчан жоокер кызмат кылган.

Кудаярхан салыштырмалуу заманбап *топчу кошуун*ду түздү. Кошуундун кол башчысына аскердик аракет учурунда *амири лашкар* наамы берилген. Ал кошуундун Башкы кол башчысы саналып, аскердик аракеттин натыйжасы үчүн керт башы менен жооп берген. Кошуунда *миңбашы* (жогорку кол башчы), *амири лашкар*, *кошбеги* (өзүнүн кошуунуна ээ бектиктин акими), *баатырбашы* (бектиктердеги аскердик иштин абалы үчүн жооптуу), *валий* (наиб, ариллериянын кол башчысы), калаабан (аскердик чептер үчүн жооптуу адам), *корбашы* (курал-жарак өндүрүш устаканасы жана амбарканасынын башчысы), *явар* (амири лашкардин атайын бөлүнмөсүнүн башчысы), *топчубашы* (замбирекчилер бөлүнмөсүнүн башчысы), *токсаба* (өзүнүн туусуна ээ болгон аскердик бөлүнмөнүн башчысы) жана *пансадбашы* (500 адамдан турган аскердик



http://eduportal.uz

кошуундун кол башчысы) сыяктуу жогорку даражалуу аскердик мансаптар бар эле. Аскердик кыймылдар учурунда хандын *өз сакчылар*ы жоокерлерди салгылашууда шыктандырып турган. Чегинип жаткандарга милдет жөнүндө эскертип туруу да алардын милдеттерине кирген.

*Казы аскер* аскердик аракет башталышынан мурда хандын атынан жихад жарыялаган. Мындан тышкары, олжону баалаган жана кошуундун руханий көрүнүшү үчүн да жооптуу болгон.

*Казы раис* болсо кошуундун муфтийси берген фатванын аткарылышын камсыздоону көзөмөлдөгөн.

Аскердик кыймылдар учурунда ар бир бөлүнмөдө 5 адамдан турган топ да иш жүргүзгөн. Алардын милдети жарадар болгон жоокерлерди салгылашуу талаасынан алып чыгуу жана курман болгондорду жерге берүүдөн турган.

Аскердик кыймылдарды баштоодон мурда кошуун *илгар* (алдыңкы бөлүк), *маймана* (оң канат), *майсара* (сол канат) жана *борбордук* бөлүктөргө бөлүнгөн. Хандыкта 1000 адамдан турган кошуун бөлүнмөсү *туу* (миңдик), 500 – 1000 ге чейин кошуун бөлүнмөсү *байрак* деп аталган. Жүздүк бөлүнмө болсо *элүүлүк*кө, элүүлүк болсо *ондук*ка бөлүнгөн.

### Кошуундун камсыздоосу

Ар бир мамлекетте, айныкса, аз өнүккөн өлкөлөрдө кошуунду кармоо абдан чоң сарпты талап кылган. Турган сөз, сарптардын бардыгы салык түшүмдөрүнүн эсебинен капталган. Ошондой эле, аскердик сарптарды каптоо үчүн калкка „мылтык акчасы“ деп аталган салык да киргизилген болуп, ал орто чарбалуу үй-бүлөлөр үчүн 2,5 дилде, бай үй-бүлөлөр үчүн 5 дилде өлчөмүндө белгиленген. Аскердик кызматчыларга наамына карай бир жылга 200 тыйындан 8 миң тыйынга чейин акча, ошондой эле, 20 батмандан 2 миң батманга чейин дан берилген.

Жүз башыга бир жылда 147 күмүш тыйын, элүу башыга 98 тыйын, он башыга 65 тыйын, жөө жоокерге болсо 43 тыйын акы төлөнгөн. Аскердик кыймылдардын алдынан болсо жүз башыга 2 дилде, элүу башы жана жөө жоокерге 1 дилдеден берилген. Туура, хандыктын аскердик күчтөрү, алардын аскердик даярдык деңгээли аябай төмөн болгон. Анткени кошуун үчүн офицерди даярдай турган атайын аскердик окуу жайлары ачылбаган. Жоокерлерге аскердик иш атайын аскердик билим албаган адамдар тарабынан өзүнүн жөндөмүнөн келип чыгып, чогулткан тажрыйбаларына таянган түрдө үйрөтүлгөн. Мындай адамдар *шакирт-пешалар* деп аталган. Регулярдуу кошуун жылына эки жолу аскердик кароодон өткөрүп турулган.



http://eduportal.uz

### Чек араларды бекемдөө үчүн көрүлгөн чаралар

Хандык чек араларынын коопсуздугун бекемдөө үчүн ошол доордо аскердик чеп жана калаалардын курулушу маанилүү болгон. Ошондуктан бул маселеге өзгөчө көңүл бурулган. Аскердик чептер мааниси жана чоңкичинелигине карай 3 топко бөлүнгөн.

Биринчи топ – бир нече административдик бирдиктердин борборлорунда жайлашкан чептер (Ташкент, Маргылан, Кокон, Андижан, Наманган шаарлары).

Экинчи топ – жергиликтүү башкаруунун карамагындагы чептер (Түркстан, Чымкент, Олуя-Ата, Ородөбө, Пишпек, Акмечит).

Үчүнчү топ – ири борборлорду бирин-бири менен байланыштырган жолдордо курулган чакан чептер.

Кокон шаарынын чеби эки коргоочу дубал менен курчалган. Анын ичинде да дубал менен курчалган бир нече имарат курулган. Имараттарда жоокерлердин аттары, курал-жарактары, кору сакталган. Ошол эле учурда, жоокерлердин өздөрү жашаган бөлмөлөрү да болгон. Чептер хандыктын тышкы коопсуздугун гана эмес, ошондой эле өлкөгү алысжакын аймактар, мамлекеттер менен байланыштырган соода жолдорун коргоодо да таянычтын милдетин аткарган.

Хандыктын түндүк бөлүгү бекем корголгон болуп, бул жерде Түркстан, Чымкент сыяктуу шаар-чептер, ошондой эле, ири экономикалык жана саясий борбор – Ташкент шаары да жайлашкан эле.

Ахангаран жана Чырчык оазисинде Керөөчү, Тойтепа жана Бөкө чептери курулган. Хандыктын батыш бөлүгүндө болсо стратегиялык жактан чоң мааниге ээ Ородөбө, чыгыш бөлүгүндө Ош жана Пишпек (азыркы Бишкек шаары, Кыргызстан Республикасынын борбору) чептери курулган эле. Чептердин бардыгы дубал менен курчалган. Дубалдын тышкарысында терең аңдар казылып, суу менен толтурулган. Чептин коргоочулары душманга карата ок атышына оңойлук жаратуу үчүн атайын көзөнөктөр (бурждар) коюлган. Чептин мунарасынан айлана-чөйрө көзөмөлдөнүп турулган. Замбиректер чеп дарбазасынын жана мунаралардын үстүнө орнотулган.

**Батман** – салмак чен бирдиги, 1 батман болжолдуу 164 кг га барабар.

**Стратегиялык** – жалпы максатка жетишүү үчүн маанилүү болгон.

http://eduportal.uz

1. Регулярдуу кошуун менен регулярдуу эмес кошуунду салыштыр, корутундуңду дептериңе жаз.
2. Кокон хандыгында регулярдуу эмес кошуун кандай аттар менен аталган жана алар кандай тартипте топтолгон?
3. Хандык кошуунунун курамдык бөлүктөрү жөнүндө эмнелерди билип алдың?
4. Жогорку мартабалуу аскердик кызматтардын тизмесин түз.
5. Кошуундун камсыздоосу кандай ишке ашырылган?

Өлкөбүздө киргизилген „Мобилизациялык чакыруу резерви“ кызматы кандай максатта киргизилгендигин жана ал кандай тартипте өтөлүшүн аныктап кел.

## 36-§. Кокон хандыгында социалдык-экономикалык турмуш

**Жер ээлөөчүлүк**

Кокон хандыгында да бардык жер мамлекеттин мүлкү эле. Ошол эле учурда, ал жер ээлөөчүлүк формасы боюнча, *амлак* (мамлекеттик), *менчик* жана *вакф* жерлерине бөлүнгөн.

Амлак жердин белгилүү бөлүгү ханга таандык болгон жана ал 3 бөлүккө бөлүнгөн. Биринчиси *хас мүлк* деп аталган. Андан алынган киреше сарайда жашагандар менен сакчылардын сарпына иштетилген. Экинчи бөлүгү болсо *такык жер* (дың жер) деп аталган жана ал жайлоо, камышзар жана бадалзарлардан турган. Үчүнчү бөлүгү болсо *чек жерлер* деп аталып, түздөн-түз ханга таандык болгон. Менчик жер ээлөөчүлүк ири мамлекеттик мансап адамдарына мамлекеттин алдындагы кызматтары үчүн жер бөлүп берүү, ошондой эле, жеке адамдарга сатуу (мүлкү хур халыс) аркылуу пайда болгон. Менчик жердин ээси болгон биринчи категориянын өкүлдөрү жерге эмес, андан алына турган кирешеге жана ошол жерге курган имаратына ээлик кылган. Ошондой эле, алынган түшүмдүн 1/5 бөлүгү өлчөмүндө салык төлөшкөн. Жерди мураска калтыруу укугуна ээ болушпагандыктары үчүн ээлик кылып турган жерлердин белгилүү бөлүгүнүн перзенттеринде сакталып калышын камсыздоо үчүн вакф авлад кылышкан. Белгилүү болгондой, вакф жерлер сатылбайт, белекке берилбейт жана мураска калтырылбайт. Ошондуктан диний мекемелердин карамагына вакф авлад кылынган жерден алынган кирешенин вакф документинде көрсөтүлгөн бөлүгү жерди вакф мүлкүнүн карамагына өткөргөн мансап ээсинин урпактарына таандык болгон. Экинчи категория болсо сатып алынган жерге түздөн-түз ээлик



http://eduportal.uz

кылган. Мындай жерлерден салык алынбаган. Мамлекет жеринин сатылгандыгы жана сатып алынгандыгы жөнүндөгү документке казыханаларда кол коюлган. Анда жерди сатуучунун, башкача айтканда, хандын өзү да катышкан. Менчик жер ээлөөчүлүк аскердик кызматчыларга жер берүү аркылуу да калыптандырылган. Аскерлерге берилген жерлер *танхо жерлери* деп аталган.

Мүлктөрдүн көпчүлүгү 30 сотыхтан 60 сотыхка чейин болгон. Жерлер иштетүү үчүн дыйкандарга ижарага берилген. Дыйкандар хандын жерлеринде да эмгектенишкен. Ал жерлерде иштөө үчүн зордук менен жөнөтүлгөндөрдүн саны 10 миңге чейин жеткен. Алар *мардикерлер*, менчик жерлерде түшүмдүн 1/4 бөлүгү үчүн жалданып иштеген жерсиз, ат-унаасыз кедейлер *чарикерлер* деп аталган. Мындан тышкары, *корандалар* да болуп, алар түшүмдүн 1/2 бөлүгүн алуу шарты менен жерлерди ижарага алып, өз эмгек шаймандары жана ат-унаалары менен жалданып иштешкен.

## Салык жана милдеттенмелер

Негизги салык – хираж болуп, анын өлчөмү эгин аянты менен эгиндин түрүнө карай түшүмдүн 1/3–1/5 бөлүгүнө чейин белгиленген Көчмөнчү элдерден алынган зекеттин да түрлөрү көп эле. Алардын негизгилери “кара башы”, “түтүн акы”, “жыйым салык” деп аталган.

“Кара башы” – көчмөнчү малчылардан малдын башына жана короосуна карап алынган зекет. Бул зекет кышта малдар короодо турганда чогултуп алынган.

“Түтүн акы” – жазында жаңы шиберге көчүүдөн мурда ар бир түтүндөн бирден кой түрүндө алынган салык эле.

“Жыйым салык” болсо зекет төлөбөгөн байлар менен алардын тууган-уруктары бекке берген 9 буюмдан турган белектер болгон.

Эмгекчил эл дээрлик бардык нерсе үчүн салык төлөгөн. Анткени бардык дың жерлер, чытырман токойлор, камышзарлар, даракзарлар, көлдөр, бүткүл жайлоолор ханга караштуу эле. Эл калаанын дубалдарын ремонттоо, чеп куруу, канал казуу, арык тазалоо, жол курулушунда катышуу сыяктуу милдеттенмелерди өтөгөн.

## Айыл чарбасы, кол өнөрчүлүк жана соода

Кокон хандыгында да Хива хандыгы жана Бухара амирлигинде болгону сыяктуу жасалма сугат чебердиги толук ээленген жана суудан акылмандык менен пайдаланылган. Негизги айыл чарба эгини буу-

дай жана пахта эле. Ошондой эле, мөмө, жашылча жана жер-жемиш эгиндеринин дээрлик бардык түрлөрү өстүрүлгөн. Мал чарбачылыгында жүгөрү менен беде жетекчи орунда турган.

Фергана өрөөнүндө пахтачылык жылдан жылга өнүгүп отурду. Россиянын өзбек мамлекеттеринен, ошонун катарында, Кокондон пахта сатып ала башташы бул эгин талааларынын дагы да кеңейишине себеп болду. Пахта соодасына ал тургай бажы да жокко чыгарылды.

Кокондо кол өнөрчүлүктүн мискер, зергер, оймокер, карапаачы, кагазгер, токуучу, топу тигүүчү, саймачы, көпүрөчү, темирчи, наабай, араба куруучу, тукабачы, боёкчу, топукеч, дубалчы, дегрез, көнчү, мылтыкчы, найзагер, панжарачы, пиллачы, постундөз, такачы, паранжадөз, чебер, чыгкер, килемчи сыяктуу түрлөрү аябай өнүккөн.

Кокон хандыгынын экономикалык турмушунда Бухара амирлиги, Хива хандыгы, Кашкар, Индия, Ооганстан, Иран, Кытай жана Россия менен жүргүзгөн соода байланыштары чоң роль ойногон. 1832-жылы кол коюлган Кокон – Кытай келишими боюнча, Кокон ханы Кашкарда соодагерлерден бажы чогултуу укугун алган.

**Хандыктын шаарлары**

Хандыктын башкы шаары Коконго тиешелүү маалыматтар X кылымдан баштап кездешет. Булактарга караганда, анын жашы 2000 жылдан ашкан. Маалыматтарда "Хавоканд", "Хоканд" деген аттар менен катталган. "Хавоканд" сөзү "көрктүү", "жагымдуу", "сулуу", "шамалдын шаары" деген маанини билдирет, деген пикирлер да бар. Жергиликтүү калк өзүнүн шаарын Хоканди латиф же Кокон деп атаган. Кокон шаары XVIII–XIX кылымдын биринчи жарымында хандыктын гана эмес, Орто Азиянын да ири шаарларынан бири эле. 1842-жылы Кокон бекем дубал менен курчалды. Шаарга 12 дарбазадан кирилген. Шаардын 12 дарбазалуу болушуна себеп, анын административдик жактан 12 массивге бөлүнгөндүгү эле. Бул доордо шаарда 30 000 калк жашаган. XIX кылымдын ортолорунда Кокондогу медреселердин ичинен Мадалихан, Нарботобий, Жаме, Аким Айым, Кожо датка, Миңайым медреселери өзгөчөлөнүп турган. Алардын ар биринде 38 ден 100 гө чейин үжрөсү болгон.

**Андижан**

Орто Азиянын белгилүү шаарларынан бири болгон Андижан "Улуу жибек жолунда" курулган. Арабдар басып алган доордо шаар "Андукан" деп аталган. Тарыхчы окумуштуу, академик А. Мухаммаджановдун белгилешинче, „Андижан" сайдын жээгиндеги шаар, деген маанини билдирет. Андижан XV кылымдан

баштап Фергана өрөөнүнүн борборуна айланды. Захириддин Мухаммад Бабурдун тушунда Андижанда чарба, илим жана маданият өнүктү. Ал “Бабурнаамада” Андижанга: “*Аштыгы мол, мөмөсү ширелүү, коону менен жүзүмү мыкты болгон, Маварауннахрда Самарканд жана Кеш калааларынан кийин турган мындан улуу кеш жоктур. Үч дарбазасы бар. Тогуз ноо суу кирет*”, деп мүнөздөмө берген.

Кокон хандыгы түзүлгөндөн кийин Андижан бектиктин борбору болуп калды. XIX кылымдын ортолорунда Андижан 4 *массив*ге бөлүндү. Ар бир массивге *казы* жана *миңбашы* дайындалды. Массивдер *маалалар*га бөлүнгөн болуп, аларды аксакал башкарган.

**Ташкент**

2009-жылы 2200 жылдыгы белгиленген Ташкент да Орто Азиянын байыркы шаарларынан бири саналат. Ал түрдүү доорлордо Чач, Шаш, Бинкет сыяктуу аттар менен аталып келген. XI кылымдан баштап болсо учурдагы аты менен атала баштады.

Ташкент өзүнүн тарыхында түрдүү доорлордо өлкөбүзгө бастырып кирген мамлекеттерге көз карандылык кездерин башынан өткөрдү. 1503-жылы болсо Шайбанийлер мамлекетинин курамына киргизилди. XVI кылымда шаарда чоң курууучулук иштери аткарылды. Алсак, Баракхан, Көкөлдөш медреселери сыяктуу архитектуралык эстеликтер курулду. 1723-жылы Ташкентти көчмөнчү жуңгарлар ээлеп алышты. Жуңгарлардан көз карандылык 1758-жылга чейин улантылды. XVIII кылымдын экинчи жарымында Ташкентте *төрт акимдик* пайда болду (Шайхантахур, Бешягач, Көкчө жана Себзар). 1784-жылы 4 акимдик жоюлду жана Жалгыз *Ташкент бектиги* түзүлдү. 1810-жылы Алымхандын бийлиги тушунда Кокон хандыгынын курамына кошуп алынды.

Ташкент маанилүү эл аралык соода жолдорунун тоомунда жайлашкандыктан кол өнөрчүлүк жогору деңгээлде өнүккөн. Чарсу шаар турмушунун борбору эле.

1. Хандыкта жер ээлөөчүлүк мамилелери жөнүндө эмнелерди билип алдың?
2. Вакф авлад түшүнүгү эмнени билдирген?
3. Мардикер, чарикер, коранда сөздөрүн түшүндүр.
4. Салыктын түрлөрүн жаз.
5. Россия – Кокон, Кокон – Кашкар соода мамилелеринин өнүгүп отургандыгына мисалдар келтир.
6. Хандыктын Ташкент жана Кокон шаарларын бирин-бири менен салыштыр жана корутундуңу дептериңе жаз.

http://eduportal.uz

2019-жылдан баштап Өзбекстан Республикасы салык мыйзамдарында жарандар төлөгөн салык системасында кандай өзгөрүштөр ишке ашырылганын салык төлөөчү ата-энеңдин жардамында аныктап кел.

## 37-§. Кокон хандыгынын тышкы саясаты

### Кокон – Кытай мамилелери

Кокон хандыгынын Синь империясы менен мамилелери өтө оор жүрдү. Буга, бир жактан, Кытайдын 1755–1759-жылдарда Чыгыш Түркстанды өзүнө баш ийдириши, экинчиден, Кокон хандыгын алсыздандырууга урунушу себеп болду.

Эрданахандын бийлиги тушунда Кытай жуңгарларды талкалап, казак жүздөрүнүн жерине чабуул баштады жана Ташкенттин чек араларына жакындашып келди. Чыгышта болсо Ош вилаятын (азыркы Кыргызстан Республикасынын аймагында) басып алды. Андижан, Маргылан жана Наманган бектиктери болсо Кытайга вассалдыгын тааныды. Ошондой шартта Эрданахан Кытай менен Кокон хандыгы үчүн басмырлоочу келишимге кол коюуга аргасыз болду. Ал боюнча, Кокон хандыгы өзүнүн Кытайга көз каранды экендигин тааныды. Кытайга чоң компенсация төлөдү, императорго болсо кымбат баалуу белек-бечкектерди жөнөттү.

Чыгыш Түркстан (Кашкар) – уйгур элинин мекени. Аны Кытай басып алгандан кийин, Кашкардын өкүмдарлары Коконду баш маанек табышкан эле. Кытай өкмөтү Умарханга аларды Кашкарга өткөрбөстүк милдетин койду. Мадалихандын тушунда Кокон – Кытай мамилелери дагы да кескиндешти. Буга Мадалихандын Кытайга таптакыр баш ийбөөнү чечкендиги жана мамлекеттин чек арасын барган сайын Чыгыш Түркстан жакка кеңитип отургандыгы, ошондой эле, 1825-жылы Кашкар калкынын Кытайга каршы боштондук күрөшүн колдоп-кубаттаганы себеп болду. Кытай өкмөтү буга жооп иретинде 1829-жылы Кокондун Чыгыш Түркстанда жүргүзгөн соода иштерине тыюу салды. Кокондук соодагерлердин көпчүлүк бөлүгүн кууп, мал-мүлктөрүн тартып алды.

Мадалихан болсо Чыгыш түркстандыктардын Кытайга каршы боштондук күрөшүнин жетекчиси Жахангиркожо жана анын иниси Юсуфкожонун карамагына жардам үчүн кошуун жөнөттү. Натыйжада, Юсуфкожо Кашкарды ээледи жана Жаркентти ээлөө үчүн аскердик аракетин улантты. Бул болсо Кытай өкмөтүн катуу ташпишке салып койду жана Юсуфкожого каршы чоң кошуун жөнөттү.

Көтөрүлүшчүлөрдүн арасында биримдиктин жоктугу жана Бухара–Кокон мамилелеринин жамандашуусу натыйжасында Кокон ханынын Чыгыш Түркстанга жиберген кошуунду чакырып алышы себептүү Юсуфкожо жеңилип калды. Натыйжада, Юсуфкожо Чыгыш Түркстанды таштап чыкты. Аны менен 70 миң уйгур үй-бүлөсү Фергана өрөөнүнө көчүп келди. Кийинчерээк да Кокон хандыгы өзүнүн чек араларын Чыгыш Түркстан жакка кеңейтүү саясатын улантты. Ошол эле учурда, Кытай материалдык кыйынчылыктардын айынан Кокон хандыгына каршы ачык согуш кыймылдарын жүргүзүүгө жөндөмдүү эмес эле. Натыйжада, 1832-жылы Пекинде Кытай–Кокон келишимине кол коюлду. Ал боюнча, Кокон Жахангиркожонун урпактарын Чыгыш Түркстанга өткөрбөстүк милдетин алды. Мындан тышкары Кытай Чыгыш Түркстанда кокондук соодагерлердин ишине тыюу салууну токтотту. Ошондой эле, Кокон соодагерлерине Чыгыш Түркстанда бажы төлөбөстөн соода кылуу укугу да берилди. Чыгыш Түркстандан Кокон соодагерлери чыгарып жиберилгенде, алардан тартып алынган мал-мүлктөрүнүн ордуна Кокон хандыгына компенсация төлөндү. Акыр-аягында, Чыгыш Түркстанда соода жүргүзүүчү ортоазиялык соодагерлер төлөй турган бажыларды чогултуп алуу укугу Кокон хандыгына берилди.

### Кокон – Бухара мамилелери

Бухара амирлигинин Кокон хандыгынын аймагы шайбанийлер менен аштарханийлердин тушунда Бухара хандыгынын курамында болгондугуна басым жасашы эки мамлекеттин мамилелеринде душмандык маанайдын үстөмдүк кылышына себеп болду.

Экинчиден, Бухара амирлиги өзүн үч өзбек мамлекетинин ортосунда жетекчи деп эсептеген эле жана бул статустун калган эки өзбек мамлекети тарабынан таанылышын каалайт эле.

Үчүнчүдөн, Кокон хандыгы өзүнүн аймагын Бухара амирлиги көздөгөн же анын бийлигинде болгон вилаяттардын эсебинен да кеңитип отурду. Өз ара куралдуу кагылышууларда кээде Бухара амирлигинин, кээде Кокон хандыгынын колу бийик келип турду.

Умархандын тушунда Бухаранын амири Хайдар ал тургай бүткүл мусулман дүйнөсүнүн халифасы деп таанылган Осмонийлер мамлекетинин султаны Махмуд II ге Хива жана Кокон хандыктарынын үстүнөн даттанып, кат да жөнөткөн. Ал катында Маварауннахр, Кокон, Кыпчак Талаа, Марв, Балх, Көлаб жана Бадахшан илгертеден Бухарага баш

ийип келгендигин, Кокон жана Хива хандары болсо Бухара амирлигинин жогорку бийлигин таанibай жатканын жазды. Бирок султан Махмуд II Кокон хандыгынын Бухара амирлигинен көз карандысыз мамлекет статусунун тааныгандыгы Умарханга чоң руханий дем берди.

Мадалихан да Осмонийлер султандыгына элчи жөнөткөн. Султандын атына жазылган катта Мадалихан султандын „мусулмандардын халифасы“ статусун тааныганын, Кытайга каршы ыйык согуш жүргүзгөнүн билдирди. Ошол эле учурда, султандан Коконго курал-жарак усталарын жиберүүнү суранды. Усталардын жиберилиши Бухара – Кокон мамилелери барган сайын кескиндешип жактан бир мезгилде өтө зарыл эле. Бирок бул өтүнүч четке кагылды.


### Кокон – Россия мамилелери

Мадалихан Чыгыш Түркстандагы мусулмандарды Кытай басымынан коргоодо Осмонийлер султанынан зарыл көмөк алууга жана кошуунду заманбап куралдандыруу үчүн адистердин жиберилишине жетише албагандан кийин, Россия менен мамилелерди жолго коюуну чечти. Ошол максатта 1831-жылы Россияга элчи жөнөттү. Бирок элчилик ийгиликсиз аякталды. Мунун негизги себеби эки мамлекеттин тең Орто жүз казактарынын демөөрчүсү болууга талапкердиги эле. Ошондуктан Россия өкмөтү Кокон элчилерин Оренбургдан ары өткөрбөстүк жөнүндө көрсөтмө берди.

Турган сөз, Мадалихандын курал-жарак сатуу жана артиллерия офицерлерин жиберүү жөнүндөгү өтүнүчү да четке кагылды. Акыр-аягында, арадан 10 жыл өткөндөн кийин, 1842-жылы Мадалихандан кийин такка отурган иниси султан Махмудхан Россияга экинчи элчилер тобун жөнөттү. Анткени хандыкка Улуу Британиянын кооп салуу ыктымалы анык боло баштаган эле. Бул коопко каршы тура алуу үчүн Россиянын жардамын алуу өтө маанилүү маселе эле. Орто Азияда Россия – Улуу Британия таламдары кагылышып жаткан бир мезгилде Кокондун элчилери Россиянын императору Николай I тарабынан кабыл алынды. Ошол эле учурда, негизги этибар эки мамлекеттин ортосунда соода байланыштарын дагы да өнүктүрүү, ошондой эле, Кокон хандыгына тоо-кен адистерин жиберүү маселесине да каратылды. Бирок 1842-жылдын жазында Бухара амирлигинин Кокон хандыгына чабуулу элчиликтин натыйжаларын жокко чыгарды. Эми Россия Кокон хандыгынын алсызданып калгангандыгынан пайдаланып калууну чечти.



http://eduportal.uz


XIX КЫЛЫМДЫН ОРТОЛОРУНДА ОРТО АЗИЯНЫН ХАНДЫКТАРЫ
Хива хандыгына көз каранды болгон казак жерлери
Түркмөн урууларынан Хива хандыгына убактылуу көз каранды болуп калган жерлери
Бухара амирлиги менен Кокон хандыгынын ортосунда тартыштуу болгон жерлер
Бухара амирлиги Хива хандыгынын ортосунда тартыштуу болгон жерлер
Кокон жандыгына убактылуу көз каранды болгон жерлер
Хандыктардын болжолдуу чек аралары
КОКОН ХАНДЫГЫ
ХИВА ХАНДЫГЫ
БУХАРА АМИРЛИГИ
КИЧИ ОРДО
ОРТО ОРДО
КАЗАКТАР
АРАЛ ДЕҢИЗИ
КАСПИЙ ДЕҢИЗИ
ҮСТЮРТ ПЛАТОСУ
КАРАКАЛПАКТАР
ТҮРКМӨНДӨР
КАРАКУМ
КЫЗЫЛКУМ
ИРАН
ООГАНСТАН
ПАМИР
КЫТАЙ
ЧЫГЫШ ТҮРКСТАН
КАШКАРИЯ
КЫРГЫЗДАР
Мойон кум
Балхаш к.
Ысык-Көл
Сырдарыя
Амударыя
Нарын
Чүй
Или
Сарысуу
Эмба
Урал
Мургаб
Кара-тегин
Дарбаз
Рушан
Шугнан
Вахш
Инд
Копал
Аксуу
Кашкар
Жаркент
Пишпек
Олуя-Ата
Чымкент
Түркстан
Сузак
Ак мечит
Ташкент
Наманган
Андижан
Өзгөн
Маргылан
Кокон
Хожент
Ородөбө
Жызак
Самарканд
Душанбе
Гиссар
Шаарисабз
Карши
Бухара
Чаржой
Шерабад
Бадахшан
Кундуз
Балх
Андхуд
Шибурган
Маймана
Кабул
Герат
Марв
Ашхабат
Раим
Хива
Үргөнч
Хазарасп
Газават
Көөнө Үргөнч
Коңурат

Ошондуктан хан Кудаярхандын Россиянын Коконго карата жүргүзүп жаткан саясаты жөнүндө билдирген нааразылыгы этибар алынбады.

Ошого карабай, Кудаярхан Кокондун чек арасында жаңы чептер курулгандыгынан нааразы болуп Россияга элчи жөнөттү. Кудаярхан Николай I ге жолдогон катында Кокон хандыгында жамааттык тартип калыбына келгендигин, соода жолдору жакшы корголуп жаткандыгын, орус соодагерлери үчүн эч кандай кооп жоктугун билдирген. Ошол эле учурда, Раим чеби курулгандыгынан нааразы экендигин да билдирди.

Николай I жооп катында Кокондо тартип орнотулгандыгынан ыраазы экендигин, эки мамлекеттин ортосунда жылуу мамилелердин сакталып калынышын каалашын билдирди. Тышкы иштер вазири болсо Раим чебинин бузулбастыгын билдирди. Ал өзүнүн пикирин Раим чебинин, эң мурда, Россиянын аймагында курулгандыгы, экинчиден, бул чеп ал курулган аймакта тартип жана тынчтыкты, ошондой эле соода кербендеринин коопсуздугун камсыздоого кызмат кылып жаткандыгы менен негиздеди. Бирок тез арада Кокондун чеби болгон Акмечитти Россия басып алууну ойлоп жаткандыгы белгилүү болгондон кийин, Россия – Кокон мамилелери дагы да кескиндешти. Эми эртеби-кечпи, Россиянын Кокон хандыгына каршы баскынчылык жортуулу башталышы аныктыгына шек калбады.

- 1759-жыл – Кытай Чыгыш Түркстанды баш ийдирди.
- 1825-жыл – Мадалихан Чыгыш Түркстан калкынын Кытайга каршы боштондук күрөшүн колдоп-кубаттады.
- 1832-жыл – Пекинде Кокон – Кытай келишимине кол коюлду.

1. Кокон – Кытай мамилелеринде сакталып турган кескиндиктин себебин жаз.
2. Эрданахан менен Умархандын тушунда Кокон – Кытай мамилелери жөнүндө эмнелерди билип алдың?
3. Мадалихандын бийлиги тушунда Кокон – Кытай мамилелеринин кескиндешүүсүнө эмнелер себеп болду?
4. 1832-жылы Пекинде кол коюлган Кытай – Кокон келишиминин мазмуну жөнүндө сүйлөп бер.
5. Эмне үчүн Кокон – Бухара мамилелеринде ар дайым кескиндик сакталып турду?
6. Кокон – Россия мамилелери жөнүндө эмнелерди билип алдың?

http://eduportal.uz

## 38-§. Кокон хандыгында маданий турмуш

### Умархан жана маданий чөйрө

Хандыктын соода жана кол өнөрчүлүк борбору болгон Кокон, Маргылан, Андижан, Наманган, Ташкент жана башка шаарлары маданият борборлору да болгон. Алсак, бир эле Кокон шаарында 120 мектеп, 40 медресе жана мечит, Маргыланда 80 мектеп, 10 медресе жана мечит иш жүргүзгөн. Мында XVIII – XIX кылымдын биринчи жарымында илим-билим ааламында белгилүү чыгармачыл инсандар жетишип чыкты. Кокондун ханы Умархан болсо илим, маданият, адабияттын өнүгүшүнө, медреселерде окуу-окутуу иштерин жакшыртууга, түрдүү өнөр-кесиптик мектептердин ачылышына көңүл бурду.

> Умархандын жана анын жубайы акын Надиранын иш-аракети натыйжасында XIX кылымдын баштарында Кокон илим-билимдин борборуна айланды жана бул жерде Кокон адабий чөйрөсу калыптанды.

Умархандын өзү „Амирий“ псевдоними менен көптөгөн ырлар жазды. Анын айланасында 70 тен ашуун акын чогулду. 1821-жылы Фазлий Наманганий Умархандын буйругу менен 63 акындын ырын камтыган «Мажмуайи шоирон» жыйнагын түздү. 10 миң саптан ашуун өзбек, фарс-тажик тилиндеги казал, мухаммас, туюк жанрларындагы ырлар чогултулган жыйнак жаратылды.

Араб жана фарс тилдериндеги китептер өзбек тилине которулду. Сейрек кездешүүчү китептер таланттуу каллиграфтар тарабынан көчүрүлдү жана назик сүрөттөр менен коолдолду.

### Махмур жана Гүлханий

Амир Умархандын тушундагы чыгаан акындардан бири Махмур (өзүнүн аты Махмуд) XVIII кылымдын аягында төрөлүп, 1844-жылы каза тапкан. Кокондогу Мадрасаи Мирде билим алды. Андан кийин кошуунда сыпахылык кылды. Махмурдун сатиралык ырлар жыйнагы сакталган болуп, анда 69 чыгарма (3717 сап) топтолгон. Ал улуттук адабиятта социалдык сатираны жогору баскычка алып чыкты. Сатиралык чыгармаларында элге зулум жасаган мансап адамдарын кескин сынга алды. Алсак, «Хапалак» ыры Хапалак айлындагы эл турмушунун аянычтуу картинасын чагылдырса да, чындыгында бул ыр бүткүл хандык аймагындагы эл турмушунун абалын сүрөттөгөн. Бул ырда төмөнкүдөй саптар бар эле:

http://eduportal.uz

*Элин көрсөң эгер, өлөр кейпи, ыргайдай,*
*Ачтыгынан араң жылат, болгон шыргайдай.*
*Бар тапкан дүйнөсү, үйүн айтсам,*
*Бир кепе, эки алачык, ачык майдан.*

Өзбек классикалык адабиятынын сын багытын өркүндөткөн Махмурдун мурасы кийинки доор чыгармачыл адамдарынын сатира багытындагы иштерине оң таасирин тийгизди. Бул доор адабиятынын дагы бир ири өкүлү Гүлханий (Мухаммад Шариф) болгон. Ал 1770-жылы азыркы Тажикстандын Тавилдара районунда төрөлгөн. Башталгыч билимди айлында алды. Муктаждыктын айынан Наманганга келип мардикерлик кылды. Кийинчерээк Кокондо жашады. Бул жерде мончодо гөлах (от жагуучу) болуп иштеди. Ошондуктан "Гүлханий" псевдоними менен жазгандыгы текке эмес.

Гүлханий биринчи болуп өзбек адабиятында поэзияга *тамсил*ди көз карандысыз жанр катары алып кирген акын. Анын бүткүл чыгыш адабиятында белгилүү чыгармасы "Зарбулмасал" эле.

Чыгармадагы "Маймыл менен Жыгаччы", "Төө менен Тайлак", "Ташбака менен Чаян" өндүү тамсилдери терең таалим-тарбиялык мааниге ээ. Алардагы Жапалаккуш менен Үкү, Сокур куш менен Үпүп, Кулан-кыр султан жана Малик шахиндердин образдары аркылуу ошол доор коомундагы илдеттерди, бийлик чөйрөсүндөгүлөрдүн элге көрсөткөн зулумдарын, элдин оор турмушун адилеттүү түрдө чоң көркөм чебердик менен ачып берди.

**Увайсий**

Кокон адабий чөйрөсүн Жахан атын (Увайсий) (1779–1845) жана Махларайымсыз (псевдоними Надира) элестетүүгө болбойт. Увайсийдин үй-бүлөсү өз доорунун алдыңкы жана билимдүү үй-бүлөлөрүнөн эле. Атасы өзбек жана тажик тилдеринде жазган. Увайсий Наваий, Лутфий, Бабур, Фузулий жана Жаамийдин чыгармаларын кунт коюп үйрөнгөн.

Амир Умархан Маргыландын акими болуп турган жылдарда Увайсий эл ортосунда таанылган акын аял эле. Андагы акындык шык Умархандын аялы Надираны өзүнө тартат. Умархан Кокондун тактына отургандан кийин, Надира Увайсийге Коконго келүүнү чунуш кылды жана бул жерде ал көптөгөн жаштарга устаттык кылды. Надира менен чыгармачыл шериктештиги калыптанды. Анын чыгармачылыгы элди жактоочулугу менен айырмаланып турат. Булактарда жазылышынча, Увайсийден

төрт лирикалык жыйнак жана үч дастан мурас калган. Увайсийдин чыгармаларында адамды барктоо, достук, туруктуулук, берилгендик идеялары, эл-журт түйшүгү, элдин арманы ырдалды.

**Махларайым – Надира** Өзбек акыны, агартуучу, мамлекеттик ишмер Махларайым – Надира (1792–1842) Андижанда төрөлгөн. Атасы Рахманкулибий Андижандын акими болуп, Кокондун ханы Алымхандын тагасы эле. Умархан Маргыланга акимдикке дайындалгандан кийин Надира менен турмуш курду. Надира Увайсий менен таанышкандан кийин, аны жаш кыздар жана кызматчы кыздарды окутуу үчүн мугалимдикти сунуш кылды. Надира уулу Мухаммад Алихан такка отургандан кийин, мамлекетти башкарууда активдүү катышты, медреселерди курдурду. Окумуштуулар, каллиграф жана наккаштарды Коконго чогултту, көптөгөн китептерди кайрадан көчүртүрдү. Китеп мукабасынын кооз болушуна өзгөчө көңүл бурду. Мыкты каллиграфтарга, наккаштарга алтындан калем, күмүш калем салгыч тартуу кылды. Надиранын өзү да өзбек жана тажик тилдеринде жазды. Махларайым Надира псевдоними менен 180 ыр, Камила псевдоними менен 19 казал, Макнуна псевдоними менен 333 казалдан турган жыйнак түздү. Надирадан 10 миң сапка жакын лирикалык адабий мурас калды. Ырларында махабат, берилгендик, мээрим, сүйүү, Чыгыш кыз-келиндеринин арман-муңдары ырдалат. Мындан тышкары, Надира Наваий, Фузулий жана Бедилдин казалдарына мухаммастар да жазды.

**Бабарахим Машраб** Кокон хандыгында жашап, чыгармачылык менен алектенген улуу инсандардан бири талanттуу акын Бабарахим Машраб эле (1640 – 1711). Ал Наманганда төрөлдү. 15 жашынан баштап тасаввуф илимин ээлей баштады. 18 жыл бою дүйнөнүн өтө көп өлкөлөрүн кезип чыкты.

Өзүнүн ырларында бийлик чөйрөлөрүнүн эмгекчил элге көрсөткөн зулумун, ач көздүгүн, кээ бир динчилдердин, эшендердин карапайым элдин рухун тозок жана акырет азаптары менен коркутуп жаткандыгын аёосуз ачып таштады. Элдин оор, аянычтуу абалына боору ооруду. Машраб жазган төмөнкү саптар мунун далили болуп саналат:

*Дили зулум бычагынан кесилген элди көрдүм,*
*Денеси кордуктардан жара болгон элди көрдүм.*

Машраб душмандарынын жалаасы менен динге шек келтиргендикте айыпталып, 1711-жылы өлүм жазасына өкүм кылынды.

**Тарых таануу**

XVIII–XIX кылымдарда Кокон хандыгында көптөгөн тарыхый чыгармалар жаратылды. Бул доордун тарыхчыларынан Абдулкарим Фазлий Наманганий 1822-жылы Умархандын тапшырмасы менен “Умарнаама” дастанын жазып бүтүрдү. Ал – 5000 кош саптан турган тарыхый чыгарма.

Хан сарайында казы аскер кызматында иштеген Мырза Каландар Мушриф Исфарангий Амир Умархандын кеңеши менен “Шахнаамаи нусратпаём” (“Жеңиштен кабар берүүчү шахнаама”) тарыхый чыгармасын жазды.

Умархан доорунун көзгө көрүнгөн тарыхчысы, Нарботобийдин небереси Мухаммад Хакимхан Төрө ибн Саид Маъсумхан төрөдөн (1802–1870) “Мунтахаб ут-таворих” („Тандалган тарыхтар“) чыгармасы мурас калды. Бул чыгарма Бухара амирлиги менен Кокон хандыгынын тарыхына тиешелүү маанилүү булактардан бири саналат. Анда Орто Азия элдеринин коомдук-саясий жана маданий турмушуна тиешелүү баалуу маалыматтар бар.

Ташкенттик тарыхчы окумуштуу Мухаммад Салыхтын “Тарихи жадидаи Тошканд” (“Ташкенттин жаңы тарыхы”) чыгармасы Мекенибиздин тарыхын үйрөнүүдө маанилүү жазма булак саналат. Ал XV–XIX кылымдардагы Түркстандын тарыхы, ошонун катарында, Ташкенттин тарыхы, Кокон хандыгынын тарыхы илимий жактан жазылган баалуу чыгарма болуп эсептелет.

**Архитектура**

Хандыкта архитектура да аябай өнүккөн. Бухарадан бир топ имарат куруучулар чакырылып, көптөгөн медресе, мечит, күмбөз, кербенсарай, көпүрө жана салабаттуу имараттар курулду. Эл ортосунда Медресеи Мир аты менен белгилүү болгон Нарботобий медресеси, Дахмаи Шахан ансамбли, Нарботобий күмбөздөрү сыяктуу азырга чейин сакталып келе жаткан архитектуралык эстеликтер ошолордун катарына кирет.

Нарботобий медресеси XVIII кылымдын аягында курулган. Ал тик бурчтук, бир кабаттуу, короолуу жана төрт мунаралуу архитектуралык эстелик. Медреседе күмбөздүү мечит жана тосмолор орнотулган 12 терезелүү дарскана да бар. Короосунун айланасында айвандуу үжрөлөр жайлашкан. Дахмаи Шахан (шахтар күмбөзү) болсо XIX кылымдын биринчи чейрегинде курулган. Анда Нарботобий жана анын урпактарынын сөөгү коюлган. Күмбөзгө алды жактан кирилген. Дахмаи Шаханда хандын энесине атап курулган Мадарихан күмбөзү да жайлашкан. Хандыкта Мадалихан, Камал казы, Түнкатар, Хаккулу миңбашы, Миян



Кудаярхандын ордосу

азирет, Махларайым, Хаким Төрө, Ханкожо эшен, Бузруккожо, Пирмухаммад жасоол, Кожобек, Ахунд деванбеги, Миңайым, Жаме сыяктуу медреселер курулду.

Кудаярхандын тушунда хан сарайы – Кудаярхан ордосу курулду. Ташкентте болсо Баракхан жана Көкөлдөш медреселери кайра ремонттолду. Шайх Хаванди Тахур архитектуралык комплекси азыркы көрүнүштө калыптандырылды. Зайниддин баба үчүн жаңы күмбөз тургузулду.

?

1. „Кокон адабий чөйрөсү“ дегенде эмнени түшүнөбүз жана ал кандайча пайда болду?
2. Умархандын адабият жаатындагы ишкердиги жөнүндө эмнелерди билип алдың?
3. Махмур менен Гүлханийдин чыгармачылыгын салыштыр: окшош жана айырмалуу жактарын аныкта.
4. Увайсий менен Надиранын чыгармачылыгында кандай окшоштуктар бар?
5. Хандыкта жаратылган тарыхый чыгармалардын аттарын дептериңе тартип менен жаз.

Өзүң „Кокон хандыгынын маданий турмушу“ жадыбалын түз жана аны толтур.

## 39-§. Кокон хандыгында билим берүү

### Мектепканалардын иши жана тартип-эрежелери жөнүндө

Мектепкана таалими башталгыч билим берүү эле. Мектептер көбүнесе бир класстык бөлмөдөн тургандыктан, мектепкана деп аталган. Хандыкта 350 мектепкана иш жүргүзгөн. Башталгыч мектеп балдарга жалпы маалымат берүүчү жана кат-сабат чыгаруучу жер эле. Анда араб тамгасында сабат чыгаруу, жазуу жана окуу көнүккөндүктөрү калыптандырылган. Ошондой эле, эсептөөнүн эрежелери жана билимдери берилген. Айлана-чөйрө, коом, ислам дини жөнүндө билим жана түшүнүктөр берилген. Ошондой эле, жүрүм-турумдун нормаларына баш ийүү үйрөтүлгөн.

Эркек балдар мектепканаларынын көпчүлүгү мечит, медресе жана карыканалардын алдында, ошондой эле, менчик мектепдардын бөлмөлөрүндө ачылган. Кыз балдардын мектепканалары атын аялдардын үйлөрүндө же бардар адамдардын мектеп жашындагы кыздары үчүн алардын үйлөрүндө уюштурулган.

Мына ошол атындардан бири Дилшади Рахимкул сопу кызы (псевдоними Дилшад Атын, Барно, Дилшади Барно) эле. XIX кылымда Кокондо чыгармачылык менен алектенген акын. Ал, ошол эле мезгилде, мектепкананын мектепдары болуп да иш жүргүзгөн. Өзүнүн мектепдарлык (атындык) иши жөнүндө, алсак, минтип жазган эле: „*Менин маектештерим жана жолдошторум акылдуу кыздар жана шыктуу акындар эле. 51 жыл бою мен мектепдарлык (мугалимдик) кылдым жана жыл сайын орточо 20 дан 30 га чейин окуучуларым болуп, 890 кыздын сабатын чыгардым. Алаордан дээрлик төрттөн бир бөлүгү поэзияга жөндөмдүү болуп, акын жана өз доорунун акылдуу адамдары эле*“.

Алсак, Анбар Атын анын шыктуу окуучуларынан болгон. Дилшад Атындын калемине таандык „Эмигранттар тарыхы“, „Адамдын чыдамкайлыгы жана эмигранттар тарыхы“ жана „Барнонун тандалган ырлары“ чыгармалары бизге чейин жетип келген. Чыгармаларында хандыктагы өз ара согуштар, анын эл массанын турмушуна тийгизген аянычтуу таасири сыяктуу маселелер чагылдырылган. Акын, ошол эле мезгилде, бейпил күндөрдүн келишине ишенип чыгармаларынын бириндe: *„Бул зулумдар сөзсүз убактылуу“*, деп жазган. Ошондой эле, түркстандыктарды достук жана ынтымакта жашоого да чакырган. Мектепкананын мектепдарлыгына (мугалимдигине) мечиттердин ээлери ишке чакырган. Мектепдарга мектептен себепсиз кетип калбастык шарты коюлган. Мектеп-

каналарда окуучулардын саны 10 – 60 адамды түзгөн. Окууга 5 жаштан 12 жашка чейин болгон балдар кабыл алынган жана окуу 5 – 7 жылга созулган. Кимдин мектепканада канча жыл окушу мугалимдин чебердигинен, окуучунун зээндүүлүгүнөн жана үй-бүлөсүндөгү чөйрөдөн көз каранды эле.

Мектепканаларда сабактар күн чыккандан кечке чейин улантылган. Жума жана майрам күндөрү сабак өтүлбөгөн. Жай мезгилинде жана рамазан (орозо) айында окуучуларга каникул берилген.

**Таалимдин мазмуну** Сабактар баштап калимаи шахадат жана тайиба жатталгандан кийин араб алиппесин үйрөнүүдөн башталган. Алиппе сабактарында баштап тамгалардын жазылышы үйрөтүлгөн. Андан кийин тамгалардын түрдүү орундардагы формалары үйрөнүлгөн. Кийин болсо зеру-забар, башкача айтканда тамгалардын астына жана үстүнө коюла турган айырмалоочу белгилер жана алардын колдонулушу, ошондой эле, алардын жардамында муун түзүү эрежелери үйрөтүлгөн. Мектепдар (мугалим) тамгаларды жыгачка же катуу тактайларга жазып, дубалга илип койгон. Ага карап тамгалар жатталган. Тамгаларды бирин-бирине кошуп жазууну үйрөнүшкөн. Салам кат жаза алган окуучу „сабаты чыккан“ эсептелген.

Алиппе үйрөнүлүп болунгандан кийин, „Хафтиякты“ (ыйык Куран каримдин 1/7 бөлүгү көчүрүп жазылган китеп) үйрөнүүгө киришилген. „Хафтияк“ аяктагандан кийин, „Тажвидге“ (Куран каримди кыраат менен окуу өнөрү жөнүндөгү илим) өтүлгөн. Андан кийин болсо түздөн-түз „Курандын“ өзүн окутуу башталган.

Ошондон кийин „Фарзи айн“, башкача айтканда шариат боюнча бардык мусулмандарга буюрулган жана аткарылышы милдеттүү болгон амалдар жөнүндө түшүнүк берилген. Андан кийин ислам дининин негизги эрежелери баяндалган „Чар китепти“ („Төрт китеп“) үйрөнүүгө киришилген. Андан кийин каттакоргондук Софи Аллаярдын *„Сабот ул-ажизин“* („Ажиздер сабаты“) китеби окутулган. Анда ислам дининин негизги эрежелеринен тышкары, сулуу инсандык сапаттар, ахлакка тиешелүү накыл сөздөр, үлгүлүү аңгмелер, ыр жана дастандар орун алган.

*„Сабот ул-ажизинден“* кийин ошол чыгарманын фарс тилинде жазылган жана „Маслак ул-муттакин“ („Такыбалар максаты“) деп аталган түп нускасы үйрөнүлгөн. *„Сабот ул-ажизин“* „Маслак ул-муттакиндин“ түркий тилде кыскатылып жазылган нускасы болуп, 12 миң байттан түзүлгөн теологиялык билим берүүнүн ыр формасы саналат.

Софи Аллаярдын чыгармасын үйрөнүү аяктагандан кийин, Чыгыш дүйнөсүндө белгилүү болгон, XIII кылымда жашап өткөн Саъдий Шеразийнин „Бостон“ жана „Гүлстан“ чыгармалары үйрөнүлгөн.

Саъдийнин чыгармалары башка Чыгыш акындарынан таң каларлуу деңгээлде турмушка жакындыгы менен өзгөчөлөнүп турат. „Бостон“ жана „Гүлстан“ турмуштук аңгемелерден түзүлгөндүгү, даанышман акындын бул аңгемелердин аягында тыянак түрүндө берилген ырлары күндөлүк турмуштан жасалган тыянактар экендиги менен дүйнөнүн элин бирдей өзүнө тартып келүүдө.

БУУнун Тынчтык Кеңеши имаратынын порталына „Гүлстан“ чыгармасындан алынган төмөнкү саптар жазылган: *„Адам баласы башталышында бир берметтен пайда болгондугу себептүү бир бүтүн дене сыяктуу. Демек, замана анын бир мүчөсүнө зыян жеткирсе, башка мүчөлөрү да өзүнүн тынчын жоготот“.*

Кийинки баскычта Кожо Хафиз Шеразийнин (1326–1389) „Деванын“ үйрөнүү башталган. Бул „Деван“ лирикалык ырлар жыйнагы болуп, окуучулардын тарбиясында негизги колдонмо саналган. Мектепканаларда араб тилинин грамматикасы, Алишер Наваийнин ырлар жыйнактары жана сулуу жазуу, эсеп (арифметика) да окутулган.

**Медресе таалими**

Кокон хандыгында медреселер да иш жүргүзгөн. Алсак, 1841-жылы Кокон шаарынын медреселеринде 1000 молдо билим алган. Алардын ишине муттавакилдер жетекчилик кылышкан. Медреселерге окуучулар 13–15 жашынан баштап кабыл алынган. Окуу мөөнөтү болсо 15–20 жылга созулган.

Медреселерде калом (ислам диний окуусун негиздеп берүүчү илим), кыраат, хадис (Мухаммад с. а. в. дин айткан сөздөрү, жасаган иштери жана көрсөтмөлөрү), фикх (ислам укук таануусу) илимдери, ошондой эле, араб тилинин грамматикасы, логика, оратордук, каллиграфтык, соода жүргүзүү илимдеринен да сабак берилген.

Мындан тышкары, тарых, адабият, география, математика предметтери окутулган. Мектепканада окутулган китептердин материалдары медреседе дагы да тереңирээк үйрөнүлгөн. Таалимдин медресе баскычында, ошондой эле, „Калила жана Димна“, „Кабуснаама“ чыгармалары да окутулган.

?

1. Кокон хандыгында мектепкананын иши кандай уюштурулган?
2. Мектепканаларда араб алиппеси кандай тартипте үйрөтүлгөн?

3. „Куранды“ үйрөнүү кандай баскычтардан турган?
4. Мектепканаларда Софи Аллаярдын чыгармалары негизги китептерден бири иретинде белгиленгендиги эмнени билдирет?
5. Эмне үчүн Саъдий Шеразийнин окуу китеби ордунда пайдаланылган „Бостон“ жана „Гүлстан“ чыгармаларынын мазмуну азыр да өзүнүн маанисин жоготпой келүүдө?
6. Хандыктагы медресе таалими жөнүндө эмнелерди билип алдың?

## 40-§. Өзбек мамлекеттеринин өнүгүүдө артта калышынын себептери жана натыйжалары

### Дүйнөлүк өнүгүүдөгү өзгөрүштөр

Батыш Европанын алдыңкы өлкөлөрүндө өнөр жай өндүрүштүн алдыңкы тармагына айланып отурду. XVI кылымдын ортолорунан баштап токуучулук, кагаз, айнек өндүрүштө эмгектин бөлүштүрүлүшү жана кол эмгеги техникасына негизделген ишкана – мануфактура (латинче manus – кол, faktura – даярдоо)лар пайда болду.

XVIII кылымдын экинчи жарымында аспап-буюмдарды кыймылга келтирүүчү буу машинасы (мотор) ойлоп табылды. Натыйжада негизги иштерди машиналар аткаруучу фабрика-заводдор пайда болду.

Буу машинасы менен аракеттенген паровоз, пароход; чоюн, болот алган домна мештери жаралып, темир жолдор курулду.

Ири бай катмарлардын тышкы соодадан, колониялардан, мануфактурадан арттырган байлыктары өнөр жайды өнүктүрүү үчүн капитал катары коюлган. Бул өнөр жайдын өнүгүүсүндө маанилүү фактор болду. Эң маанилүүсү, чарба жүргүзүү үчүн зарыл болгон машиналарды өндүрүү жолго коюлду, оор өнөр жайы пайда болду.

Бирок бул жараян дүйнө өлкөлөрүндө бир калыпта эмес жүрдү. Көптөгөн өлкөлөр, ошонун катарында, өзбек хандыктары да бул жараяндан четте калып, өнүгүүдө артта кала баштады.

Өзбекстандын Биринчи Президенти Ислам Каримов хандыктар доорунун тарыхына жаңыча көз таштап, төмөнкү суроолор менен кайрылат: *“Эмне үчүн дүйнөгө Ахмад Ферганий, Мухаммад Харезмий, Ибн Сина, Абу Райхан Беруний, Имам ал-Бухарий, Амир Темур, Улугбек, Алишер Наваий, Бабур сыяктуу улуу инсандарды берген бул улут XVII–XIX кылымдарга келип ушул доорго чейинки жетишкен ийгиликтүү даражаларынан түшүп кетти? Эмне үчүн андан кийинки үч кылым бою башыбыз түркөйлүктөн чыкпай калды?”*

### Калактыктын себептери

Кылымдар бою бир бүтүн болуп келген өлкөнүн, бир экономикалык жана руханий-маданий аймакта жашап келген калктын үч хандыкка бөлүнүп кетиши, хандыктар ортосунда тынымсыз созулган карама-каршылыктар, согуштар өлкөнү жалпы адамзаттык өнүгүү жараянынан үзүлүп, өнүгүүдө артта калууга туш кылды. Ар бир хандык ичиндеги бийликти ээлөө үчүн ички күрөш, өз ара чыр-чатак, ушак-айыңдын күчөшү вилаят жана түмөндөр, ошондой эле, бүткүл өлкөнү бүлгүнгө учураткан.

Хандыктардын кылымдар бою өзгөрүүсүз келе жаткан мамлекетти башкаруу усулу өнүгүүгө тоскоол болуп калган эле.

Хандыктардын ортосундагы өз ара согуштар, этникалык чырлар уруу-жамааттардын бир жерден башка жерлерге көчүп чыгуусун келтирип чыгарган. Же алар зордук менен жашап турган жерлеринен көчүрүлөт эле. Бул жараян этникалык ыдыроону келтирип чыгарган, калктын бир бүтүн эл болуп биригүүсүнө тоскоолдук кылган. Мамлекет даражасында да, вилаяттар даражасында да бирдиктүү эл, бирдиктүү Мекен түшүнүгүнүн баркына жетишпеди. Түркстанды, элди бириктирүү идеясы астында уюштура ала турган жол башчы, саясий күч табылбады.

Өкүмдарлар менен сарай мансап адамдары эски өндүрүш усулун жакташкан. Хандыктардын негизги байлыгы болгон жер ээлөөчүлүктүн, мүлкчүлүктүн эски усулу кылымдар бою өзгөрбөдү. Жердин ээси хан эле, ханга өзгөчө кызмат көрсөткөнү үчүн бир ууч адамдарга жер тартуу кылынган. Жерди ижарага алып иштөөчү дыйкан жердин ээси эмес эле. Ошондуктан дыйкан жерди асырап-абайлоого, анын өнүмдүүлүгүн ашырууга умтулбаган, ойлобогон. Ошол эле учурда, дыйкан жер ээси болбогондуктан башка жайларга кете берген.

Калк оор салыктардан, мыйзамсыз жыйым жана милдеттерден азап тарткан. Турмуш даражасы төмөн болуп, калктын керектөөсү үчүн эң зарыл болгон саналуу гана жөнөкөй буюм жана продукциялар менен канааттанууга аргасыз эле. Өндүрүш, негизинен, материалдык керектөөгө багытталган болуп, экономиканын өсүшү үчүн түрткү боло албаган.

Дыйканчылык начар абалда калды. Жерди иштетүү дагы эле ошол – бир жуп өгүз, соко деңгээлинде калып кеткен эле. Түстүү металлдар, күкүрт, мрамор, таш көмүр, нефть сыяктуу табигый байлыктарга мол

http://eduportal.uz

болгон кендер болсо да, аларды издеп табуу, тоо-кен иштерин жолго коюуга кайдыгер каралды. Өлкөдө ири дарыялар болсо да, балыкчылыкты өнөр жай даражасына көтөрүү, кеме курууну жолго коюуга көңүл бурулбады. Орто Азиянын дүйнө базарынан ажырап калышынан тышкары, өз ара согуштар себеп, хандыктардын ортосунда бирдиктүү ички базар да түзүлбөдү.

Өзбекстандын Биринчи Президенти И. Каримов баса белгилегендей, *„Журттун өкүмдарлары жана мансап адамдары элдин тагдыры жана келечеги жөнүндө кайгыруунун ордуна, өзүнүн жеке таламдарын бардык нерседен жогору коюп, түркөйлүккө жана капилетке берилип кетишинин натыйжасында биз бүгүн жашаган чөлкөм жалпы адамзаттык өнүгүү жараяндарынан бүлүнүп, өнүгүүдөн кескин артта калып кетти“*.

**Калактыктын натыйжалары**

Өзбек мамлекеттеринин дүйнөлүк өнүгүүдөн артта калышы өтө терс натыйжаларга алып келди. Экономикалык сенектик жана аскердик жактан начарлык, коомдук-саясий туруксуздук Орто Азияны өз карамагына киргизип алууга умтулуп жаткан мамлекеттерге пайдалуу болду.

Абдулла Кадырий өзүнүн “Өткөн күндөр” романында Юсуфбек ажынын тилинен төмөнкүдөй армандуу сөздөрдү айтат:

“Биримдиктин эмне экендигин, өз кызыкчылыгын, керт башын гана ойлоп, бул жолдо бири-бирин жеп-ичкен, мансапты, дүйнөнү жана атак-даңкты сүйгөн түркөйлөр Түркстан топурагынан жоголбой туруп, биздин адам болушубузга көзүм жетпей калды... Биз ушундай абалда кете турган, бири-бирибиздин түбүбүзгө суу куя турган болсок, жакын мезгилде падыша баскыны Түркстаныбызды да ээлер”.

Чындыгында да ушундай болду. Өзбек мамлекеттериндеги өз ара чыр жана согуштар, бытырандылык, акыр-аягында, алардын Россия империясы тарабынан басып алынышы үчүн ыңгайлуу шарт түздү.

Өлкөбүздүн башкалардан көз карандылыгы 1991-жылдын 31-августуна чейин улантылды. Өтмүштү эскерүүдөн зарыл тыянак жасаган мамлекеттин жетекчилери Өзбекстанды өнүктүрүүгө, эгемендүүлүгүн чыңдоого жана дүйнөлүк коомчулукта өзүнүн ылайык ордуна ээ болушуна кызмат кылган пландарды турмушта ийгиликтүү колдоно алды.

Учурда болсо урматтуу Президентибиз Ш. Мирзиёевдин жетекчилигинде элибиз 2035-жылга барып, дүйнөнүн эң өнүккөн 50 мамлекети катарынан орун алуу өңдүү улуу максатты ишке ашыруу жолунда улуу жаратуучулук иштерин ишке ашырууда. Сен да бул ири жаратуучулук ишине өзүңдүн салымыңды кошушуңа эч кандай шек жок.

**Тапшырма**

Эмне себептен өзбек мамлекеттери дүйнөлүк өнүгүүдөн артта калып кеткендигинин себептерин дептериңе тартиби менен жаз.

Бүгүнкү Өзбекстан өзүнүн алдына кыска мөөнөттөрдө (2035-жылы) дүйнөнүн эң өнүккөн 50 мамлекеттери катарынан орун алуу өңдүү улуу максатты койгон. Бул максатты ишке ашыруу боюнча районуңда жана мааланда кандай жаратуучулук иштери ишке ашырылып жаткандыгы жөнүндө маалымат даярдап кел.

## Жыйынтыктоочу сабак
### (өз алдынча иштөө)

Окуу китебинин тестинен пайдаланган түрдө төмөнкү жадыбалдарды толтур.

*1-жадыбал*

**Бухара хандыгы**

| Бухара хандыгы качан түзүлгөн? | Шайбанийлер бийлик жүргүзгөн жылдар | Аштарханийлер бийлик жүргүзгөн жылдар | Маңгыттар бийлик жүргүзгөн жылдар | Амирликтин жер аянты, калкы |
|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 |
| | | | | |

http://eduportal.uz

| Амирликтеги жогорку мамлекеттик мансаптар | Жер ээлөөчүлүктүн формалары | Калкка салынган негизги салыктар | Калк өтөшү керек болгон негизги милдеттенмелер | Амирликте ички сооданын өнүкпөгөндүгүнүн себептери |
|---|---|---|---|---|
| 6 | 7 | 8 | 9 | 10 |
| | | | | |

*2- жадыбал*

**Хива хандыгы**

| Хива хандыгы түзүлгөн жыл | Хандыктын негиздөөчүсү | Абулгазийхан бийлик жүргүзгөн жылдар жана ал жазган тарыхый даталар | Коңураттар династиясынын бийликке келиши | Хандык калкынын жалпы саны | Калктын улуттук курамы |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 |
| | | | | | |

http://eduportal.uz

| Хандыкта Башкы вазир кандай наам менен аталган? | Мухаммад Рахимхан жүргүзгөн реформалар | Калкка салынган негизги салыктар | Калк өтөшү керек болгон негизги милдеттен-мелер | Ичан калаа – сейрек кездешүүчү тарыхый эстелик | Хива хандыгы тарыхында болгон эң маанилүү тарыхый окуялар |
|---|---|---|---|---|---|
| 7 | 8 | 9 | 10 | 11 | 12 |
| | | | | | |

*3-жадыбал*

**Кокон хандыгы**

| Хандык түзүлгөн дата | Хандыктын негиздөө-чүсү | Алымхандын хандык тарыхындагы орду | Хандык калкынын жалпы саны | Калкка салынган негизги салыктар | „Алтын бешик“ уламышынын мазмуну |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 |
| | | | | | |



http://eduportal.uz

| Хандыкта Башкы вазир кандай наам менен аталган? | Кокон хандыгы тарыхында болгон эң маанилүү тарыхый окуялар | Умархан жана Кокондун адабий чөйрөсү | Жер ээлөөчүлүк формалары, салыктар жана милдеттен-мелер | Бухара – Кокон мамилелери | Кандай себеп менен кыпчактар хандыктын саясий турмушунда чоң абройго ээ болуп алышкан эле? |
|---|---|---|---|---|---|
| 7 | 8 | 9 | 10 | 11 | 12 |
| | | | | | |

http://eduportal.uz

## МАЗМУНУ

Киришүү........................................................................................3

*I ГЛАВА.* **XV КЫЛЫМДЫН АЯГЫ – XVI КЫЛЫМДЫН БАШТАРЫНДА МАВАРАУННАХР ЖАНА ХОРАСАНДАГЫ САЯСИЙ ЖАГДАЙ**

1-§. Кыпчак Талаадагы саясий жагдай ..........................................5
2-§. Мавараунnахр жана Хорасандагы саясий жагдай ......................8
3-§. Захириддин Мухаммад Бабур жана Мухаммад Шайбанийхан мамилелери ....................................................11
4-§. Мавараунnахр жана Хорасанда шайбанийлер бийлигинин орнотулушу ..........................................,,..........13

*II ГЛАВА.* **БУХАРА ХАНДЫГЫ ЖАНА БУХАРА АМИРЛИГИ**

5-§. Бухара хандыгынын түзүлүшү .........................................,,..17
6-§. Абдуллахан II нин тушунда Бухара хандыгынын өркүндөшү .........................................................,,..........19
7-§. Бухара хандыгында аштарханийлер династиясы бийлигинин орнотулушу ....................................,,..................21
8-§. Бухара хандыгында борбордук бийликтин алсызданышы ...25
9-§. Бухара хандыгында мамлекеттик башкаруу .........................28
10-§. Бухара хандыгында аскердик иш ........................................31
11-§. Бухара хандыгында социалдык-экономикалык турмуш .......34
12-§. Бухара хандыгынын тышкы саясаты ...................................38
13-§. Бухара хандыгында маданий турмуш .................................43
14-§. Бухара амирлигинин түзүлүшү ............................................50
15-§. Амирликте борбордук бийликтин mustahkamlanishi ............55
16-§. Бухара амирлигинде мамлекеттик башкаруу ........................57
17-§. Бухара амирлигинде аскердик иш .......................................61
18-§. Бухара амирлигинде социалдык-экономикалык турмуш .......65
19-§. Амирлик шаарлары. Ички жана тышкы соода ......................68
20-§. Бухара амирлигинин тышкы саясаты ..................................71
21-§. Бухара амирлигинде маданий турмуш ................................75

## *III ГЛАВА.* **ХИВА ХАНДЫГЫ**

22-§. Хива хандыгынын түзүлүшү ................................................ 80
23-§. XVII–XVIII кылымдын биринчи жарымында хандыктагы саясий абал ................................................ 82
24-§. Хива хандыгында коңураттар династиясы бийлигинин орнотулушу. XVIII кылымдыг аягы – XIX кылымдын биринчи жарымында хандыктын саясий абалы ................................ 86
25-§. Хива хандыгында мамлекеттик башкаруу ........................ 90
26-§. Хива хандыгында социалдык-экономикалык турмуш. Шаарлар турмушу ................................................ 94
27-§. Хива хандыгынын тышкы саясаты ................................ 99
28-§. Хива хандыгында маданий турмуш ................................ 103
29-§. Хива хандыгы тарыхы боюнча булактар ........................ 106
30-§. XVI–XIX кылымдын биринчи жарымында каракалпактар ................................................ 110
31-§. Каракалпактарда маданий жана руханий турмуш ............... 113

## *IV ГЛАВА.* **XVIII–XIX КЫЛЫМДЫН БИРИНЧИ ЖАРЫМЫНДА КОКОН ХАНДЫГЫ**

32-§. Кокон хандыгынын түзүлүшү ........................................ 118
33-§. XVIII кылымдын экинчи жарымы – XIX кылымдын биринчи жарымында Кокон хандыгында саясий абал ............................ 120
34-§. Кокон хандыгында мамлекеттик башкаруу ........................ 126
35-§. Кокон хандыгында аскердик иш ...................................... 129
36-§. Кокон хандыгында социалдык-экономикалык турмуш ........ 133
37-§. Кокон хандыгынын тышкы саясаты ................................ 137
38-§. Кокон хандыгында маданий турмуш ................................ 142
39-§. Кокон хандыгында билим берүү ...................................... 147
40-§. Өзбек мамлекеттеринин өнүгүүдө артта калышынын себептери жана натыйжалары ........................................ 150
Жыйынтыктоочу сабак (өз алдынча иштөө) ............................ 153

**Жураев У. жана башкалар.**
**Өзбекстан тарыхы:** Жалпы орто билим берүүчү мектептердин 8-классы үчүн окуу китеби / У. Жураев жана башк. Кайра иштелген жана толукталган 4-басылышы. – Ташкент: „O'qituvchi" БПЧҮ, 2019. – 160 б.

ISBN 978-9943-22-

**USMON JO'RAYEV, QAMAR USMONOV,**
**GULIRA'NO JO'RAYEVA, NAIM NORQULOV**

# O'ZBEKISTON TARIXI

**8-sinf uchun darslik**

Qayta ishlangan va to'ldirilgan 4-nashri

(*Qirg'iz tilida*)

*„O'qituvchi" nashriyot-matbaa ijodiy uyi*
*Toshkent – 2019*

Котормочу *А. Зулпихаров*
Редактору *А. Зулпихаров*
Көркөм редактору *К. Шамуратов*
Техникалык редактору *Н. Ниязмухамедова*
Корректору *Ш. Зулпихарова*
Компьютерде даярдаган *О. Курбанова*

Басма үйүнүн лицензиясы AI №012. 20.07.2018.
Оригинал-макеттен басууга уруксат берилди 00.00.2019. Форматы 70x90 1/8. Кегели 11, 12 шпондуу. „Таумs" гарнитурасы. Офсеттик басма усулда басылды. Офсетти кагаз. Шарттуу б. т. 00,0. Эсеп-басма т. 00,00. Нускасы 00000 даана. Буюртма №

Өзбекстан Республикасы Президенти Администрациясынын алдындагы Маалымат жана массалык коммуникациялар агенттигинин „O'qituvchi" басма-полиграфиялык чыгармачылык үйү. Ташкент – 206, Юнусабад району, Янгишахар көчөсү, 1-үй. Келишим №

http://eduportal.uz

## Ижарага бериле турган окуу китебинин абалын көрсөтүүчү жадыбал

| № | Окуучунун аты жана фамилиясы | Окуу жылы | Окуу китебинин алынгандагы абалы | Класс жетекчисинин колу | Окуу китебинин тапшырылгандагы абалы | Класс жетекчисинин колу |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1. | | | | | | |
| 2. | | | | | | |
| 3. | | | | | | |
| 4. | | | | | | |
| 5. | | | | | | |
| 6. | | | | | | |

**Окуу китеби ижарага берилип, окуу жылынын аягында кайтарып алынганда жогорудагы жадыбал класс жетекчиси тарабынан төмөнкү баалоо критерийлеринин негизинде толтурулат:**

| | |
|---|---|
| Жаңы | Окуу китебинин биринчи жолу пайдаланууга берилгендеги абалы. |
| Жакшы | Мукабасы бүтүн, окуу китеби негизги бөлүгүнөн ажыралбаган. Бардык барактары бар, жыртылбаган, ажырабаган, беттеринде жазуу жана чийүүлөр жок. |
| Канааттандырарлуу | Мукабасы эзилген, бир аз чийилип, четтери тытылган, окуу китебинин негизги бөлүгүнөн ажыраган түрү бар, пайдалануучу тарабынан канааттандырарлык ремонттолгон. Ажыраган барактары кайра ремонттолгон, айрым беттерине чийилген. |
| Канааттандырарлуу эмес | Мукабага чийилген, жыртылган, негизги бөлүгүнөн ажыраган же таптакыр жок, канааттандырарлуу эмес рнмонттолгон. Беттери жыртылган, барактары жетишпейт, чийип, боёп салынган. Окуу китебин калыбына келтирүүгө болбойт. |

http://eduportal.uz